


# Балдар пьесалары

КЫРГЫЗ ДРАМАТУРГИЯСЫ

# Балдар пьесалары

Түзүүчү А. Сырымбетов

БИШКЕК «АДАБИЯТ»
1991

ББК 84 Ки 7—6
Б 20

«Кыргыз драматургиясы» сериясы 1980-жылдан негизделген.
Түзгөн Сырымбетов. А.

Б 20 Балдар пьесалары/Түз. А. Сырымбетов. — Б.: Адабият, 1991. — (Кырг. драм-сы).
1-чыг. — 1991. — 208 б.
ISBN 5-660-00291-9

Бул жыйнакка кыргыздын белгилүү драматургдары О. Сарбагышевдин, К. Эшмамбетовдун, Ж. Садыковдун ж. б. кичинекей көрүүчүлөрдүн арасына кеңири тараган пьесалары кирди. Жыйнак балдар өздүк көркөм чыгармачылыгынын репертуарын кеңейтмекчи.

В сборник вошли пользуюшиеся большой популярностью среди маленьких зрителей лучшие детские пьесы, написанные О. Сарбагышевым, К. Эшмамбетовым, Ж. Садыковым и другими известными киргизскими драматургами. Сборник расширит репертуар детской самодеятельности.

4803300300—97
Б———————————101—90
М 455 (11)—90

ББК 84 Ки 7—6

ISBN 5-660-00291-9

© «Адабият» басмасы, 1991-ж.

## ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Биздин өлкөбүздө өсүп келе жаткан муундарды адептик жактан тарбиялоого зор маани берилип, алардын бейкапар, жаркын маанай менен жашап, бактылуу чоңоюшуна бардык шарттар түзүлгөн. Ар бир бала ар нерсени билүүгө, кызыгууга коомдук пайдалуу адам болушу үчүн окууга, өзүнүн жөндөмдүүлүгүн арттырууга Мекенди, эмгекти сүйүүгө, достук духунда тарбиялануурга бардык шарттар түзүлгөн. Айрыкча партиябыздын XXVIII съездинен жана КПСС БКнын кийинки пленумдарында жаштарды ар тараптан тарбиялоого өзгөчө көңүл бөлүнүүдө. Келечектин ээлерин тарбиялоодо музыка, театр, сүрөт өнөрлөрү да башкы ролду ойнойт. Жаш муундарды советтик патриотизмдин духунда, улуу Ата Мекенибизди чексиз берилип сүйүүгө, бүткүл дүйнөлүк эмгекчилердин интернационалдык тилектештигине тарбиялоо өңдүү олуттуу маселелерге дагы терең көңүл бөлүү азыркы кездеги балдар чыгармачылыгынын тематикалык актуалдуулугу болуп калды.

Профессионал театрдын түзүлүш тарыхы, албетте, улуттук драматургиянын калыптанышы менен тыгыз байланыштуу болот эмеспи. Ал эми азыркы балдар драматургиясы жөнүндө сөз козгогон учурда О. Сарбагышев, К. Эшмамбетов, В. Швембергер, У. Абдукаимов, А. Көбөгөнов, К. Жантөшев, Ж. Садыков сыяктуу алгачкы карлыгач авторлор тобу кыргыздын балдар драматургиясынын төрүнөн орун алат.

Отунчу Сарбагышевдин ысымы кыргыз журтчулугуна белгилүү театр ишмери, тунгуч режиссер гана эмес, драматург катарында да белгилүү. Анын кыргыз эл жомокторунун негизинде жазылган «Көкүл», «Улуу мерген» аттуу пьесалары балдарга арналган кыргыз драматургиясынын

тунгучу болуп калды. «Көкүл» драмасы биринчи жолу 1939-жылы декабрь айында Республикалык жаш балдар театрында коюлган. 1940-жылы Кыргыз Мамлекеттик опера жана балет театрында О. Сарбагышев менен В. Винниковдун либреттосуна жазылган композитор М. Раухвергердин «Көкүл» операсы коюлду. 1946-жылы О. Сарбагышев менен белгилүү куурчак режиссеру А. Швембергер экөө бирдикте жазышкан пьесанын негизинде «Зарлык менен дөө» аттуу спектаклдин кыргыз куурчак театрында коюлушу профессионал куурчак драматургиябыздын төл башы болду.

Ал эми Кыргыз ССРинин эл жазуучусу К. Жантөшевдин «Анчар менен ак бугу» аттуу поэтикалык пьесасы куурчак театрынын сахнасынан түшпөй коюлуп келе жатат. Бул жыйнакка кирген «Көкүл», «Таластык мерген», «Анчар менен ак бугу» аттуу пьесалар республикабыздын театрларында көп жылдардан бери коюлуп жылуу пикирлерге ээ болуу менен балдар драматургиясынын классикасына айланды.

Тестиер балдарга жана өспүрүмдөргө арналган колуңуздагы жыйнакка кыргыз эл жомокторунун жана эпостордун негизинде жана бүгүнкү балдар турмушунан алынып жазылган пьесалар топтолду.

Жыйнакка топтолгон пьесалар өзүнүн көтөргөн проблемалары жана жанр, стили боюнча ар түрдүү десек болот. Бул пьесаларды профессионал, элдик театрдан баштап мектептеги өздүк-көркөм ийримдерине чейин пайдаланса болот.

*О. САРБАГЫШЕВ*

# КӨКҮЛ

*(Эл жомогунан. 5 сүрөттүү драма)*
Ондогон — К. Жантөшев

## КАТЫШУУЧУЛАР

Тобургул — Кедей
Бурул — Тобургулдун аялы
Көкүл — Тобургулдун баласы
Жакып — Зулум, хан.
Күлайым — Хандын кенже кызы
Муңайым — Күлайымдын курбусу
Таз — Хандын уйчусу
Сайкал — Күлайымды багып өстүргөн энеси
1-Бүбү
2-Бүбү — Хандын адамдары.
Отор — Кайраттуу чал
Жартыбаш — Жакыптын ишенген баатыры
Жалман — Жартыбаштын иниси.
Аламан — Хандын желдети
1-2-койчу.

## БИРИНЧИ СҮРӨТ

Тобургулдун чөп алачыгы. Бурул Көкүлдү сооротуп олтурат.

Бурул (*кабагы ачык, кубанычтуу түрдө*).

Алдей балам, ыйлаба,
Атакеңди кыйнаба.
Сакадай алтын жаныңдан,
Мен кетейин садага...

Жоодурап күлсө чырагым,
Жалынбай кантип турамын,
Кыйнаса да жокчулук,
Кор кылбай сени багамын...

Т а з *(кирип)*. Күүлү жатасызбы, энеке!

Б у р у л *(баласын катып)*. Жакшы айланайын... Сен көптөн бери көрүнбөй, кайда жүрдүң.

Т а з. Ээ энеке...хандын жумушунан кол бошобой жатты... Койнуңдагы эмне...

Б у р у л *(кубанычтуу)*. Бөбөгүң!

Т а з *(сүйүнүп)*. Бөбөгүң... кана энеке, көргөзчү...

Б у р у л *(тамашага жооткотуп)*. Жок, жок... көрүндүгүн бергин.

Т а з. Жакшы болот энеке. Көрүндүгү мойнумда болсун. *(Баланын бетин ачып.)* Энеке, Алтын Көкүл!.. Раматылык атамдын айтканы келди... Мына ырыстуу эне! Эми эч кимге көргөзбөй багуу керек... кокус Жакып хан укса өмүрүнө зыян келтирет...

Б у р у л. Атаң эмне деди эле.

Т а з. Атам... атам. Кимде ким алтын Көкүл бала тапса, ошол бала бараалына жеткенде баатыр болуп, касташкан душманын жеңет деген. Мына Көкүлүм жетилип чоңойсо, бизди азап-муңдан куткарат...

Б у р у л. Ошондойбу...

Т а з. Сүт ичеби.

Б у р у л. Ичет...бирок бизге ким сүт берет.

Т а з *(шашып)*. Сүт... табылат. Барып уйлардан саап келейин... Азыр келем, энеке. *(Шашкан бойдон чуркап чыгат.)*

Б у р у л Алдей алтын көкүлүм,
Азыр эгин быша элек,
Апакең менен атакең,
Сен жокто кандай киши элек...
Күлүп койчу жарк этип,
Кичинекей каралдым,
Кызыгын көрчү баланын.
Баладан жакшы нерсе,
Дүйнөдө бар бекен...
Карачы!
Жоодураган шам,
Таңдагы чолпон,
Жаркыраган ай...
Энесинин көңүлү жай.
Карып элем,
Жашарттың,
Бала сéнин,
Кубатың ай...
*(Бооруна кысат).*

А л а м а н. Күттүрбөй тез чык!..

Бурул *(чочуп таңдана).*
Апей ботом...
Аламан *(күчөп бакырып ).*
Үйдө ким бар!
Уктуңбу куу чал,
Дөөлөт күтүп магдырап үйдө жатпай,
Ылдам чыгып ханымдын буйругун ал!..
Бурул Сен кимсиң өзүң...
Мурун дайыныңды айтып,
Анан бакырчы балам...
Аламан. Дайнымды билүүгө
Ынтызар болсоң,
Жакып хандын жигити
Аламанмын.
Чыккын ылдам, маалкатпай,
Болбосо,
Үйүңдү өрттөп,
Күлүн көккө сапырып,
Аябай бүлүк салам...
Бурул *(Коркунучтуу).*
Я-а...бул кандай укмуш.
Хан жигити шарактап
Келгидей эшигиме,
Бар беле акысы,
Бизде хандын.
*(Баласын жүктүн бурчуна ороп катмакчы болот.)*
Аламан *(Шып кирип).*
Айткан сөздү укпай,
Баш ийип алдынан чыкпай,
Ажалыңар жеткен экен силердин...
Уктуңбу!
Мен сага эмне дедим...
Бурул *(Бужүрөп баласын койнуна катып).*
Кечириңиз, бегим.
Мен сизди байкабай,
Башка экен дедим.
Чекилик менден кетсе,
Алдыңа кулдук уруп баш иейин...
Аламан *(кекетип).*
Башыңды көтөрүп,
Сураган сөзгө жооп бергин.
Бурул *(Башын көтөрүп).*
Айтыңыз бегим...
Аламан. Куур тон чалың,
Кайда кеткен.

Бурул. Аа, айланайын...
Кайда кетмек эле.
Көтөрүп кайырмагын,
Таң заардан дарыяга кетет,
Жолу болсо,
Үч-төрт балык алып келет,
Мына ошентип,
Керели кечке үй бетин көрбөйт.
Аламан. Таптыбы хандын,
Тапшырган алтын балыгын...
Бурул (*Чочуп*). Э, айланайын, ал кандай алтын балык.
Аламан (*Шылдыңдап күлө*).
Бул иштен кемпир
Кабарсыз куру калган.
Эки күн мурун,
Чалыңа хан,
Алтын балык салык салган.
Үч күн мөөнөт ичинде
Таап алып келмек,
Андан калса,
Алтын Көкүл баласын бермек...
Бурул (*Селдейе түшүп*).
Эмне дейт...
Түрү суук ажыдаардай,
Оозундан мен уктум кеп,
Айрылып жалгызынан эки шордуу,
Мусапыр киши окшоп кайда тентийт...
Кулагыма түк угузбай,
Бул сөзүңдү койгун балам,
Сүйлөп турган сөзүңдүн бардыгы жалган.
Аламан. Хандын сөзү эки болбойт,
Хан каарына калган адам
Башы жерге киргенче оңбойт.
Күтүүгө чалыңды,
Кенедей менин убактым жок.
Келгенде айтып кой,
Эртең менен заардан турсун,
Тапса балыкты алып,
Хандын алдында болсун...
Эгер муну иштебесе,
Ташын талкан кылып,
Көзүн оём.
Тирүүлөй башын кесип,
Канына тоем.
(*Шарт чыгып кетет.*)

Бурул *(Баласын бооруна кысып жан айласын таппай).*
Мына чоңдук!..
Мына кордук!..
Жалгыздан тирүүлөй айрылсак,
Биз шордуу эмне болдук...
О, шордуу чалым кайда кеткен,
Сырын менден жашырып,
Же анын ажалы жеткен.
Перзентим деп
Күнү-түнү боздоп,
Азапты чеккен,
Мен шордуу энең...
Айрылып Алтын,
Көкүлүм сенден,
Кимге батам
Карып шордуу,
Байкуш элем,
Оо, калайык,
Тиер жардам,
Болобу сенден...

Тобургул *(бир колунда чака, шылкыйып кирет ыйлаган кемпирин көрө коюп чаканы таштап жанына келет).*
Эмне болду,
Кемпирим сага,
Деги сообу,
Жалгыз бала.

Бурул *(жалт Тобургулдун колун карап).*
Алып келген,
Балыгың кана.

*(Баланы бере коюп, чаканы карай чуркайт, барып чаканы колуна алып өңү бузула).*
О, шордуум, келдиңби.
Алтын балыкты таппай,
Жашырып бизден,
Сырыңды айтпай.

Тобургул *(Кейип).* Ээ, кемпир!..
Айтканда айла канча...
Айтып сени,
Сарсана кылбай,
Эки күн удаа,
Дария бойлоп
Кайырмак колдо
Жаным тынбай.
Көлдү тиктеп
Көзүм катып,

Жалынсам да
Алтын балык түк табылбайт,
Акыл табыш деп,
Оторго да сырымды айттым,
Эч айла жок.

Бурул (*Чебеленип*).
Турасыңбы жалдырап,
Мени тиктеп,
Перзентимди куткарууга
Айла таппай.

Тобургул. Башымды ташка урсам да
Кемпирим менден,
Акыл чыкпайт (*баланы алып*)
Айлам кетип алсырап,
Мен курудум.
Акыл тапчы азамат
Сен булбулум.

(*Баласынын маңдайынан сылап бетинен өбөт.*)

Бурул (*баласын Тобургулдун колунан алып*).
Чырылдатып кубатым сени,
Эртең келип алып кетет.
Бербейбиз деп биз талашсак.
Жалаңдаган кылычы менен,
Хан желдети башты кесет.
Бербеймин талашууга,
Мен шордуунун алы жетпейт.
Көз көрүнөө хан желдети
Түрү суук колун сунуп
Катуу мыкчып куржунга салып,
Мына ошентип колго түшөт!
Ошондо апаңдын ажалы жетет,
Колуна шилби таяк алып,
Байкуш апаң тентип кетет.

Тобургул. Мен куруюн...
Бери берчи...
Карыганда көргөн
Перзентимди!

(*Баланы кемпиринин колунан алып жыттайт. Бурул чыдап туралбастан ыйлап басып кетет.*)

Көрчү кемпир!..
Бала кандай,
Буркураган жыты сонун,
Көзү тунук
Таң чолпону жылдыздай,
Эч нерседен кабары жок

Балалыктын жыргалында сен турасың,
Кара көздөн
Кан аралаш жаш кетип,
Кайгы муңга
Жык тепселип,
Каралдым, мен турамын.

*(Баласын көтөрүп улагадагы ыңырчактын үстүнө шылкыйып олтурат. Эшиктен табыш чыгат).*

Бурул *(Ыргып ордунан тура калып).* Мына келчүсү келип калды, жашыр ылдам баланы.

*(Чуркап баласын алып, койнуна катып эмне кылар аргаларын таппай калышат.)*

*Таз (кирип).* Бешик бооң бек болсун, абаке!

*(Кемпир-чал жооп бербей жалдыраган бойдон туруп калышат. Таңыркап.)*

Мына кызык...
Буларга эмне болду.

Бурул. Жүрөгүбүз оозубузга
Тыгылып жан калбады.

Тобургул *(сөзүн бөлүп).* Башка десе сен белең, курган балам...

Таз. Анчалык коркунучтуу силерге келүүчү
Кандай адам.

Бурул. Айтууга арман,
Менде көп балам,
Шордууларды бүжүрөтүп,
Ханың бизге каарын салган.

Тобургул. Жаралганы жер жүзүнө,
Көңүл ачып
Жакшылык көрбөй,
Буралып өскөн
Кайран жаштын,
Мен бактысыз
Доорун сүрбөй,
Же болбосо,
Зарланып көргөн
Перзентимдин
Убайын көрбөй,
Кайгы-муңдамын, балам.

Бурул. Эмне муңаясың
Ырайымсыз хандын буйругун айтып бербей.

Тобургул *(Баласын көрсөтүп).*
Тиги турган
Алтын Көкүл,
Жалгызыма

Кара ниет,
Көзүн артты.
Алууга айла таппай
Тирүүлөй бизди кыйнап,
Алтын балык салык салды.
Мөөнөтү бүтүп,
Перзентимден
Жалдырап ажырап каларыма
Бир күн калды.

Таз. *(Кетенчиктеп.)*
Эй, арман ай,
Колуман келсе,
Ушул ханга
Бир шумдук кылсам...*(Отор келет.)*

Тобургул. Баштан акыл адашып айла кетти.
Эми кандай айла табабыз.

Бурул. Жалдырап баладан айрылсак,
Биз шордуу тентип кайда барабыз.

Отор. Акыл мындай, силер мында
Турсаңар балаңарды албай тынбайт.
Ошондуктан көз көргүс, кулак уккус
Жерге алып барып чоңойткула, аман болсок
Силерди бир кезде табабыз.
Өлүп калсак айла жок.

Тобургул. Башка арга табууга болбойбу.

Отор. Мында башка түк айла жок.

Таз. Болгула ылдам,
Кокус бирөө көрүп калат.

Тобургул. Болуптур, муңдаштарым.
Тур кемпир, баланы буга берип камынгын.
Башка түшкөн азапты бара көрөрбүз.

*(Баланы Тазга берип, ашкана жактан бирдемени чаначка салып Тобургулдун жонуна таңат.)*

Таз *(Баланы бетинен өөп)*.
Кош азамат,
Бир кезде көрүшөбүз.
Аман болсок,
Ушул болгон окуяны,
Калтырам эл оозуна
Айтып жомок.

Отор. Муңайткан бул шум заман,
Бир күн кетип,
Таалай-бакыт
Айланып акыр келип
Башка конор.

Мына ошондо,
Күзгүдөй жаркыраган
Сонун жыргал заман болор.

Тобургул. Кош эмесе, биз жол тарталы! Жакшы калгыла!

Бурул. Бизди эсиңерден чыгарбагыла! *(Таздын бетинен өөп, Отор менен көрүшөт.)*

Таз. Ал жагынан кам санабагыла!

Тобургул *(Шашмалап)*. Мына кеттик, Отор кош! *(Көрүшөт, Тазды өбөт.)*

Отор. Токтогулачы! Мына бул алтын жаа менен болот кылыч атамын керээзи эле. Менден Көкүлгө белек болсун, жоготпой катып жүрүп алтын Көкүл чоңойгондо колуна тапшыр.

Таз. Бери каратчы энеке, маңдайынан бир жыттап калайын.

*(Маңдайынан жыттайт.)*

Тобургул. Кошкула! Ушул жакшылыгыңар өлбөсөк унутулбас.

*(Кемпир-чал чыгып кетишет.)*

Отор *(жалоорул артынан ээрчий басып)*.
Далайдын сай-сөөгүн зыркыратып,
Тойбостон канын сордуң сен
Жакып хан,
Көргүлөчү...
Эки шордуу тентип барат,
Баласынын айынан,
Кай тарапка багыт тартып,
Байкуштар жөнөр экен.
Мында турбай акмалайын,
Акырындап артынан *(артынан кетет.)*.

Таз. Жаман кепе сени өрттөп,
Чалдан ханга белек үчүн,
Мыкаачыларга
Күлүн гана калтырам

*(Кепеге өрт коюп)*

Күйгүн! Чатырап күйгүн,
Жалында...ыкчамда...
Түтүнү буралып асманга жетип,
Хандын көкүрөгүн капта...
Тумчуктур!.. *(Чуркап чыгат)*

*(Шашкалактап күлүшө эки бүбү чыгат. Кепенин өрттөнүп жатканын көрүп, бакырышат.)*

1-бүбү. Ай, шорубуз...

2-бүбү. Кокуй эми өлдүк!

*(Качып кеткенин түшүнүшөт.)*

1-бүбү. Качып кетиптир, кокуй!

2-бүбү. Көз кашайыптыр, кокуй!

1-бүбү. Көрбөгөндү көрөбүз!

2-бүбү. Эми Жакыптын колунан өлөбүз!

1-бүбү. Сары изине чөп салалы.

2-бүбү. Кайдан болсо да издеп табалы!

1-бүбү. *(Кыйкыра.)* Ой, уй — баланы алып качыптыр!

*(Кыйкырыша чар тарапка жүгүрүшөт. Таз жашынган жеринен акырын карап күлөт.)*

Көшөгө

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

Жакып хандын сурак кылуучу үйү, таң кулан өөк болуп, үйгө таң шооласы тийип келе жаткан мезгил.

Күлайым. *(Чуркап кирип эки жагын карай).* Журттун баары кызык уйкуда, биздин сөзүбүзгө жолтоо боло турган киши чыкпас...

*(Эшикке баш багып).*

Тез, тезирээк кир... эчтеке эмес, коркпой эле кой...

Таз. *(кирип).* Эгер атаң келип калсачы?

Күлайым. Коркпогун... атам кызык уйкуда жатат. Сен мага бир канча сонундарды айттың эле. Ошондон бери жүрөгүм алып учат. Көкүл көзүмө алда эмнедей көрүнөт. Дагы калганын айтчы, абаке!

Таз. Абаке!

Күлайым. Ооба, абакемсиң. Мени көп ойлонтуп, көп сонундарды айттың. Түшүнбөгөнүмдү түшүндүрдүң. Атамын коюн кайтарганың болбосо бир тууганымсың. Эми чыныңды айтчы аба, мен сага эч качан жамандык кылбайм. *(Жакасын кармап).* Көкүл ошондой эле сонун балабы.

Таз. Айтар сөзүмдүн баарын сага айттым. Көкүлдөй баланы, төгөрөктүн төрт бурчун кыдырсаң да таппайсың... Көкүлү алтын. Көзү жанган чолпон, өзүң деле ойлобойсуңбу. Атаң он алты жылдан бери желдеттерин бөөдөй кууруп таппай жатканын. Эмне үчүн?

Күлайым. Ишендим сөзүңө! Эми көп турбайын. Кокус атам келип калат... Сен жанагы мен айткандай кылып мында калып атамын сөзүн тыңша... Андан кийин келип мага Көкүл тууралу укканыңдын бардыгын айткын.

Таз. Жакшы болот. Көрүнбөй чыгып кет, кокус атаң көрсө...

Отор. Таппай эле билүүчүмүн.

Жакып. Билүүчүмүн. Демек, сен аны багып келген экенсиң да.

Отор. Жалгыз мен эмес эл да кошо багышып келди.

Жакып. Эл дагы. Элдин ким-кимиси.

Отор. Ал сыр айтылбайт.

Жакып. Айтылбайбы? Ал эми Көкүлдүн кайда экенин айтарсың.

Отор. Бул андан бетер айтылбай турган сыр.

Жакып *(жинденип)*. Айтасың, мен айттырам. Эгер айтпасаң, өлөсүң.

Отор. Аны билем, билем Жакып. Мындан он алты жыл мурун, Көкүлдүн өмүрү үчүн бул башты өлүмгө байлап койгонмун.

Жакып. Өлүмгө байлап койдуң беле. Кыскасы кыла турган жакшылыгың жок дечи.

Отор. Сен үчүн жок.

Жакып. Тарт тилиңди!

Отор *(умтула)*. Бакырба.

*(Бүбүлөр бакыра качышат).*

Аламан. Бас жаагыңды!

Отор. Эй, Жакып! Мени мындан тирүү жибербесиңди жакшы билем. Бирок кымындай сыр чыгарбасымды сен да билесиң.

Жакып. Отор, кантип өлөрүңдү ойлоп көрчү.

Отор. Ойлогомун. Мага эч качан ырайым кылбайсың. Сен сыяктуу мыкачылар кандай шумдуктуу катуу жазаны билсе, ошонун бардыгын мага көрсөтөсүң. Сенин мага көрсөтө турган жазаңа адам эмес, жансыз кара таш да ыйлайт.

Жакып. Андай болсо, айт.

Отор. Жок, ишиңе кирише бер.

Жакып. Алгыла. *(Аламан жана башка желдеттер Оторбайдын кордоп айдап кетишет)*. Аламан! *(Аламан кайра кирет)*. Отордун тырмагына шиш кагып, тизесине таш төшөп, башына кайыш толгоп көкүрөгүнө шири капта.

Аламан. Куп болот, ханым! *(Кетет).*

Жакып. *(бүбүлөргө)*. А сен экөөңөр Көкүлдү кармап келесиңер. Керек десеңер кол алгыла, болбосо өзүңөр баргыла. Эгер бүгүн, эртең кармап бербесеңер өлөсүңөр *(умтулат)*.

1-2-бүбү. *(коркуп кача)*. Ай, бегим!

Жакып. Токтогула!

1-2-бүбү. *(бужүрөшө)*. Мына, мына бегим.

Жакып. Табасыңарбы?

1-2-бүбү. Табабыз, бегим!

Жакып. Эгер таппасаңар!

1-2-бүбү. (*жарыша тыңшап*). Ыя!

Жакып. Эгер тапсаңар.

1-2-бүбү. И-и...

Жакып. Үстүңөргө үй, энчиңерге мал, каалашыңарча дүйнө берем.

1-2-бүбү. Жакшы, жакшы бегим.

Жакып. Эгер таппасаңар.

1-2-бүбү. И... и...

Жакып. Башыңарды алам.

1-2-бүбү (*коркуп качыша*). Ой, ой...

Жакып. Токтогула!

1-2-бүбү (*бужурөшө*). Кулдук, бегим!

Жакып. Табасыңарбы?

1-2-бүбү. Сөзсүз табабыз.

1-бүбү. Көкүлдү кармоо кыйын.

2-бүбү. Бир баатыр бериңиз!

Жакып. Кайсы баатырды?

1-бүбү. Жартыбашты.

2-бүбү. Көкүлдү андан башка киши кармай албайт.

1-бүбү. Жаныңыз аман калыш үчүн Жартыбаштан эчтеме аябаңыз.

Жакып. Ал эмне сурар экен.

1-бүбү. Эмне сураса ошону бериңиз!

2-бүбү. Күлайымдай кызыңызды сураса да бериңиз.

Жакып (*өзүнчө*). Булар туура айтат. Башым аман калыш үчүн, Көкүлдү өлтүрүү керек. А Көкүлдү өлтүрүү үчүн эч нерсени аябоом керек. (*Бүбүлөргө*). Силер барып тургула!

1-2-бүбү. Кулдук, бегим (*жүгүнүшө кетишет*).

Жакып (*өзүнчө терең ойдо*). Жартыбаш Көкүлгө каршы барабы. Акысына эмне алат. Күлайымга кошуп көп дүйнө берейин десем макул болор бекен. (*Сыртка карай*). Аламан! О, Аламан!

Аламан. Кулдугум бар, ханым!

Жакып. Оторго кандай жазаларды бердирдиң.

Аламан. Эч кандай жаза берилбеди.

Жакып. Эмне үчүн?

Аламан. Кызыңыз Күлайым арачы болду. Оторго жаза бердиртпей койду.

Жакып (*каардуу*). Менин кызым менин душманыма арачачы болдубу.

Аламан. Ооба, ханым!

Жакып *(каарданып)*. Жок, менин буйругум эч качан эки болгон эмес. Эгер Кулайым менин буйругума каршы турса. Отордун ордуна ошону кыйнатам. *(Шарт кетет, артынан Аламан жөнөйт, тынымдан кийин Кулайым кирет).*

Кулайым. Таз, Таз аба!

Таз. Анча келбесең думугуп кете жаздадым эле.

Кулайым. Кана, айтчы, эмне сөздөр болду.

Таз. Отор абамды өлүмдөн куткардыңбы?

Кулайым. Ооба. Көкүлдү багып чоңойткон ушул киши дешет. Көкүлдүн атасы деп дагы ойлодум. Ошондуктан аны жазалатпай койдум.

Таз. Алкыш сага сулуу кыз. Эми кеп мындай. Көкүлдү көргөн, Оторду карматкан жанагы эки мастен экен. Алар Көкүлдү тапмак болушту. Өздөрүнүн алы жетпей турганын билип, Көкүлдү өлтүрүүгө Жартыбашты чакырышат.

Кулайым. Жартыбаштыбы?

Таз. Эгер ал кааласа сени да берет.

Кулайым. Ой, жок... жок... Жартыбашка тирүү барбайм. Мен Көкүлдөн башканы...

Таз. Шашпа, шашпа. Эгер иш ошондой боло калса, каршылашпа атаңды алда, Оторду бошоттур. Ошондо гана сага Көкүлдү көрсөтөм.

Кулайым. Макул, таз аба!

Жакып *(сырттан каардуу)*. Кайда ал кыз! *(Таз кайра жашынат)*. Тезинен таап бери келтиргиле. *(Шарт кирет)*. А-а-а... Адилет кызым...

Кулайым. Мени издедиңизби, ата!

Жакып *(калчылдап)*. Эмне үчүн сен менин айтканымды эки дейсиң? Билемин, билемин... көптөн бери сенин сөзүң башкача болучу. Көрсө иш ушундай экен го.

Кулайым. Ата, тоо арасында жүргөн мергенчи азбы. Ал бала Көкүл эмес, башка баладыр.

Жакып. Тарт тилиңди! Аламан!

Аламан. Алдияр, ханым!

Жакып. Ал муну. Арачачы болгон Оторду карап турсун!

Аламан. Жакшы болот. *(Кулайымга)*. Жүрүңүз! *(Экөө чыгышат).*

Жакып. *(Ачуулу, ары-бери басып)*. Муну кара. Менин душманыма арачачы болот. Жок, жок... Менин айтканым айткан. Же ошол оңбогон Отор Кулайымга бирдеме дедиби.

Аламан *(шашып)*. Алдияр, ханым! Чакыртууңуз боюнча Жартыбаш баатыр келди.

Жакып. Келсин, келсин, баатыр!

А л а м а н. Келүүдөн мурда шартымды ханга айткын дейт.

Ж а к ы п. Кандай шарт экен.

А л а м а н. Кызы Күлайымга кошуп хандыгынын жарымын берсин дейт.

Ж а к ы п. Күлайымга кошуп хандыгынын жарымын.

А л а м а н. Ошондой дейт.

Ж а к ы п *(ойлонуп туруп, бир амал тапкандай)*. Болуптур, болуптур. Чакыргын бери баатырды.

А л а м а н. Жарайт. *(кетет)*.

Ж а к ы п. Азыр иш ушундай, Жакып. Жартыбаштан эч нерсе аяба. Жакып аман болсо бардыгы болот.

Ж а р т ы б а ш. Алдияр ханым!

Ж а к ы п. О, таалайлуу менин баатырым. Аман-эсен жүрөсүңбү?

Ж а к ы п. Жакшы, жакшы. Өзүңүздөй баатырым турганда мен күлүү болбой ким күлүү болот. Ал эми менин жүрөгүмдү кейиткен Көкүл. Ал бүгүн он алтыга толуп, эртең он жетиге аяк басат. Анын ким экенин өзүң билесиң. Ал бойго жетип күчкө толсо мени гана эмес, сени да жоготот баатыр.

Ж а р т ы б а ш. Ырас, аны билем, ханым!

Ж а к ы п. Эгер Көкүлдү жоготсоң, Күлайым сеники. Хандыгымдын жарымын сурапсың. Мына мен карыдым, эртеңби, бүрсүгүнүбү өлөм, анан бул тактыга сен олтурбаганда менин кайсы уулум отурмак эле. Мына бүгүндөн баштап өзүң биле бер. Бирок, алды менен Көкүлдү жогот.

Ж а р т ы б а ш *(өзүнчө)*. Ырас, Күлайымды алсам бул такты мага тийбей кимге тиет. *(Ханга)*. Көкүлдүн кайда экенин билесизби?

Ж а к ы п. Аламан, бүбүлөрдү чакыр! *(Бүбүлөр кирет)*. Көкүлдү ушул экөө табат.

Ж а р т ы б а ш. Сен экөөң анын кайда экенин билесиңерби?

1-2-б ү б ү. Билбегендечи, баатыр.

1-б ү б ү. Он алты жылдан бери аңдып жүрүп акыры Отор аркылуу таптык.

2-б ү б ү. Бүгүн эртең менен Отор куржун көтөрүп тоого баратканын көрүп, көрүнбөй артынан аңдып жүрүп отурдук.

1-б ү б ү. Анан так үстүнөн чыктык.

Ж а р т ы б а ш. Жарайт ханым. Аламан баштаган жоокерлерди жаныма кошуңуз.

Ж а к ы п. Жакшы болот.

Ж а р т ы б а ш. А сен экөөң түн жамынып барып байкайсың, Көкүлдүн бары-жогун билип мага кабар кыласыңар. Мен силердин артыңарда болом.

1-2-б ү б ү. Кокус биз менен кармаша кетсечи?

Жакып. Колуңардан келсе, өлтүргүлө.

1-2-бүбү. Кулдук бегим!

Жартыбаш. Кошуңуз, ханым.

Жакып. Кош балам. *(Маңдайынан өбөт. Жартыбаш, Жакып, Аламан анан бүбүлөр чыгат).*

Таз. О, оңбогон шумдар, Көкүлдү өлтүрүүгө жөнөтүштү. *(Акырын кетет. Таздан кийин ыйлап Кулайым кирет).*

Кулайым *(ыйлап)*. О, шумдук, не деген мыкачылык. *(Өксөп)*. Шордуу Отор! *(Эчкирет. Тыным.)* «Кош кызым, мени өлтүртпөөгө кылган аракетиң үчүн алкыш» деди да... *(ыйлайт)*... О, Отор, кандай шумдуктуу сонун киши. Желдеттер түрдүүчө кыйнаса да, бир үн чыгарып койгон жок. Эмне деген чыдамдуу киши... *(Ыйлап кайра ойлоно)*. Тазга эмне деген жооп берем. Оторду бошоттур деген сөзү, кана! Менин күчүм атама жетпегенге Таз ишенеби. *(Жакып кирет)*.

Жакып. Эмне үчүн такты үйүмдөн эки көрдүм.

Кулайым. Анткени мен өлдүм!

Жакып. Эмне?

Кулайым. Бир бечаранын үч күндүк өмүрүн ыраа көрбөгөн ата кимге жакшылык кылат.

Жакып. Эмне, кайра айтчы!

Кулайым. Өзүнчө акыл кылып, мени Жартыбашка берип, максатыңа жеткени жүргөн чыгарсың.

Жакып *(чочулап)*. Бу кыз соо болбосо керек.

Кулайым. Ак караны ажыратпай ар кимди азапка салган,

> Эч ырайым кылбай,
> Кылычынан кан тамган,
> Жалгыз кызын
> Душманына танган...

Жакып *(өзүнчө)*. Жартыбашты душман дейби...

Кулайым. Уятсыз киши дагы кайда бар?

Жакып. Кокуй, бул кыз жинди болсо керек. *(Шашып кетет)*.

Кулайым. Сендей атанын.

> Тилеги таш капсын,
> Отордукундай сенин
> Көздөрүңөн кан аксын!

*(Таз алдынан чыгат)*.

Таз *(өтө ачулуу, бирок токтоо)*. Ооба, менин көздөрүмдөн да кан аксын!

Кулайым *(таңыркап кетенчиктейт)*. Таз аба!

Таз. Көкүлдү сүйөм, Оторду өлтүртпөйм дедиң эле, бирок Отор өлдү. Жок, Көкүлгө сен эми жетпейсиң.

Күлайым. Кагылайын, Таз аба!
Көңүлүмдө ала жок.
Отордуу өлтүртпөөгө
Кымындай менде чара жок болду, аба!
*(Таздын бутун ыйлай кучактайт).*

Таз. Ооба... Тургун!

Көшөгө

## ҮЧҮНЧҮ СҮРӨТ

Арсак-терсек аска, зоока. Оң жок тарабында чоң үңкүр. Каалгасы жымыйып, таш экени, же каалга экени билинбейт. Үңкүрдү жандап чыккан бутактуу карагай, арча. Үңкүрдүн сол жагында таш менен корумдаган мүрзө. Көкүл үңкүрдүн оозунда уктап жаткан болот. Түн ортосу болгон маал.

Таз *(акырын боору менен жылып, эки жагын каранып)*. Жаңылбасам дал ушул жер болуу керек... *(Илгерилеп жылып, уктап жаткан Көкүлдү көрүп)* ырысым бар таз экемин. Жетилип көзгө көрүнүп калган тура. Мен көрбөгөнгө көп жыл болду эле. *(Басып сүрмүрзөгө урунуп)*. Бул кандай мүрзө... Шордуу баласынан убай көрбөй бири майып болуп калганбы. Кимиси болсо да кийин билермин. *(Акырын чыгып кыздарды чакырат)*. Келгиле мында... *(Күлайым менен Муңайым кирет)*. Силер эч кимге көрүнбөй тетиги таштын түбүндө тура тургула!..

Муңайым. Жакшы болот.

Күлайым. А, Көкүлгө качан жетебиз.

Таз. Энтелебе!.. Жетерибизге аз калды.

Муңайым. Жүрү Кукеш, бир аз күтө туралы *(кетишет)*.

Таз. Ушундайлап көрүү керек *(көрө коюп)*. Чириген кимдер келе жатышат. *(Таягына сүйөнүп уктамыш болот)*.

1-бүбү. Сен кайдан жүрөсүң, Таз?

Таз *(чочумуш болуп)*. Хандын буйругу боюнча Тобургул менен Көкүлдү издеп жүрөмүн.

2-бүбү. Таба тургансыңбы?

Таз. *(Оозун басып)*. Акырын сүйлө.

1-бүбү. Эмне болду?

Таз. Кокус Көкүл үнүбүздү угуп качып кетпесин.

1-бүбү. Кайда жүрөт?

Таз. Азыр эле мындан ары кетти. Ал бир туруп жолборс, бир туруп ажыдаар болду, анан алтын жаасын кармап, кылычын асынып алып жөнөп кетти. Көрүп туруп жүрөгүм оозума тыгылды.

1-бүбү. Качан кетти.

Таз. Эми эле.

2-бүбү. *(1-бүбүгө)*. Мына айтпадымбы, үйү ушундан ары болсо керек. *(Тазга)*. Бүгүн биз тиги жактан көрдүк эле, ал жеринде жок. Уда жүргөндө көрсөк керек.

Таз. *(Ыйлап)*. Байкуш мен, «Эл дарбыса эшек кошо дарбыйт» болдум. Көкүлдү кармап берип кандай сыйлык алганы жүрөм. Жанагы кишини көргөндө жүрөгүм түшүп калды. *(дагы ыйлап)*. Эмне үчүн мынчалык коркок болуп төрөлдүм экен. Эгер силердей болгонумда кармап же өлтүрөт элем.

1-бүбү. Кой ыйлаба!

2-бүбү. Жүрү эми, издейли.

1-бүбү. Таз, сен да жүр.

Таз. *(ыйлап)*. Жо-жок, барбайм.

1-бүбү. Жүргүн, биз бар, коркпо.

2-бүбү. Максатыбызга жетебиз!

Таз. *(ыйлап)*. Жо-жок.

1-бүбү. А-а-а... Коён жүрөк коркок.

2-бүбү. Мындан көрө өлгөнүң жакшы. Жүр! Издеп кеттик. *(Тазды эликтей чыгып кетишет)*.

Таз. *(күлүп)*. Алдандыңарбы, окшошкон кемдер. *(Күлайымдарды чакырат)*. *(Күлайым менен Муңайым кирет)*.

Муңайым. Мынчалык эмнеге кечиктиң?

Күлайым. Минтип жүрсөң бизди Көкүлгө качан жеткиресиң?

Таз. Капаланба карындаш, керектүү жумуш бүтүрдүм.

Муңайым. Таптыңбы, деги?

Таз. Ииш... акырын, эки бүбүнү алдап, араң дегенде Көкүлдү таптым...

Күлайым. Канакей, тезирээк көрсөтпөйсүңбү?

Таз. И-и-ш... акырын көрөсүң азыр...

Күлайым. Жакшы болот, абаке, мындан кийин акырын сүйлөйүн...

Таз. Уккула сөзүмдү... катуу сүйлөшчү болбогула. Эч кимибизди көрө элек, эл кадырын биле элек. Кокус ойгонуп калбасын, бизди душман көрүп азапка башты салбасын. Айта турган сөздү энеси аркылуу айтарбыз. Ошондуктан калган аракетибиздин баары түш катарында болсун... Азырынча кеп ушул. Калган айланы өзүм табамын. Тигине издеген Көкүлүң! *(Акырын жылып келип баланы тегеректеп олтурушат)*.

Күлайым. *(баланын көкүлүн сылап)*. Укмуш...

Таз. Ишендиңби, кызым... сага түбөлүк, өмүрлөш Жартыбаш эмес, ушул бала...

Кулайым. Кагылайын Муңайым, кетпей ушунда эле калалычы...

Муңайым. Сен болсоң өмүрлүк жолдошуңду таап алдың. Мында калып мага эмне бар. Көңүлүң болсо сен мында кал.

Таз. Тайгак кечүү тар жолдо турганда, силер сугалактык кылбагыла... Жакып менен Жартыбашты жайлап туруп анан той кылабыз.

Бурул *(тыштан күңгүрөнө).*

Качканбыз Жакып каарынан
Калдайган калың шаарынан,
Кор болуп азап көп тарттым,
Жалгызымдын айынан...

Таз. Акырын, Көкүлдүн энеси Бурул экен...

Муңайым. Эми кандай кылдык?

Таз. Силер акырын көрүнбөй жылып чыгып кеткиле. Мен бир аз сөзүн байкап, ыгы келсе сүйлөшүп көрөйүн. *(Кыздар акырындан жылып чыгып жөнөшөт. Таз ташка жашынып карап турат. Таң агарып калган).*

Бурул *(бир жүк отунду көтөрүп мүрзөнүн башына келип олтурат).*

Томпойтуп жалгыз таштадың,
Мен шордууну унутуп,
Томсортуп кеттиң сен мени,
Тоо боорунда курутуп...

Көкүл *(чочуп ойгоно).* Ой, ой! Токтогула! *(Артынан чуркайт).*

Бурул. Эмне болду, кулунум...

Көкүл *(көзүн ачып, эки жакты элеңдеп карайт).*

Өңүмбү, же түшүмбү,
Бир ажайып түш көрдүм.
Тегеректеп бир топ кыз,
Текши олтуруп алышты,
Деги сонун немелер,
Тамашалап калышты,
Ар түрдүү кийим кийишкен,
Акырын сүйлөп күлүшкөн,
Сүйлөгөн сөзү эң сонун,
Кылдаттык менен жүрүшкөн...
Көбүнчө көкүлүмдү сылады,
Көйкөлдүү көздүн чырагы,
Көңүлүмдү көтөрүп,
Көркүмдүү бир кыз сындады...
Бул эмне болучу,
Апаке, бул түшүмдү жоручу...

Алдабагын апаке,
Айтпасаңыз, капамын.

Бурул. Койгун балам, кыйнаба.
Сени качан алдадым.
Убактың болду ууга чык,
Жолуңдан балам калбагын...

Көкүл. Томолонуп тоо боорунда,
Тобулгу жаа колумда, апа,
Тоодон тоого кийик кууп,
Чоңойдум эле колуңда апа...
*(Таарынып ташка сүйөнөт.)*

Бурул. Арчалуу кара үңкүрдө
Алдейлеп алып чоңойттум, Көкүл,
Ар күнү сени тайтайлап, балам,
Эл кызматын көп көрдүм, Көкүл,
Оторду көрсөң акылдаш,
Эл карызы мойнуңда, Көкүл!

Көкүл. Макул апа, ууга барам!
*(Жаасын алып чыга баштайт.)*
Эгер калп айтсаң, кайра келбей кетип калам.
*(Кетет.)*

Бурул. (*Карбаластап*).
Келбейм деп чын айтабы,
Эгерде мен калп айтсам.

Таз. И, байбиче,
Жүргөн экенсиз ушул жайда.
Айта турган сөз бар эле,
Балаң, Көкүл, кайда?

Бурул. Сен кимсиң караңгыда
Тоо арасында жүргөн,
Көкүл дегениң ким?
Мен аны билбейм.

Таз. Көкүлдү хан издеп жатат.
Кармап алса дарына асат.
Балаңдан ажырасаң,
Шоруң шондо катат.
Уккум келбейт,
Көкүлдүн өлдү деген жаман атын,
Айта турган бар эле аманатым.
Балаң кайда кетти?

Бурул. Мен бир бечара кемпир, багары жок
Акылдан тандым.
Сен кимсиң,
Тааный албай эстен тандым.
Балам жок туруп,

Балам бар деп наалыбайм.
Көкүлүң ким эле?
Мен аны такыр таанибайм.
*(Жарык боло баштайт.)*

Таз. Ким экенимди айтууга
Азыр такыр учур эмес,
Баланды чакыр, бул жерден кет,
Ушул айта турган кеңеш!
Көкүл колго тийсе деп,
Душманы кекенип күлөт.
Иттен бетер шимшилеп
Көкүлдү издеп жүрөт.
Ишенип жүргөн Оторуң
Көрбөгөн азапты көрдү.
Көкүлдү коргогула деп
Акыркы керээзин айтып өлдү.
Уулуңду чакырып,
Ушул сырды айтыңыз!
Көкүл колго түшпөсүн,
Бул жерден тез кайтыңыз!
Балам жок деп
Менин жинимди ашырба.
Бул сырды айт, жашырба!
Эми Көкүл бойго жетти,
Күтүп жүргөн элин тапсын,
Жакып менен Жартыбашты
Жерге тикесинен каксын,
Кадырлуу элин баксын.
Тигине балаң келе жатат!

*(Бурул караганда Таз кетип калат. Бурул Таздын жоктугун көрүп таң калат, эки жакты карайт).*

Бурул. О, шумдук, бул ким эле,
Достон бетер сайраган,
Же кан жиберген көз боочубу,
Кастыкка менин көзүмдү байлаган.
Эки сөзүнүн бири Көкүл
Боорукердей сөз айтып,
Шап этип көрүндү да
Жок болду кайтып.

Көкүл *(жайдары).*
Энеке!
Тетиги алыстан көрдүм
Ким менен сүйлөшүп турдуң?

Бурул. Эч ким менен.
Көзүңө көрүнгөн го шумдук элес.

Көкүл. Энеке, баштабачы чырды,
Көз карашың башкача,
Жашыргансып терең сырды.
*(Өзүнчө.)* Ашыгамын сырдашууга
Отор атам менен,
Он жетиге чыкканында
Жашырын сырды айтам деген.
Ал кандай сыр.
Эл кайда? Жер кайда?
Же элсиз, жерсиз жаралганмынбы,
Ушундай жапайы жайга.
Буга ким жооп берет.
Энем болсо эмне үчүндүр
Бардык сырын жашырып келет.

Бурул. Эч ким менен сүйлөшкөнүм жок, балам.
Киши көрсөң жашынып кал,
Бизге душман көп,
Аны эсиңе салам!

Көкүл. Көргөнүм ырас сүйлөшкөнүңдү,
Ал кишини издеп табам.
Экинчи сыр жашырсаң,
Такыр тентип кетип калам.
*(Жүгүрүп чыгып кетет).*

Бурул. Таарынба, Көкүл! Чоңойгондо,
Сырды ортого салам,
Азыр жашсың,
Ошондуктан сыр жашырып келем,
Борбуюң катканда.
Таз менен Отордун колуна салып берем,
*(Ыйлап жыгылат).*

Таз. *(Таштан акырын башын чыгарып, эки жагын карап).* Эч кимиси көрүнбөйт. Көкүл болсо таарынып кетти. Эмне кылсам, ий таптым. *(Кыздарды колун булгалап чакырат).*

Муңайым. Эмнеге мынча шашкан түрдөсүң.

Күлайым. Көрүнбөйтко, кайда кетишти.

Таз. Көкүл апасына таарынган сыяктуу чыгып кетти.

Муңайым. Эмне болуп кетти экен.

Таз. Билбейм эмне болгонун. Мен айт деген сөздү баласына айткан жок.

Күлайым. Эми кандай кылдык.

Таз. Эмки кеп мындай. Мен Көкүлдү акмалап турайын, силер барып Бурулдан эмне болгонун билгиле.

Муңайым. Кана, Күкеш жүрү!

Күлайым. Жыпар мончок жыты бар,

Жыргалдуу сонун Ала-Тоо
Жашыл жабыт, адыр бел,
Турагым сонун Ала-Тоо.
Муңайым. Суусаса суусун кандырган,
Суусу сонун Ала-Тоо.
Сукданган жарга кошулуп,
О, Күкеш, туруугa сонун Ала-Тоо.
Күлайым. Салкын жайлоон мунарык,
Санасам көзүм тунарып,
Издеп жүрүп уулуңду,
Саргарды өңүм кубарып.
Жанымда курбум Муңайым,
Көкүл үчүн жаным убайым,
Токтобой жүрөк баратат,
Кандай айла кылайын.
*(Бурул кыздарды көрүп качууга аракет кылат).*
Муңайым. Токтоңуз энеке, сөзгө жооп кайтарыңыз.
Бурул. Ал эмне сөз экен айткыла!
Муңайым. Алтын Көкүл үйдөбү?
Аман эсен жүрөбү.
Ушуну менен үч келдик.
Балаң үйүнө келип түнөйбү.
Бурул. Жалган сөздөрдү айтып,
Башымды көп катырба.
Көкүл деп мага асылба,
Мусапырмын мен байкуш
Балам, мен шордуугa катылба.
Мени шылдың кылгандай,
Силерге теңтуш мен эмес,
Тамаша кылып ойноого,
Тартипсиз кыз сен эмес,
Көкүлүңдү билбеймин
Өзүмчө оокат кылып жүрөмүн.
Жардылыктын айынан,
Мусапыр болуп жүдөдүм.
Көкүл. Колго түштүңбү энекем.
Булар ким экен.
Муңайым. Ачууланба азамат,
Сага ашык бул Күлайым,
Мен жолдошу Муңайым.
Саламатпы Көкүл,
Ийилип салам бердик.
*(Таазим кылышат.)*
Өзүңө кабар айтууга
Түн катып издеп келдик.

Көкүл. Өзүңө кабар айтууга...
Күлайым. Жакып хан жаалына алган,
Жартыбашты жалдап алган,
Көкүлдү кармаганга берем деп,
Мени курмандыкка чалган.
Таз. Сени кармоо үчүн
Жартыбаш издеп жүрөт.
Көкүлдүн канына тойсок деп
Душманың каткырып күлөт,
Сак бол, Көкүлжан,
Колго түшсөң шоруң катат,
Көкүлүбүз качан келет деп,
Элиң күтүп жатат.
Эми чоңойдуң
Жартыбашты жайлап сал.
Намысың болсо
Отор агаңдын өчүн ал!
Душманыңды жоготуп
Элиңди колуңа ал.
Көкүлдүн жеткендир баралы
Деген ушул Таз агаңдын саламы!
Күлайым. Азаптан Көкүл куткарат деп
Өзүңдү медер кылып турайын.
Муңайым. Кош Көкүл жан!
Менин атым Күлайым.
Белгим ушул, шакегимди
Өмүрлүк белек кылайын! *(Шакек берет.)*
Кош Көкүл. *(Үчөө кетишет.)*
Көкүл. Токтогула! *(Тигилер кылчайбастан кетишет.)*
Энеке бул кандай иш,
Айткын бардык сырыңды.
Эч кимим жок деп айтуучу элең,
Эмне үчүн жашырдың чыныңды.
Бурул. Макул, айтайын, балам!
*(Маңдайынан өбөт.)*
Таз *(таштан башын чыгарып)*.
Иш оңунда. Бирок душманын
Кантип жеңер экен.

Көшөгө

## ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ

Көк жашыл адыр, андан бери көгөрүп жаткан көл. Алыстан чоордун муңдуу үнү чыгат. Койчулар чоорун тартып киришет.

Таз (*кууларды көрө коюп жаа менен атат, огу тийбей калат*).

Айланып учкан Ак кууга,
Атсам бир огум жетпеди,
Жыргалын көрбөй турмуштун,
Жаш өмүр муңга тепселди.
Жыргалдуу алтын турмушка,
Акактаймын жетпедим.
Жолуңду карап көз катты,
Көкүлүм качан келесиң...

1-койчу (*кошулуп*).

Уй кайтарып кой бактык,
Убара турмуш көп тарттык,
Уйкудан безип күнү-түн,
Тонго оронуп көп жаттык.

2-койчу. Көгөрүп жаткан көк көлгө.
Көк ала өрдөк конобу,
Көп күйүүдөн пайда жок,
Көз таңмай оюн ойнойлу.

1-койчу (*көрө коюп*).

Ала-була кийинген,
Этегин кайра түрүнгөн,
Кайдан келген жан болду,
Эр жигит коркот сүрүнөн.

2-койчу. Басканы өтө шамдагай,
Эки жагын каранат
Эң эле сүрдүү неме экен,
Эми кантип жан калат.

Таз. Коркпогула курбулар,
Бул келаткан азамат,
Кадимки Көкүл турбайбы,
Ар кайсы ташка жашынып,
Качан жакын келгенде
Жааны мээлеп чыгалы.
Мына ушинтип Көкүлдүн,
Жүрөгүн балдар сынайлы...

Койчулар. Абайлап сөзүн угалык,
Ар кайсы ташка бугалык,
Буямасын келтирбей
Качырып тегиз чыгалык.

(*Туш-тушка бөлүнүшүп, таштарга жашынышат.*)

Көкүл *(кирип эки жагын карайт).*
Адыр, аска, Ала-Тоо, белдер ашып,
Колума таяк алып чып-чып басып,
Чыбырала күрмөнү моюнга илип,
Көрүүгө келе жатам, элге шашып.
*(Көлдү карап.)*
Айланып жаткан алтын көл,
Сыдырым согот муздак жел.
Үстүндө калкып ойногон
Албан түркүм кушун көр.
Койчулар *(туш-тушунан бакырып жааларын мээлейт).*
Токто, кайда барасың!
1-койчу. Кайдан жүргөн баласың?
2-койчу. Айткын аты-жөнүңдү!
1-койчу. Болбосо каза табасың.
*(Көкүл тегиз карай, жылмая күлөт.)*
Эрдиң кеткен киберсип,
Чолок этек күрмөчөн,
Ээлигип басып барасың,
Сендейди эч ким көрбөгөн.
Теңиңе бизди албагансып,
Эдирейип күлөсүң.
Көкүл. *(Ачуусу келгенсип).*
Ак кардуу тоонун арасынан,
Элимди издеп келемин.
Тамашаңар болсо тарт жааңы,
Болбосо жазаңарды беремин.
*(Кылычын суурат.)*
Таз. Тарт, кылычыңды!
Көкүл. Кебетеңер койчу, уйчу,
Жакшылыкча көңүлө.
Жакып кандын уйчу Тазын
Мага айтып бергиле.
Жер таанybaйм,
Издеп келем элимди,
Көргүм келет ханың менен бегиңди.
Таз. Токто, баатыр, сабыр кыл,
Алганы жүрсөң Күлайды,
Акылдаш болуп сөзүнө,
Биз дагы жардам кылалы,
Күлайдын сүйгөн Көкүлү
Келип калган турбайбы.
Көкүл. Кайра сүйлө сөзүңдү,
Атымды кайдан уккансың.
Таз. Ашыкпа, баатыр ашыкпа,

Баарысын азыр угасың.
1-койчу *(көрүп).*
Жартыбаш зулум келатат,
Жабырабай жаагың бас,
2-койчу. Жайын таап жайлай көр,
Күн көрсөтпөйт бизге кас.
Таз. Жанындагы жүргөнү,
Бүкүр — каман Аламан,
Бей-бечара карыпты,
Бөөйдөй кууруп талаган.
Ишендирип калп сөзүнө,
Жартыбашты алдап жүрөт Күлайым,
Беттешкин баатыр, ушуларга,
Баатырлыгың, сынайын!
*(Жартыбаш, Аламан кирет.)*
Жартыбаш *(койчуларды жекирип).*
Күлайым кыз булакка,
Келе турган күнүбү,
Убада берип болжогон,
Күнү бүтүп түгөндү,
Ачык айтып сүйлөгүн, Тазым.
Таз. Кайтартып мага койгонсуп,
Капаланып тилдейсиң.
Ачууланба, Жартыбаш,
Келер күнүн билбеймин!
Жартыбаш *(ачууланып).*
Каяша айткан неменин,
Какайтып туруп башын ал,
Калганын тирүү койбостон,
Бакыртып чийге керип сал.
*(Аламан кылычын алып Тазды карай жулунат.)*
Көкүл *(Аламандын алдын тосуп).*
Тарткын жигит кылычты,
Кайдан таптың бул ишти,
Жок жеринен күнөөлөп,
Кылыч менен кириштиң.
Баатыр болсоң мага чык,
Балбан болсоң мени жык.
Жартыбаш *(таңыркап).*
Мына кызык тамаша,
Кайдан жүргөн баласың?
Көкүл. Тек сурабай чыга кой,
Күчүң болсо жыгарсың.
Жартыбаш *(бир аз токтонуп).*
Макул балам, курчак!

Көкүл. Оңой эмес эр жыкмак,
Жартыбаш. Кана, балам,
Алышасыңбы,
Болбосо атышасыңбы.
Же атышты токтотуп,
Кылыч менен чабышасыңбы.
Көкүл. Каалаcа кармашалык,
Качсаң атышалык.
Ага чыдабасаң,
Кылычташып чабышалык.
Жартыбаш. Кел мурун атышалык.
Көкүл. Каалаcаң болуптур.
Жартыбаш. Алды менен ким атсын.
Көкүл. Артта калсаң арманда каларсың.
Жартыбаш. Мурун мен атайын.
Көкүл. Ооба, сен аткын.

*(Экөө эки ташка чыгышат, Жартыбаш атканда Көкүл ордунан козголот... огу тийбей калат, Көкүл жаа менен шыкаалайт).*

Жартыбаш. *(чыдап тура албастан).*
Ой, ой токтогун, бала,
Улуулугума да кара!
Көкүл. Эмне болду сага!
Жартыбаш. Келгин чабышалык.
Көкүл. Убадаңдан качтыңбы,
Аныңа да макулмун.

*(Чабыша кетишет, Көкүл амал менен чаптырбай жүрүп, Жартыбаштын айласын кетирип барып сайып жыгат).*

Койчулар. *(кубанып кобурашат).* Баракелде азамат, жигит болсоң ушундай шамдагай бол.
Тобулгу жаасын колго алып,
Булар эмне көрүштү.

*(Муңайым койчулар менен ойной баштайт. Көкүл ойноп келе жатып алтын шакегин Күлайымга жашыруун түрдө берет).*

Күлайым. *(шакекти алып эмне кыларын билбей жүрөгүнө басып).*
Келчүсү келип калганбы,
Асыл курбум Муңайым, ой... *(Кара күчкө эси оойт).*
Муңайым. *(коркуп).*
Бул кандай наз.
Эмне кылдың, Таз.

*(Үймөлөктөп калышат).*

Көшөгө

## БЕШИНЧИ СҮРӨТ

Күлайымдын турган үйү, үй ичи келиштире жасалган.

Сайкал. *(үй ичин жыйып жүрүп).*

Ой, тобо, заманга көзүм жетпейт,
Кечеки кылган иши эстен кетпейт.
Тирүүлөй бир байкушту даргага асты.
Убалы ушул ханга неге жетпейт...
Желдети райымсыз Жакып хандын,
Күнөөсүз башын кести далай жандын.
Тебелеп алтын күмүш турса дагы,
Кумары түк канбады бул айбандын...
Келемин көп жыл бою кызмат кылып,
Жүрөмүн Күкүш үчүн үй шыпырып.
Боорукер кыз Күлайым сен болбосоң,
Алда качан кетер элем үйдөн чыгып...

*(Кыздар Күлайымды көтөрүп кирип төшөккө жаткырышып, чебеленише баштешат).*

Ээ, айланайын балдарым, эмне балакет болуп кетти.
Күкүш, Күкүш, эс учуңду жыйначы...

Муңайым. *(тирмиңдеп).* Кармалаба, селпейген каракчы... Дагы бирдемеңер жугуп калат... Сага эмне жок. Чык үйдөн көзүмө көрүнбөй...

Сайкал. Апей, балам, Кой антип орой болчу эмес. Мына кетейин *(чыгып кетет).*

Муңайым *(артынан ээрчий басып).*

Катуу урушкан болуп,
Апаңан да кутулдум.
Эч кимиң мында кирбе дедим,
Садагасы ордуңан тургун...

Күлайым *(башын көтөрүп эки жакты карап).*

Жүрөгүм күйүп чок болду,
Муңайымжан суу бергин.
*(Муңайым суу берет.)*
Асыл курбум олтурчу,
Сезди го эжем Ракан,
Чегип сурап көрдүңбү,
Эмне дейт, Сыякан.

Муңайым. Аягынан кам жебе,
Түк сезген жок бул ишти.
Кабары жок Көкүлдөн,
Чын эле Таз деп билишти.

Күлайым. Айланайын жан курбум,
Айласын тапкын Көкүлдүн,
Кандай да болсо көзүмө,

Алып келип көрсөткүн...
Өзүң тапкын айласын,
Акылман элең сырдашым.
Жетип келип Жартыбаш,
Тилекке жолто кылбасын,
Өзүңчө болбой Муңайым,
Тазга барып акыл салгын;
Колдон келсе садагасы,
Бүгүн жүрүп кетели.

Муңайым. Сыр алышып, сыр чечип,
Коюндашып тең өстүк.
Алып келип жарыңды.
Көрсөтпөсөм мен өлүк.
*(Чыгып кетет.)*

Күлайым. *(Шакекти алып.)*
Айтсаңчы алтын шакек ай,
Көкүлүңдүн бүт сырын.
Жалган айтып жашырбай,
Айтсаң боло кылыгын...
Өзү басып келүүдөн
Тартындыбы жолдошуң,
Көңүлүнө мен толбой,
Сынадыбы жолборсуң.
Жалдыратпай жарыңды.
Тезирээк эле келсечи.
Жалындуу жигит колуңду,
Баалантпай эрте берсеңчи.

Муңайым. *(Көкүлдү ээрчитип кирип.)*
Милдетимден кутулдум,
Бозойду алгын жаныңа.
Күткөн жарың жаш Көкүл,
Баш ийгин жигит жарыңа...
*(Көкүл жүгүнөт.)*

Күлайым. Өтүңүз төргө жаш жигит,
Чаалыкпай эсен келдиңби...

Көкүл. Жете албастан ташыркап,
Жолдо калат дедиңби...

Муңайым. Кыйыры келип турганда,
Кыса кармап имербей,
Бекерге кайым айтышып,
Турасыңбы жаш жигит...
*(Тыштан үн чыгат.)*

Күлайым. Айланайын Муңайым,
Ким болду экен, карагын!

Муңайым *(эшикти шыкаалап).*

Келип калды атаңдар,
Кандай айла табамын...
Күлайым *(шашып)*.
Эми айла не болот,
Көкүлүмдү жашыргын,
*(Күлайым эмне кыларын билбей төшөккө жата калат,)*
Муңайым (Көкүлгө).
Сөзүмө кулак бургун,
Алы-жайды байкайын,
Аңгыча жашына тургун
Көкүл. Коркпогун Муңайым.
Жообун өзүм табамын...
Жакып *(кирер менен Көкүлдү көрүп)*.
Суутуп мында койдубу,
Курушкан арам желке таз.
Көтөрө албай ырысын,
Жугундуга болдуң мас.
Айтпадым беле мен сага,
Кыздарга жакындаба деп,
Эсиңден чыгып кеттиби,
Бая күнкү айткан кеп.
Муңайым. Күкөштү көтөрүшүп келди.
Ыйлап жаны калбай,
Бар эми кууруган таз,
Селейип туруп албай!
*(Көкүлдү түртүп чыгарып кетет.)*
Сайкал *(Күлайымды тарткылап)*.
Сүйлөгүн кызым, угайын,
Эмне болду чырагым.
Күлайым *(жооп бербей суналган бойдон жатат)*.
Сайкал. Дымы чыкпайт таптакыр,
Бир балакет болгонбу.
Жакып *(Көкүлгө ачууланып)*.
Ажыналуу арам кул,
Тилин байлап койдубу.
Аламан *(алактап шашып келет)*.
Алдияр ханым!
Жакып *(Каардуу)*.
Кайда жүрдүң алактап.
Аламан. Иш мындай.
Жакып. Болду, сөз уккум жок кымындай.
Аламан. Жок, угуңуз!
Жакып *(Каарданып)*.
Карап мында турбастан,
Бүбүлөрдү чакыргын,

Аламан Алар келише элек ханым.
Жакып. Келишкендер үйүнө барып кел.
Аламан. Куп, таксыр *(чыгат)*.
Жакып *(Кулайымдын башына келип)*.
Бул оңбогон кыз ал жерге кайдан барды.
Кандайча болуп ооруп калды.
Таз кайдан жолугуп көтөрүп келди.
Бул жерде бир балакет бар.
Бул кыздын жүрүш-турушу башка болучу.
Аламан. Ханым бүбүлөрдү алып келдим.
Жакып. Кирсин мында.
Аламан. Жарайт ханым *(чыгып бүбүлөрдү алып кирет)*.
1-бүбү. Көкүлдү таап, башын кесип алып келдик.
2-бүбү. Бир эки күн турса баарыбызды курутмак экен.
Жакып. Баракелде бүбүлөрүм, баракелде! Тилегиңер орундалат.
Сүйүнүчтөн мандайымды жардыңар,
Айткылачы олуялар,
Көкүлдүн башын кантип алдыңар.
1-бүбү. Биз көрдүк деген жерге бардык,
Уктап жатканын көрүп калдык.
2-бүбү. Билдирбей жылып барып,
Кылыч менен башын алдык.
*(Эки бүбү өзүнчө сүйлөшөт.)*
1-бүбү. Айткандан кайтпайлы,
Көкүлдү Таз өлтүрдү деп
Өлсөк дагы айтпайлы.
2-бүбү. Анда кешикти жейбиз,
Таздын өлүгүн көрөйүн!
Өзүбүз өлтүрдүк дейбиз!
Жакып. О, жараткан Көкүлдү жеңип
Бүгүн көккө тийди төбөм.
Ал Аламан бул башты,
Жай-баракат анан көрөм.
Сый-сыпат тартууларды
Анан берем,
Аламан. Макул ханым.
*(Көтөрүп чыгат.)*
1-2-бүбү. Жакшы болот бегим!
Жакып. Отуруңуз жарыктыгым төр жакка.
Айла кетип силерди мен чакырттым!
Көз жетпей, акыл айран, башым катты.
Тил оозсуз, катып калды кенже кызым.

1-Бүбү *(Күлайымдын бетин ачып).*
Жин-пери тийген турбайбы,
Түк коркунуч болбосун.
Кайдан деп болбойт ооруну,
Умай энем колдосун.
Алдырыңыз тезирээк.
Аксарбашыл ак эчки,
Бул адашып жүргөн жин-пери.

2-Бүбү. Кеч болбосун тез болсун,
Ачык эмес туюк сойсун,
Ооз тийбей түк этинен,
Куржунга салып койсун.
Түн ортосу болгон кезде,
Эки боз ат даяр болсун.

1-Бүбү. *(2-бүбүгө.)*
Төкпөй-чачпай кан-жинин,
Чаначыңа салдыргын!
*(Хан 2-бүбүнү ээрчитип чыгып кетет. Өзүн сабап, көрө баштайт).*
Айкожо менин атакем,
Ак кайың менин энекем,
Сур кайың менин эжекем.
Анжиянда Арстанбап,
Түркстанда Кожокмат.
Сурнай баштуу сур жылан,
Керней баштуу көр жылан,
Кечикпестен тезирээк,
Азиздер келгин чакырам.

2-бүбү *(шам алып кирип).*
Абдыкадыр дөө келди,
Абдышүкүр жөө келди!
Кызыл-тазыл кыз-келин,
Аз келбеди көп келди...
Зарыгып калды кирсинби.
*(Шамды берет.)*

1-бүбү *(Алып Күлайымдын башынан тегеретип жанына коюп.)*
Абдыкадыр айбаттуум,
Абдышүкүр кайраттуум.
Чакырттым тойго силерди,
Кан жолдошу отургун!
Келин-кесек бийкечтер,
Керилип бурчка олтурсун.
Дартка дабаа болсун,
Илдетке шыбаа болсун.

Үстүртөн кудайым колдосун!
*(Сайкал бир колуна куржун, бир колуна чаначты алып кирет.)*

1-бүбү. Мында башка киши кирбесин, биз анан келебиз.
Алып келгендерди алып кетишет.

Сайкал *(ээрчий басып.)*.
Мына кызык тамаша,
Болбогон немелерин айтып,
Эчкинин этин куржунга салып,
Алдап акылсыз ханды,
Эки боз атка артып,
Жолго түштү көрдүңбү *(чыгат)*.

Күлайым *(чочуп ордунан тура эки жагын карап басып)*.
Ордуна турбай обдулуп,
Туйлайсың неге жаш жүрөк.
Көкүлүмдөн айрылсам,
Мени да алгын тезирээк...
Колуна түшүп желдеттин,
Кыйнадыбы кескилеп...
Ала тоонун ак шумкар,
Айланып торго түштүбү.
Кокусунан карматып,
Сыймыгың баштан учтубу.
Буркурап ыйлап мен турам,
Айласын таппай жанымдын.
Жарыбаган Жакып хан,
Жаш канатын кайырдың.
Тилегине жеткирбей,
Эки жашты айырдың.
Какшап калгын талаада,
Убайын көрбөй малыңдын...

*(Сайкалды чакырат.)*

Энеке, ай, энеке, кайдасың.
Келиңиз мында тезирээк.
*(Токтоно албай ары-бери басат.)*

Сайкал *(кирип)*. Эмне чакырдың садагаң.

Күлайым Айланайын энеке,
Көрдүңүзбү Муңайымды.

Сайкал. Шашылыш түрдө Муңайым.
Эки келип, эки кетти,
Теги жакшысыңбы. Эмне болду.

Күлайым *(жалынып)*.
Багары жок, көрөрү жок

Бир бечара жесир элең,
Кичинемен мени өстүрүп чоңойттуң,
Жаралгансыйт сен өзүңөн менин денем.
Чыныңды айтчы, энеке,
Таш боорсуңбу, же мээримдүү белең.

Сайкал. Эсиң ордундабы, балам.
Эгер сен болбосоң,
Мында бир түнөбөй кетип калам.
Сен дегенде,
Кымындай жок менин алым!..

Кулайым. Мага болушасыңбы.

Сайкал. Түшүнбөйм сөзүңө.

Кулайым. Калган сырды анан айтам өзүңө.

Сайкал. Макул балам!

Кулайым. Бүбүлөр Көкүлдү өлтүрүштүбү.

Сайкал. Ооба.

Кулайым. Качан.

Сайкал. Бүгүн, тоодон кармап.

Кулайым. О, анысы жалган,
Анда Көкүлүм аман калган.

Сайкал. Көкүлүм...

Кулайым. Мен атаман кечтим.

Сайкал. Кой кагылайын, балам,
Атадан кечкен жаман,
Аны эсиңе салам...

Кулайым *(жалынып)*.
Айып этпей энеке, Муңайымды
Чакырып келип бериңиз.
Чоңойттуңуз кичинемден,
Кызыңа жардам бериңиз.

Сайкал. Жакшы болот, чырагым.
*(Чыгып кетет.)*

Кулайым. Чиркин жүрөк алып учуп
Эмне болуп баратам.
Коркунуч улам көбөйөт
Айланамды карасам.

Муңайым *(корко шашылып кирип)*.
Бир эмес каргашадан миңди берди,
Жартыбаштын өлгөнүн билип
Иниси Жалман да келди.

Кулайым. Көкүл кайда.

Муңайым. Ал жашынып турат.

Кулайым. Таз абам кайда.

Таз. *(Кирип.)* Мына, мен!

Кулайым. Акыл тап, аба.

Таз. Уйканада мен жаткан жерде,
Көкүлдүн жарактары турат.
Аны Муңайым Көкүлгө жеткирбесе
Баарыбызды кудай урат.

Муңайым. Кантип жеткирем,
Сакчылар аба жарып турат.

Күлайым. Садаган Муңайым,
Бир амал тап,
Башымы тартуу кылайын.

Жакып. *(Сырттан).* Күлайымга кирип сүйлөш.

Күлайым. Келатат. *(Муңайым чыгат, Күлайым турат, Таз жашынат).*

Жалман. *(шып кирип келет).*
Алдамчы жеңе жооп бергин,
Абакемди өлтүргөн
Жигитти мага таап бергин.

Күлайым. Эмне дейт. Кандай жигит!

Жалман. Аңкоолонбой айтасың...

Күлайым. Тамашаңды койсоңчу уул,
Убадасы бүттү деп,
Кадыр түн тозгон сопудай,
Кирпикти көздү какпадым,
Ана келет, мына келет деп
Агаңды күтүп чарчадым.
Бир балакет болбоду деп,
Тынч алып үйгө жатпадым.

Жалман. Болду токтот сөзүңдү!
Дагы алдагың келет өзүмдү,
Кандайча кылып өлтүрттүң,
Айт чукуй электе көзүңдү.

Күлайым. Мен эчтеме билбейм, уул!

Аламан. Аламан,
Карындашыңдын оозун таңгын,
Эр өлтүрүштү көрсөтөйүн,
Аттын жалына салгын.
*(Аламан байлоого камынат).*

Жакып *(кирип, чочуйт.)*
Менин үйүмдө тополоң салганың,
Бул кандайча Жалманым.

Жалман. Алдап жүрүп бул кызың,
Башын жутту абамын.

Жакып. Түшүнбөдүм сөзүңө,
Аныктап айтчы, карагым.

Жалман. Кызың абамды өлтүртүп,
Бир жигит менен жүргөн имиш.

Кызың аркылуу ал жигит
Ордоңо да келип кирген имиш.

Жакып. О, кагылайын Жалман,
Бул сөзүң барып турган жалган.
Көкүлдөн башка ким өлтүрөт.
А Көкүлдү болсо
Менин кишилерим өлтүрүп салган.
Оолукпай азыр үйгө баргыла.
Кыйналып ат үстүндө калдыңар го,
Капаланбай жатып эс алгыла.
Бул иш чынбы, төгүнбү,
Акырына өзүм жетем.
Өлгөнү Жартыбаштын ырас болсо,
Бул кыздын башын өзүм кесем.

Жалман. Эгер чын болсо түбүңө жетем.

Жакып. Аламан, бул баатырды алып бар.
*(Кетишет.)*
Бул кандайча кеп болду.
Жашырбай айткын бардыгын.
Эч кимге ырайым кылбас,
Билесиң Жакыптын жардыгын.

Күлайым. Жартыбашты ээрчитип жүргөн
Аламан билбесе мен кайдан билем.
А жардыгыңды жакшы билем,
Ырайымсыздыгыңды түшүнүп
Күнүгө алда нече күйөм.

Жакып *(түртүп каардуу.)*
Сыйлабапсың атаңды,
Көгөргөн көк бет шашпагын.
Түпкө жетер болупсуң,
Айтпасаң мейлиң айтпагын!
Өлгөнү Жартыбаштын чын болсо,
Кескилетип өлтүрбөсөм
Кудай мени каргасын.
*(Сыртка.)* Аламан!
*(Алактап шашып Аламан келет.)*

Аламан. Алдияр ханым!

Жартыбаш. Жартыбаш кайда?

Аламан. *(Жалынычтуу.)*
Кагылайын, ханым,
Жана айтайын десем,
Сөз укпай кагып салдың.

Жакып. Деги тирүүбү,

Аламан. Өлдү.

Жакып. *(Чочуп.)* Калп!

Аламан. Сиздин Таз жакшы билет.
Жакып. *(Акырын.)* Кимди.
Аламан. Жартыбашты өлтүргөн жигитти.
Жакып. Ал кандай жигит экен?
Аламан. Кебетесине караганда
Көңүлүм түрдүү бөлүндү,
Эрдиги, шамдагайлыгы
Айтылып жүргөндөй
Көкүлгө окшош көрүндү.
Жакып. Көкүлгө *(Корко кол шилтеп.)*
Кой, кой... Көкүл өлгөн.
Кулайым. Көкүл тирүү!
Жакып. Өлгөн. *(Аламанга)* Чакыр бүбүлөрдү.
1-2-бүбү. Алдияр бегим!
Жакып. Көкүлдү өлтүргөнүңөр ыраспы?
1-2-бүбү. Дал ушул колубуз менен...
2-бүбү. Башын бакырың кесип алган.
1-бүбү. Көөдөсү тоодо калган.
Кулайым. Айтканыңар жалган.
1-бүбү. Кызыңыз билбестик кылат...
2-бүбү. Башы колубузда турат.
Жакып. Алып кел башын.
Аламан. *(Аламан бүбүлөрдүн куржунун алып келет).* О, шордуу башым, булар кесип келиптир, Жартыбаштын башын.
1-2-бүбү. Калп! *(Куржунун карашып).* Ой, ой... *(Экөө эки жакка бакыра качышат).*
Жакып. Токтогула! *(Куржунду карап).* Ой... *(Корко башын мыкчып терс басат). 1-2-бүбү качмак болот).*
Аламан. Тарткыла кайра *(Бүбүлөр кайра бужүрөшө баш урушат).*
1-2-бүбү. Кулдук, кулдук, мына.
Жакып. *(Экөөнү жеп жиберчүдөй).*
Кош, окшошуп, турган,
Силерди кайсы шайтан урган.
1-2-бүбү. Кагылайын ханым,
Калсын жаным.
Жакып. Көкүл деп Жартыбашты экөөң өлтүргөн экенсиң да.
1-2-бүбү. Жо-жок, кудай урсун.
1-бүбү. Жанагы Тазың шок.
2-бүбү. Анын кылбаганы жок.
1-бүбү. Көкүлдү өлтүрдүм деп бизге сүйүнчүлөп келди.

| | |
|---|---|
| 2-бүбү. | Башы мына деп куржунубузга салып берди. |
| Жакып. | Аламан, буларды байла!<br>Мындайлар менде жок болсун,<br>Азабын көрсөтүп жайла! |
| Аламан. | Окшошкон гана шүмшүктөр. |
| 1-2-бүбү. | Жан соога, бегим!<br>*(Аламан экөөнү алып чыгат.)* |
| *Жакып.* | *(Башын мыкчып алактап.)*<br>О, Жакып бул кандай кеп!<br>Түшүнөсүң кандай деп.<br>*(Кулайымга.)*<br>Көкүлдүн тирүү экенин<br>Сен кайдан билдиң. |
| Кулайым. | Сен жөнүндө көптү көрдүм, көптү билдим,<br>Мыкачылыгың мага жакпады,<br>Ошондуктан башка акылга кирдим.<br>Көкүлдүн тирүү экенин билмек турсун,<br>Аны менен сүйлөшүп бирге жүрдүм.<br>Өлүмгө башты байлап,<br>Көкүлдү чындап сүйдүм.<br>Айланамды ажал курчаса да,<br>Сага кайрылбасымды билгин, |
| Кулайым. | Болду!<br>Болдубу, болбодубу<br>Аны ар ким теңдесин.<br>Бирок сендей атаны<br>Эч адамга бербесин. |
| Жакып. | Душманым кайда десем,<br>Үйүмдө экен.<br>Сендей баланын түбүнө<br>Өзүм жетем. |
| Кулайым. | Билем, акыйкатты ойлонуп<br>Мени атам жок аяр.<br>Көкүл үчүн, Таз абам үчүн<br>Өлүмгө башым даяр.<br>*(Жакып Кулайымды муунтуп өлтүрмөк болот. Таз жашынган жеринен чыга калат)* |
| Таз. | Тарт кандуу колуңду! |
| Жакып. | *(Ачуусуна чыдабай күлүп).*<br>Мында жашынып киргениң,<br>Кээде Кулайымдын жанында жүргөнүң<br>Мага кылган жамандык экен.<br>Эми кудай сени колдосо да |

Түбүңө азыр жетем.
*(Кылычын суурул качырат).*

Аламан. *(Коркуп бакыра кирип).*
Ханым эмне балакет болду.
Эл курчап сыртка толду.
Көкүлдү өлтүрбөсүн — дейт,
Тилин албасак бизди жейт.

Жакып. Токто, алды менен Тазды соём,
Анан элдин канына тоём.

*(Жарактуу Көкүл кирет, Аламан бакырып Жакыптын артына жашынат).*

Кулайым. Көкүл! *(Чуркап кучактайт).*

Жакып. *(калтырап).*
Көкүл!..

Көкүл. Ооба, ханым, мен Көкүл!
Төрөлгөнүмдөн бери издеп,
Ат арытып, тон тоздурупсуз.
Мен үчүн далай канды төгүп,
Ар кимге амал курдурупсуз.
Менден коркпоңуз,
Бул шордо өсүп чоңойгон маңдай,
Эр жетип эми келдим,
Мага берер буйругуңуз кандай.

Жакып *(кылычын Аламанга сунуп).*
Аламан, бул кылычты ал,
Чабыш, өлбөгөн жерде кал!

Таз *(кылычын жулуп алып).*
Кылычты мен алайын,
Аламан менен өлбөгөн жерде калайын!
*(Аламан бакырып чыга качат.)*
Жүрүңүз ханым, элдин алдында да
Күтүп тургандыр дарың!
*(Айдап чыгып кетет. Шашып Муңайым кирет.)*

Муңайым. Ой, Көкүлжан, Жалман келатат.
*(Жалман, Аламан кирет.)*

Жалман. А-а... Жартыбаш баатырды өлтүргөн сенсиңби?
*(Чабышат, өлөт.)*

Муңайым. Ай чырайлуу Кулайым,
Айкалышкан ынагым.
Тилегиңе жеткирдик,
Бизге арман кылбагын...
Алтындан сөйкө ыргап өт,
Алганың менен жыргап өт,

Күмүштөн сөйкө ыргап өт,
Сүйгөнүң менен жыргап өт...

*(Көкүл менен Күлайымдын колун кармаштырат. Бурулду ээрчитип Таз жана койчулар, Сайкал кирет.)*

Таз *(кубанып).*
Мына Көкүлдөр!

Бурул *(толкунданып).*
Кулундарым!
Уккула сөзүн апаңдын!!!
Эчен жыл бою бүжүрөп азап тартып,
Куу турмуш күндөн күнгө курчап басып,
Тентип кеттик жалгызымдын айынан,
Мен шордуу элден, жерден алыс качып.
Убайын көрүп жалгызымдын өлсөм деген,
Чолок ой, чолок санаа менде жүргөн!

Таз *(кубанып.)*
Туура айтат энекем,
Арстаным Көкүл турганда,
Элиңде бейпил болбойбу,
Душмандын бели сынганда.
Карыга илсе калканды,
Ташын талкан кылбайбы,
Келтирип туруп чапканда
Душмандын бели сынбайбы...

*(Бардыгы кубанычтуу.)*

КӨШӨГӨ.

*Қ. ЭШМАМБЕТОВ, В. ШВЕМБЕРГЕР*

# ТАЛАСТЫҚ МЕРГЕН

*(Куурчак театры үчүн жазылган төрт көшөгөлүү пьеса)*

ҚАТЫШУУЧУЛАР

Аркар.
Қожожаш.
Зулайка.
Алыбай.
Қарыпбай.
Көзөтхан.
Ысмайыл.
Мастан.

Булардан сырткары кыздар, кемпирлер, каракчылар, бакшылар жарчылар ж. б. катышат.

## ПРОЛОГ

Көшөгө ачылаардын алдында Таластын тоосунун жомокторуна арналган музыка. Бул музыка аскалуу тоолорду аралап, шамал сыяктуу учуп жүргөн аркардын элесин берет. Бүткүл пьесада аркар кайсы сахнада чыга турган болсо, ошол сахнанын алдында музыка аркардын биринчи сөзүнө дайым ойнолуп турат.

Чокусу асман тиреген бийик аска. Анын кай бир жерлеринде өмүр бою эрибей турган кар жана мөңгү. Асканын боорунда кийик жана улар гана жүрө турган ичке жолдун изи.

Асканын этек жагынан өйдө карай жүгүрүп чыгып бараткан Қожожаш көрүнөт. Ал аскадагы кийик жүрүүчү ичке жолго тузак тартат да, өзү асканын боорундагы борчук ташка жашынып калат. Музыка аркарга арналган сонун күүнү ойноп жаткан кезде асканын кырынан укмуштуу ак аркар жана анын козусу көрүнөт. Аркар көрүнгөн жеринде былк этпестен тура берет. Бирок анын козусу ичке жолго түшүп, ойномокчу болуп тузакка илинип калат. Мерген бычагын сууруп, аны мууздаш үчүн жүгүрүп барат.

Аркар. *(Асканын кырынан.)* Тарт, колуңду! Кожожаш! Колуңду тарт! *(Кожожаш козунун бутунан кармап, бирок мууздаш үчүн колу барбастан Ак аркарга таңыркап карап калат.)*

Кожожаш. Өңүмбү же түшүмбү менин. Касиеттүү кайберен! Сендейди көргөн эмесмин, сен эмнесиң өзүң?

Аркар. Козуну коё бергин. Аясаң боло. Туулганынан бери алты күн өттү. Өлтүрбөгүн... *(Аркар тизесин бүгөт).*

Кожожаш. Өзүң тоонун ээси экенсиң. Жалынбастан буйурсаң да болот.

Аркар. Жок, Кожожаш, мергендин огу кийикти тандабайт да аябайт. Аны тапкан... кармаган киши өлтүрүүгө опоңой жарайт. Колуңа эмне түшсө ал сеники болот. Эрк сенде. Кийикти сага кез келтирбей ээрчитип кетем деп коркутпайм, сени. Өз эркиң менен козумду кое бер, мерген!

Кожожаш. Тузак улар үчүн.. А сен, козум бекер түштүң. *(Козуну бошотот.)* Чурка, жигит. *(Козу кубанычтуу маарап жүгүрүп кетет да мергендин жанына кайра келип, ойной баштайт.)* Э, тууган, мунуң болбойт. Кокус каарыма калба.

Аркар. Жок! Убалдан кайтпа! Сага ыракмат, Кожожаш! Эми угуп тургун. Сени билбеген кийик жок, мерген, Өзүң күлүк көзүң көрөгөн, жүрөгүңдө эч кара жок. Сенден биз канчалык корксок, ошончолук сыйлайбыз сени. Жана... таалайың белгилүү мага. Коркоктук, кара ниеттик, мыкаачылыктан алыс жүр. Ал эми мени кай жерде көрөр замат артыман калба. Эч качан калба. Акыры сен ойлогон тилекке жетебиз. Кош, эми Кожожаш! *(Аркар көздөн кайым болот. Козусу да анын соңунан кетип, көрүнбөй калат.)*

Кожожаш. Мына сонун түн! Ой, Кожожаш мерген! Эми уялып өлөрсүң дейм. Өмүр бою куру кол кайтышың ушул чыгар. *(Аңгыча бир улар келип тузакка түшүп калат. Кожожаш аны чыгарып алып, ылдый карай жөнөйт.)* Ак аркардан айрылбайын.

Көшөгө

## БИРИНЧИ СҮРӨТ

Тоодогу токойдун арасында ачык аянтча. Керилген Ак аркар аянтка секирип чыгып, токтоп калат. Анын артынан узак жол жүрүп аябай чарчаган Кожожаш кирет.

Кожожаш. Мени кайда алып баратасың? Ак аркар? Кырк күндөн бери сени ээрчип жүрүп таманым тешилди.

Сага ишенем, артыңдан калбай да жүрөм... Бирок бул эмне үчүн? Билбейм. Кой эми... Сен да тын, мен да тынайын...

Аркар. Биз жеттик. Сапар бүттү. Акырын, мерген. Аркар сыяктуу чалыкпай турган азамат экенсиң. Биз кечикпей келиппиз..

Кожожаш. Кайда келдик? Эмне үчүн?

Аркар. Ушул жерге жашынып күтө тургун. Чарчагандыктан алсырап калба. Көзүңдү жумуп үргүлөп да кетпе. Анан эр жүрөк болсоң алдыңа келген бакытты куткарбастан, колуңа түшүр. Кош эми. *(Бир секиргенде көздөн кайым болот.)*

Кожожаш. Эч бир жан жок. Абийри бар Ак аркар мени... шылдың кылбас! Жашын дейт. Неге жашынам? *(Таштын түбүнө олтурат.)* О, мерген, уктайт окшойсуң. *(Жатып ошол замат уктап кетет.)* Жок, жок... Уктоого болбойт. Бычагым мага сакчы болсун. *(Бычагынын учун маңдайына келтирип отуруп, калат. Үргүлөп өз башын салаңдаткан сайын бычакка урунат да чочуп ойгонот.)* Ай, уктаба, мерген!

*(Үн угулат.)*

Кожожаш. Бул ким? *(Таштын түбүнө боортоктоп жатып, үн чыккан жакты карайт. Эки кызды ээрчитип Зулайка кирет.)*

1-Кыз. Кызыл гүлдөй кулпунган
Кыз сулуусу Зулайка.
Келин болот керилген,
Келип муну хан алса.

Зулайка. Болдучу эми. Кайгылуу мени ого бетер кыйнабагыла.

2-Кыз. Акылы артык, эси мол.
Айдай сулуу Зулайка.
Бак-таалайы көп болор,
Баркын билип хан алса,

Зулайка. Силер үчүн күлкү, мен үчүн күйүт... Күткөн тагдырдын кандай экенине көзүм жетпейт.

1-Кыз. Тагдырың кандай? Табам мен аны. Келе колуңду *(Зулайканын алаканын карап төлгө ачат.)* Сен, сулуу, мазарга барып тобону тогуз жолу сыйынасың, ырас дечи. Анан тоюң түшүп, казысы бир кучак, кадыры миң кучак ханга барасың. Кана, сен калп деп көрчү! *(Күлөт.)*

2-Кыз. Ошону менен байлыктын баарын баскан ханша болосуң. Узун мурун Көзөт хандай күйөө кайда?

Зулайка. Көзөт ханды көргүм келбейт. Андан көрө өлүм артык.

1-Кыз. Атаң өзү билет.

2-Кыз. Калыңды аябай алып, Зулайканы кармата берет. *(Ошол учурда кыздар кыйкырып жиберишет. Жолборс кууп келаткан Ак аркар көрүнөт. Жолборс кыздарга тиш салмакчы болот. Зулайканын курбулары бакырып жерге кулайт. Зулайка жолборсту тиктеген бойдон катып калат. Жолборс Зулайканы карай секиргенде колунда бычагы бар Кожожаш да ага каршы секирип чыгат. Ошентип киши менен жолборстун күрөшү башталат. Эки кыз бакырган бойдон качып кетет. Зулайка бул чоң күрөштү карап турат да, анан эсин жыйып жолборсту чоң таш менен урмакчы болот. Бирок Кожожаш ага жеткирбей жолборсту өлтүрүп коет. Эр жигит башын көтөрүп, тытылган кийимдерин оңдомуш болот да терең үшкүрөт.)*

Кожожаш. Чарчадым! Аябай чарчадым. Саламатпы селки! *(Зулайка колундагы ташты түшүрүп жибергенде ал келип Кожожаштын бутуна тиет.)*

Зулайка. Ай!..

Кожожаш. Ой, эң эле оор таш экен...

Зулайка. Айып көрбө, секет. Абайсыздык кылдым. Кимсиң өзүң?

Кожожаш. Кожожашмын.

Зулайка. Кожожаш мерген!

Кожожаш. А сен атактуу сулуу Зулайка болбо?

Зулайка. Ажалдан алып калдың! Сен мага өмүр бердиң, азамат! *(Кожожашка жүгүнөт.)*

Кожожаш. *(Зулайканы өйдө тургузуп.)* Жок, жок, сулуу кыз, жолборстун ажалы менден эле. Эми менин өмүрүмдү сенин жүрөгүң билет, сулуу кыз. *(Сахнанын артынан кыйкырык-чуу угулат. Бул Зулайканын көчү. Колуна жаа кармаган эки чал, кумган жана чаканы койгулаштырып жлборсту коркутмакчы болгон эки кыз жана эки кемпир кирет. Бирок өздөрү да өтө коркуп алышкан.)*

1-Кемпир *(эки жагын карап)*. Мына корккон экен!

2-Кемпир. Качып кетиптир го оңбогур!

1-Чал. *(кайраттанып)*. Адамдан коркпогон да айбан болобу? Качып кетиптир. Жаа менен жайлайт элем.
Огум оозунан кирип, куйругунун учунан чыкмак.

2-Чал. Бекер чочутуппуз. Биз аны мышык сыяктуу гана куйругунан кармап капка буусак болмок...

1-Кемпир. Жолборс эмес эч нерсе жок. Биз тааныбаган гана бир эркек турат. Ой, уятсыз кыз...

2-Кемпир. Сен кимсиң? Тентип кайдан жүрөсүң?

1-Кемпир. Кыздарды коркутуп өлтүрөйүн дедиңби, куураган кул?

2-Кемпир *(чалдарга)*. Сабагыла муну! Аябай сабагыла!

Зулайка. Бизге асылган жолборстон аман алып калган ушул болду.

1-Кемпир. Жолборс эмес эки аяктуу айбан асылган чыгар. *(Кожожаш таштын артынан чуркап барып, анда жаткан жолборсту таштын үстүнө чыгарат. Беркилер аны тирүү экен деп билип, бакырган бойдон кача башташат. Зулайка менен Кожожаш каткырып күлүп калышат.)*

1-Кемпир. Жолборсту өлтүрүпсүң. Ал эми Зулайкадан эмне артат дейсиз? Көзөт хандын колуктусуна көз артмакчы болдуңбу! Ажалыңдан мурда өлүп калба, байкуш.

2-Кемпир. Көз артмак түгүл акырын гана карап койгон кишинин ажалы жетет. Жогол, мында турба.

Зулайка. Түшүнсөңөр боло бул мени ажалдан алып калды. Жолборс менен жалгыз кармашты.

1-Кемпир. Чын эле өзү мерген го. Мергенге жолборсту өлтүрүш кой союу сыяктуу опоңой иш.

2-Кемпир. Алып калсаң жакшы болуптур. Жөнөгүн эми. Же сага сыйлык керекпи? Эмесе, Зулайканын атасына бар. Ал өзү жакырга жан тарткан киши. Сени да кур койбос.

1-Кемпир. Жогол! Жогол дейм. Көзгө көрүнбөгүн. Зулайка, сен да сак бол. Атаңа айтам. Ханга айтам. Биз менен бирге жүр десе болбойсуң...

2-Кемпир. Биз бекер жүрүппүзбү? Сени кайтар деп хан кошкон бизди. Эми сени карыш бастырбайбыз!

2-Кемпир. Айткан акылды укпайсың. Аттан түшүп алып, улак сыяктуу ойноп кетесиң...

Кожожаш. Силердин көчүңөрдү мен кайтарсам кантет?

1-Кемпир. Эмне Карышкырга кой кайтарттыралыбы?

2-Кемпир. Зулайкага суктанбагын. Жолобо бизге. *(Кыздарга.)* Баргыла көчкө.

1-Кемпир. Зулайка! *(Эки кемпир анын эки колунан кармап алып кетишет. Алардын соңунан кыздар жана чалдар чыгат.)*

Зулайка. Кожожаш!

Кожожаш. Зулайка! *(Бир аз тым-тырстан кийин.)* Жаным! Сенсиз өмүр сүрбөсмүн.. *(Бир бутун өлгөн жолборстун үстүнө коюп, ойлонуп, турган Кожожашка Ак аркар келет.)*

Аркар. Кожожаш! Издегениңди таптыңбы, сен?

Кожожаш. Менин издегеним бул экенин билген эмесмин. Табылган жыргалымдан азыр эле ажырап калдым. Эми эмне кылам, Аркар?

Аркар. Капаланба, Кожожаш! Мени ээрчий баргын. *(Сахнанын экинчи тарабын карай басып кетет.)*

4*

Кожожаш. Ырыска өзүң гана жеткирериңе ишенем, Аркар. Артыңдан эч качан калбайм. *(Аркардын артынан кетет.)*

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

*Чаткал тоолорундагы терең үңкүр. Анын кичине гана тешигинен асмандын чети, алыскы тоолор араң көрүнөт. Үңкүрдүн ички боорлору тептегиз аска.*

*(Зулайканын көчүндө жүргөн эки кемпир кирет.)*

1-Кемпир *(үңкүрдүн ичин карап)*. Тш! Тш! Эч ким жок бекен мында?

2-Кемпир. *(Биринчи кемпирдин аркасында туруп, үңкүргө үйүлө карап, таягы менен ташты сабайт.)* Чык, жин, чык! Төбөдөгү тешиктен чык! Мына бул турган эшиктен чык!

1-Кемпир. Эч ким жок, кире бер. *(Көпкө чейин киралбай турушуп, акыры бирин бири түрткүлөп үңкүргө киришет.)* Ох — ох — ох, бизди сактаган кудай дагы сактайт. Бул жерде жайланып жатууга да болот.

2-Кемпир. Кет! Балакет кет, пери кет! *(Үңкүрдүн эки жакы капталына түкүрүп жүрүшкөндө жылтыраган эки көз көрүнөт. Кемпирлер бакырып жөрмөлөп кача жөнөшкөндө булардан да кыйын корккон коен келип урунат. Коен үңкүрдүн ичинде аркы-терки жүгүрө берет, качан кемпирлер сыртка чыгып эшикти бошотködо гана коен качып кетет.)*

1-Кемпир. Ой, коен да болсо жаман коркутту! *(Кайра кирет.)*

2-Кемпир. Башка балакет жок бекен эми?

1-Кемпир. *(Таягы менен үңкүрдүн ичин сабап.)* Кире бер, коркок, эми эч нерсе жок.

2-Кемпир. *(Кирип келатып.)* Токто! Бул кандай үн! Дагы бирөө келбесе болду. Алыбай бат эле келсе... *(Экөө олтурат. Бир нерседен дагы чочушуп, анан кайра жайланышат)*. Зулайка үчүн Алыбай эч аянбайт.

1-Кемпир. Эптеп олжого батсак, ээ... Убадасын орундатпай эле...

2-Кемпир. Орундатат. Аны алдап, алтынга карк болобуз экөөбүз. Кокуй, келатат. *(Экөө эшиктин эки жагында тура калышат. Шашып кирип келген Алыбай аларды көрбөйт)*.

Алыбай. Келишкен эмес экен го эки мастен!

Кемпирлер. Келгенбиз, биз келгенбиз кадырлуу, Алыбай. Көпкө күттүк сизди.

Алыбай. Азыр Зулайканы мында алып келгиле. Жалгыз өзүң үңкүргө кийрип жиберип, кайра көчкө баргыла. Анан мен да барам. Эч ким бизди байкабасын. Билдиңерби?

1-Кемпир. Уктук, бай, уктук...

2-Кемпир. Алып келебиз, азыр алып келебиз.

Алыбай. Тез келтиргиле. Бул үңкүр жөн үңкүр эмес, касиеттүү үңкүр дегиле. Бойго жеткен кыз чачын жайып кудайга жалгыз сыйынса тилеги ордунан чыгат. Анда кыздын каалаган гана жигити алат дегиле. Аны эптеп алдыш керек.

1-Кемпир. Алдайбыз, алдайбыз.. Алып келебиз.

2-Кемпир. Зулайканын башына кийген тебетейи кымбат, бай.

1-Кемпир. Биз билген асыл таштардын баары ошонун башында, бай.

Алыбай. Менден эмне каалайсыңар?

1-Кемпир. Өзүң бил, бай. Зулайка алтын жылдыз экенин билесиң, бай.

2-Кемпир. Ай десең ай, күн десең күн...

Алыбай. Айткылачы, канча керек?

1-Кемпир. Бир баштык алтын.

*(Алыбай ачууланып эки кемпирди тең жерге жыгат. Алар тизелеп олтуруп калышат).*

Алыбай. Экөөңдүн буту-колуңду тырыштыра таңып, Зулайканын атасына жиберейинби? Окшошкон гана мастен... Зулайканы сатканыңар үчүн ал экөөңдү тирүүлөй көмсө кантесиңер?

Кемпирлер. Кой, антпе! Өлтүрбө бизди, каалаганың орундалсын. Кана, өзүң бил деги...

Алыбай. Экөөңө эки эшек.

Кемпирлер. Болуптур, бай, болуптур.

Алыбай. Алып кел, Зулайканы. Эгер силер...

Кемпирлер. Азыр, бай, азыр... *(Жүгүрүп чыгып кетишет Алыбай ышкырат. Жагдан көтөрүп узун бойлуу эки каракчы кирет.)*

Алыбай. Жагданды мында койгула! Болду! Үстүнө килем жапкыла. Алды жагына да килем төшөгүлө. Болду, болду... Эми келип сыйынсын мында *(күлүшөт)*. Аттар даярбы?

1-Каракчы. *(чыйылдап)*. Баары даяр, бай.

2-Каракчы *(жоон үн менен)*. Биздин колубузга бир түшсө кайра чыкпайт ал, бай.

Алыбай. Кемпирлер узап кетер замат кыздын оозун таңып көтөргүлө да, менин кошума жөнөгүлө.

1-Каракчы. Куп болот, бай.

Алыбай. Жашынгыла! Келатышат. *(Алыбай качып кетет. Каракчылар жашынышат. Зулайканы ээрчитип, эки кемпир кирет. Зулайка үңкүрдүн ичине кирип кемпирлер оозодо калат. Эки кемпир чөгөлөп сыйына башташат.)*

1-Кемпир. Бутуңду бүк, сулуу.

2-Кемпир. Касиеттүү үңкүргө сыйын, сулуу. *(Экөө Зулайканы чөгөлөтүшөт).*

1-Кемпир. Бизге окшогон күнөөлүү киши бул үңкүргө кире да албайт.

2-Кемпир. Сен сыяктуу бойго жеткен кыз гана кире алат мында. Биз үйрөткөн намаз кана? Окугун аны. Кудайга кулдук кылып өзүңө бакыт сура.

1-Кемпир. Биз кайра келгенче үңкүрдөн чыкпа.

2-Кемпир. Сени биз сыртыңдан кайтарып турабыз. Кана, өзүңө жана күйөөң Көзөт ханга бакыт тиле. *(Кемпирлер кетет. Зулайка асманды карап алакан жаят.)*

Зулайка. О кудай! Эгер сен тилегимди орундата турган болсоң, мени Таластан чыккан Кожожаш мергенге бер. Сени сүйөм, Кожожаш! Сенсиз өмүр сүрбөйм мен... Кожожаштан башканы сүй деп сен да айтпассың, кудай. *(Эки каракчы келип, Зулайкага кол салышат. Анын оозун жана буту колун таңмакчы болушат.)*

2-Каракчы. Тиштейм дейт... Күчтүүсүн мунун. *(Зулайканы жагданга салып, килем менен орошот да, көтөрүп жөнөмөкчү болушат. Үңкүрдүн оозунан Ак аркардын башы гана көрүнүп кайра жок болуп калат.).*

2-Каракчы. Оңой олжо түшүрдүк.

1-Каракчы. Ным деген жок.

2-Каракчы. Жөнөйлү эми!

*(Чуркап Кожожаш кирет).*

Кожожаш. Кимсиңер силер?

1-Каракчы. Сен өзүң кимсиң?

Кожожаш. Эмне кылып жүрөсүңөр мында?

2-Каракчы. Эмне кылсак өзүбүз билебиз. Жогол мындан.

1-Каракчы. Сага жан керек болсо эшикти тозбо!

Кожожаш. Көтөргөнүңөр эмне?

1-Каракчы. Байдын колунан чыкчу калың. Өлө элегиңде жоголсоңчу.

Кожожаш. Байдын калыңын көрсөткүлөчү?

1-Каракчы. Мына көрсөтсө...

*(Каракчылар кылычтарын суурул Кожожашты өлтүрмөкчү болушат.)*

2-Каракчы. Чап, муну!

1-Каракчы. Кескилеп сал!

*(Кожожаш да канжарын суурат. Күрөш башталып, 1-каракчы качып жөнөйт. Экинчиси да качып кетет. Кожожаш туруп калат).*

Кожожаш. Келгиле мында, келгиле! Силердин мүлкүңөр

керек эмес мага. Мен каракчы же ууру эмесмин. Мен... Баса, Аркар неге алып келди? Абайлап карайынчы. *(жагданды ачат)*. Бул ким? Киши...*(Зулайканы тургузуп оозун чечет)*. Зулайка!

Зулайка. Кожожаш! Сүйгөнүм, Кожожаш! *(Кожожаш анын буту — колун да чечет)*.

Кожожаш. Ак аркарга рахмат айт, Зулайка!

Зулайка. Ага да, сага да ыраазымын. *(Кучактайт.)*

Кожожаш. Сен менин бактымсың, Зулайка.

Зулайка. Ажалдан бир эмес эки жолу куткардың.

Кожожаш. Сен да мени кайгы-кападан, жалгыздыктан куткарсаң боло, энемди жуучуга жиберейинби?

Зулайка. Атам мени Көзөт ханга бергени жатат... Бирок сүйөөрүм сен...*(Кожожашты кучактамакчы болот, эки кемпир кирип келишет.)*

Кемпирлер. Ой, оңбогон жолбун. Дагы жолуктуңбу! Жогол! Жолборс менен илбирс жок мында.

Кожожаш. Жолборс жок, бирок силердей азезил бар. Эми жан керек болсо көчтү жөнөткүлө.

1-Кемпир. Ий? Эмне кыласың?

Кожождаш. Жөнөт дейм көчтү. Силер менен мен да барам. Зулайка сулууну өзүм кайтарам. Окшошкон түлкүлөр! Капканга түшөсүңөр. Силерге ишенич жок. Кана! Жөнөгүлө!

1-Кемпир. Болот, мерген.

2-Кемпир. Жөнөдүк, мерген.

Аркар *(чуркап кирип)*. Менин соңуман жүр, мерген.

Кожожаш. Кантип? Зулайканы кантем?

Аркар. Убадаңды унутпагын сен.

Кожожаш. Кеттим... Зулайка, менден үмүт үзбө!

*(Аркардын соңунан кетет. Зулайка аң-таң болуп туруп калат Кожожашты анык өлтүрүүгө даярданган Алыбай, анын каракчылары, эки чал кирет)*.

Алыбай. Кайда? Кармагыла! Өлтүргүлө... Ким келди мында?

Зулайка. Киши эмес, жин келген мында. Кетип калды. Көчтү жөнөткүлө. Мындай жерде токтоого болбойт. *(Жүгүрүп чыгып кетет.)*

Көшөгө

## ҮЧҮНЧҮ СҮРӨТ

## КУДА ТҮШҮҮ

Зулайканын атасы Карыпбайдын жасалгалуу үйү. Жерге килем жана көрпөлөр салынган. Чыканагына жаздык коюп Карыпбай, Көзөт хан, Алыбай жана сыйкырчы Ысмайыл олтурат.

Карыпбай. Менин кызым Зулайка үч жылдан бери ар түрдүү себептерди таап, күйөөнү жактырбай жатат. Бирок атанын айтканы айткан. Кана эми калың жөнүндө сүйлөшөлү...

Көзөт хан. Калың сиз канча десеңиз ошол.

Алыбай *(өзүнчө)*. Калыңды канча десе берүүгө жарайм! Көзөттөн ажыратып алыш үчүн айла да табам.

Ысмайыл *(өзүнчө)*. Сыйкырдан күчтүү эч нерсе жок. Зулайка сулуу меники болот. *(Беркилерге.)* Бул кызда менин да үмүтүм бар.

Карыпбай. Сен кимсиң өзүң?

Ысмайыл. Атым Ысмайыл. Менин бул оор сөзүм оюңда болсун, чал.

Көзөт хан. Сенин сөзүң менин малы-мүлкүм, алтын-күмүшүмдөн да оорбу, тентиген тентек?

Алыбай. Мунун сөзү оор болсо да менин бычагыман мокок чыгар. *(Карыпбайдан башкалары бычактарын суурул тура калышат)*.

Карыпбай. Олтургула. Куттуу үйдө кутурганыңар ылайык болбойт. Олтургула. *(бардыгы отуруп калышат. Кожожаш мергендин энеси кирет)*.

Энеси. Амансыздарбы, ардактуу карыялар...

Карыпбай. Ий, кел мында, кемпир. Эгер керегиң болсо айта кой. Эрте. Кийик уулуң экөөңдүн кемтигиңди бүтөбөй калган го.

Энеси. Ырас, кийик кемтигибизди бүтөбөй жатат. Уулума өз кызыңды бербесең, бай, кемтигибиз бүтөлөр эмес.

*(Аны шылдыңдап күлүп калышат)*.

Карыпбай. А калыңга кантип чыдайсыңар?

Энеси. Уулумдун сүйгөндүгү чыдайт, бай. *(Күлкү.)*
Уулумдун өнөрү чыдайт, бай. *(Күлкү)*.
Уулумдун ырайымы, Зулайка экөөнүн ынтымагы чыдайт, бай.

*(Күлкү.)*

Карыпбай. Калыңга карк кылдың, кемпир. Бирок Зулайка кедейдин кемтигин бүтөй албайт. Өз үйүмдө болбосоң өлөр элең. Тирүүңдө тезирээк жөнө.

Энеси. Эки бала бирин бири сүйөт экен. Эркине кой, бай. Кожожаш сага күйөө болсо пайдасы гана тиер. Өз балам үчүн мактаганым эмес, жүрөгүндө кымындай кара жок, көзүндө от бар, көңүлү адал. Андай жигит бул элде чанда чыгар, бай...

Алыбай. Эмне?

Көзөт хан. Мастендин тилин! Алдамаксыңбы байды?

Ысмайыл. Мына кызык! *(Күлөт.)*

Карыпбай. Калп сүйлөп каарыма калба, кемпир. Сенин уулуң жерде болсо, менин кызым көктө. Үйүңө жеткенче өлөрчө кылып саба дейинби жигиттерге?

Энеси. Калп эмес чын сүйлөп жатам мен.

Карыпбай. Калп дейм! Менин кызым сенин уулуңду сүймөк түгүл таанабайт да билбейт.

Энеси. Жок, бай, өлүмдөн эки жолу куткарган курдашын кантип билбейт.?

Карыпбай. Калп мунуң, картаң мастен!

Энеси.Калп айтканды билбейм мен.

Карыпбай. *(Өтө ачууланып.)* Ай! Зулайка кайда? Чакыргыла!.. Эгер калп айтсаң, кемпир, ушул жерден үйүңө эмес көргө кетесиң...

*(Зулайка кирип ийилип, туруп калат.)*

Айтчы, Зулайка, Кожожаш мергенди билесиңби, сен?

Зулайка. Билем, ата.

Карыпбай. Ага жолуктуң беле?

Зулайка. Бир эмес эки жолу жолуккам.

Карыпбай. Ажалдан сени алып калды беле?

Зулайка. Эки жолу алып калган, ата.

Карыпбай. Аны жактырганың чынбы?

Зулайка. Чын...

Карыпбай. Эмесе сенин жолуккан күнүң курусун, андай жетеси жок арсызды капкара жер жутсун...

Зулайка. Жок, ата, мага өмүр берген жигиттин өмүрү узун болсун! Анчалык ачууланба. Жолборс чайнап жутарда Кожожаш мени куткарып калган. Каракчылар алып качарда ажыратып калган.

Карыпбай. Анчалык кызматы болсо акы төлөйм. Бирок күйөө деп үйүмө киргизген учурум болбойт.

Зулайка. Атанын айтканы кыз үчүн милдет. Ошондо да тилимди ал, ата. Эгер макул десең, элге жар чакырткын. Эрегиште ким жеңсе мени ошол алсын.

Карыпбай. Сени Көзөт хан алат.

Алыбай. Же мен — атактуу Алыбай алат.

Ысмайыл. Же мен — ырыстуу Ысмайыл алат.

Энеси. Жок, пейли адал Кожожаш алат.

Алыбай. Эрегиште эр өлмөй бар. Менин жаным так ошол өлүмгө да даяр.

Көзөт хан. Болуптур, мен да даяр.

Ысмайыл. Менин колуман баары келет. Эмне десеңер даярмын мен.

Карыпбай. Сенин айтканыңдай болсун кызым, элге жар салайын. Бирок жетеси жок Кожожаш жеңсе аны ээрчип кете бер. Атаңдан ырайым күтпө.

Зулайка. Ата!

Карыпбай. Анда «ата» деп айтпа.

Зулайка. Болуптур, ата! *(Жүгүнүп таасим кылат.)* Эрегиш эртең болсун.

## ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ

## ЭРЕГИШҮҮ

Бийик аскалардын арасындагы тегиз аянт. Ак уруп, бийлеп келаткан эки бакшысын эрчитип Алыбай чыгат. Алыбай өзү узун жана эски үч мылтыкты зорго көтөрүп келип, думаналардын колуна берет.

Алыбай. Коркунучтан куткарчулар! Колунда күч бар, көзүнөн от жанчулар! Кааласа бакыт берип, кааласа каарына алчуулар! Жол жок жерде жол, айла жок жерде айла тапчу акылдуу бакшылар! Жардам кылгыла... Аянбагыла... Силердин жардамыңар менен азыркы эрегиште мөрөй меники болсун. Күч да менде болсун, айла да менде болсун, кайрат да менде болсун, акыры Зулайка да менде болсун.

Бакшы. Эки төө бер бизге,
Эки эчки бер бизге.
Алты кой айдат бизге.
Эки эшек алдыга тарт бизге.

Алыбай. Алгыла баарын. Мен аянбаймын!

Бакшылар. Пери кандай, жин кандай?
Белсенип турган мен кандай?
Дөөлөрдүн башын кесүүчү,
Дөөгүрсүгөн эр кандай?
Таятамдын чал теке,
Өнөрүңдү сал теке.
Жүк астында сандык
Садагасын алдык
Алып келип сойгула.
Кудай үчүн бир жандык.

*(Алыбайды айлана чуркап, азаларын шалдыратып бийлешет. Байды жерге жыгышып, үстүнөн аркы-терки секири-*

*шет. Аркасына минишип, тепкилешет. Анан тургузуп алып бир кумган суу беришет.)*

Баарын ичип калтырбай,
Балбан болгун, Алыбай
Акылды бүт сен ээлеп,
Жол табасың жаңылбай.
Бакыт конуп башыңа,
Сендик болот Зулайка,

*(Алыбай кумгандагы сууну ичип жиберип, жерге кулап түшөт. Бакшылар бири бирин, бай жана кумганды карап туруп калышат.)*

1-Бакшы. Бай камгактай жеңил экен го.

2-Бакшы. Балким сен башканы берген чыгарсың.

1-Бакшы. Дарыны өз колум менен жасагам. Андан чымчып, мындан чымчып азырак гана салгам. Ойгонот. Ай, абышка, тур өйдө!

Алыбай. *(Араңдан зорго туруп, булдуруктап сүйлөй баштайт.)* Эми мага эч ким тең келбейт. Күрөшсөм жыгам, жарышсам чыгам, каалаган байгемди алам.

Бакшылар. Эки төө бизге,
Эки эчки бизге,
Алты кой айдат,
Алдыма эшек тарт.

Алыбай. Жүргүлө. Кызматыңар үчүн мүйүздүү эчки берем. *(Мылтыктарды бакшыларга көтөртүп, өзү чайпала басып чыгып кетет. Сахнанын эки жагындагы чокуман жарчылар көрүнөт, алар чоор тартып жар чакырат.)*

Жарчылар. Эй, эл-журт түгөл кулак сал,
Карыпбайдын тою бар.
Барсыңбы жигит, көзгө атар,
Жамбыны атып түшүрүп,
Жамалы башка Зулайка,
Жарың болот — байгеңди ал.
Аталбас чоркок сен болсоң,
Айдай сонун сулуудан
Айла жок, жигит, куру кал.

*(Жамбы атуучулардын баары сахнага чыгат. Чокуда калың элдин элеси көрүнөт. Ал сыяктуу балбанын ээрчитип, Карыпбай жана Көзөт хан кирет. Алардын соңунан Ысмайыл келет. Үчөө ортого олтуруп жайланган кезде, энесин ээрчитип Кожожаш кирет. Кожожаштын мылтыгын энеси көтөрүп алган. Өтө кооз кийинген Зулайка өзүнүн курбулары менен бийлейт. Ал учурда бийик устундун башына байланган үч жамбы орнотулат.)*

Жарчылар. Мына байге башталды.

Балбаның чык, пилиң чык!
Бирин эмес, баарын жык.
Азыр аркан тартылат,
Тартам деп аркан ким чыгат?

*(Кожожаш келип жоон аркандын учун кармайт.)*

Алыбай. *(Жүгүрүп кирип.)* Кана, кана... Карма, кайырчы, карма! Таманыңды жерге бекем така. Кулап кетип мурдуңду жарып алба!

*(Экөө тартышат. Алыбай бардык күчүн салат. Кожожаш кыймылдабайт. Бул катуу булкканда Алыбай келип алдына кулайт. Эл күлүп калат. Бакшылар сүйрөп тургузат Алыбай өзүнүн бакшыларын тилдеп, четке кетет.)*

Жарчылар. *(Чоор тартып.)*

Кожожаш алды байгени,
Башкаң чык, эми көрөлү.

Көзөт хан. Кожожаш тең эмес мага. Муну менин кичине кулунум Чуйфан гана салат. *(Көзөттүн алпы чыгып, аркандын учун кармайт.* «Жеңилет мерген... Буга кантип чыдайт. Киши эмес дөөго бул».. *деген сөздөр. Аркан дагы тартылат. Экөө тең өз ордундарынан жылбайт. Бир кезде ал аркандын учун кое берип, өзү чалкасынан кетет. Каткырык-күлкү. Көзөт өз алпын сахнадан кууп чыгат.* «Азамат мерген.. Жигит экенсиң...«*деген сөздөр угулат. Зулайка баштаган кыздар келип Кожожашты куттуктап бийлешет.)*

Жарчылар. Дагы жеңди Кожожаш,

Эч ким муну жеңалбайт.
Айдай болгон сулууну,
Кейпи, башка жигит албас...

*(Сыйкырчы Ысмайыл чыгып арканды кармайт.)*

Ысмайыл. Тарт, күчүк.. Күчүң жетпейт мага. *(Экөө тартышат. Бирок сыйкырчы Ысмайыл арканды жылан сыяктуу соймоңдотуп, карагайга ороп салат. Эл анын айласын байкап калышат.»* Алдады сени. Болбойт мунусу.. Тартпа, мерген... Аркан оролуп калды... *«деген сөздөр угулат).*

Кожожаш. Көрдүм. Бирок Зулайка сулуу үчүн тартып да көрөйүн.. *(Арканды булкканда карагай түбү менен омкорулуп Ысмайылды басып калат. Ал бакырат. Эл күлүп:* «Азамат мерген... Ушундай кыл аны... Жигитсиң сен...» *деп чуулдашат.)*

Жарчылар. Дагы жеңди Кожожаш,

Эки күрөш башталат.
Зулайкадай сулууну,
Аламын деп ким чыгат?

*(Кожожаш түптүү карагайды аскадан ашыра ыргытып сахнаны тазартат. Алыбай келип күрөшмөкчү болот.)*

Алыбай. Кана, кармашып көрөлү, Кожом, Кабырган сынбасын сенин. Чалсам чалканан кетесиң сен. *(Күрөшүшөт.)* Ой, өлдүм! Кой күрөшпөйм. *(Кожожаш аны көтөрүп жерге чабат. Алыбай онтойт. Эл күлөт. Кыздар бийлеп Кожожашты куттукташат.)*

Жарчы. Жыгып койду Кожожаш. Күрөшөм дечүүң дагы чык. *(Ысмайыл сыяктуу бирөө келип күрөшө баштайт. Күрөш узакка созулат. Акыры Кожожаш аны ийилтип жыкмакчы болгондо Ысмайыл ыргып келип, Кожожаштын мойнуна минет.* «Деги сенден кутулайынчы!» *деп асканы карай ыргытканда Ысмайылдын колу-буту бөлүнүп ары карай кулап кетет. Бирок ошол замат Ысмайыл аскадан көрүнө калып каткырып күлөт!)*

Ысмайыл. Мени жеңчү күч дүйнөдө жок. Зулайка сулуу акыры меники болот. *(Эл аны жекирип, кармаш үчүн аракет кылат.* «Карма! Ур! Жогот муну!.. *деген үндөр чыгат. Ысмайыл көздөн кайып жок болуп калат.)*

Жарчы. Таластан келген Кожожаш сыйкырчыны эки жеңди. Эми акыркы мелдеш. Үч атуу менен үч жамбыны түшүргөн мерген Зулайка сулуууну сөзсүз алат.

Алыбай. Кана! Эми сынашалы! Төөдөй күчтүн кереги жок мында. Көзгө атам мен. Көрүп турчу үчөөң тең түшүрөм. *(Мылтыгын жерге орнотуп атат. Ок Зулайканын көчүндө турган кемпирдин элечегин ала кетет. Ал бакырат.)*

Кемпир. Көзүң көрбөс сокур болсун. Колуң селейип катып калсын. Өлтүрүп кое жаздадың оңбогур... *(Күлкү.)*

Алыбай. Бул мылтык эмес көсөө экен. *(Мылтыгын ыргытып жиберип, башканы алат.)* Муну менен бир атып, экини түшүрөм. Дагы атсам бычак менен кескендей болуп үчүнчүсү түшөт. *(Атат. Огу учуп бараткан карганы түшүрөт. Кыздар күлүп, карганы анын алдына ыргытып жиберишет.)*

Алыбай. *(үчүнчү мылтыкты алып).* Качкыла! Азыр бир ок менен үчөөн тең түшүрөм.

*(Эл анын огунан коркуп, арт жакка кетишет. Алыбай аябай шыкаалап жатып атат. Бирок өтө ылдый мээлеп, огу тынч жаткан иттин куйругуна тиет. Ит кыңшылап тегеренет. Анан Алыбайды капмакчы болгондо качат. Эл күлөт. Ортого Кожожаш чыгат. Энеси ага мылтыкты берет.)*

Энеси. Шашпа, уулум. Түздөп мээле. Огуң жолдуу болсун.

Карыпбай. Жолдуу болсун? Жамбыдан жаа бою качсын уулуңдун огу! Эл угуп койсун! Кожожаш жеңип Зулайка ушуга кетсе аталыктан кечтим. Кызымды кыз, күйөөмдү күйөө дебейм. Буларды үйгө да кийирбейм. Айтканым айткан.

Кожожаш. Атаң каардуу киши экен, Зулайка. Айтчы, Зулайка, атайынбы, жокпу?

Зулайка. Ат! Ат, Кожожаш! Менин жан жүрөгүм сага жардам берсин. Атам аталыктан кетпес. Ат! *(Эл былк этпестен туруп калат, энеси келип Кожожаштын жанына тура калат.)*

Карыпбай *(Ачуулу.)* Сен ушуга бармаксыңбы, Зулайка?

Зулайка. Тагдырдын буйругу ушул, ата.

Карыпбай. Мен сага ата эмесмин. Сендей кызым жок, менин. *(Кете баштайт.)*

Көзөт хан. *(Карыпбайды токтотуп.)* Жок, сенин эмки ишиң мени менен.. Карыган гана какбаш! Мени кор кылганың үчүн далайды көрөсүң. Таманымдын алдында жатып көзүңдөн жашты көлдөй төгөсүң. А сен, абийирсиз мерген, Көзөттүн күчүн билерсиң акыр. Зулайка менин камчымдан өлөт. Бириң эмес, барың өлөсүң. *(Кетет.)*

Жарчы. Угуп кой баарың, Кожожаш чындап күрөшүп, чындап жеңди. Бир ок менен үчтү түшүрдү. Зулайка сулуунун ушул теңи. Экөөңдү ырыс каптап, бакыт бассын. *(Чоор тартат. Эл кубанат.)*

Алыбай *(сахнанын артынан көрүнө калып)*. Көрөрбүз аны.

Ысмайыл *(экинчи жактан көрүнүп)*. Сактан, мерген! Ант урсун! Сенин ажалың менден.

## БЕШИНЧИ СҮРӨТ

## СЫЙКЫРЧЫНЫН ТУЗАГЫ

Сыйкырчы Ысмайылдын караңгы үңкүрү. Такты сыяктуу курулган текчеде Ысмайыл олтурат. Анын асты жагында эң чоң чаян жана музообаш жан аябай кармашып жатат. Сыйкырчынын эрмеги ошол.

Ысмайыл *(күлүп)*. Кармаш! Кармашкыла! Бириңди бириң түк аяба! Чайнабай жут... Менин эрмегим силер... Сонун... эң эле сонун. Бириңди бириң куруткула, чайнагыла.. Өмүр бою кармашып өткүлө.

*(Мастен катуу ышкырып аларды ажыратып жиберет. Анан үңкүргө кирип, Ысмайылдын алдына жүгүнөт.)*

Мастан. Улугум, сени карай энтигип, элеңдеп, тердептепчип ачуулу Көзөт хан келатат. Издегени сен, төрөм. Анын артында Алыбай.

Ысмайыл. Болуптур. Алар келсе дегенде эки көзүм төрт. Кожожашты өлтүргүдөй күч издеп жүрүшөт. *(Күлүп.)* Аларга жардам кылам. Мендеги сырды эч ким билбесин. *(Кесе-*

*деги суuга дем салып, үйлөгөндө кеседен түтүн чыгат. Сыйкырчы өйдө туруп, узун сакалдуу картаң чал болуп калат.)* Чакыр Көзөт ханды. Мен аны күтүп олтурганымды айт. Алыбайды алып кел. Бар эми. *(Мастан кетет.)* Олтургула ордуңарга, куруган курттар. *(Чаян менен музообаш тактынын эки жагынан орун алып, олтуруп калат.)* Зулайка сулуу эми меники болот. *(Мастан Көзөт ханды ээрчитип кирет. Хандын башы капталуу.)*

Мастан. Сен улуктун улугун.. көрсөм дедиң го. Ал алдыңда турат. *(Көзөт хан жүгүнөт.)*

Ысмайыл. Ачкыла бетин! *(Чаян менен музообаш хандын бетин ачат. Хан коркуп калтырай баштайт. Анан эсине келип, Ысмайылга ийилип салам берет.)*

Көзөт хан. Айга алы жеткен, күнгө колу жеткен, караңгы түндү кармай билген, чагылганды баш ийдирген, сенсиңби?

Ысмайыл. Сүйлөй бер.

Көзөт хан. Мен сага...

Ысмайыл. Кожожашты өлтүр деп келдиң.

Көзөт хан. Билдиң. Алып келгеним...

Ысмайыл. Жетерлик алтын, азыраак күмүш...

Көзөт хан. Мен...

Ысмайыл. Дагы алып келесиң. Бирок Кожожашты өзүң өлтүрбө, Көзөт хан. Сенин артыңдан кирген киши Кожожашты биротоло жайлап, Зулайка сулуу сеники болот.

Көзөт хан. Ал ким?

Ысмайыл. Азыр билесиң. Жашың мында, *(илинип турган килем түшүп кетип, ханга оролуп калат. Аны четке жаткызып коюшат.)* Тынч жат шек алдырба.

Мастан *(сырттан)*. Бери кел, Алыбай, мырза, тез кел мында! *(Башына кап кийгизилген Алыбайды ээрчитип мастан кирет. Аны сыйкырчынын жанына коюп, өзү кайра чыгып кетет.)*

Алыбай. Капты алайынбы? *(Чаян менен музообаш капты алып ыргытат. Бай коркуп жерге жыгылат.)*

Ысмайыл. Тур ордуңан! Эмне айтмакчысың.

Алыбай. Мен...

Ысмайыл. Кожожашты өлтүрсө дейсиң.

Алыбай. Зулайка...

Ысмайыл. Сеники болсо...

Алыбай. Билдиң баарын. Мен алып келдим.

Ысмайыл. Көп күмүш, азырак алтын. Дагы алып келесиң. Эми угуп тургун.

Ысмайыл. Сен өзүң өлтүрбөсөң тирүү калат. Сени мен заардуу жыланга айлантам. Алыбай Кожожашты көөмп жат-

кан кезде чагып өлтүр. Ошондо өз оюң ордуңан чыгат. Макулбу, хан?

Көзөт хан. Мен убактылуу гана жылан болом го?

Ысмайыл. Бүгүнкү күүгүмгө чейин... Сендеги заар бир гана жарайт.

Көзөт хан. Макул! Макул! Зулайка сулууну күң кылыш үчүн баарына макул.

Ысмайыл. Жыландын терисин каптагыла. *(Чаян менен музообаш ханга жыландын терисин каптайт. Ысмайыл кеседеги сууга дем салып чачат. Хан жылан болуп ышкыра баштайт.)*

Жылан. Зулайка сулуу меники болот.

Ысмайыл. Тез жет! *(Жылан соймоңдоп чыгып кетет. Ысмайыл ага кубангандан каткырып күлөт)* Бириңди бириң өлтүр. Кимиң тирүү калсаң аны өзүм өлтүрөм. Акыры Зулайка сулуу меники болот.

Көшөгө

## АЛТЫНЧЫ СҮРӨТ

## ДАГЫ ТУЗАК

Бийик аскаларды аралап өткөн кийик жүрчү ичке жол. Ал жол менен акырын гана басып, Ак аркар келет, бул өзү кадимки аркар эмес — Алыбай. Сыйкырчы айткан терең орду этияттык менен жакшылап байкап кайра кетет да, көзгө көрүнбөй калат. Бирок музыканын үнү мурдакы Ак аркарга арналган сыяктуу эмес, коркунучтуу жана эки күчтүн күрөшүн элестеткен музыка. Бир аз тым-тырстан кийин таштардын арасынан кара жылан чыгат. Ал чыныгы жылан эмес — Көзөт хан. Орду жакшылап байкап катуу ышкырат да жашынып калат. Ылдый жактан Ак аркар чыгып, арт жагындагы Кожожашты улам карай берет.

Ак аркар. Жүрө бер, Кожожаш, жүрө бер! *(Ичке жол менен өйдө карай жөнөйт.)*

Кожожаш. Мени кайда алпарасың, касиеттүү аркар? Сен айткан бакытты мен таптым. Зулайка күтүп олтурат мени. Токтогун эми.

Ак аркар. Жок. Эгер сага тапкан бакыт керек болсо ээрчий бер мени. *(Ордон аттап өтөт.)*

Кожожаш. Мен сенин көлөкөң болдум Аркар. Сени ээрчип кайда бараарымды билбей калдым. *(Кожожаш секирем деп орго түшөт. Аркар ошол замат кайра кайрылып орду карап калат.)*

Аркар. Асты жагың айдай таш, мерген,
Айлыңды көрбө, Кожожаш мерген.

Үстү жагың үйдөй таш, мерген
Үйүңдү көрбө, Кожожаш мерген.
Адырдан алып шоруңду, мерген
Алты казан кайнаттың, мерген.
Адырда жүргөн кайыпты, мерген
Аткылап көзүн жайнаттың, мерген.
Атпагын десем не айттың, мерген?
Тарсылдатып көп аттың, мерген.
Тагдырың ушул — айлаң жок, мерген.
Таш жамынып тынч жаткын, мерген.

*(Жылан «Аркарды» чагат. «Аркар» жыланды буту менен тепсеп, өлтүрөт. Анан заарга чыдабай өзү жыгылат. Кожожаш үстү жакта эмне болуп жатканын көрбөйт.)*

Кожожаш. Эмне үчүн, Аркар? Ак аркар, бул эмнең сенин? Мени неге өлтүрөсүң? Сага жамандык эмес, жакшылык кылгам. Убадаң ушундайбы сенин... Зулайка! Сен кайдасың? Аркарга эч ишенбе. Ак териге оронгон азезил бул. *(Алды жактан анык Аркар көрүнөт. Анын соңунан аркан көтөрүп Зулайка келет.)*

Ак аркар *(орду эңкейип карап)*. Кожожаш, ачууланба, мага. Сен алдатып койдуң. Зулайка...

Кожожаш. Жок, сен алдамакчысың, анын атын да атаба.

Ак аркар. Зулайка келатат мында.

Кожожаш. Чурка, чурка Зулайка

*(Зулайка келип орго аркан таштайт.)*

Зулайка. Кожожаш! Сүйөрүм менин... Карма арканды! Сыртка чык. Колу-бутуң соодур сенин...

Кожожаш. Ким бар жанында?

Зулайка. Сенин досуң Ак аркар бар. *(Зулайка аркандын экинчи учун ташка байлайт. Кожожаш сыртка чыгып, Зулайканы кучактайт.)*

Кожожаш. Зулайка!

Зулайка. Кожожаш!

Кожожаш. *(Өлүп калган аркар жана жыланды көрүп.)* Булар эмне?

Зулайка. Алыбай менен Көзөт хан. Булар сыйкырчылык аркылуу сени өлтүрмөкчү болушкан. Акыры өздөрү өлүшүптүр.

Кожожаш *(Аркардын алдына түшүп)*. Кечирип кой мени, аркар!

Зулайка. Оңой иш эмес бу... *(Аркарды кучактап)*. Ачууланба, досум.

Аркар. Мен Кожожашты бакытка жеткирем дегем.

Зулайка. Бакытка жеттик биз.



5—2358

Аркар. Бирок Ысмайыл сыйкырчы тирүү турса биздин бактыбыз балээге айланат. Анын да ажалы жетер деймі. Өч алалы андан. Силер четте тургула. *(Зулайка менен Кожожаш четке кетет. Ордун ичинен дагы бир жылан көрүнөт.)* Бери чык, жылан. Аркардын үнүн уктуңбу, сен? Бери чык деймі!..

*(Мурдакы өлгөн жыланга опокшош кара жылан чыгып келип аркардын айтканын тыңшап калат.)* Жылан, сен, сыйкырчы Ысмайылга жетип, аны чагып өлтүр. Ажалы сенден анын. Жөнөгүн тез! *(Жылан соймоңдоп чыгып кетет.)* Ажалы жыландан экенин сыйкырчы жакшы билет. Бирок муну өз күчү менен жыланга айландырган коркок Көзөт хан ойлоп сактык кылбайт. Жүргүлө! Артыман калбагыла, достор.

Кожожаш. Сен кайда барсаң, биз ошондо барабыз, аркар.

*(Кетишет)*

Көшөгө

## ЖЕТИНЧИ СҮРӨТ

## ӨЧ АЛУУ

Сыйкырчынын үңкүрү. Ысмайыл өзү тактыда, анын эки жагында чаян жана музообаш, эшик алдында мастан кемпир бар.

Ысмайыл. Эч ким келген жокпу, мастан?

Мастан. Көрүнбөйт эч ким, төрөм.

Ысмайыл. Күтө берип жүрөгүм жарылат окшойт. Мен тарткан тузакка түшпөй койбос. Экөө бирин-бири өлтүрөр деймі. Мерген кантет?

Мастан. Орго түшөт.

Ысмайыл. Алыбайчы?

Мастан. Жылан чагып өлтүрөт.

Ысмайыл. А жылан?

Мастан. Алыбайдын туягына өлөт.

Ысмайыл. Жылан чагар замат, балким качып кетер.

Мастан. Анда өмүр бою колдогу жылан болуп жүрө берет.

Ысмайыл. А Зулайка кантет?

Мастан. Зулайка сенин күңүң болот.

Ысмайыл. Менин душмандарым бирин бири кандайча өлтүрүп жаткандыгын өзүм да карап турсам кандай сонун. Бирок ор бар жерде жылан да бар. Менин ажалым эмнеден? Билесиң го, сен, Менин *(Тым тырс.)* Эч ким көрүнбөйбү?

Мастан. *(жолду карап).* Таштардын арасынан жылан көрүндү.

Ысмайыл. Ал Көзөт хан. Жеңген экен.

Мастан. Келди жылан — хан. Босогоңдун алдында турат.

Ысмайыл. Жибер бери. *(Жылан соймоңдоп кирет. Ошол замат ороло калып, башын көтөрүп, сыйкырчыдан көзүн албайт.)* Амансыңбы хан Көзөт. Шаттык жана бакыт жөнүндө кабар берип келгендирсиң. Ырас болуптур. Азаматсың, шамдагай экенсиң. Өлдүбү мерген? Алыбайды чаккандырсың? Сүйлө тезирек. Угулбайт сөзүң. *(Жылан жакындайт.)* Угулбайт... *(Жылан жакын барып сыйкырчыны чагат.)* Өлдүм! Жүгүр мастан. *(Мастан жүгүрүп келсе, жылан чаккан сыйкырчы катып калган. Сыйкырчы темтеңдеп барып жыгылат. Жылан такка чыгып, аны карап турат. Сыйкырчы денесин түзөп өйдө көтөрүп, мастан музообаш жана чаян менен бирге жерге житип кетишет. Жылан чыгып кетет.)*

1-Чал. Кечирип кой, Азиз, айып менде.

2-Чал. Жок, сен кечиргин, Асан. Менде айып.

1-Чал. Сени бекер кордопмун.

2-чал. Сыйкырчыга сыйынып экөөбүз тең азап тарттык. Эми дос бололу.

1-Чал. Дос бололу. Жүр. Эртерээк элге жетели. Үйжайды көрөлү.

2-Чал. Жүр кеттик. *(Кетишет. Угулган музыкада аркардын күүсү жеңет. Үңкүргө Ак аркар, анын артынан жетелешкен Кожожаш менен Зулайка кирет.)*

Аркар. Иш бүтүптүр. Сыйкырчы жоголгон экен. Мындагы сырды айтайын бул үңкүр ырыстуу үңкүр. Сыйкырчысы мунун элден жашырып, дайыма өзү ээлеп келген. Байлык көп мында. Алтын, күмүш, жакут, каухар эң эле көп. Булардын баарын ээлеген киши кантип бай болбойт.

Кожожаш. Ракмат, аркар! Зулайка экөөбүз үчүн байлыктын кереги жок. Аны өзүң да билесиң. Үңкүр караңгы экен. Өзүбүздүн жарык үйгө баралы. Руксатпы, досум?

Аркар. Сен эмне десең мен макулмун, мерген. Сенин бактың үчүн жардам кылам деп убада бергем. Бирок мен бакытты көрсөтүп гана бердим аянбастан аракет кылып бакытты тапкан өзүң болдуң. Абийирден эч качан ажыраган жоксуң. Эр жүрөк азамат экенсиң. Азыр мен сени мурдакыдан да артык көрүп турам. Эми коштошордо сага берчү дагы бир белегим бар.

Кожожаш. Сен өтө ырайымдуусуң, аркар.

Аркар. Байлык керек болсо дагы өзүң тап. Бирок бай-

лыкты табыш үчүн, үч пикир, үч максат, үч жүрөк бир болуп кошулушу керек.

Кожожаш. Үчүнчүбүз ким болот?

Аркар. Унутуп койдуңарбы? Ал азыр келет. Кел деп айткам. Күтүп тургула. Келгенден кийин үчөөң биригип, мындай дегиле: Ырыс алды — ынтымак. Ынтымакта жыргал тап. Болду башка сөз жок. Кошкула. Карыздан кутулдум мен. Колумдан келгени ушул. Эми силерге керегим да жок.

Кожожаш. Токто, аркар! Эгер сен адам болсоң өзүмдүн энем дейт элем.

Аркар. Рахмат, адам. Мен сага баш ийген жанмын. *(Зулайка аркарды кучактап өбөт.)*

Зулайка. Ракмат, Аркар! Ыраазымын.

Аркар. Кош, Зулайка! Ырыстуу бол. Кошкула. *(Акырын басып чыгып кетет. Кожожаш менен Зулайка кучакташып туруп калат. Үстү башы тытылган, адам сөлөкөтүнөн биротоло ажыраган Карыпбай кирет.)*

Зулайка. *(атасын кучактап)*. Ата!

Кожожаш. Ата!

Карыпбай. Кечирип койгула, балдар. Айыбым зор менин. Сени аябай кордогом, мерген. Кызымдан кечтим дегем. Акыры Көзөт хан менен Алыбай мал-мүлкүмдүн бирин койбой талап алды. Эми мен кадимки Карыпбай эмес кайырчы, тилемчимин. Силерден башка мени аяр эч адам жок.

Кожожаш. Өткөн ишти унутуңуз, ата. Өмүр бою сыйлайбыз сизди.

Зулайка. Кызы атасы үчүн жан аябайт.

Карыпбай. Ракмат, балдарым.

Кожожаш. Биз эми үчөө болдук. Бергиле колуңарды. Үчөөбүздүн жүрөгүбүз, үчөөбүздүн тилегибиз бир гана болсун. Мен эмне десем ошону айткыла. Ырыс алды — ынтымак!

Карыпбай. Ырыс алды — ынтымак!

Зулайка. Ырыс алды — ынтымак!

Кожожаш. Ынтымакта жыргал тап

Карыпбай.

Зулайка. Ынтымакта жыргал тап.

*(Үңкүр жоголот. Анын ордуна жасалгалуу аппак боз үй орнотулат. Кожожаштын энеси коломтодо эт бышырып олтурат.)*

Кожожаш. Апа! Үй биздики го!

Зулайка. Үйгө келип калдыкпы, апа?

Энеси. Келдиңер, балдарым. Ырысыбыз чоң экен биздин.

Чарчагандырсыңар. Бүгүн эмне алып келдиң, уулум.

Кожожаш. Түгөнгүс байлыкты. Байлыктын баарын алып келдим, апа. Аркардын айтканы ушул экен. Туулган жер, достук, сүйүү, үй-жай, эң чоң ырыс ушул.

Карыпбай. Уялып өлгөнү турам, балдарым, ушундай ырысты качырып жибере жаздадым.

*(Килемдин үстүнөн орун алып олтурушат.)*

Кожожаш. Ай...Аркар да болсочу. *(Керегедеги түш кийиз башка бир түш кийиз болуп көрүнөт. Бардыгы карап калат.)*

Аркар. Мен мында, Кожожаш. Уруксат эткиле, эми бул жомокту бүтүрөйүн.

Көшөгө

*Т. АБДУМОМУНОВ*

# ҚАРАГУЛ БОТОМ

*(Эки көшөгөлүү драма)*

ҚАТЫШУУЧУЛАР

Қарагул.
Қарыпбай.
Сырга.
Ак жолтой
Булардан тышкары, ар кыл айбанаттар катышат.
Драма уламыштын негизинде жазылды.
Ырлар акын А. Айталиевдин «Қарагул ботом» поэмасынан алынды.

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

### БИРИНЧИ СҮРӨТ

Түн. Асман мелжиген зоока. Анын жалама боорунда эки эчки бир улак жуушап, миздүү урчукта Шаа мүйүз кароолдо турат. Ай нурунан айлана сүттөй. Алыстан эчки маарайт.

Биринчи эчки. Улагынан айрылган шордуу окшобойбу, тыңшасаң!.. Ай, армандуу дүйнө, ай, ыйлаганын угуп, эмчегим сыздап кетпедиби!.. Қараанындан айланайын кичинекей алтыным, сүткө тоюп алып, оюн салып турган жеринен карышкырга жулдуруп ийбедимби, мен бейбак!..

Экинчи эчки. Қайрат кыл, жеңе, алган кудай дале болсо берээр. Ыйлабачы!

Биринчи эчки. Қантейин, жыл сайын көз жарам, жыл сайын ушу... Эч болбосо бирөөсүнүн боосун бек кылса го!..

Экинчи эчки. Карышкырдын жүзү курусун, бул дүйнөдө андан ашкан ташбоор жок окшобойбу!..

*(Сынык мүйүз эчки кирет.)*

Сынык мүйүз эчки. Силер билбей сүйлөп жатасыңар, абысындар, бул дүйнөдө адамдан таш боор эчтеме жок!..

Шаа мүйүз. Менин үйүрүмдө сендей үндүүдөн жок эле, кайдан келип калдың? Эмне көздөгөнүң бар, айтчы?!.

Сынык мүйүз эчки. Ачууланба, баатырым. Менин деле сага окшош баатырым болгон, беркилердей абысындарым менен артыңдан ээрчиген балдарым болгон. Эми ошолордун баарынан айрылып... Качкыла бул жерден!.. Адам келатат! Мылтыкчан адам!.. Качкыла дейм!..

Биринчи эчки. Мына кызык, адамдан эмне качмак элек?.. Биздин душманыбыз адам эмес... Карышкыр!..

Шаа мүйүз. Байбиче туура айтат, биздин жообуз карышкыр! Көп-көп дөөрүбөгүн, болбосо бар го...

Экинчи эчки. Токточу, баатырым *(сынык мүйүз эчкиге кайрылып.)* Биринчи жолу угуп отурабыз, эжекебай. Мылтык дегениң эмне, айтчы?..

Сынык мүйүз эчки. Мылтыктын жүзү курусун синдим. Оозунан жалын бүркүлгөндө айлана жаңырып, коргоолдой коргошун көзгө илешпей келип, мээлегенин жалп эткизет. Андан жердеги кайберен тургай, асмандагы куш да кутула албай калды!

Экинчи эчки. Ой, жараткан, ай-йа!

Сынык мүйүз эчки. Аны ойлоп тапкандан бери адамдын кубанычы койнуна батпай, биздин күнүбүз каран боло баштады...

Шаа мүйүз. Ой, курган Сынык мүйүз! Кайдагы жокту сүйлөп, дүрбөлөң түшүрүп... Жедеп карылыкка алдырып, айнып калган окшобойсуңбу!

Сынык мүйүз эчки. Баатырым!..

Шаа мүйүз. *(Каардуу.)* Тек!.. Билип койгун, биздин карышкырдан башка жообуз жок!

Улак. *(Шыбырап.)* Апакебай, адам деген кандай болот, көрсөтүп койсоң мага?

Экинчи эчки. Адам дегенди биз билбейбиз, уулум. Көргөн эмеспиз.

Улак. Мылтык дегенчи?

Экинчи эчки. Аны да билбейбиз *(Сынык мүйүз эчкиге.)* Эжекебай!

Сынык мүйүз эчки. Эмне дейсиң, синдим?

Экинчи эчки. Уккан кулакта жазык жок, адамды боорукер, күйүмдүү дешет ко... Ошол ырас болду бекен, же!..

Биринчи эчки. Ырас эмегенде анан. Ал карышкырга гана өч имиш... Аны көргөн жерден соо койбойт дейт...

Сынык мүйүз эчки. О, шоруң каткан маңыроолорум... карышкыр дейт тура...Алар өздөрүн да аяшпайт!.. Адам дегениң ташбоор!.. Мыкаачы!..

Шаа мүйүз. Болду, көп-көп аңшаңдабай! Токтот ушагыңды!.. Биз, кайберен тукуму ак ниет болобуз. Өзүбүз көрбөгөнгө ушак айтып, жалаа жаппайбыз...

Сынык мүйүз эчки. Ачууланба, баатырым. Мен көргөнүмдү айтып жатам.

Шаа мүйүз. Сенин көргөнүң эсеп эмес. Биз ар кимибиз өз көзүбүз менен көрмөйүнчө эч кимге ишенбейбиз. Ушунча жашка келип, ошону билчү эмес белең?!.

Биринчи эчки. Чынын айтсак үмүтүбүз адамда гана калды... Ошол келип карышкырдын тукумун соолтпосо...

Шаа мүйүз. Токточу!.. Мурдума жыт келгенсийт. Бул эмне болгон балакет жыт, я?!.

Биринчи эчки. Ата, кеч, э-эй, ырас эле...

Экинчи эчки. Мага да келди!.. Соо жыт эмес!..

Сынык мүйүз эчки. Айланайын баатырым, айтпадым беле, бул адамдын жыты!.. Адам келип калган тура!.. Качкыла батыраак!.. Адам!.. Адам!.. Адам!.. *(Үзүлө кыйкырып качат. Ага удаа мылтык үнү жаңырат. Жарык өчөт. Эчкинин аянычтуу маараганына кошулуп, комуздун кылдары кайгылуу муңканат. Анын фонунда Карыпбайдын үнү. Тереңине көз жетпеген кууш капчыгайдын түпкүрүндөгү ээндиктен чыккансып, ал алда кайдан күңгүрөнүп жаңырыкталат, жүрөктү күйгүзүп, жүлүндү сыздатат.)*

Карыпбайдын үнү.

...Улагы башын саларда,
Мактанып жаздым кетирбей,
Жара атып телки желинин
Агызып сүтүн жегемин, ботом.
Жылмайып карап турчу элем,
Жыгылган чаарчык өлүгүн, ботом.
Ойлобопмун убал деп,
Тоо көркү кийик өлүмүн, ботом...

*(Айланпа тегеренип, экинчи сүрөттүн жасалгасы көрүнөт.)*

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

Капчыгай. Анын жалама боорундагы куураган арчанын бутактары ийри-муйруланып, тээ түпкүрдөн күңгүрөнгөн добуш угулат. Кыя жол менен аяр басып Карыпбай келатат, ымыркайын койнуна катып, уюн жетелеп алган. Ийнинде бараңы, уйдун артында Сырга.

Жонунда бир аз эмереги бар. Айланадагы кара күүгүмдөн алардын сөлөкөттөрү гана көрүнөт.

Карыпбай. Айдап кой уйду. *(Сырга унчукпайт. Карыпбай туталанып.)* Ой, Сырга!.. Эмне жалдырайсың, айдабайсыңбы уйду...

Сырга. Тыңшасаң, абышка!.. Эчки маарап жатат. Бул эмнеси, я?!.

Карыпбай. Эмне болмок эле... Эчки жөн эле маарай берет...

Сырга. Ай, ким билет!.. Жөн эле эмеско!..

Карыпбай. Э, болдучу, э!.. Жөн эле эмгенде эмне... Айдап кой уйду... Абайлап бас, кыя жолдо жаман, кылт этсең эле, аллоакбар, бүттү дей бер... Көзүңдү кара деймин!..

Сырга. Э, абышка!

Карыпбай. И, эмне? Кайра-кайра эле абышкалап... Сагынып кеттиңби?!.

Сырга. Айланайын кудай, уй жыгылды!

Карыпбай. Кожом колдо!.. Кожом колдо!.. Кыйкырба!.. Тим кой, бир аз жата турсун... Тыныксын!.. Мен сүйлөп турам. Ме, баланы койнуңа кат!.. Тобо келтир!

Сырга. *(Баланы алып.)* Тобоң менен да куруп кет, ай!

Карыпбай. Сырга!

Сырга. Эмне?!.

Карыпбай. Тобо келтир деймин!

Сырга. Сүйлөбөчү кешиги жок!.. Бизди ажалдан сактаймын деп, көрүнөө ажалга айдап келаткан бейимсиң, шорубуз катып...

Карыпбай. Таш оозуңа!.. Мен жыргаганымдан азап чегип келатканым жок. Сүйлөнбө!.. Тунум менен чолпондой болгон кызалагымды улуу тумоо соруп кетти. Ал экөөнүн жараты бүтөйүн дегенде Эрегулум жоо сайышта өлүп, Жорогулум туткунда жоголду!.. Карылык бир жагынан басса, балдарымдын күйүтү өзөгүмдү өрттөп, өлөйүн деп турганымда, кудайым шыбаа кылып алдагы чычкандай болгон Карагулумду жыттооч кылып берди!.. Эми жаңы эле тирилип келатканымда, төмөндөгөн жоо кайрадан кол салып, карыларды сабап, жаштарды туткундап, эмчектеги наристелерди найза учуна алып жатат дешип... Анын үстүнө өзөк жалгаар эчтеме жок, эл алдын ак шишик басып... Сен эмне, карганда көргөн медеримди найзага учуп, же ачтан өлсө дейсиңби, я?!. Мен жедеп аргам түгөнгөндөн жер ооп келетам, билдиңби!... Унчукпа, кургурдун кемпири! Унчукпа деймин!..

Сырга. *(акырын)*. Унчукпай эле турбаймынбы, эми эмне кыл дейсиң?!.

Карыпбай. Сүйлөп коёт дагы!.. (Уйду сүйөп.) Бир аз тыныксаң, тура кой, жаныбарым, тура кой... Бери келбе дейм, Сырга!.. Баланы кара!.. Канакей жаныбарым... Оп, бисмилля!.. И, и дагы, дагы... дагы азыраак... А, кудай аксарбашылың!.. И, и ошентип аярлап бас, жаныбарым... келе эми, баланы мага бер... Этегимден карма, төмөн караба!

*(Тоо аркасынан ай көтөрүлүп, айлана уузданат. Карышкырлардын улуп-уңшуганы угулат.)*

Сырга. Абышка, корком!

Карыпбай. Аа, жаны жок кургурум, булардын үнүнөн коркпо. Булар даабайт. Дүйнөдө адамдын үнү жаман. Чоочун адамдын үнүн уксаң, ошондон корккун!.. Кана эмесе, маңалы.

Сырга. Абышка!

Карыпбай. Эмне?

Сырга. Чач учтугум жок, мына бу эле жерге түшкөндөй болду, ыраматылык апамдан калган таберик эле, карап келейинчи...

Карыпбай. Эненин таберегин жоготкон болбойт, бар, барагой, байбиче.

*(Сырга чыгат. Карыпбай жанындагы ташка көчүк басат. Ай көөдөй булуттун колтугуна кирип, айлана ымырыкталат.)*

Карыпбай *(уулун карап)*. О, мурдуңду урайын жаман десе, тигини, тигини, деле каадалуу кишиден бетер чиренимиш болуп... О, жараткан, бардыгына ыраазымын, ушунумдун чымындай жанын аман койсоң болду!... *(Ошол учурда коюу караңгылыктан* «Ой, Карыпбай!» *деген үн угулат.)* Бул ким мени чакырган?!.
Капырай-йа, адамдын үнүнө окшобойт ко... Ой, сен ким?!

*(Сынык мүйүз эчки кирет. Караңгыда анын сөлөкөтү гана элес-булас көзгө илинет.)*

Сынык мүйүз эчки. Бул менмин, Карыпбай. Сынык мүйүз эчкимин. Ме-е-е...

Карыпбай. Бир да кайберен даап келе алчу эмес эле? Ажал айдап келген го дейм сени...

Сынык мүйүз эчки. Жок, Карыпбай. Мени арман айдап келди! Азап айдап келди!...

Карыпбай. Эй, макулук!.. Муну көрчү, ой... Арман деп... Азап деп... Арман, азапты сага бирөө байлап коюптурбу я?!..

Сынык мүйүз эчки. Карыпбай!.. Менин урук-тууганым менен балдарымдын бирин калтырбай кырдың. Коколой гана башым калды. Зар ыйлап сурайм, тилимди ал, кайра кайт. Каразоого барба.

Карыпбай. Мына бул каргашанын сүйлөп турганын көрчү, ой!.. Мени эски конушума кайтарып, ач көз жоонун черүүлөрүнө жем кылгың же ачтан өлтүргүң бар экен го, ээ!

Сынык мүйүз эчки. О, жок, анткендей мен эмне кутуруп кетипминби?.. Айтайын дегеним башка. Сен эски конушундагы кайберендерди тыйпыл кылып түгөттүң. Эми аның аз келгенсип, Каразоонун кайберендерин тукум курут кылсаң жакшы болобу, ойлоп бакчы өзүң?!..

Карыпбай. Эй, макулук!.. Айтчы, сен чөп жебей күн көрө аласыңбы, я?.. Жок!.. Чөп жебесең өлүп каласың. Эмесе мен да ошондоймун. Силер, кайберендер менин чөбүмсүңөр. Мен силерди жеп оокат кылам. Антбесем, невак эле өлүп калбайт белем ачтан...

Сынык мүйүз эчки. Карыпбай! Кудай тилегиңди бергир... Сөзгө келчи...

Карыпбай. Болду!.. Эмне айтарыңды ансыз да билип турам. Дале болсо айыпты менден тапкың бар, ээ?.. Андай болсо кана, айтчы, Кудай таалам жаратканда, силердин шыбагаңарга чөптү, биздин шыбагабызга силерди жаратып койсо эмне кыл дейсиң, я?!. Мен да сага окшоп күн көрүүм керек, билдиңби?!.

Сынык мүйүз эчки. Антбегин, Карыпбай. Сен адамсың. Амалың көп. Кааласаң болду, күн көрүүнүн башка жолун бат эле таап аласың. Тилимди ал. Каразоонун кайберендерине тийбе. Кайра кайт!

Карыпбай. Момуну көрчү, ой!.. Менин тукумумду үзүп, өзүңдүн тукумуңду сактап калгың бар экен го, ээ?.. Сени жайлабасамбы, карасанатай...

Сынык мүйүз эчки. Карыпбай!.. Жакшылык менен айтып жатам...

Карыпбай. Урдум сенин жакшылыгыңды, жоголгун дейм!.. Азыр мойсойм, кусур урсун!..

Сынык мүйүз эчки. Болуптур, андай болсо...

Карыпбай. Акетай, э — эй, карасаңар, ой! Коркуткусу бар... Мени коркутканда, колуңдан эмне келет, я, айтчы?!.

Сынык мүйүз эчки. Менин колумдан эмне келмек эле, Карыпбай...

Карыпбай. Андай болсо эмне турасың, бая эле жогол дебедим беле...

Сынык мүйүз эчки. Жоголор алдында айтарым бар. Угуп калгын!

Карыпбай. Болуптур. Айтаарың болсо айтып, тезинен неткин!.. Бол!..

Сынык мүйүз эчки. Менин карыганда көргөн жалгызымды кечээ жакында эле атып өлтүрүп, мен шордуунун

эмчегин зыркыратып, сайсөөгүмдү сыздаткан элең, Карыпбай мерген. Мен азыр боздоп жүрөм. Эми сен да карыганда көргөн жалгызыңдан айрылып, мага окшоп боздоп калгын!

Карыпбай. Оозуңа таш, каргаша!...Оозуңа таш!.. Жогол көзүмө көрүнбөй!.. Э, Сырга!.. Сырга!.. Сырга — а!..

*(Сынык мүйүз эчки көздөн кайым болот. Сырга жүгүрүп кирет)*

Сырга. Эмне болду?! Тынччылыкпы деги?.. Кудай, ай!.. *(Пауза)* Абышка дейм!..

Карыпбай. Уйду айда! Бат, бат айда!.. Бол дейм!.. Айда!..

Сырга. Өш, жаныбарым! Чү!..

## ҮЧҮНЧҮ СҮРӨТ

Түн. Алыскы арсак тиш мөңгүлөргө ай нуру себеленип, үргүлөп бараткандай момурайт. Андан бери Каразоо, анын аска-шагылдуу жалама боорунун этек жагында түрдүү түстөгү оржук-боржук чаптар. Көк жашыл түзөндө алачык. Карыпбай ага чөп жаап, таш кемегеде Сырга тамак бышырып жатат.

Карыпбай. *(Алачыктын тияк-биягын оңдоп.)* Буюрса, бүттүм окшойт. Ичи да дурус болду. Эми бисмилля деп жаман чүрпөбүздү апкир. Босого аттасын *(тоолорго таасим этип.)* О, касиетиңден айланайын тоолорум!.. Ыйыктарым!.. Кайберени койдой жайылган жер киндиги, Каразоокам!.. Карыганда көргөн жалгызыбызды койнуна бек катып, ар кандай балээден сактай көр!

Сырга. *(баланы колуна алат. Тоолорго жүгүнүп).* Сактай көр!.. Сактай көр!.. Сактай көр!.. Э, абышка!.. Босогого май сүрт, ичине чычала алып кир. Коломтосунан от өчпөгөн, казанынан эт-май үзүлбөгөн берекелүү конуш болсун!.. Бисмилля ыракман ирахим. Атасы көтөргөн алачыкка уулу кирди. Жөн кирген жок. Өзү менен кошо ырыс ала кирди, кубаныч ала кирди!..

Карыпбай. *(Сырганын соңунан чычала ала кирип.)* Ырыс ала кирди, кубаныч ала кирди!.. Оомийин!..

Сырганын үнү. Биерге жаткызалы, курсагы ток, дердейип уктай берсин!.. Алдагы бапсайган сакалың менен ойготосуң, болду эми, атасы... *(Карыпбай менен Сырга сыртка чыгышат.)*

Карыпбай. Кайда бараткыныбызды эч бир жан көрбөсүн деп, күндүзү үңкүргө же токойго жашынып түн баласы менен жүрүп отуруп, акыры мына... Өзүбүз эңсеген Каразоого аман-эсен жеттик, кудай буюрса *(теребелге көз чаптырып).* Кулак-мурунду кескендей... Жарыктык Каразоонун тынч-

тыгы, ай-иа!.. Карачы, жылдыздар да төгүлүп сени ала качканымда ушу азыркыдай ууз түн болуп турбады беле, эсиндедир, ээ, байбиче?.. *(Кемеге жанындагы Сырганын маңдайына барып сыңар тизелейт. Сырга унчукпайт. Карыпбай сөзүн улайт.)* И, эсиңде эмей анан... Түн оой ашуунун түбүндөгү жалгыз карагайга барбадыкпы... Ал кезде сен Сырга сулуу деген атка конуп... Белиң ип-ичке, дене боюң балапан ышкындай солкулдап... Мен да кармаган жеримден кан чыгарган карылуу, келишкен жигит эмес белем!.. Сен менин жылаңач боорума кирип, жаш баладан бетер бат эле момурап уктап кеттиң!.. Башканы унутсам унутаармын, ал түндү унутпай калайын... Ошондо сенин бир жак бетиңе ай тийип турган эле. Мен ошол ай тийген бетиңди тиктеп таң сүргөнчө уктаганым жок!.. Атаганат!.. Жаштык доор да өзүнчө сонун окшобойбу, ээ?.. И, сонун эмей анан!..
Жаман жери өтө эле алыс калды!.. Эмне унчукпайсың, байбиче?.. Үнкатып койсоң боло... Эмне үшкүрүнөсүң?.. Туруп-туруп эле ушинтип... Эмнеге капасың, айтсаң болбойбу деги! *(ордунан туруп.)* Жаман күчүгүң көкүрөгүңдө, чалың жаныңда, үстүңдө алачык, алдыңда аш... Үчөөбүздөн башка айры буттуудан бирөө да жок... Жаныбыз тынч... Кудайдын бергени да... Мындай ырысты кайдан табабыз экөөбүз, ойлосоң боло!... Эмне элеңдейсиң?..

Сырга. Токточу! Эчки маарап жаткансыйбы... Ооба, тыңшасаң, абышка, эчки маарап жатат!..

Карыпбай. И, эчки маараса маарай берсин, ага эмне мынчалык...

Сырга. Аны укканда эмчегим сыздап...

Карыпбай. Эмчегим сыздап?! Эмнеге сыздамак эле?!.

Сырга. Анын үнү ыйлагандай угулуп...

Карыпбай *(күрсүнүп)*. Жөнү бар, байбиче, жөнү бар... О, дүйнө кеткен кулундарыбыз көкүрөгүңө кылт дей түшкөн турбайбы!.. Аларды ойлогонумда сен тургай, ата менин да кабыргам сөгүлүп кетет. Бирок тагдырыбыз ошондой болсо кантмек элек. Өткөнгө өкүнбө, кеткенге кейибе деген эмеспи... Кабагыңды жазчы, Сыргатайым жаратканды ушунусуна да тобо кылып, береки чычкандай болгон жыттообузга кубат тилейли. Бери карасаң. Мен көптөн бери бүгүнкүдөй кубана элек элем... Жүрү, улактын этин экөөлөп чыгарып алып, жадырап-жайнап бир отуралычы... Акы алсаң да бир ооз унчугуп койсоң болбойбу. Айтчы, Сырга, эмне болду сага?!.

Сырга. Билбейм, абышка, өзүмдөн өзүм уялгансып эле жаман болуп жүрөм...

Карыпбай. Эмнеден уяласың?

Сырга. Жан кыйышпас коңшуларыбыз бар эле... бир туугандан да артык... Алардын бирөөнө да айтканыбыз жок. Уурудан бетер түн жамынып качып кеттик. Ойлосоң жаман иш кылып койдук, абышка!

Карыпбай. Жаман иш кылганыбызды билбейт дейсиңби, байбиче. Билип эле турам.

Сырга. Алар көбүнчө сенин колуңду карап, сен атып келген кайберендин эти менен күн көрүшчү эмес беле!..

Карыпбай. Ооба, ошентишчү. Эми анткени менен арга канча... Мен өмүр бою эле аларга жем ташып жүрө албайт экем... Ар кимдин өз оокаты өзүндө дегендей... Аракет кылып күн көрүшөт да...

Сырга. Абышка!.. Алардын ичинде мөгдүрөгөн карылар менен жаш айилмет жесирлер да бар эмес беле... Унутуп калдыңбы ошону?!.

Карыпбай. Унутканым жок. Канткенде унутайын.

Сырга. Алардын багар, көрөрү жалгыз гана сен болчусуң! *(Карыпбай унчукпайт. Сырга сөзүн улайт.)* Өзөргөндөргө өзөк жалгатып жандарында турсак болот эле. Биз антпедик. Өзүбүздү багабыз деп, аларды багуусуз калтырып кетип калдык...

Карыпбай. Катуу кармадым, байбиче. Айткандарыңдын түк да калети жок. Бардыгын мойнума алам. Бирок сен бир нерсени түшүнбөй жатпайсыңбы!

Сырга. Эмнени?

Карыпбай. Мен тээбереки чычкандай болгон жаманыбызды аман-соо чоңойтоюн деп келип отурам бу жерге.

Сырга. Айланайын, Каке!.. Башкалардын деле экөөбүздөй балдары бар го...

Карыпбай. Сырга!..

Сырга. Абышка!.. Бир паска сабыр этчи. Сөз укчу. Жакшылыкта кетсең, мынчалык жер карабайт элем... Биягынан жоо кыстаса, тиягынан тиричилик кыстап... Сен эл башына азап түшкөндө, багар-көрөрүбүз жалгыз ушул деп кыйла жан сенин колуңду карап турган кезде таштап кетип отурбайсыңбы!.. Ойлоп көрчү өзүң... Бул жоругуң адамга да жакпайт, кудайга да жакпайт!

Карыпбай *(жер карап)*. Эми эмне кыл дейсиң деги?!

Сырга. Акылыма көнсөң, бул жерге бир аз өргүп алып, кайрадан элге кайталы...Кубанычы болсо бирге кубанып, азабы болсо бирге тарталы...

Карыпбай. Менин жүрөгүмдүн бүтүн жери жок, балдардын күйүтүнөн калбыр болуп калган, билбейсиңби, ошону, курган кемпир?!.

Сырга. Бул дүйнөдө боору бүтүн ким бар дейсиң!..

Карыпбай. Сырга!.. Жакшылык менен айтам, теңир урсун... Токтот ушунчаңда!

Сырга. Атасы, кудай тилегиңди бергир...

Карыпбай. Болду!.. Ушунча тозоктон кийин тапкан жалгызымды кайрадан ажалга көтөрүп баралбайм... Кетебиз дегенди угузба мага... кеткиң келсе, жолуң ачык, кете бер, уулумду болсо тежемел кылып өзүм эле багып алам. Уй байыса тоо эчкилерди сыйртмактап келип, сүтүн саап багам... кор кылбайм... Жиним келсе, ушу ымыркай бойдон койнума катып, ууга чыга берем... Бүттү!

Сырга. Кудай таалам баланы сактайм десе, ошо жерде деле сактайт, абышка, сактагысы келбесе бул жерден деле алып кетет!..

Карыпбай *(колундагы калтек менен жерди сабап.)*. Тарт тилиңди, желмогуз!.. Желмаян!.. Тарт!.. Тарт!.. *(Кемеге жанындагы чөгүн төгүлүп, от өчөт. Буу атырылат. Карыпбай ордунан туруп, бет алды басат)*. Угузба, мындай сөздү!.. Угузба!.. Угузба!..

*(Карыпбай көрүнбөй калат. Сырга өчкөн оттун жанында телмирип, тилсиз.)*

## ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ

Токойлуу бет. Алыста ак карлуу тоолор. Күн чакырайып, айлана аптаптан талыкшыйт. Шиберлүү ачыкта телки жуушап, эгиз чаарчык жалпак таш үстүндө секирип, куушуп ойнойт. Сүзүшө кетишет. Кайрадан дыр берип, кыткылыктап күлүшөт. Не бир кооз калдыркандар аптаптан кайнаган көгүлтүр асманда канаттарын дилдиретип бийлешет.

Биринчи чаарчык. Менин курсагым ачты. Сеникичи?

Экинчи чаарчык. Меники тим эле ачышып кетти.

Биринчи чаарчык. Жүрү, мамабызды ээмп келип анан ойнолу, ээ?

Экинчи чаарчык.Ошентели. Кана, жүгүрдүк...

*(Чаарчыктар энесинин жанына барышат.)*

Карган телки. Мен бир аз кепшеп алайын, балдарым. Карлыгым жетип, тиштеримдин дүмүрү эле калбадыбы... Тамак оңдуу сиңбей жатат. А силер болсоңор дагы бир аз ойной түшкүлө, макулбу?.. Эмне унчукпайсыңар?.. Курсагыңар ачтыбы?.. Анда мен турайын, эме койгула, берекелерим...

Биринчи чаарчык. Жок, жок, апакебай, сен кепшей бер, биздин курсагыбыз ачкан жок...Ээ?

Экинчи чаарчык. И, биздин курсагыбыз таптакыр ачкан жок. Карабайсыңбы, курсактарыбыз кампайып... тим эле жер шыпырып...

Биринчи чаарчык. Биз сени сагынып кетип, жөн эле жыттап алалы деп келгенбиз, апакебай... Ээ?..

Экинчи чаарчык. Ооба, биз ошенткенбиз..

*(Бекене бадалдарга далдааланып, Карыпбай кирет. Эгиз улак так түйүлүп куушуп ойношот.)*

Карыпбай. Карачы, жарыктыктардын ойногонун, карап эле тургуң келет!.. Тоолорду көркүнө чыгарып... *(Мостое калып.)* Жаман катындан бетер элжиреп кеткенимди көрчү!.. Төмөнтөн бир топ чаарчык аттым эле, эми береки эгиз чаарчыкты жайласам... Уулума элик тон, элик тумак, элик шым кийгизип...Бисмилля ыракман...Токточу!.. Эчкинин улагы менен эликтин чаарчыгын атбай жүрчү деп, байбиче канкакшабады беле?!. *(Ойлоно калып.)* О, курган Сырга. Кайберендер дүйүм чөптүн жаңыдан гана көз жарган балатысын тандап жешет. Эмне, ошондон чөптүн тукуму соолуп калдыбы?.. Жок. Эмесе кайберендер да ошондой. Эчкинин улагы менен эликтин чаарчыгын аткандан алар азайбайт, тукум курут болбойт. *(Мээлеп.)* Бисмилля ыракман ирахим!.. *(Мылтык үнү жаңырат. Секирип ойногон улак жалп этет. Телки качат.)*

Карыпбай. Кудай берип салды!.. Ха, ха, ха... берип салды!.. Бир ок менен экөөнү жайлап... *(Мылтыгын өөп)*. Мылтык деген атыңдан айланайын... Сен жокто...жаанын огу миңдин бирине тийсе тийип, тийбесе жок, кайберендер жакын жуутпай, эсим оогончо түлкү куумай ойнотушуп, маскаралап кетишчү эле, мени тоотуп да коюшпайт эле... Эми болсо мына, береки ак бараң колума тийгенден бери асмандагы куш менен жердеги кайберендерди аркандап койгондой атчу болдум. Ким болсо да муну менин ырысыма ойлоп чыгарган экен. Ал киши менин пайгамбарым! Мен ага өмүр тилейм! *(Мылтыкты өөп.)* Ушундай кыраанды ойлоп тапкан акылмандын аты түбөлүк өчпөсүн! Оомийин! *(Шиберге отура калып.)* Ай, жараткан, аййа!.. Этегинде элиги, төрүндө эчки, теке, аркар, кулжасы, койдой жайылып... Анык бейиштин төрүнө эми келген экем! Жаман Карагулум тумоо — бучкактан тышкары болсо болду... Чаап кетти жок, кырып кетти жок... Курсак ток, көңүл жай... Бардыгы мол!.. *(Ордунан туруп.)* Бул дүйнөдө менден ырыстуу бар болду бекен, айткылачы, каситетиңден айланайын тоолорум!.. Кана, болсо көрсөткүлөчү, ошол ким экен, мен көрөйүн!.. Кана?.. Кана?.. Берекидей жүнү жылтылдаган чаарчыктарды алып барганымда... байбиче алардын терисин сыйрып, жыттоочума кийим тигет... А мен болсом, элик тон кийген Карагулумду тойпойтуп жаныма ээрчитип алып... О, кудуретиңден айланайын жараткан!.. Ыраазымын

сага!.. Мени Каразоого апкелип, ач көз жоо менен өзөк ачкалыктан куткарып, ырыстуу кылдың!.. Мен ырыстуумун!.. Ха, ха, ха...

*(Карыпбай Чаарчыктарды көтөрүп чыгат. Анын күлкүсү тоодон тоого жаңырыкталып алда кайда кетет. Ага кошулуп, телкинин аянычтуу баулаганы угулат.)*

## БЕШИНЧИ СҮРӨТ

Үчүнчү сүрөттүн жасалгасы. Арадан жылдар өтөт. Алыскы ак баш чокулар менен үзүк булуттар кызыл күүгүмдөн канталайт. Бир кездеги чөп ордуна эчки терилер жабылган алачык. Капшытында кулжанын мүйүзү аркаят. Буттары ачакей жоон мамыларга кайыш аргамжыдан керме тартылган. Таш кемегеден жулүндөй түтүн бурайт. Элик тон кийген Карагул менен Акжолтой аттуу чаарчык экөө алыстан эле кубанычтуу үн кошуп, алачыкты айлана жүгүрүп киришет.

Карагул. Болду эми. Мен башка жүгүрбөйм. Мен абдан, күйүгүп кеттим. Сенчи, Акжолтой?

Акжолтой. Мен күйүккөнүм жок. Эмнеге күйүкмөк элем. Кечетен бери тоолорду көрүп, көк шиберлерден каалашымча чуркап... Мен тим эле кубанып жатам!.. Түнү менен уктабай жүгүргүм келип турат... Мойнунан байланган жаман болот тура!.. Ыракмат Карагул!.. Мени оттотуп келемин деп, алыска-алыска жетелеп барып бош кое берип жатасың... Мен унутпайм.

Карагул. Мурдагы күнү сен байлануу турганыңда, мен барып кел, Акжолтой жүгүрөлү дебедимби, ээ, эсиңдеби?..

Акжолтой. Эсимде.

Карагул. Сен кубангандан катуу жүгүрөмүн деп кайыш жипке тартылып, жыгылып калбадыңбы?.. Сен көпкө туралбай калбадыңбы!.. Мен ошондо суунун боюна барып, аябай ыйладым... Мен момундай чо-оң киши болгонумда бар эмеспи, бир да чаарчыкты мойнунан байлабайм. Бош эле кое берем. Сени бүгүн түнү да байлабайм. Байлаган жаман экен!

Акжолтой. Атаң урушсачы?

Карагул. Атама байлап койдум дейм.

Акжолтой. Карагул!

Карагул. Эмне?

Акжолтой. Мен тоого качып кетсем эмне кылар элең, я?

Карагул. Эчтеме кылбайм.

Акжолтой. Урушпайсыңбы?

Карагул. Мен унчукпай отуруп алып эле ыйлай берем, ыйлай берем... Урушпайм! *(Акжолтойду мойнунан кучактап.)* Мен сени абдан жакшы көрөм, Акжолтой!

Акжолтой. *(Карагулдун бетин жалмалап).* Мен да абдан-абдан жакшы көрөм сени. Мен эч кайда кетпейм, Карагул. Экөөбүз ойноп беребиз, ойноп беребиз...

Карагул. Көп-көп эле ойноп беребиз, ээ?

Акжолтой. Көп-көп эле ойноп беребиз...

Карагул. Акжолтой!.. Апам жок экен, сен тура турчу ушу жерде. Мен отун апкелейин. Карасаң, от өчкөнү калыптыр... Макулбу?

Акжолтой. Макул.

*(Карагул жүгүрүп чыгат. Кызыл күүгүм өчүп, айланага кара күүгүм түшөт. асмандын ар кайсы жерлеринен бирин-серин жылдыздар чегилет. Караңгыны жамынып, Жаш телки кирет.)*

Жаш телки. *(Оолактан.)* Уулум!

Акжолтой. Апамдын үнүнө окшойт. Кимсиң?

Жаш телки. Тааныбай жатасыңбы? Апаң эмесминби.

Акжолтой. Апа!..

Жаш телки. Көптөн бери даай албай жүрүп... аргам түгөнгөнүнөн өлсөм да мейличи деп, тобокел кылдым... Ыйлаба, уулум... Жүрү, батыраак кетели...

Акжолтой. Кайда?..

Жаш телки. Биздин тукумубуздун үркөрдөй гана элик калыпбыз. Качпасак болбой калды. Алтын мүйүз баатырыбыз баштап күтүп турушат сени...

Акжолтой. Кайда качабыз, апа?

Жаш телки. Адам жүрбөгөн жерге!

Акжолтой. Жаман көрбө, апакебай, мен.

Жаш телки. Уулум! Ушундай да жорук болобу адамдан качпаймын деп... Адам биздин душманыбыз. Тукумубузду курутуп жаткан ошол эмеспи. Сени туткундаган да ошол.

Акжолтой. Апа! Мен жаңыдан көз жарганымда карышкыр тийип, атам экөөң мени таштап качып кеттиңер. Ошондо карышкырды атып өлтүрүп, мени аман алып калган Карыпбай ата болбодубу. Ал болбогондо карышкыр жеп коймок мени.

Жаш телки. Уулум!..

Акжолтой. Кое тур, апакебай!.. Менин эки өпкөмө суук тийип, өлгөнү калганымда, муну кыйнап эмне кыласыңар, батыраак мууздап терисин алгыла, деди Карыпбай ата. Ошондо анын айтканына көнбөй мени тонго ороп, дүйүм чөптөн кайнаткан дарыны оозума куюп, жатып сакайтып алган Сырга апа болбодубу!..

Жаш телки. Тов-ва!..

Акжолтой. Сен айткандай мен туткун эмесмин, апаке. Көрбөйсүңбү, мен эркинмин. Эки күндөн бери Карагул досум бош кое берип жүрөт. Ал экөөбүз шилекей алышкан доспуз.

Жаш телки. Уулум!..

Акжолтой. Апакебай! Мен кетсем Карагул ыйлап калат!

Жаш телки *(нары-бери чебеленип)*. Уулум!.. Каралдым!.. Биздин үркөрдөй үйүрүбүздө өңкөй телкилер калдык. Сен барбасаң Алтын мүйүз баатырыбыз жок тукум курут болуп калабыз! Жүрү!..

Акжолтой. Апкебай, сен азыр эле айтадың беле, Алтын мүйүз баатырыбыз баштап күтүп турушат деп... Калп айтчу эмес элең го!..

Жаш телки. Баарынан эне жакын болот дешчү эле го!.. Адамдардын дубасы бар окшобойбу. Сени мерес кылып коюшкан тура. Кош, уулум!.

Акжолтой. Кош, апа.

Жаш телки. Мен ыйлап кетип баратам, уулум. Адамдар соо койбойт сени. Кечтим ак сүтүмдөн!..

Акжолтой *(өпкөсү көөп)*. Апа-а!..

*(Жаш телки көрүнбөй калат. Акжолтой башын жерге салып, алачыкты көздөй басканда, алдынан Карагул чыгат.)*

Карагул. Сен эмне, ыйладыңбы? Айтсаң, Акжолтой, эмнеге ыйладың?

Акжолтой. Сен кечиккенге...

Карагул. О-ой, сен кызыксың... Акжолтой!.. Тээтигинде караан көрүндү, атам окшойт. Бар, түнөгүңө жата кал. Тез! *(Акжолтой жүгүрүп чыгат.)*

Карагул *(колундагы чамындыларды кемегеге салып)*. Атам десем, апам турбайбы. Жашынып калайын *(Карагул жашынат. Жонуна отун көтөрүп, Сырга кирет.)* Күк-күк!..

Сырга. Ой! Күкүк кайдан келип калган биздин үйүбүзго?.. Кана, кайда жүрөт болду экен, я?

Карагул. Күк-күк!

Сырга *(көрмөксөн болуп, караңгылыкка бет алат)*. Тоонун башында жүрөтко дейм, ошол жактан үнү чыккансыйт...

Карагул *(кулжанын мүйүзүнүн ортосунан башын чыгарып)*. Апакем мени таппай калды. Мен мындамын!.. Мындамын.

Сырга. Апакең сага курман болуп кетсин, каралдым. Келчи, бери.

Карагул. Мен сени абдан, тим эле жакшы көрөм, да, апаке! Эмнеге андай, айтчы?..

Сырга. Эмнеге дейсиңби?.. Мен да сени абдан жакшы көрөм. Ошон үчүн сен да мени жакшы көрүп жатпайсыңбы, берекем...

Карагул. Апаке!.. Атам качан келет эми?

Сырга. Келер маалы болуп калды, уулум.

Карагул. Курсагым ачты, апкебай. Ичим тим эле моминтип, моминтип... ачышып-ачышып...

Сырга. Бар болгону бир жилик эт калыптыр. Бышты бекен андан көрө, же... Мындай болчу, карап келе коеюн...

Карагул. Калп айттым, калп айттым, калпагымды жалпайттым... Менин курсагым ачкан жок... Мен жана көп-көп балтыркан жеп алгам... Жакшы бала деген этти атасы келгенде чогуу жейт да, ээ, апакебай?

Сырга. Ооба, каралдым. Жакшы бала деген атасы менен чогуу отуруп жейт этти.

Карагул. Апаке!

Сырга. Эмне?

Карагул. Мен атамды да абдан жакшы көрөм да. Эмнеге андай, айтчы?

Сырга. Эмнеге дейсиңби? Атаң да сени абдан, абдан, тим эле, тим эледен да жакшы көрөт. Сен да ошон үчүн атаңды абдан, жакшы көрөсүң, берекем!

Карагул. Атам бүгүн теке атып келет, ээ, апаке?.. Шаа мүйүз атып келем деген... Атып келет!..

Сырга. Атаң байкуштун колуна көптөн бери эчтеме илинбей туталанып жүрөт... Периште эмессиңби, көзүңдөн тегеренейиним... Кудайым оозуңа сала берген чыгар, сен айткандай атаң шаа мүйүз атып келсе...

Карагул. Анда биз этти көп-көп эле жей беребиз, жей беребиз... Курсагыбыз момундай болгончо жейбиз, ээ?..

Сырга. Какенбай!

Карагул. Эмне, апаке?..

Сырга. Ме, чөгүнгө суу апкеле койчу. Коркпойсуңбу?

Карагул. Мен жигитмин да. Жигит деген коркпойт да.

Сырга. Жигит болгонуңдан айланайын. Барагой эми.

Карагул. Ак тулпарын азанатып учуп кетет экен дейт, Карагул баатыр. Эхе-хей!..

*(Карагул чыгат. Сырга отту тутантып, казанды сапырыштырат. Карыпбай кирет. Сырга тери жаздыкты алып берет.)*

Карыпбай *(тери жаздыкка чыканактап)*. Түбүң түшкүрдүн дүнүйөсү! Кечээ эле биринин жүнүн бири жечү эле, бүгүн кайберен тургай, ташбалакет да жок!.. Дагы кур кол кайттым!.. Токточу!.. Эчки маарагансыйбы, же... Тыңшачы!..

Сырга *(тыңшап)*. Эчтеме угулбайт.

Карыпбай. Тов-ва!.. Мага үйүр-үйүрү менен каптап келаткансыйт... Эчтеме укканым жок дечи?!.

*(Сырга тери дасторконду жайып, кумганды алып келет.)*

Сырга. Бир жилик сүрсүгөн эт калды эле, кайнатып жатам. Бышканча чөп чайдан иче тур.

*(Жыгач чөйчөктөргө чөп чай куюп сунат.)*

Карыпбай. Аман-соо чоңойтоюн деп корголотуп келген каралдымды ачтан өлтүрүп алсам, анда эмне болот?!. Ойлой берип мээм чирип кетти!.. Жалдыратбачы, Сырга, эч болбогондо бир ооз эле бирдеме деп койсоң, байболгур... Кандай айла табам?!.

Сырга. Кыйладан бери колуңа эчтеме илинбейт, бул жаман жышаана, абышка. Бирок менин коркконум башка.

Карыпбай. Эмне?!. Айтсаң болбойбу, батыраак!

Сырга. Экөөбүз карыдык!..

Карыпбай. Мунуң ырас. Карыдык!..

Сырга. Эми тагдырды кандай деп болот. Кудаанын жарык күндөрүнүн биринде экөөбүз тең о дүйнө кетсек, маңдайынан сылап, колунан жетелей турган бир да жан жок, аңгыраган ээн талаада жалгыз өзү калып, кичинекей кулунубуздун көргөн күнү эмне болот деп... адеп ушуну ойлоно берип, эзилип бүтүп калдым!.. Абышка!.

Карыпбай. Сүйлөй бер. Мен угуп жатам.

Сырга. Тилимди алчы. Жаман чүрпөбүздү жетелеп алып, элге кетеличи.

Карыпбай. Ошентсек дейсиңби?!.

Сырга. Абышка!.. Өмүр бою бир жолу да тилиңден чыкканым жок! Эмне десең бардыгына баш ийип келе жатам. Бир жолу тилимди алып, макул деп койчу. Зар ыйлатбачы. Жаманыбызды жетелеп алып, элге кайталы. Макул деп койсоң. касиетиңден айланайын, абышкам. Азыр эле жолго камынайын.

Карыпбай. Ошентсек дейсиңби?!.

Сырга. Мен элди сагындым.

Карыпбай. А мен эмне, сагынбай коюпмунбу?!.

Сырга. Көзүбүздүн тирүүсүндө кулунубузду өз элине алпарып кошолу, өзү теңдүүлөр менен моюндаш өсүп, эл керегине жараган ортон колдой азамат болсун!.. А экөөбүз болсок карып-арып калган кезибизде кайрадан эл-журтка аралашып, адамдардын сүйлөгөн-күлгөнүн угалы, алар кубанса кубанып, ыйласа ыйлап... адамдар менен конушташ төрөлгөн жан эмес белек, абышка... эми алар менен кайрадан конушташ болуп о дүйнө аттансак... Ошентсек бейишке чыгабыз. Макул деп койсоң, абышка!..

Карыпбай *(кыска тынымдан кийин)*. Мен макулмун, байбиче. Кайтса кайталы.

Сырга. Абышкам!.. Касиетиңден айланайын, абышкам! Келчи бери *(Сакалынан жыттап.)* Мен эми жолдо баратып өлсөм да арманым жок! Мен азыр... азыр... *(Сырга алачыкка кирет.)*

Карыпбай. *(Жашып.)* О, курган кемпир, сен эле дейсиңби... Элге кайтабыз дегенге мен өзүм да жетине албай... Атаганат!.. Мен уудан кайтып келатканымда, катын-балдар алдымдан тосуп шыралга сурашып... Анан аппак сакал карыялар баштап бардыгы биздин алачыкка келип, жаш шорпо ичишип... Өткөн-кеткенден түгөнбөс аңгеме курушуп... Акырында мага өмүр тилеп, бата беришип, үйлөрүнө тарап кетишер эле. Ошондо мен эмнегедир төбөм көккө жетип, өзүмдөн өзүм эле кубанып отурар элем!.. Болду!.. Сөз бир... Сыргатайым экөөбүз жаман уулубузду жампаңдатып жетелеп алып, эртең эле элге кайтабыз. Кудай буйруп, эл-журтка аман-эсен жетсек... Жетсек... Токточу! *(Кыска паузадан кийин өксүп кыйкырат.)* О, жок!.. Жок!.. Жок!..

*(Алачыктан Сырга жүгүрүп чыгат.)*

Сырга. Эмне болду, абышка?!.

Карыпбай. Сыргатайым!.. Асылтайым!.. Эсинен танган жаман чалыңды, эмне кылам десең, өзүң билгин. Мына, мен даярмын. Бирок мен элге барбайм...

Сырга. Абышка!

Карыпбай. Азырынча кое туралы. Мен корком!..

Сырга. Эмнеден? *(Карыпбай үнчүкпай жер карайт.)* Билдим, абышка. Багар-көрөрү жок жашайилмет жесирлер менен мөгдүгөн чал-кемпирлерди багуусуз калтырып... уурудан бетер түн жамынып качып кеттик... Ошого бетиң күйүп жаткан турбайбы!

Карыпбай. Сырга!..

Сырга. Ашыкпа!.. Эл деген чалкып жаткан көл, курубузду мойнубузга салып, кол куушуруп барсак, эл экөөбүздү жерибейт, эптеп кучагына батырып алат. Эмне, кечирим сурагандан коркуп жатасыңбы?.. Анда кечиримди мен өзүм сурайын, абышканы азгырып алып кеткен мен болчумун дейин...

Карыпбай. Мен кечирим сурагандан коркуп жаткан жерим жок, байбиче. Менин коркконум башка *(кыска тынымдан кийин)*. Биздин элибиздин жоосу бар.

Сырга. И, элибиздин жоосу болсо, элге кошулуп жоо менен кармаш. Сен, эмне башкалардан кем бекенсиң, же өлүп калам деп коркуп жатасыңбы?

Карыпбай. Эмнеге коркоюн. Эл үчүн курман болсом

шейит болбойт белем. Өзүмдөн коркконум жок. Адам болуп калганында баламдан айрылып, какбаш болуп каламбы деп жатам!..

Сырга. А-а, курган абышка. Сен билбей жатпайсыңбы, Балабыздын башына жоодон да кыйын коркунуч түшүп турат деп эми эле айтбадымбы сага... Экөөбүздүн төрүбүздөн көрүбүз жакын калды. Ажал жетсе, көз ирмемде эле сенейип калабыз.

Карыпбай. Кайра-кайра эле карыдык деп... Эмне эле наалыйсың. Мен карыганым жок... Мен тың элемин...

Сырга. И, тың эмей анан... Отурсаң туралбайсың, турсаң отура албайсың, анан дагы...

Карыпбай. Э, кой, э!.. Чындасам, мен моминтип эле ыргып... *(Атып турамын деп, шалак этип отуруп калат да, тизелерин кармалайт.)*

Сырга. И, сен ошентип эле ыргып тура каласың да! *(Жалт бурулуп.)* Өзөк жалгаганга да эчтемебиз калбай калды, эртең эмне күн көрөбүз?!. Бала эмне болот, өзүбүз эмне болобуз, ойлосоң болбойбу, курган абышка?!.

Карыпбай. А мен эмне, ойлобой коюптурмунбу?!. Эчтеме болбойбуз... Береки акбараңым барда атбаганды атып келип, эртең эле этке бөлөп таштайм... Бул менин пайгамбарым...

Сырга. Тобо келтиргин, абышка!.. Кайдагы балакетти пайгамбарга теңеп... Ушул жан алгычың колуңа тийгенден бери барган жериндин кайберени тукум курут болуп...

Карыпбай. Сырга!..

Сырга. Эмне?!. Калп бекен?!. Калп болсо Каразоонун кайберени кайда кетти, айтчы, кайда кетти?!. Койдой жайылчу эмес беле...

Карыпбай. Болду эми, ачууланбачы, кудай жалгагыр... Каразоонун кайберени ушул эле жерде жайылып жүрөт, кайда кетмек эле... Мен эртең эле барып боо түшүрүп келем!.. Ал эми элге болсо... Эл эч кайда качпайт, барабыз акыры. Андан көрөк, жаман күчүгүбүздүн өмүрүн тилейли!.. Мен жалгыз гана ошонум деп, темселеп жүрбөймүнбү бул жалганда, түшүнсөң болбойбу ошону!

Сырга. Бала экөөбүздө эле дейсиңби абышка. Башкалардын деле балдары бар... Алар кантип жүрөт дейсиң?!.

Карыпбай *(бакырып)*. Сырга!.. Бүт ааламдагы кыбыр эткендердин бардыгы тең бала деп чыркырап, сууга чөк десе сууга чөгөт, отко күй десе, отко күйөт!.. А сен болсоң... Ташбоор, мерес!.. Сүйлөбө!.. Акылың болсо жыргап гана жүрө бербейсиңби... Жыттоочубуз жаныбызда, дени-кардыбыз болсо соо... Сабап кетти, өлтүрүп кетти жок, кулак-мээ-

биз тынч... Бизден ырыстуу ким бар бул дүйнөдө, кана, айтчы?!. Билсең экөөбүздүн ырысыбыз тоодой!..

Сырга. Азаптагы элин жерип, коколой баштарынын айынан ээн жерде азып-тозуп жүргөн арсыздарда эмненин ырысы дейсиң?!. Аларга бирөө ырысты байлап коюптурбу?! *(Карыпбайды тигиле карап.)* Биз шоргелдейбиз!..

Карыпбай *(ийинге түртүп)*. Тарт тилиңди!

Сырга *(жыгылып, кайра турат)*. Биз экөөбүз бул жалгандын шүмшүгүбүз!.. Салпаяк-салбарыбыз!

*(Карыпбай жер карап, чарыгын кармалайт. Сырга кемеге жанына барат. Чөгүнгө суу көтөрүп, Карагул кирет.)*

Карагул. Апа, мына, суу апкелдим. Жакшы бала ушинтип апасына суу апкелет, ээ?

Сырга. Ооба, ошентет, каралдым.

Карагул. Апаке, сага эмне болду, бери карасаң, апаке дейм!..

Сырга *(аргасыз күлүмсүрөп)*. Мага эмне болмок эле, каралдым. Эчтеме болгон жок. Анакей, атаң келди, атаңа бара кой.

Карагул. Ата-а!

Карыпбай *(кучактап)*. Атаң айлансын, атаң курман болуп кетсин!

Карагул. Ата, шаа мүйүз атып келдиңби, кана, көрсөтчү?

Карыпбай. Шаа мүйүз алыстап кетиптир, жетпей калбадымбы. Буюрса, эртең атып келем.

Карагул. Ата, мен балтыркан жесем эле курсагым тоюптоюп, анан кайрадан эле ачышып-ачышып... Мен бүгүн көпкөп балтыркан терип келдим. Апам экөөбүз тим эле, тим эле жеп-жеп... Муну сага катып койгом. Жакшы бала деген атасына балтыркан терип келет... апасына да терип келет... Анан, атасы менен апасын ошентип багат, ээ, ата?

Карыпбай *(өзүнчө)*. Кудуретиңден айланайын жараткан, курган ата-эне ушун үчүн бала деп зарлайт да! *(Уулун кайра-кайра жыттап.)* Сенин бакканыңдан курман болуп кетейин да!.. Кичинекей күчүгүм!.. Алтыным!..

Карагул. Ата, сен мени ушинтип эле кайра-кайра жыттай бересиң, жыттай бересиң...

Карыпбай. Какентайым!

Карагул. Эмне?

Карыпбай. Атаң кургур сагынып кетпедиби. Ырдап койчу, айланайын. Адеп эле уккум келип... И, бол, эми...

Карагул. Апам да укса ырдайм, болбосо ырдабайм.

Карыпбай. Апаң да угат. Ой, апасы, уулуңдун ырдаганын укчу!..

Карагул. Апке!

Сырга. Ырдай кой, мына мен угуп жатам.

Карагул *(Чайчай этип, жанынын бардыгынча берилип ырдайт).*

Атам айткан ак тулпар,
Токуп минип аламын.
Асмандагы булутка,
Зуулдап учуп барамын.

Эки көзүн толтуруп,
Куржунума саламын.
Карап турам жердеги,
Апакемдин караанын...

Карыпбай. Келчи батыраак кучагыма! Ушу сени берген кудайдан айланып гана кетейин да!..

Карагул. Ата!

Карыпбай. Эмне?

Карагул. Мен сени абдан, абдан, тим эле, тим эле жакшы көрөм да. Сенчи?..

Карыпбай. Мен сени бар го, абдан, абдан, тим эле, тим эледен да жакшы көрөм!..

Карагул. Ата, мен бүгүн кермеден көп-көп өтө бердим, өтө бердим... Анан, жыгылып калдым... Ыйлаганым жок, ээ, апаке?..

Сырга. Эмнеге ыйламак элең. Жигитсиң да!

Карагул. Ата, мен кермеден өтөйүн, көрөсүңбү?

Карыпбай. Көрбөгөндө анан, көрөм.

Карагул. Апам да көрсүн, ээ, ата?

Карыпбай. Ой, апасы, карап турчу, уулуң кермеден кандай өтөр экен...

Сырга. Мынакей, карадым... И, өтбөйсүңбү эми...

*(Карагул кайыш аргамжыга колу-буту менен жармашып, бир мамыдан экинчи мамыга өтөт.)*

Карыпбай. Баракелде, уулум!.. Тим эле мышыктан да кыйын болуп кеткен турбайсыңбы!.. Эми жер менен жер болуп сойлоп көрчү.., Токто!.. Мына мен кайберенмин, ээ?.. Сен көрүнбөй сойлоп кирип келип, анан мени аткын... Түюндуңбу?.. Көтөнүңдү мөлтөйтпө... Ой, жаман десе, жыландын сойлогонун көрдүң беле деги?

Карагул. Көргөм.

Карыпбай. Көрсөң ошо жыланчасынан шырп алдырбай сойлобойсуңбу... И, бол... Жакшы... Буюрса, айныбай эле атаңдын өзүн тартат экенсиң... Жаман жери, желге бет алды сойлобой, жел менен жарышып сойлоп...

Мага жыт алдырып койбодуңбу!.. Кана, эми, кайра баштайлык...

Карагул. Макул эмесе, кайра баштайлы, ата.

Карыпбай. Мен орун алмашайын... Мына, болду... Желдин кайдан экенин билдиңби?.. Билсең, башта *(Карагул атасын көздөй жер менен жер болуп сойлойт)*. Мына эми мен жыт алалбай калдым...

Карагул *(мээлеп)*. Тарс!.. Тарс!.. Тарс!..

Карыпбай. Чаарчыкка тийди!.. Чаарчык жыгылды!..

Карагул. Чаарчыкты атбайт!

Карыпбай. Ким айтат чаарчыкты атбайт деп?

Карагул. Апам айткан. Карган текени атат. Карган теке жыгылды. Бол, жыгылбайсыңбы, ата!

Карыпбай. Мынакей, карган теке жыгылып калды!.. Эмне турасың, бол, атбайсыңбы, тигинде дагы бир карган теке качып баратат... Анын биягында жоон топ эчки... барсылдат батыраак... О, бол, уулум, эмне мелтирейсиң, атпайсыңбы дейм?!.

Карагул. Жакшы мерген бирди эле атат.

Карыпбай. Муну ким айтып жүрөт сага?!.

Карагул. Апам айткан. Көп атса убал болот. Мен башка атпайм. Мен жакшы мергенмин да *(атасын кучактап эркелейт)*. Ата, сенин эмне сакалың бар, апамдын сакалы жок?

Карыпбай. Апаң биз уктап жатканда сакалын терип коет окшобойбу...

Карагул. Кантип?..

Карыпбай. Моминтип!.. Моминтип!..

*(Карагул боору калбай борсулдап күлөт.)*

Карыпбай. Күлгөнүңдөн айланайын...

Карагул. Ата!..

Карыпбай. Эмне?

Карагул. Сен ууга кеткенде апам көп-көп жомок айтып берет. Ак тулпар минген Карагул баатыр жөнүндө да айтат... Анан... анан апам экөөбүз көп-көп ойнойбуз. Апам айтат, мендей балдардын жолдош балдары болот деп... Алар кудум эле мага окшош болот дейт. Ошол чынбы, ата?

Карыпбай *(ооз учунан)*. Чын.

Карагул. Анан дагы апам айтат, кыз балдар менен ойносо да болот деп. Айтсаң, ата, кыз балдар деген кандай болот?.. Кимге окшош болот?.. *(Карыпбай унчукпастан жер карайт. Карагул эркелеп.)* Атаке-оу!.. Ата дейм!..

Карыпбай. Эмне, айланайыным?

Карагул. Бүгүн жатканда көп-көп жомок айтып берчи, макулбу?

Карыпбай. Олдо, каралдым, ай-йа, өмүрү жомокко тойбойсуң, ээ. Макул эми, айтып берейин. Бирди гана.

Карагул. Жок, мага көп-көп жомок керек...

Карыпбай. Мен бүгүн эртерээк уктайын, уулум. Таң сүрө ууга чыгам. Бара турган жерим өтө эле алыс.

Карагул. Ата, мен да барам.

Карыпбай. Кайда?

Карагул. Ууга.

Карыпбай. Ууга барып эмне кыласың?

Карагул. Теке атам. Жакшы бала деген теке атып, атасы менен апасын багат.. Мен жигитмин да!

Карыпбай. Бакканыңдан айланайын. Жигит болгонуңдан садага кетейин!.. Азырынча ууга чыкпай кое тур. Момундай болгонуңда ээрчитем, макулбу?

Карагул. Ата-а!..

Карыпбай. Карагул!.. Уулум!.. Атасынын тилин алган жакшы бала болот. Тилин албаган бала жаман бала болот. Апаңдын жанынан карыш жылбагын!.. Уктуңбу?.. Токточу!.. Эчки маарап жатат... Тигине, тияктан да, бияктан да маарап жатат... Тим эле жер дүңгүрөп келаткан окшобойбу... *(Карагулга.)* Отур! Ордуңан жылба!.. Мен азыр... азыр... *(Карыпбай мылтыгын алып жүгүрүп чыгат. Карагул бир аз ээрчип барып токтойт.)*

## АЛТЫНЧЫ СҮРӨТ

Мындан мурдагы бешинчи сүрөттүн жасалгасы. Таң үрөң-бараң. Айлана жым-жырт. Алачыктын эшигин секин ачып, бараңын кармап, Карыпбай чыгат.

Карыпбай. Капырай-йа! Кечээ керели кечке, бүгүн түнү менен эчкинин маараганы кулагымдан кетпей койду!.. Тиягымдан да маарайт, биягымдан да маарайт... Өздөрү көрүнбөйт, бул кандай шумдук, я?!.

Алачыктын эшигин Карагул ичинен кыңкайтып, атасын көрүп, дароо жабат. Карыпбай дөңгөчкө отуруп чарыгын оңдойт. Алыстан үү-үү эткен добуш угулуп, басылат.

Карыпбай. Эмнегедир эле жүрөгүм алып учуп, сүйүнчүдөй болуп турам. Бүгүн буюрса ак жолдуу болот окшойм *(ордунан туруп)*. Окус кур алакан кайтсамчы, анда эмне кылдым? Айлам куруду го, эмне кылам, айтсаң болбойбу, жараткан?! Анда эмне кылам?!. Токточу! *(Кубанып.)* Карагулумдун чаарчыгы бар эмеспи. Айлабыз түгөнсө ошону союп, бир эки күн болсо да өзөк жалгайбыз, арга барбы! *(Кейиштүү күрсүнүп.)* Олдо, түбүң түшкүрдүн дүнүйөсү,

ай!.. Э, мага эмне болду, адеп эле наалып... Оолуксам бар го, он эки айры бугу атып келем бүгүн! О, жараткан, ак жол бере көр, ак пейил пендеңе!.. Оомийин!

*(Карыпбай кетери менен элик тумагын башына кийип, элик тонун колтугуна кысып, чарыгын колуна кармаган элик шымчан Карагул сыртка чыгып, дөңгөчкө отурат. Ойлуу. Анан алачыктын артына жылаңайлак жүгүрүп барат.)*

Карагул. Акжолтой! Бери келчи. Бат кел!

Акжолтойдун Үнү. Эмне болду?

Карагул. Акырын!.. Апам ойгонот.

*(Карагул кайрадан дөңгөчкө келип, бат-бат кийине баштайт. Акжолтой келет.)*

Карагул. *(Чаарчыктын мойнундагы кайыш жипти чечип.)* Катуу катуу чуркап, тим эле бийик-бийик тоого чыгып кеткин, макулбу?.. Батыраак кеткин! Бияк тоого барба, тияк тоого кет! Бол!..

Акжолтой. Мени эмне кубалайсың, Карагул?.. Эмне болду, айтсаң?

Карагул. Мен сени абдан, абдан, тим эле, тим эле жакшы көрөм!.. Бол!..

Акжолтой. Карагул!..

Карагул. Дос деген тил алат да...

Акжолтой. Мен тоого кетсем, унчукпай отуруп алып эле ыйлай берем, ыйлай берем деп өзүң айтпадың беле...

Карагул. Мен аны тим эле айткам. Сен кетсең ыйлабайм. Кетбесең ыйлайм... Басылбай эле ыйлай берем...

Акжолтой. Анда мен макулмун. Кош, Карагул. Мен унутбайм сени.

Карагул. *(Акжолтойдун мойнунан кучактап)*. Мен ыйлабайм. Мен баатырмын да. Сен да ыйлабагын, ээ?.. Бар, эми, бат кет!.. Жүгүр!.. Кош, Акжолтой, кош!..*(Акжолтой сызган бойдон кетет. Карагул өпкө-өпкөсүнө батпай тымызын ыйлайт, колу менен көзүн сүртүп, чаарчык кеткен тарапты карайт. Анан алачыктын артынан отун кучактап келип, кемегенин жанына коёт да, апасы уктаган алачыкты кыйлага тиктейт. Алыстан сагызган шакылыктайт. Карагул шарт бурулат да, атасы кеткен тарапка тойпоңдоп жүгүрөт.)*

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

## ЖЕТИНЧИ СҮРӨТ

Мындан мурдагы сүрөттүн жасалгасы. Самсаалаган сур булуттардын жээктери карарып, айлана мисирейип күңүрт. Алачык ичинен Сырганын үнү угулат.

Сырганын үнү. Капырай-йа, демейде кузгун заардан турган жаным, бүгүн минтип уктап калганымды көрбөйсүңбү. Алтыным да ойгонуп алып, чыгып кеткен турбайбы. Киши болот деген ушул... О, жараткан, ушунумдун киши болгонунан айланып кетейин да... Оюнга тойбогон тентек, эмне ойноп жатты экен, апакеси көрүп, ой да бир кубансын дейсиң.. Карагул!

*(Сырга сыртка чыгат. Сагызган шакылыктайт.)*

Сырга. Күндүн арты да үңүрөйүп... Э, Карагул! Эмне унчукпайсың, акмагым! Карагул дейм! Тигини, жаман арам десе, апакеси менен ойногусу келип, алачыктын артына жашынып калган го... Азыр барып таап албасамбы... Мынакей апакең байкуш бүжүң-бүжүң этип... дале болсо кыйын чуркайм... Шашпа тентегим, азыр эле таап албасамбы. *(Алачыкты айлана чочуп.)* Э, кудай, Карагулум көрүнбөйт да, бул эмнеси?!. Чаарчыгы да жок... *(Тияк-биякка элеңдеп жүгүрүп.)* Карагул!.. Э, Карагул!.. Карагул!.. Э, айланайындар, балам кайда кетти!.. Кидиңдеген балакетиңди алайыным... Же, атасы өзү менен кошо ала кеттиби? Жок!.. Атасы албайт, айланайындар, атасы албайт!.. Токточу!.. Кемегенин жанына отун апкелип койгон тура, байкентайым. А-а, эси жок арам. Мен куруюн, ошого акылым жетпей... Карагулум Акжолтоюн оттоткону кеткен турбайбы... Баса дейм да... Өх, жүрөгүң менен да куруп кет, ай, тим эле оозума каптал... *(Дөңгөчкө отурмакчы болуп, жерден бирдеңкени көрөт.)* Акжолтойдун мойнундагы кайыш жип окшойт! Бул кандай шумдук айланайындар?!. *(Алыстан кузгундун куркулдаганы угулат.)* Карабашыңа көрүнгүр, кузгун куркулдаганы эмнеси, ботом?!. *(Нары-бери элеңдеп жүгүрүп.)* Карагул!.. Уулум!.. Кайдасың, Карагулум?!. Үн чыгарып койсоң боло, үнүңдөн тегеренейин эркем!.. Карагул!.. Карагул!..

*(Эненин* «Карагул!.. Карагул!» *деп чакырган үнү тоодон тоого жаңырыкталып, алда кайда кетет.)*

## СЕГИЗИНЧИ СҮРӨТ

Асмандагы булуттар карасурланып, айлана күңүрт, кунарсыз. Төөдөй болуп чөгүп жаткан таштардын түбүндө булак. Ар кайсы жерлерде гүл аралаш бирин-серин чөптөр. Жымжырт. Алыстан баланын «Ата!» деп чакырган үнү угулат, ал улам жакындайт. Кыска паузадан кийин Карагул кирет.

Карагул. Ата!.. Сен кайдасың, ата!.. Издеп эле жүрөм, издеп эле жүрөм... Ата-а!..

*(Баланын «Ата!» деп чакырган үнү айланадагы аска-зоокага жаңырыкталат. Кайрадан жымжырт.)*

Карагул *(жата калып суу ичет)*. Тим эле таштай муздак экен! *(Эки жагын каранып кубанычтуу)*. Эл кайда көчөт!.. Жакшысыңбы, досум...

Эл кайда көчөттүн үнү. Сен эмне кыласың мени кармап алып?.. Өлтүрөсүңбү?

Карагул. Жок. Мен тийбейм. Сага эч ким тийбейт. Апам айткан, эл кайда көчөттү элдин баары жакшы көрөт деп... Алаканымда жөргөлөп жүрө бер... Мен абдан-абдан кубанып кетбедимби сени көргөндө...

*(Алыстан кузгун куркулдайт. Ага удаа ар кыл куштардын үүлдөп, чар-чур эткен үндөрү угулат. Карагул көзүн жуумп, жыйрыла түшөт. Кайрадан жымжырт.)*

Карагул *(көзүн ачып)*. Мен коркпойм. Мен баатырмын да!.. Сен коркуп кеттиңби?

Эл кайда көчөттүн үнү. Мен куштардан коркпойм. Мен жамгыр менен кардан корком...

Карагул. Мен эчтемеден коркпойм. Жиним келсе, ак туллпарымды азанатып минип алып...

Эл кайда көчөттүн үнү. Ак тулпарды минип эмне кыласың?

Карагул. Атам айткан, сен ак тулпарыңды минип, асмандагы апапакай булуттан куржунуңа салып келсең, апаң андан көйнөк тигип киет деп... Анан, атам дагы айткан, апаң апапакай булуттан көйнөк кийсе, абдан, абдан, тим эле, тим эле сулуу болуп калат деп... Анан дагы, баатыр уулум деп кубанат деген! *(Акырын ырдайт.)*

...Атам айткан ак тулпар,
Токуп минип аламын.
Асмандагы булутка,
Зуулдап учуп барамын.
Эки көзүн толтуруп,
Куржунума саламын.
Карап турам жердеги,
Апакемдин караанын...
Жакшы ырдайт бекем?

Эл кайда көчөттүн үнү. Жакшы ырдайт экенсиң!

Карагул. Менин апам сулуу!.. Апам мага көп көп жомок айтып берет. Мени менен көп көп ойнойт... Мен Акжолтой менен да ойночумун...

Эл кайда көчөттүн үнү. Акжолтой дегениң ким?

Карагул. Эликтин баласы. Чаарчык. Экөөбүз абдан абдан дос болчубуз. Мен аны тоого коё бердим.

Эл кайда көчөттүн үнү. Эмнеге?

Карагул. Тим эле... Апасына барсын дедим!..

Эл кайда көчөттүн үнү. Жакшы кылыпсың!..

Карагул. Акжолтой экөөбүз көпкө коштоштук... Мен анын мойнунан кучактасам, ал тумшугун менин бетиме тийгизип... Менин чаарчыгым тоону көздөй тим эле, тим эле зуулдап зуулдап... анан бат эле көрүнбөй калды... Мен ыйладым!.. Карачы, кооз гүлдөр экен, ээ?

Эл кайда көчөттүн үнү. Бул дүйнөдө мен гүлдөрдү гана жакшы көрөм! Алар дайыма ушинтип кооз болуп турсун деп, мен аларды жаман биттерден тазалап турам!.. Баса, сен эмнеге келдиң бул жерге?

Карагул. Атамдын артынан ээрчиймин деп адашып калбадымбы. Мен апамдын кайда экенин да билбейм...

Эл кайда көчөттүн үнү. Жаман болгон тура!

Карагул. Жаман болду!..

Эл кайда көчөттүн үнү. Мени эмнеге эл кайда көчөт дээрин билбейсиң го дейм.

Карагул. Билем. Кайда көчөрүн элдин өзү туя электе, эл кайда көчөт билип, ошо жакты көздөй учат деп, апам айткан...

Эл кайда көчөттүн үнү. Апаң мыкты киши экен. Мен жакшы көрүп калдым... Эми мындай... Мен боорукерди жанымдай көрөм. Сен боорукер турбайсыңбы. Жакшылык кылайын сага.

Карагул. Ыракмат, эл кайда көчөт. Мен унутпайм.

Эл кайда көчөттүн үнү. Өзүм көрбөсөм да атаңдын кайда экенин сезип турам. Мени ээрчигин, кай жакта экенин көрсөтүп коеюн. Жаман көрбө. Алыска учалбайм. Анын үстүнө, алыс кетсем гүлдөрдү курт жеп, өңдөрү өчөт, көргөндөр кубанбай калат. Береги дөө таштын кырына чыксаң эле болду, андан ары капчыгай менен оп-оңой эле жүгүрүп кетесиң... Мына, мен учтум. Баса, атың ким?

Карагул. Карагул баатыр!

Эл кайда көчөттүн үнү. Карагул баатырбы? Мени ээрчигин эмесе, Карагул баатырым. Абайла, таштын боору тик, көрдүңбү, кулап кетишиң мүмкүн...

Карагул. Атам айтат, мерген шамдагай, күлүк болушу

керек, болбосо эчки, текеге жетпей каласың деп... мен чоңойгондо эчки, теке атып, апам менен атам экөөнү багам... Жакшы бала деген ошентет да... Коркпо. Мен шамдагаймын. Анан дагы күлүкмүн... Жыгылбайм!.. Мына, карап, турчу... *(Маңдайдагы ташка жүгүрүп чыгамын деп бир аз барып тоголонуп түшөт.)*

Эл кайда көчөттүн үнү. Олдо, кургурум ай-йа!.. Менин жанымда эле тура турсаңчы, атаң балким өзү келип таап алаар.

Карагул. Жок, мен атамды өзүм табышым керек.

Эл кайда көчөттүн үнү. Бутуң сынат экен эми...

Карагул. Сынса мейли...

Эл кайда көчөттүн үнү. Жаман сүйлөбө, курган бала, кантип басат элең анда?!.

Карагул. Атам айткан, баатырдын буту сынса, сыныгын өзү шакшактап алып, жалгыз буту менен да жоо кууп кетет деп... *(Жөрмөлөп чыга баштайт.)* Мен азыр атамды табам, анан атам экөөбүз апама барабыз. Мен апамдын мойнунан кучактайм. Мен апамды абдан абдан, тим эле, тим эле жакшы көрөм!.. Мен жыгылбайм... Мен ушинтип эле...

Эл кайда көчөттүн үнү. И, дагы! Дагы бир азыраак...

Карагул. Мына, мен моминтип эле чыгып кетем!..

Эл кайда көчөттүн үнү. Азаматсың, Карагул!

Карагул *(таштын кырына туруп алып)*. Ата-а!..

*(Баланын* «Ата»! *деп чакырган үнү* «Ата!.. Ата!..» *деп туш тараптан жаңырыкталат.)*

## ТОГУЗУНЧУ СҮРӨТ

Түрдүү түстөгү чаптар. Тигинде, мында кайберендердин кууураган баштары жатат. Асман бетиндеги карасур булуттар үзүлүп-үзүлүп, уйгу-туйгу. Алыстан «Карагул!» деп чакырган үн улам жакындайт. Жыгылып-туруп, Сырга кирет. Жакын эле жерден сагызган шакылыктайт.

Сырга *(өпкөсү көбө)*. Карагул!.. Уулум!.. Курманың болоюн каралдым, кайда жүрөсүң кирбиңдеп?!. Апа деген үнү ушул жактан угулбады беле... Карагул!.. Уулум!.. Кайда жүрөсүң, үн катып койсоң боло, жөлөгүм!.. Эчтеме угулбайт!.. Эми кайдан издейм?!. *(Кыска тынымдан кийин)*. Кое тургулачы, айланайындар... Эми эстеп жатпайымбы... Ооба, ооба... Өгүнчүрөөк кечке маал шакыйым кармап... Чөп чай ичейин десем отун жок экен... Тобокел деп жатып алып... анан бир маалда түшүмдөн чочуп ойгонуп кетсем, жанымда Карагулум жок... Атасы экөөбүз жер-сууну бузуп өкүрүп, нары-бери темселеп жүрсөк, жогортон куурай көтө-

рүп кирбиндеп келатат... «Э, акмак, түн баласында эмне кылып жүрөсүң?» деп атасы сураса «Апама чөп чай кайнатып берем. Анан башы оорубай калат» деп... Апаң сага курман гана болуп кетсин да!.. Сени берген кудайдан айланайын!.. Апасына кол кабыш кыламын деп куурайга кетсе кетип да калат... Ырас эле... Жок!.. Үйдүн жанындагы кокту-колоттон эчтеме койбой аңтарган болчумун, ал жерде жок!.. Кичинекей кулунумдун изи ушу тарапка кеткен болчу. *(Кузгун куркулдайт. Карасур асманды тиктеп.)* Как башыңа көрүнгүрдүн кузгуну, кайда айланып жүрөт, айланайындар?!. Бул арамдар бекеринен куркулдоочу эмес эле... *(Бакырып.)* О, жок!.. Мен акмак кайдагы жаман ойду ойлоп... Токтогулачы!.. Мынакей Карагулум чакырып жатпайбы... Апаке деген үнүңдөн садага болоюнум... Мен баратам... Азыр.

Алдын тоскон тик боорлуу чаптарга чыгамын деп, Сырга сыйгаланып кулап түшөт. Кайра чыгып, кайра да сыйгаланып түшөт.

Сырга *(жерди кучактап)*. Учуп өткөнгө канатым жок. Жөө басып өтө албайт окшойм. Эми эмне кылам, кудай?!. Кайра кайтамбы?!. Ошентсем да, арга барбы! *(Жан-жактарына көз чаптырып.)* Э, кудай, бул кандай шумдук!.. Тиякта да кууураган баштар, биякта да кууураган баштар... Дөбө, дөбө болуп... Ушунча да кырылат экен, ээ!. Кандай ааламатка туш болушту экен, бул шордуулар?!. Көчкү басып өлүштүбү?!. Же жуттанбы?!. Же чал колдуу болушканбы?!. Жок!.. Бул мыкаачынын иши. Мындайга чалдын жүрөгү даабайт. Мынча күнөө кылса кара жер кантип көтөрүп жүрмөк эле?!. Небак эле тозоктун отуна күйүп өлөт болчу!.. Ушунчанын убалы кантип тирүү койсун, айткылачы айланайындар?!. Же эчтеме болбой эле жүрө береби?!. *(Кузгундар куркулдайт.)* Балакет баскырдын кузгундары, ай!.. Бул эмне эле адеп куркулдашып... Күн да минтип үңүрөйүп... Окус жаан жаап, кыян жүрүп кетсе... Күн күркүрөп, чагылган чагылса... Анда менин байкем... О, жок!.. Жок!.. Андай болбойт!.. Токтогулачы, айланайындар!.. Апаке деген үн угулгансыйт... Ооба, береки эле чаптардын нары жагынан угулуп жатбайбы... Тыңшасаңар, бул менин Карагулумдун үнү!.. Кыңкыстап жаткансыйбы. Же... Чыдай тур, уулум. Азыр барам... Азыр...

*(Сырга ордунан атып туруп, бардык күчүн жыйып, алыстан күүлөнүп чуркайт, өлөр-тирилерине карабай жөрмөлөп чыга баштайт да, кош колдоп борчук таштарга асылат...)*

Сырга. Мына, баратам, курманың болоюнум *(жанталашып)*. Баратам! Баратам!.. Баратам!..

*(Кузгун куркулдап, ага удаа сагызган шакылыктайт.)*

## ОНУНЧУ СҮРӨТ

Суу жээги. Дүйүм чөптөр менен аралаш өскөн балтыркандар. Өйүзбүйүздө таштар, алардын арасында карагай аралаш бадалдар өсөт. Күндүн арты көө сүрткөндөй. Балтыркандуу калың чөптүн арасынан Карагулдун башы көрүнөт.

Карагул. Улам-улам эле курсагым ача берет... ача берет... анан балтыркандан улам-улам жесем эле ачпай калат... Мына, эми ачпай калды. Бул балтыркандарды апама алпарым берем... Атам да жейт... *(Эстеп.)* Уйкум да келет. Апаке!.. *(Карагул кыйшайганда, чөп далдалап калат. Анын үнү гана угулат.)* Апа!.. Апакебай!.. Бат бат эле келип жомок айтып берсең... Жомок, апаке!.. Жомок!.. Жомок!..

Карагул түш көрөт.

Айланпа тегеренип, жасалга алмашат. Кара зоонун жалама боору. Чунак кулак эчки өзүнүн улагына түлөө өткөрүп жаткан болот. Шаңкайган көгүлтүр асманда ырчы торгой баштаган түрдүү чымчыктар менен кооз канат калдыркандар ойку-кайкы куушуп ойнойт. Миздүү борчуктар менен көк жашаң тектирчелерде түлөөгө келген кашкулак, суур, коен, карга, кекилик, сагызган, улар, үкү, эчки, теке, аркар, кулжалар. Обочодо бийик урчукта айлананы кыраакы карап, Шаа мүйүз менменсинип кароолдо турат. Чунак кулак эчки көк жашаңда жаткан улагын жыттап, түлөөгө келген меймандарын сыдыра тиктейт.

Чунак кулак эчки. Урматтуу меймандарым!.. Көк менен жерди мекендеген касиеттүү Кара зоонун элкин балдары!.. Бул жерге адам келгенден бери кайберен тукумунун башына каран түн түштү. Жылыга балалуу болом, жылыга адам келип, баламды атып бөктөрүнүп кетет, а мен болсом боздоп-боздоп кала берем. Мына жакында эле уулум экөөбүз оттоп турсак, капилеттен мылтык атылып, медеримдин бутуна ок жаңылды. Өзүңөр көрүп турасыңар, ал кургурум, оңдуу басалбайт. Ошентсе да, теңириме ыраазымын. Ысык жанын аман калтырды. Ошого да тобо!.. Аксак болсо да мейли, тукумум үзүлбөсө болду!.. Урматтуу меймандарым!.. Көк менен жерди мекендеген касиеттүү Каразоонун элкин балдары!.. Уулумдун аман калганына кубанып, дүйүм чөптүү Каразоонун оттуу жерине силерди конокко чакырып, түлөө өткөрүп отурамын. Келгениңерге ыраазымын!..

Жарадар улак *(Аянычтуу үн менен.)* Апаке-е!..

Чунак кулак эчки. Кейибе, уулум, кудайым алтын башыңды аман койсо, бутуң бат эле сакаят. Меймандарыңдын көңүлүн чөктүрбөй, кабагыңды жазып отур, курбуларыңдын ойноп-күлгөнүн көр...

Жарадар улак. Макул, апакебай, мен түк капа болбойм, ооруса деле чыдайм. Ме-е... Кулуп отурам... Өзүң айтбадың беле, эчтемеден коркпогон эр жүрөк, баатыр болосуң деп... Мен Шаа мүйүз болом, мен атамдай баатыр болом!..

Чунак кулак эчки. Ай, улактар!.. Чунактар!.. Кеп уккула!.. Урматтуу меймандарыбыз Кара зоонун дүйүм чөбүнө аябай мейман болушту. Эми алардын көңүлүн ачалы. Кандай дейсиңер, уулумдун жан кыйышпас курдаштары!..

Улактар. Биз макулбуз, чоң апа, макулбуз...

Чунак кулак эчки. Той көркү ыр менен эмеспи. Ыр кесени ырчы торгой алсын, анан, калгандарың кезмектешип ырдай бергиле. Өнөрүңөрдү аябагыла, меймандарым!..

*(Жанды эритип ырчы торгой сайрагандан кийин, үкү үлдөп, карга каркылдайт, суур аңкыштап, аркарлар маарайт. Аларды кашкулак сүрөп, акырында ырчы торгой кайрадан көмөкөйүн безейт.)*

Чунак кулак эчки. Кулдугум бар, урматтуу меймандарым!.. Тойду көркүнө чыгарып, мен байкушту көтөрүп таштабадыңарбы!

Ырчы торгой. Тоюңуз тойго улансын, Эчки жеңе!

Чунак кулак эчки. Айтканың келсин, ырчы торгоюм!.. Ой, садага болоюн улактарым-чунактарым!.. Менин эркетайымдын, оюнкараак, ак көңүл курдаштары!..

Улактар. Эмне дейсиз, Чоң апа?

Чунак кулак эчки. Аскадан аскага секирип, так түйүлүп бийлеп, ырдаганга биздин тукумубузга эч ким жетпейт. Кана, өнөрүңөрдү көрсөткүлөчү, эркетайларым, меймандар ыраазы болушсун. Биздин тоо көркү деп даңаза кылышат, ошол бекеринен дейсиңерби?..

*(Чунак кулак эчки өзү баш болуп, эчки, текелер ырдап, улактар бийлешет. Аларга кумарланган меймандар өздөрү бийлеп кетчүдөн бетер токтоно албай шалкылдашып, орундарында нары-бери чайпалышып, канат күүлөп, буттары менен жер тепкилеп, баштарын чайкап сүрөөгө алышат. Ыр, бий, аябай кызып, шаттык көкөлөп турган кезде, Кароолдогу теке алдыңкы буту менен ташты тээп, белги берет.)*

Кароолдогу теке. Карышкырлар!..

Канаттуулар учуп, туяктуулар дүбүрөп качышат.

Көк жашаң тектирчеде жалгыз гана жарадар улак калат. Ал ордунан турамын деп туралбай, аянычтуу маарайт. Чунак кулак эчки кайрадан жүгүрүп кирет.

Жарадар улак. Апаке, эмнеге, келдиң, кач!..

Чунак кулак эчки. Мен жерге кирейин, эл дүрбөсө кошо дүрбөп...

Жарадар улак. Качкын дейм, апаке, болбосо экөөбүздү тең карышкыр жеп коет.

Чунак кулак эчки. Жок, балам, баласын таштап энеси качпайт. Сенден менин жаным артык беле. Коркпогун, эркетайым. Мен өлсөм да карышкырлар менен кармашып жатып өлөм... Мен аларды моминтип жыга жыга сүзөм... Сени жедирбейм!

*(Алыстан тулпардын азанаганы угулат.)*

Чунак кулак эчки. Токточу! Бул кандай балакет болуп кетти?!. Мен мындай үндү өмүрү уга элек элем. Карышкырдыкынан да коркунучтуу экен!..

*(Ушул учурда жал куйругу төгүлгөн ак тулпарын азанатып, колуна найза кармап, зоот кийген Карагул учуп келет. Тулпарынан түшүп, бийик урчукка чыгат.)*

Чунак кулак эчки. Мына эми анык өлдүк, балам... Карышкырдан кутулсак да, бул балээден кутула албайбыз. Муну адам дейт. Ал карышкырдан да жаман. Ал ашкан амалкөй, митаам...

Карагул. Коркпоңуз, Эчки эне. Мен досуңармын.

Чунак кулак эчки. Ишенбейм. Ыраматылык Сынык Мүйүз эжебиз туура айткан экен. Силердин каныңарда бар, дайыма алдап туруп кырасыңар бизди!..

*(Акжолтой атырылып кирет.)*

Чунак кулак эчки. *(Акжолтойго)*. О, ырысы жок, ажал айдап келдиби сени, кач! Алдыбызда душманыбыз турат!.. Кач!..

Чаарчык. Адашып жатасыз, Эчки эне, бул биздин досубуз. Карагул баатыр деген ушул болот!..

Чунак кулак эчки. Батыраак кач, ишенчээк кургур! Менин мурдагы улактарымдын баарын ушуга окшогон эле киши кырган болчу. Кач дейм!

Чаарчык. Силер менен кошо элкин жүрсүн деп мени бошотуп кое берген Карагул досум болсо... Досумдан кайда качмак элем?

Чунак кулак эчки. Качкын дейм, шордуу энең боздоп калат!.. Кайберендерден тукум калсын, алыс качкын бул балээден!..

Чаарчык. Кайберендерден тукум калсын десеңиз Карагул баатырдан качпаңыз, дайыма аны жандап жүрүңүз. Ал кор кылбайт. Ал боорукер!

*(Ушул учурда эки карышкыр урчуктан баш багат.)*

Канчык карышкыр. Бейтааныш адам турат, көкжалым. Түрү жаман! Ушунчабызда жоголсок кантет. Мен корком!..

Дөбөт карышкыр. Ой, кем акыл десе. Бул биздин до-

субуз Карыпбайдын уулу эмеспи. Ал бизге кайра кол кабыш кылбайбы!.. Жол болот деген ушу. Ай, курсагымдын ачканы, ай-йа!.. Улактын этин жеп, ой да бир жыргайлычы, ээ, канчыгым!

Канчык карышкыр. Айланайын көкжалым, бул баланы кайберендердин досу деп уккан элем...

Дөбөт карышкыр. *(Канчык карышкырды баштан нары бир салып.)* Тарт, тилиңди, канчык десе!..

*(Канчык карышкыр жарадар улакты качырганда, Чунак кулак эчки айбат кылат, аңгыча болбой Карагул бийик урчуктан секирип түшүп, канчык карышкырды найза учуна алып ыргытат, дөбөт карышкырды кош колдоп, алкымдан алат.)*

Дөбөт карышкыр *(киркиреп)*. Карагул баатыр!.. Адашып жатасың. Биз досуң болобуз. Сен менин Карыпбай досумдун уулу эмессиңби... Кое бер мени...

Карагул. Кое бербейм. Сен дос эмессиң... Душмансың. Сен мыкаачы канкорсуң... Мен сени өлтүрөм!.. Качыр!..

Дөбөт карышкыр. Антбегин, Карагул. Атаң Карыпбай бизге тийчү эмес эле. Биз кууп барып туюкка камаган эчки, текелердин бирин койбой кырып, өзү алганын алып, көбүн бизге тойлотуп кетчү эле... Кое бер, Карагул, сен чоңойгондо сага да эчки-теке камап беребиз... Сен да атаңа окшоп бирин койбой кырып, кумардан чыгасың, ыракатка батасың. Кое бер!..

Карагул. Мен силерге эчки-теке каматбайм!.. Кайберендер менин досум болушат!

Дөбөт карышкыр. Бизде бөрү тукумунан бөрү гана туулат. А силер болсоңор башка турбайсыңарбы, мен эми гана билбедимби. Силер өз атаңарды тартбай, тап-такыр башка болуп төрөлөт турбайсыңарбы!.. Мен сени жейм!..

Карагул. Эр болсоң жеп көрчү...

Дөбөт карышкыр. Мен жөн карышкыр эмесмин, мен көкжалмын... Башыңды жара чайнабасамбы...

Карагул. Талпагыңды ташка жаям...

Дөбөт карышкыр. Чайнайм!..

Карагул. Мойсойм!..

*(Дөбөт карышкыр оозун аңырдай ачып, Карагулдун башын чайнамак болгондо, Карагул бардык күчүн жыйып, карышкырды зоока ылдый ыргытат. Аңулап улуган добуш туш-туштан угулат. Карагул чочуп ойгонот. Башын көтөрүп, улутунат.)*

— Ата-а! — деп өзөргөндөн улам атасын зорго чакырып, кайрадан кыйшаят... Аны балтыркандуу бийик чөптөр жаап калат.

## ОН БИРИНЧИ СҮРӨТ

Онунчу сүрөттүн жасалгасы. Карагул байыр алган жерден төмөнүрөөк корум таштар чокмороктошот. Тигинден-мындан кайберендердин куураган баштары көрүнөт. Карарган булуттар самсаалап, уйгу-туйгу. Жыгылып туруп Карыпбай кирет.

Карыпбай *(бир колун таяна, өпкөсүн кагып)*. Кыдырбаган жерим калбады!.. Жер бетинде чөө, асманда кузгундан башка эчтеме калбай калган окшобойбу, түбүң түшкүрдүн дүнүйөсү Атаганат, кичинекей кулунум менен кемпирим экөө атабыз олжо апкелет дешип жол акмалап күтүп жүрүшкөндүр, ээ, чиркин!.. Мен болсом куру алаканмын!.. Эми эмне кылдым?!. *(Мылтыгын кармалап.)* Ак бараңым барда кор болбойм дечү элем. Кайберен болбосо мылтык деле эчтемеге жарабай калат тура!.. *(Эки жагын карап.)* Кара зоонун шагылынан да кайберени көп эле го!.. Эми бирөө да жок!.. Бардык жерде куураган баштар!.. Ой, жараткан ай-йа!.. Тоолор томсоруп, мени эмнегедир коркунуч басат... Бүт ааламда жалгыз калгандай жетимсирейм... Мен корком! *(Үзүлө кыйкырып.)* Кечээ эле жер жайнаган кайберендер кайда кетти, айткылачы айланайындар?!. Алардын тукумун ким соолутту?!. Карышкырларбы же менби?!. *(Үнүн басаңдатып.)* «Адамдын колу уу, мергендин кумарына азгырылбай, өзүбүзгө жетерлик, ченеп атып жүрсөңчү, абышка! Обу жок кыра берсең кайберендердин убалына калабыз, тукуму үзүлөт. Ар ишти ченеми менен кылган жакшы эмеспи!» деп курган кемпир күңгүрөнүп калар эле. Ошенткенде, суу какшыса какшыйт, кайберендердин тукуму үзүлбөйт деп кашкайып туруп жооп берер элем... күлөр элем... Мен алды-артыма карабайт элем... Карышкырлар туюкка камаган эчкитекелерди боо түшүрүп коюп, алсам бирөөнү алып, калгандарын бөрүлөргө тойлотуп кете берер элем... Ошондо менин оюма эмне келчү эле жараткан, кана, калыстыгыңды айтчы?!. Оюма эчтеме келбейт эле... Пайгамбарыма ичимден жалынып коюп, өзүмдүн көзгө атарлыгыма маашырланып... Мен ата берер элем!.. Кубана берер элем!.. Ошондо мен эмнеге кубанып жаттым экен, я?!.

*(Жакын эле жерден кузгун куркулдайт...)*

Карыпбай. Кайра кайра курк-курк этип... Каргыш тийген тарпчылар, силерге эмне керек, я?!. Ушу темтеңдеген чал качан өлөт деп, менин өлүмүмдү күтүп жүрөсүңөр го!.. Булардын тилегени дайыма өлүм!.. Жандуулардын өлгөнү буларга той, буларга ырахат!.. Жоголгула дейм тилеги жаман шүмшүктөр, жоголгула! *(Акырын.)* Буларды мен тилдеп жатам, айыптап жатам... Мүмкүн, алардын балдары да ме-

никине окшоп ачка отурушкан чыгар?.. Кузгундар деле тукумум үзүлбөсө дейт да! *(селт этип ордунан атып турат.)* Токточу!.. Мына, эчкилер дагы маарады!.. Жакын эле жерден... *(Тыңшап.)* Азыр... азыр... Кайрадан эчтеме угулбай калды!.. Мына, дагы маарап жатат!.. Ой, тобба, ай-йа!.. Бул эмнеси, я?!. Мурдагы эчкилердин маараганы азыркыдай бүткөн-боюмду дүркүрөтчү эмес эле. Булардын маараганы жүрөгүмдү эзип жиберди го, жараткан! Эмнеге мындай?! *(Тыңшап.)* Кайрадан маарабай калышты! *(Күрсүнүп.)* Атаганат!.. Адамдар жоолашпаса, бирин-бири талап, бирин-бири өлтүрүшпөсө, мен балдарымдан айрылбайт элем го, карганда көргөн жалгызымды аман сактаймын деп, эл журттан безип, адам буту баспаган Кара зоого ала качпайт элем го!.. Адамдар өмүр бою эле ушинтип бири менен бири жоолашып, биринин канын бири төгүп, бирин бири азапка салып эле жүрө беришеби же... Кантип эле ошондой болсун... Бир кездерде бардык эл туугандашып, бир атанын балдарындай ынтымак менен күн көрүшөр... Бирин-бири көргөндө кандары ичине тартып, бирине бири найза кылыч тапташпастан, жарк этип·күлүп, кол сунушар. Атаганат, ошондой күндө туулуп калсак, кана! *(Күрсүнүп.)* Мен санаам менен байып, өзүмө өзүм жомок айтып, өзүмдү өзүм жооткозуп жатбайымбы. Кой, отурбайын. Кеч кире электе кайберен изин кууп... Бул эмнеси; я, эки тизем таптакыр жылдырбай... жөн эле жүлүнгө сайгандай сыздап... Ой, жараткан, ай-йа!.. Ушундай да болот экен, ээ! Эми эмне кылдым?! Биротоло ушинтип ордумдан жылалбай калып, карга-кузгунга жем боломбу, я?!. О, курган Карыпбай!.. Жакшы эле кайраттуу эмес белең. Шалдыраба!.. Бул жалганда туулмак да арзан, өлмөк да арзан... Жансактоо баарынан кымбат!.. Ит көрбөгөн азапты көрүп, жан азабын жебей арзан оокат кылган пендени кайдан көргөнсүң сен?!. Жан чыкмайынча, аман калам деп тырмышып жатып, жедеп арга түгөнгөндө гана, ошондо өлүш керек, өлгүң келип чыдабай баратсаң!. Бол, шалдырабай, чыйрал! *(Кулак түрүп.)* Токточу!.. Телки баулап жаткан шекилденет, жап-жакын жерден... Анын үнү ыйлагандай болуп... Капырай-йа!. *(Мойнун созуп, жанжагын каранат.)* Тээтигинде, чөп башы кыймылдады... чаарчык болуп жүрбөсүн, я?!. О, жараткан, чаарчык экен!.. Жаңкы телки чаарчыгынан адашып калып баулаган турбайбы, көрсө. Качырып жибербегей элем. Жо-ок, мен эми куткарбайм... Менин мылтыгым бар... Кана, касиетиңден айланайын пайгамбарым, баң этериң менен жалп эткизип, мендей пендеңди ырыска бөлөчү. Уулум менен кемпириме бир күнгө болсо да азык болсун!.. Кана, берчү болсоң бере көр эми,

теңирим! *(Мээлеп атат. Карыпбай кубанып.)* Кудайым берип салды окшойт!.. Тырп этбей калды! *(Мылтыгын өөп.)* Ыйыгым!.. Пайгамбарым!.. Кудайым берип салды мага!.. Берип салды!

*(Карыпбай жыгылып туруп, андан-мындан бир аттап жүгүрөт. Чаарчыкты аткан жерге жетип токтойт.)*

Карыпбай. Балам!.. Кулунум!.. *(Баласынын өлүгүн басып жыгылат. Аздан кийин башын көтөрүп, жанындагы мылтыгын ташка чаап сындырат. Өксүп ыйлайт.)* Жалгызым, ала жат таштап кетбей! Ала жат!

*(Комуздун кылдары муңканып ыйлайт. Карыпбай тизелеп отуруп, баласынын сөөгүн тиктейт. Тил катбайт. Үнү гана угулат.)*

...Кийик тон кайдан кийгиздим, ботом.
Кымбатым атып тийгиздим, ботом.
Алты жашка барганда,
Аталап чуркап калганда,
Абайсыз жерден күйгүздүң, ботом.
Ала турган болгон соң,
Алтынды кайдан сүйгүздүң, ботом!
Тоодогу аккан булагым, ботом.
Тозокту күндө турамын, ботом,
Кагылайын Карагул, ботом,
Канган жыттап кумарым, ботом,
Көп-кейиш кесип демимди, ботом,
Кетип турат чыдамым ботом.
Жаркырап күйүп турчу эле,
Жалп этип өчтү чырагым, ботом.
Ак бараң мылтык асындым, ботом,
Аяктай ташка жашындым, ботом.
Айылдан ажал алат деп,
Ала-Тоого жашырдым, ботом.
Кызыксам кырып өчөшүп,
Кайберендерге асылдым, ботом.
Каргышы тийип кеттиби,
Бүгүн каралдымды атып басылдым, ботом—
Элик десем өз балам,
Кучактап башын бакырдым, ботом.

*(Карыпбай баласынын сөөгүн көтөрүп ордунан турат. Мурдагыдай эле телмире баласын тиктейт.)*

...Жаралдың беле жапага, ботом,
Кутулбас куурал капага, ботом,
Чоңоер замат жабышат,
Куу ажал бала-чакама, ботом.
Баламды жутуп алдым деп,

Куу баш болуп калдым деп,
Эми кантип айтам апаңа, ботом...
*(Карыпбай илкий басат. Комуздун кылдары муңканып ыйлай берет.)*

## ОН ЭКИНЧИ СҮРӨТ

Жалама боор зооканын этегинде көк жайык. Ар кайсы жерлерде дөө таштар күрсүйүп чокмороктошот. Асман жылчыксыз, салмактанган кара булуттар, биринин үстүнө бири чөгүп, одургуп, жөөлөшөт. Алардын алды түлөгөн төөнүн чуудасындай самсаалап, жер бетин жалап-жуктайт. Шамал бирде, ышкыра калса, бирде тып басылып, айлана түнөрүп кунарсыз. Алыстан «Карагул!» деп өксүп чакырган үн угулат. Бир аз өтбөй жыгылып-туруп Сырга кирет, Куудай болгон чачы жайылып, үстүндөгү кийиминин сайда саны жок. Сырга көк жашаңга келип сулайт. Өпкөлөйт. Анан бир нерседен чочугандай бир колун таянып, кулак түрөт.

*(Сырганын үнү.)*

...Капчыгай жактан үн чыгат, ботом,
Капасы бардай унчугат, ботом.
Эмне экенин билбеймин,
Жүрөгүм кысып тумчугат, ботом.
Капкайда жаман санаалар,
Кабыргамды чымчылап, ботом.
Ой-тоонун баарын кыдырдым,
Олтура албай тынчыраак, ботом.

Өзүмдөн өзүм эчкирип,
Ыйлагым келет буркурап, ботом.
Жамандык белги болобу
Кулагым чуулдайт чуркурап, ботом.
Аман болсоң болгону
Чымындай жаның жылтырап, ботом.
Эмне экенин билбеймин,
Эчактан каткан куу эмчек,
Ооруйсуң эмне зыркырап, ботом?..

*(Сырга башын чулгуп, эсин жыят. Ышкырган шамалдын толкуну анын куудай чачын кез келди сапырып, ошол замат тып басылат.)*

Сырга. Мен куруюн, кайдагы бир жаман ойлорду ойлоп, алып... Жок, жок айланайындар... Менин демиме дем кошкон перзенти, өзүмдөн кымбат эркем, божураган эрмегим атасын ээрчиймин деп, ушул эле жерлерде адашып жүрбөйбү... Мен анын апакелеген үнүн угуп жатбайымбы... Мен бир аз тыныгып, алып, азыр барам... Менин каралдым, мени көрүп, сүйүнгөнүнөн апкелеп алдымдан жүгүрүп чыгат! *(Эки*

*жагын каранат. Күрсүнөт.)* Ай, жараткан, ай! Бала көрдүңөрбү, айланайындар деп бир ооз сөз сураганга өзүмдөн башка бир да тирүү жан көралбадым!.. Ызаланганымдан ичимден кан өтүп, кор болуп кеттим!.. Болду!.. Чалдын көңүлүн оорутбайын деп, эмне айтса бардыгына макул болуп жүрүп, акыры ушундай күнгө жеттим!.. Эми жаман каралдым табылары менен ошол замат эле элге кетем... Мен эми өз тизгинимди бербейм!.. Баламды алып кетем... Көзүмдүн тирүүсүндө өзүнүн элине кошом... Калк керегине жараган азамат болсун!.. Чал экөөбүзгө окшоп эптеп курсак тойгузуп күн көргөнчө, жашабай эле койгону артык!.. *(Эки жагын каранып.)* Бул жерде да куураган баштар!.. Токтогулачы! Кууранган эмчек бүгүн башкача ооруйт, бул эмнеси, айланайындар?!. *(Карыпбай кирет. Жонуна бирдеңкени артып алган. Сырга утурумдап.)* Айланайын абышка, Карагулубуз жок, эртеден бери издеп жүрүп таба албай... кара көзүбүз кашайып калганбы деп чочуйм... Эмне унчукпайсың, абышка?!. Эмне телмиресиң, кургурум?!. Бала жок десем кебелбейсиң, сага эмне нес тийгенби?!.

Карыпбай. Абышкадан ал кеткен, кемпир,
Кубаттуу көздөн май кетет, кемпир.
Баягыдай боло албай,
Байкушуңдан шай кеткен, кемпир.
Сүйүнсө маңдай жарылбайт,
Корксо жүрөк айрылбайт,
Корголоткон Карагул,
Бүгүн өз колумдан жай тапкан, кемпир!

Сырга. Оозуңа таш! Эмне дейт, шорум?!.

Карыпбай. Биз турдук тоону мекендеп, кемпир,
Ушул ак жолтой өрөөн экен деп, кемпир.
Ойлодум эле баламды,
Он сегизге чыгарып,
Айылды көздөй көчөм деп, кемпир.
Берген кудай кайра алды,
Бербептир боосун бекемдеп, кемпир.
Кийиктен кур кол келатып, кемпир.
Атып алдым баламды,
Муну уктаган улак экен деп, кемпир...

*(Карыпбай жонундагы баланын сөөгүн жерге алып коет. Сырга* «Кулунум!» *деп уулунун сөөгүн басып жыгылат. Комуздун кылы муңканып ыйлайт. Сырганын үнү угулат.)*

Сырга. Эмне жазгам кудайга,
Эзилип муңга күйгөндөй, ботом,
Жаттың беле жол тосуп,

Балам ажалыңды билгендей, ботом.
Уктаган элик экен деп,
Атыптыр атаң ийменбей, ботом.
Эми түбөлүк ыйлап жүрөмбү,
Тайлагы өлгөн ингендей, ботом,
Ээрчип бир бүгүн атаңды, ботом,
Тарттыңбы келбес сапарды, ботом,
Уктап калып нас басып,
Ажалга-алдырдың алтын сакамды, ботом,
Боздотуп жалгыз таштабай,
Кагылайын Карагул
Бооруңа баса жат,
Кара бет байкуш апаңды, ботом...

Карыпбай. Байбиче, сабыр кыл, кантмек элек, кудайга тобо келтирели.

*(Сырга ийне менен сайгандай ордунан ыргып турат. Күн күркүрөп, чагылган чагылат.)*

Сырга. Сүйлөбө, ырысы жок, кудайың менен куруп кал... Кара жердин жыртыгы калса, менин Карагулум менен бүтөп алсын!.. *(Уулунун сөөгүн тиктеп, акырын.)* Өсүп келаткан чырпыгымдан айрылдым!.. Сайрап турган чымчыгымдан айрылдым!.. Жаткан жериң жай болсун, балам, топурагың май болсун!.. Эмчек сүтүмдү кечтим!.. Эмчек сүтүмдү кечтим!..

*(Кузгундар куркулдайт, Сырга түнөргөн ээндикти тиктеп, тилсиз Карагулдун ырдаганы угулат.)*

Атам айткан ак тулпар,
Токуп минип аламын,
Асмандагы булутка,
Зуулдап учуп барамын.
Эки көзүн толтуруп,
Куржунума саламын.
Карап турам жердеги,
Апакемдин караанын.

*(Күн күркүрөп, чагылган чартылдайт. Жал-куйругу төгүлгөн ак тулпарын азанатып, колуна найза кармап, зоот кийген Карагул жарк этип көрүнө калат да, ошол замат көздөн кайым болот. Айлана кайрадан түнөрөт. Сырга «Кулунум!» деп өксүп кыйкырып баласынын сөөгүн баса жыгылат. Күн күркүрөп, чагылган чагылат. Карыпбай нес болгон немедей телмирип туруп, анан чөгөлөп отурат.)*

Карыпбай. Сырга!.. Тура кой, эми, кантмек элек. Сырга дейм!.. *(Сырганы тарткылайт. Үн жок. Карыпбай бакырып.)* Сырга!.. Сырга!.. Сырга-а! *(Ыйлап.)* Сен да мени таштап

кеттиңби? Сыргатайым!.. *(Күн күркүрөп, чагылган чартылдайт. Карыпбай нары-бери жүгүрүп)* О, адамдар!.. Кайдасыңар силер?!. Эмне үнчүкпайсыңар?.. Биз, адамдар боорукер, кайрымдуубуз деп кан какшоочу элеңер го... Ошол ырас болсо... эч болбогондо бирөөң келип, мен шордуууга көңүл айтып, соороцсоң болбойбу!.. Кайдасыңар ошол боорукер, кайрымдуу адамдар?!. Эч ким жок!.. Береки алай-дүлөй болгон, түбүң түшкөн дүнүйөдө жалгыз гана мен, коколой гана башым! *(Кыйкырып.)* О, жок, жок!.. Өзүнө өзү көр казган, акмакка да адам келчү беле!.. Келбегиле, мага адамдар!.. Келбегиле! *(Кыска паузадан кийин, акырын.)* Мага кузгундар келсин! Кузгундар! *(Күн мурдагыдан да катуу күркүрөп, удаа удаа чагылган чагылат.)* Өрттөп жибер мени, чагылган!.. Өрттө!.. Өрттө мендей ырысы жокту!.. *(Күн дагы күркүрөп, чагылган чагылат. Карыпбай башын жерге салып, уулу менен кемпиринин жанына келет. Комуздун кылдары муңканып ыйлайт. Карыпбай өксүп кыйкырып, уулу менен кемпиринин сөөгүн басып жыгылат.)* Сырга!.. Карагулум!..

*(Сахнада жарык өчөт. Караңгыда Карыпбайдын үнү угулат.)*

...Улагы башын салаарда,
Мактанып жастым кетирбей,
Жара атып телки желинин,
Агызып сүтүн жегемин, ботом.
Жылмайып карап турчу элем,
Жыгылган чаарчык өлүгүн, ботом.
Ойлобопмун убал деп,
Тоо көркү кийик өлүмүн, ботом...

*(Акырындап көшөгө жабылат.)*

*С. ШИМЕЕВ*

# ТҮНКҮ ЖОРУК

*(Куурчак театры үчүн ыр менен жазылган эки көшөгөлүү беш сүрөттүү пьеса.)*

КАТЫШУУЧУЛАР

Медер
Күкүш эне
Кара Чоро
Жолборс
Пил
Короочу
Көк-Жал
Жетим козу
1-карышкыр
2-карышкыр
Бороондун үнү

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

### БИРИНЧИ СҮРӨТ

Капчыгайдын оозундагы чоң кара таш. Кара таштын ар жагы үңкүр. Кеч кирип бараткан маал. Кар боройлоп жаап жатат. Үңкүрдөн Кара Чоро чыгып, эки тарапты карайт.

Кара-Чоро. Жакын жерде кыбыр эткен жан көрүнбөйт.
Мен адаштымбы?!.
Болжолдо, малчылар, кышташ керек эле,
Бороондо бөлөк белди аштымбы?!.
Кечке жол бастым,
Бул тарапта малчы жокпу?

Демейде кыштоо болчу, ар бир кокту...
Бул жактын жери да башка,
Эли да кашка?..
Мени быякка жибергенде,
Ата Кырсык менен Күйүт эне,
«Бул элге баргандар көп,
Аз болот кайткан?..»
Деп аябай эскертип айткан...
Демек, мага керек, эң биринчи сактык,
Анан кылдаттык, тактык,
Үчүнчү дагы сактык!..
Кичине жерден жаңылганым,
Ал душманыма кабылганым...
Берген шертимди аткара албай калганым,
Уят болуп, убадамдан танганым...
Ант уруп, каргышка башты салганым!..
О, анда күчөйт менин арманым!..
Качан кырсыкты сээп турсам,
Кубанычты тээп турсам,
Кайгыны үйүп турсам,
Күйүткө жүрөктү өрдөтүп турсам,
Кара-Чоронун жарпы жазылат,
Тегеректи аймоочу алкы ачылат!..
Мен болом каралыктын чоросу!..
Жакшылыктын жолун торочу!..

*(Бир аз ойлуу басат. Улам капчыгай жакты карап.)*

Жол чалып кеткен Көк-Жалым,
Жүрөгүндө карасы жок,
Жеткен баатыр Көк-Жалым,
Келмек эле кайда жүрөт?
Бүгүн дагы каламбы, бу жерде түнөп?..

*(Кайра үңкүргө кирип кетет. Ар жактан элеңдеп чуркап Жетим козу келет. Ал катуу маарап, корконунан жанталашып, кара таштын коңулуна жашынат. Артынан шашпай, тилин салаңдатып, Көк-Жал келип, козуга тап берет).*

Көк-Жал. Ой, Жетим козу!
Менден чочулап, качпа!
Мен итмин, адамдын досу!..
Үшүпсүң, бери келчи жылытайын!

Жетим козу.
Апий, барбайм, корком!

Көк Жал.
Коркпо!

Жетим козу.
Жок, жок, митайым!
Көк Жал.
Ишенсең, жетим козу!
Жолборстун тууганы болот.
Кебетемди көрбөйсүңбү, окшоп турам,
Жогорку чабандын итимин,
Койлорум бар, толтура короом...
Жетим козу.
Тилиңди салаңдатып чыгарып,
Эки көзүң канталап,
Карышкырдыкындай кызарып,
Мени жеген турасың!..
Көк Жал.
Оңбогур, карышкырды кайдан көрдүң?
Жетим козу.
Энем айткан.
Көк Жал.
Итмин десем, ишенбейсиң,
Жетим кекчил, акыр оңбойт...
Жетим козу.
Ит эмессиң, бөрүсүң,
Бөрү баласы ит болбойт!..
Көк Жал.
Ырас, мен бөрүмүн, энеңди мен жегем...
Жетим козу.
О, тилегиң таш капкыр!
Көк Жал.
Эми насибим сен белең!..
Үч күндөн бери ачкамын,
Койлорду аңдып жаткамын.
Качан адашып койлор калганда,
Мен жакындап барганда,
Жолборс менен ээси көрүп айдап кетти.
Тумшугумду ысык канга малбай, калдым арманда!..
Оозумдун салуусу бар экен!..
Жетим козу.
Жолотпойм сени жаныма!
Көк Жал.
Ха-ха-ха! Арыңа ии...арыңа!
Мени жесең да,
Жумуруңа жук болбойм...
Көк Жал.
Жук болбосо да,
Жаш каныңды шимирип,

Жаш этинди чайнап,
Кемирчек сөөгүң кемирип,
Өзүмчө бир чардайын!..
Жетим козу.
О, каракчы!..
Көк Жал.
Сени жемейин, артындан калбаймын.
*(Тиштерин шакылдатып.)*
Колго түшкөн коёнду,
Коё берген оңобу!..
*(Көк-Жал жемекчи болуп, жакындайт. Жетим козу жанынан баарынча маарап, үңкүрдүн оозуна барат. Козунун үнүн угуп, ар жактан Кара-Чоро чыгат. Көк-Жал селдейип туруп калат. Кара-Чоро келип, Көк-Жалдын башын сылайт.)*
Кара-Чоро.
Ии... Көк-Жалым!.. Келдиңби?
Бу жетим козуну аңдыба!
Бүгүн түнү,
Короо кой түшөт алдыңа!..
Кырсык атамдын жолборсу,
Кара-Чоронун насиптеш жолдошу.
Сен дагы ачка,
Мен дагы ачка,
Мына жашынып турабыз кара ташка!..
Бороон досумду чакырайын,
Чабандын эсин оодара шаштырайын,
Ошондо тобуң менен
Чилдей бытырап, койго тийгин Көк-Жалым!..
Ал эми, ушу Жетим козуну,
Мен алдыма кармайын,
Көтөрүп алып барайын,
Ким экенимди билгизбей,
Келиштире калпты айта салайын!..
*(Көк-Жал кетет. Кара-Чоро артынан карап туруп, козуну кармамак болот. Козу карматпай убара кылат.)*
Бул элдин малы да кежир,
Бөлөктүгүмдү сезип жатат..
Шашпа, кеч кирсин, тилегиң катат...
*(Капчыгай тараптан Медер көрүнөт).*
Мына балакет!.. Менин шыбышымды чалган,
Алыстан абайлап калган,
Адам окшойт...
Түптүз келе жатканын кара!..
Эми кабылмак болду балээ!..
*(Жетим козу жанынын баардыгынча маарайт.)*

Таш жаагыңа!
Тапанчамды октоп алайын,
Кармайм десе, өлбөгөн жерде калайын!..

*(Атууга камынат.)*

Эмне кылсам?
Эгер мандайга атып тынсам?
Жок бир аз сабыр этейин.
Ээрчигени болбосо,
Анан кийин түбүнө жетейин!..

*(Медер жакындап келе жатканда Кара-Чоро үңкүргө кирип жашынат да аңдып карап турат. Медер келет.)*

Медер. Айланайын жетим козум,
Издебеген жерим калбай,
Куруган эле амалым!..

Кара-Чоро. Өх, жаным ай!..
Аңдыган кишиби деп,
Куурула түштү заманым!..

Медер. Жетим козум, карайынчы,
Дагы адашып калган кой, козу жокпу?!

*(Үңкүрдү көздөй басат. Кара-Чоро качмак болот.)*

Кара-Чоро. Кайда качам?..
Жок, качууга болбойт...
Эгер көрүп калсачы!..
Анда жумшайын бир гана окту!..
Тим койсом башкаларды чакырып,
Акыры соо койбойт...

*(Медер үңкүрдүн оозуна жакын келип, кайра кетет да, козуну көтөрүп жолго түшөт.)*

Медер. Жетим козум, башка жол жок окшойт,
Шыбыр эткен дабыш угулбайт.
Кетели кечиккен сайын,
Апам санаасын санга бөлүп ойлойт...

*(Медер кетет.)*

Кара-Чоро. Кана, кайраттан, Кара-Чоро!
Тигил баланын короосуна жеткин!
Бороонго калбай бул жерден кеткин!
Момоюп мусапыр болуп кал,
Бул эл мейман досчул болот,
Демек сен кудайы конок...
Мелтиреп, үлдүрөй бер, шегиң жоголот...

*(Ар жактан Көк-Жал атып чыгып келип, ээсине шыйпаңдайт. Кара-Чоро эркелете сылайт.)*

Кана, мырза Көк-Жалым,
Адегенде жолборсун өзүң жайла!
Анан артынан койду сүрүп айда!..

Бул журттун малын жоготолу короолоп!..
Эмесе аңдууга чык!
Түнкү чабуулга чык!
Жөнө, Көк-Жалым, бүгүн түнү ишибиз оңолот.
*(Көк-Жал ээсин бир айланып, жөнөйт.)*
Боо түшүп, мал кырылчу,
Ооруну тараткын!
Ошентип арамдыктын тулпарын сабаткын!..
Адамдар кырсыкка чалынса,
Түйшүккө кабылса,
Күйүткө малынса,
Күнү туугт Кара-Чоронун!..
Каралыкка ниеттеш досум,
Ажал менен тилектеш досум,
Жамандыкка жүрөктөш досум! —
Бүгүн түнү ажыдаардай ышкырып,
Чамынып бер бороонум!
Жин-шайтаныңды учуруп,
Камынып кел бороонум!..
Анткени...
Самаганым кыргын,
Каалаганым кыргын!..
Көздөгөнүм кырсык,
Издегеним кырсык!..
Демек долулан бороон, долулан!
Сенин кандуу жолуңан,
Чаң-тополоң түшүп,
Жут жутатып келсин соңунан!..
Ач карышкырлардай улугун, бороон!
Кирген буурадай жулунгун, бороон!
Ботосу өлгөн ингендей боздогун, бороон!..
*(Кара-Чоро жөнөйт.)*

Көшөгө

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

Алыскы тоодогу кыштоо. Жылганын оозундагы малчынын үйү. Ар жагында кой короо көрүнөт. Кар улам күчөп жаай баштайт. Каш карайып бараткан мезгил. Күкүш эне тынчсызданып, капчыгай тарапты карап, чебеленет. Пил менен Короочу улам ары-бери жүгүрүп үрүүдө.

Күкүш. Ботом, балам эмне кечикти?
Каш карайганча жок, бир кырсыкка кезиктиби!..
Болбосо адашып калган койлорду.

Медер же Жолборс көрмөкчү,
Эмдиге дейре айдап келмекчи!..
*(Эне ойлуу турганда Пил менен Короочу үрүп жөнөшөт. Эне башын көтөрүп, сүйүнүп.)*
Кудай жалгагыр!.. Табышкан тура!..
Кайран Жолборсум,
Адашкан койлорду айдап келе жатпайбы!
Кызык, уулум кана?!
Кечиксе, сукка тоңуп катпайбы!..
Карайынчы!..
*(Эңкейиш тарапка басат. Жарыша чуркап Пил менен Короочу келет. Короочу арсылдап үрөт.)*

Пил. Сага эмне болду?
Короочу. Үрүп жатам.
Пил. Үргөнүңдү билип жатам.
Короочу. Билсең эмне сурайсың?
Пил. Карышкыр же ууру көрүнсө,
Мейли го арсылдасаң.
Короочу. Шылдың кылчу болдуң, бура бастырбай,
Кызыксың, катуураак үрүп, карсылдасам,
Ууру, бөрү алыс качат,
Ажыдаардын куйругун баспайын деп,
Узап кеткенче шашат!..
Пил. О, баатырымда кеп бар тура!..
Корстонуп жүргөнүңө,
Курулай корсулдап үргөнүңө,
Тим эле күлкүм келет...
А сенчи Көк-Жалга теңеп...
Короочу *(чочуп)*. Көк-Жал?!. Кана?..
Пил *(шылдыңдап)*. Тигине!..
Короочу. Эмне?
Пил. Коркпо, тамаша...
Короочу. Сенин тамашаң Көк-Жалбы?
Пил. Анан сенде ар барбы?!
Ажыдаардын куйругу сенби?..
*(Күкүш эне Жолборсту ээрчитип келет).*
Күкүш.
Ушуга дейре уулум келбеди,
Адашып калдыбы?
Жолборс койлорду өзү таап, айдап алдыбы?!
*(Иттер капчыгай тарапты көздөй үрүп жөнөшөт.)*
Кайдан адашып келе жаткан адам,
Кар жаап турганда, күндө, тоо-ташта?
Демек, бул Медер,
Жолборстун үргөнү башка...

*(Аңгыча болбой Медер Жетим козуну көтөрүп келет. Артында кубалашкан Жолборс, Пил, Короочу келишет. Эне кубанып, уулунун колундагы Жетим козуну алат).*

Каш карайганча сен жок,
Санаам санга бөлүнүп,
Улам карайм, капчыгай менен белди.

Медер.

Жетим козуну таппай,
Кыдырбадымбы далай жерди,

Күкүш.

Кана уулум, үшүдүң, үйгө кирели,
Мына бороону да күчөп келди...

*(Күкүш үйгө жөнөйт. Медер жетим козуну короого киргизип, энесинин артынан кирет. Сахна айланат, бир аз караңгылап, жарык болот. Түн. Үйдүн ичи. Жөнөкөй жасалгалуу. Бороон улуйт. Эне мешке от жагат. Медер приёмник менен алек.)*

Күкүш. Капырай ай, бороондун түрү курусун!
Карачы!
Жинденип боздоп улушун!
Жан койбойтко,
Бүгүн талаада калган оңбойтко!..
Ачыктагы мал тоңуп өлөт...
Кантер экен малчы байкуштар?
Ай, ушу түндө көргүлүктү көрөт!..

Медер. Кышкысын малчынын турмушу түйшүк экен!

Күкүш. Ырас, жайкысын жайлоодо.
Малчы жүргөн конок...
Кышкысын түйшүк тартат,
Түйшүксүз оокат да жок.
Чынында түйшүк чекпеген турмуш,
Өчүп бараткан чок!..

Медер. Малчыларды баатырлар десек болот,

Күкүш. Баатыр?.. Атаң өзүн баатырмын дебейт...
Малсыз анын күнү жок.
Азап чексе да мал башында болсо, көңүлү ток!..
Анткени мал менен жаны бир!..

Медер. Эрдик менен эмгектин каны бир!..

Күкүш. Тынчыбыз кетет окшойт...
Капырай оң көзүм тартат,
Көк-Жал тийгилик кылбасын...
Корком, түндө,
Ач бөрүлөр койлорду кырбасын!..

Медер. Көк-Жал бир ит да...

Күкүш. Жок, Көк-Жал түлкүдөн да амалдуу!..

Чамабыз келбей, шагыбыз сынбасын!..
Тыңшачы!.. Карышкырлар!..

Медер *(тыңшап)*. Бороондун эле улуганы.

Күкүш. Көк-Жалдын тобу болбосун?!

Медер. Эч нерсе уйгулбады!..

Күкүш *(тыңшап)*. Жок, жок, малчы айрат үндү,
Ана кулагым чурулдады!..
Демек, топ карышкыр...
Мылтык аткын, балам!
Шайыбыз келбей калат,
Ушу бороонодо тийсе жаман!..

*(Медер сыртка чыгып, удаа мылтык атып, анан үйгө кирет).*

Медер. Ой, бороондун ызылдаганы!..
Мылтык атып киргенче,
Кулак-мурдумдун тызылдаганы!..
Апа, тыңшачы!
Бороондун үнү. Ууу-ууу-ууу!
Мен бороон, мен бороон,
Алдууну да мен сором,
Алсызды да мен сором!
Камдууну да мен сором!
Камсызды да мен сором!
Тоңдууну да мен тоңдурам!
Тону жокту да мен тоңдурам!..
Ууу-ууу-ууу! Мен бороон!
Жолоочуну жолдон чыгарып,
Буюктурар мен болом!
Кайыктырар мен болом!
Ууу-ууу-ууу! Мен бороон!
Мен бороон! Мен бороон!

Күкүш. Бороондун жаагы да катуу,
Жаалы да катуу!
Бороондун үнү. Ууу-ууу-ууу! Мен бороон!
Теңдеши жок эр болом!
Суук атар мылтыгым,
Үшүк чабар кылычым!
Суук адам шоруң да,
Үшүк жайган торум да!
Суук салган капканым!
Үшүк кыя чапканым!
Ууу-ууу-ууу! Мен бороон!
Кошмосу жок эр болом,
Тосмосу жок эр болом!..

Медер. Апа, Жолборс үрүп жатат.

Күкүш. Бекер үрбөйт, карышкырлар жакын...

Бүгүн үйгө жатпайлы!
Медер. Мен чыгайын,
Койлорумду аман сактайлы!
*(Мылтыгын октоп, октон чөнтөгүнө салат.)*
Эми Көк-Жал келсе,
Үзө атамын толтосун!
Күкүш. Кой, баатырдык кылба, балам,
Көк-Жалдын сүрү жаман,
Бетиңен чыкса коркосуң...
*(Медер чыгып кетет).*
Ботосу өлгөн ингендей,
Карачы бороондун боздогонун!..
Карышкырлар кошо улушуп,
Көрчү бороонду коштогонун!
Кудай сактай көр!
Бул шумдуктуу түндө,
Кимди ким жеңет,
Кимге ким баш ийип берет?!

*(Сахна жылат. Короонун эшигинин алды. Эшикке асылган чырак бүлбүлдөп жанып турат. Медер тон кийип, мылтыгын асынып, ары-бери басып, эки жагын тыңшайт. Жолборс улам короону айланып келип, арсылдап үрүүдө.)*

Медер. Бах, сууктун күчү ай!
Тим эле тызылдатып тилчүүдөй бетти.
Бороон болбосоң коё кал,
Биртике жүрсөң,
Колду, бутту сенейтип,
Таптакыр-такыр кетирчүдөй эпти...
*(Жолборс үргөн бойдон эңкейишке кетет.)*
Жолборс! Жолборс!
Чакырганга карабай,
Неге тызылдап кетти.
*(Аңгыча болбой иттен корунган адамдын үнү чыгат.)*
Кишинин үнү. Чык эле чык! Кет эле кет!
Медер. Демек киши... Кайсы теке сүзгөн неме,
Ушу бороондо түндө жүрөт?!
Малчыбы? Малчы малын таштап кетпес...
Мындай учурда,
Карышкыр менен каракчы эле доорон сүрөт...
*(Күкүш келет.)*
Апа, неге келдиң?
Күкүш. Ботом, келбейимби?!
Медер. Мен өзүм жетишем, үйгө бар!
Күкүш. Жолборс бирөө менен алышып жатабы?
Медер. Ооба.

Кукуш. Киши, ким? Кокуй малчылар айткан...
Медер. Чш... Акырын...
Кукуш. О, шумшук, тилеги каткан...
Медер. Мүмкүн, адашкан малчыдыр...
Же капкан салчыдыр!
Кукуш. Аңчы менен малчы,
Бороондо жылуу үйдөн чыга койбос!..
Медер. Эгер душман болсо,
Ойлонуу керек, убакыт тар!..
Сен азыр үйгө бар,
Шек санабай, билмексен болуп кал!
Кумөн кыла көрбө асты...
Кылт эттирсек, балаа басты!..

*(Кукуш кетет. Сахна караңгылап, кайра жарык болот. Кокту. Жолборс Кара-Чоронун этегинен тиштегилеп, булкуп, кырга чыгайын дегенде кайра ылдый сүйрөп, шайын оодарат. Кара-Чоронун кийимдери тытылган. Айласы кеткен Кара-Чоро кончунан канжарын суурун, итти саймакчы болот. Байкап калган Жолборс шак секирип, буйтап, аркасынан келип, жондон тиштеп ыргытат. Канжар тигинин колунан ыргып кетет. Бир далай канжарын издеп араң табат.)*

Кара-Чоро. Ит эмей эле бир балакет...
Эсимди оодарды,
Кучүм да алым да жетпеди,
Кылсам дагы жан алакет...
Бул чабандын жөнөкөй ити эмес,
Үйрөтүлүп, тапталгандай көрүнөт!..
Кармашкандын ажалы, кабыргасы сөгүлөт.

*(Комдонуп турган Жолборско мээлеп канжар ыргытат. Жолборс шып буйт берип, канжар жерге сайылат. Кармаш).*

Кара-Чоро *(кыйкырып)*. Адам барбы? Итиңер жемек болду.

Медердин үнү. Жолборс! Жолборс! Кел!

*(Жолборс козголбойт. Кара-Чоро түшүнүп, алга түшөт. Бир аз узатып, анан карды буттары менен шилеп, канжарды таап, тиштеп алып, жөнөйт. Сахна караңгылап, кайра жарык болот. Короонун алдында Медер. Жолборс канжарды .билгизбей бурчка таштап, чукул тигинин артынан келет).*

Кара-Чоро. Салоом алейкум, иним!
Медер. Ассалоом алейкум, аба!
Кара-Чоро. Менин атым Кара-Чоро, атың ким?
Медер. Медер.
Кара-Чоро. Бир үйдүн жалгызысың го!
Медер. Жок, эң кенжесимин.
Кара-Чоро. Итиң тытып кете жаздады...
Медер. Үйдө элем, үнүңүздү укпай калыпмын...

Қана, аба, үйгө жүрүңүз!

Қара-Чоро. Қим бар?

Медер. Қим болмок, апам экөөбүз...

*(Унчукпай ээрчип басат. Алар үйгө киерде Жолборс Медердин этегин тиштеп тартат. Медер эшикти ачып.)*

Апа, мейман келди, кабыл алыңыз!
Кириңиз! Мен короону айланып келейин!..

Күкүштүн үнү. Қире бер, балам!

*(Қара-Чорону киргизип, өзү кайра бурулат. Бул кезде ары жүгүрүп кеткен Жолборс канжарды тиштеп келет. Медер канжарды кармалап, ойго түшөт.)*

Медер *(өзүнчө)*. Соо киши эмес!..
Қанжары менин колумда!
Тапанчасы болуш керек боорунда...
Бороон менен Көк-Жалга.
Қошулду дагы бир жоо!..
Ушундан табар бекенбиз арга
Бүгүн түндөн чыгар бекенбиз соо!..

*(Медер канжарды кончуна кыпчып, итин эркелетип, короону айланып кетет.)*

Көшөгө

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### ҮЧҮНЧҮ СҮРӨТ

Үйдүн ичи. Мурунку жасалга. Сыртта дале бороон. Күкүш дасторконду жыйнаштырып, бир четке коёт. Кара-Чоро мешке какталып отурат. Медер мылтыгы менен убара, тазалап, окторун иреттөөдө.

Күкүш *(кара күчкө)*. Курган балам ай,
Аз болбосо үшүк алмак,
Колу-бутуң кыймылдабай...

Медер. Жылыдыңызбы, аба!

Қара-Чоро. Чайдан кийин, жылый баштадым.

Күкүш. Мал болот деген ушул...
Қапырай, бороон кантер экен?
Таңга жуук басылар бекен?

Қара-Чоро. Мен аңчымын апа,
Бала кезден ушул тоолорду кыдырам,
Далай бороондо үшүп,
Қайра бүгүнкүдөй жылыгам,
Бирок мындай бороонду көрбөгөм...

Күкүш. Ботом, мурдагы жылы,

Кыш мындан да катуу болуп,
Тоо-тоонун кырынан,
Кайберендер төмөн, мал короолорго
Түшүп келген, суукка тоңуп...
Ошондогу бороонго, бул бороон,
Шоона илишпей калат...

*(Иттердин абалаган үнү күчөйт. Медер мылтыгын алып чыкмак болот.)*

Карышкырлар тийбесин,
Медер. Короону келейинчи карап,

*(Эшикти ачып чыгат. Сырттан суук кирет. Бороондун ышкырыгы кулакты тундурат.)*

Бороондун үнү. Ууу-ууу-ууу! Мен бороон! Мен бороон!
Алдууну да мен сором!
Алсызды да мен сором!
Камдууну да мен сором!
Камсызды да мен сором!
Тондууну да тоңдурам,
Тону жокту тоңдурам!
Ууу-ууу-ууу! Мен бороон,
Жолоочуну жолдон чыгарып,
Буюктурар мен болом!
Кайыктырар мен болом.
Ууу-ууу-ууу! Мен бороон!

Күкүш. Мына чилденин күчөп турган маалы!

Кара-Чоро. Ошондой бороондун жаалы...

Күкүш. Баса, бороондо, кайдан адашып,
Келе жатасың жөө-жалаң?..
Жаның калыптыр, кыбырап араң!..

Кара-Чоро *(өзүнчө)*. Оңбогон кемпирдин суроосун кара,
Тузак салгысы бар мага...
Кимди ким чалар экен?!.
Чокең кылт эттирип, шек санатпай,
Артындагы изин жабар бекен?!.
*(Угуза)*

Ээ, апа, эки күндөн бери,
Көрбөгөн азапты тарттым.
Капкан салган жерлеримди кыдырып,
Адашып жолдон чыгып,
Атым, капкан, мылтыгым менен көчкүгө кетип,
Жылалбай жолум бекип,
Таштын коңулунда ачка бир күн жаттым...

Күкүш. Карачы, кырсыкты!..

*(Медер кирет.)*

Кайсыл элдесиң?

Кара-Чоро. Кызыл-жарык черикмин.

Күкүш. Черик? Кызыл-жарлык?

Кара-Чоро. Ооба.

Күкүш. Кызыл-Жарда чериктер жок.

Кара-Чоро *(шашып)*. Кандайча?

Медер. Кызыл-Чат болбосун?

Кара-Чоро. Так өзү, жаңылганымды кара...

*(Карышкырлардын улушканы угулат. Иттер жабалактап үрүшөт.)*

Күкүш. Мына келчүүсү келди!..

Кара-Чоро. Кимдер? Ким?

Күкүш. Чочуба, балам, карышкыр.
Улуганын карачы!.. Жаагың карышкыр!..
Жүр, уулум, мылтыгыңды ал!
Октордон чөнтөгүңө сал?
Мылтык атып, үн салып туралы!
Иттерге караан болуп,
Шаштыны кетиришет,
Карышкырлар келишсе, короону тооруп!..

Кара-Чоро. Мен да чыгып кайтарышайын, короону коруп...

Күкүш. Жок, жылуу үйдө жата бергин!
Чочулаба, өз үйүм деп билгин!
Биз кирип — чыгып кайтарбасак,
Карышкырлар койлорду кырат...
Бороонго кошулуп,
Бир түндө тыптыйпыл кылып тынат...

*(Эне уулу менен чыгып кетет.)*

Кара-Чоро *(элеңдеп)*. Жашынан карысына чейин кырааkы,
Мени жаткан жокпу булар сынап?!.

*(Эшиктен баш багып, кайра жабат.)*

Улуй бер, бороон улуй бер!..
Жут чакырып алып кел!..
Малды түгөл кыргын да,
Журтка түйшүк салып кел.
Бороон алың жетпесе,
Ооруну жайып тынамын,
Малдан тукум калтырбай тынамын!..
Кара-Чоро сага бел!..
Абышка, койчусу келгенче,
Коңшу малчыларга кабар бергенче,

Мал кырылчу ооруну сээп кетишим керек,
Изимди жашырып,
Башка жагына кетишим керек!..
Бороон менен карышкыр,
Кара-Чоронун достору...
Эмесе, карышкыр улуп, бороон боздочу!..
Силерсиңер,
Менин тилегимди анык коштоочу!..

*(Кара-Чоро үйдүн ичинде басат. Сахна караңгылап, ачылат. Короонун алды. Чырак араң жанып турат. Медер энеси менен басып, сүйлөшүп, улам үй жакты карашат.. Иттер короону айлана үрүшөт).*

Медер. Апа, бул шектүү киши...
Күкүш. Кокуй, акырын! Аңдып жүрбөсүн!
Медер. Мүнөзү да, кебетеси да башка,
Күкүш. Тс... Шамал быяктан тиги кулак түрбөсүн!..
Биздин шекшигенибизди билбесин!..
Медер. Өзүң байкадың го...
Бул аймакта, Кызыл-Чат аттуу жер жок!..
Калкка ишенип алданып,
Жайган торума чырмалып,
Чындай калпты коштоп,
Тузагыма түштү байланып.
Күкүш. Мен да түшүнө калып,
Сөздү өткөрдүм айланып...
Медер. Кадыр абам айткан неме болбосун?
Күкүш. Ким билет. Андай көрүнбөйт го?!.
Мунуң киши сыяктанат...
Медер. Кеп ошо киши сыяктанганында,
Душман түрүн өзгөртүп жүрөт...
Ичи койнуңа кирип, өз кишиңдей көрүнөт...
Анан иштечүсүн иштей берет!..
Душман күңгүрөнүп чыгып, күлүп келет...
Күкүш. Каап, атаң жок!..
Медер. Жогу жакшы! Бейкапар көңүлү ток...
Күкүш. Тиги кыштоого бирибиз кабар берсекпи!
Медер. Тигил кыраакы анда шекшип калат,
Анан бизге каршы куралына күч салат...
*(Иттер абалап жөнөшөт).*
Күкүш. Келди келчүүсү.
Медер. Ал карышкыр эчтеке эмес,
Үйдөгү карышкыр азапты берчүүсү! ...
Мен кеттим! Сак бол!
Короодон бир карыш жылба!

Күкүш. Карышкыр...
Жөнү жок баатырдык кылба!
*(Медер кыйкырып кетет, мылтык атылат).*
Айдак! Айдак! Ал, Жолборс! Ал! Ойт! Уйт!
*(Күкүш эне ары басат. Бул учурда ар жактан Кара-Чоро келет. Иттер, мылтык үнү. Ар жактан Күкүш келе жатканда Кара-Чоро тып токтойт. Күкүш муну көрө коюп, селт этип чочуп кетет).*

Кара-Чоро. Энеке, мен эле! Чочубаңыз!
Күкүш. Кайда кетти балаңыз?
Кара-Чоро. Карышкыр... Карышкырлар!..
Уктум! Бороон долуга,
Карышкырлар кошула,
Тынчыңарды алды го,
Мен да чыгып калдым,
Силерге караан болууга!..
Күкүш. Рахмат, балам!
Азабыбызды береби деп корком,
Бороондун да, карышкырдын да түрү жаман...
Кудай жалгаар эле,
Эгер түндөн чыксак,
Мал-жан аман!..
Үшүйсүң, үйгө кир,
Карачы сууктун мизин!..
*(Кара-Чоро кылчактап, айласы жок үйгө кирет. Күкүш эне эки жакты карап, басат.)*
Айланайын Медер, уулум, кайдасың?
Сыртта да карышкыр!..
Үйдө да карышкыр!..
Эмне кылабыз булардын айласын?!.

Көшөгө

## ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ

Түн. Кокту. Бороон.
Ар жактан мылтыктын үнү, иттердин үргөнү, Медердин кыйкырыгы угулат. Элеңдешип Көк-Жал менен карышкырлар коктуга кирип келишет.

Көк-Жал. Аз жерден, аз жерден калдым!..
Короого кирсек, койлор үркүп качмак...
Жан курусун!.. Ок башымды жанып учту!
Мынакей жан талаша шашмак!..
Жүрөктү түшүрдү тие жаздап...
Аттигини!.. Койлорду дыргаяктатып кууп алсак,

Ысык канга тумшукту малсак,
Бир тамашага батмакпыз!..
Анан бороонду сезбей жатмакбыз!..
Каап!.. Так короого жеткенимде,
Kyyп чыкты... Жол болбоду...
Короо кайтарган койчусу,
Тың көрүнөт болжолу...
Кептин баары Жолборсто,
Аны алаксытып кармашайын,
Мылтыкчан койчусу жетпесе,
Эсин оодара арбашайын...
А силер!.. Жазгырып койго тийгиле!
Үркүтүп капчыгайга киргиле!

1-карышкыр. Жарайт.
2-карышкыр. А өзүң?
Көк-Жал. Мен артыңардан жетемин,
Жолборстун кыя тиштеп колкосун,
Экинчи тургус кылып кетемин...
1-карышкыр. Мылтыктан жаман корком!..
2-карышкыр. Эмнеге коркосуң?
1-карышкыр. Сактыкта кордук жок...
2-карышкыр. Жүрөгү жогум, бекер тамак кайда?
Табыш керек айла?..
Көк-Жал. Тез короого учуп жеткиле!
Койлорду четинен бөлүп кеткиле!
Бороон изди жашырат,
Сүрүп айдайбыз белгисиз жайга!..

*(Кыйкырык, иттердин үргөндөрү жакындайт. Карышкырлар жылышып, короону көздөй жөнөшөт. Көк-Жал эки жакты карап, кырга чыга берет. Артынан Жолборс кууйт. Тигил карышкырлар короону бет алат. Сахна жылып, короонун бир жак чети көрүнөт. Соймоңдоп келаткан карышкырларды Медер көрүп, жашынат).*

Медер. Ии... Көк-Жалдын карышкырлары,
Ажал айдап келишкен тура!..
Калчылдап турушканын,
Бороон, ачкалык сазайын беришкен тура!
Каап, жана ата албай калдым.
Көк-Жалдын ыңгайы келе түшсө кайра!..
1-карышкыр. Эй, адамдын жыты жыттанат!..
2-карышкыр. Ай, ушу сенин тумшугуң жытка бай да!..
1-карышкыр. Жыттасаң, дарынын да жытын сезем...
2-карышкыр. Кандай эле жыт мурдуңдан кетпеди,
Коркпо, короого жакындайлы!
1-карышкыр. Турат окшойт, кырсык бизди тепкени!..

Окко кабылбайлы!..

Медер. Кана, кана, жакындай түшкүлө!
Өпкөңөрдү үзө атайын,
Териңерди сыйрып,
Атама ичик жасатайын!..

2-карышкыр. Ээ, бүжүрөгүм, жылбайсыңбы,
Бол, жетип семиз койду алкымдайлы!..

*(Пил менен Короочу үрүп келишет. Карышкырлар бөгүп жата калышат.)*

Пил. Жүрсөң Жолборско караан бололу!

Короочу. Карышкырларга жолукпайлы оболу!

Пил. Жолборс бир даай албайт.

Короочу. Барбайм, Көк-Жал жолукса,
Жолборс жеткенче бизди чайнайт...

Пил. Жаның жок!..

Короочу. Талаада жаткан жан барбы?
Ой, карачы, тээтиги карайгандарды?
Балакет басты!.. Карышкырлар!..

*(Куйругун кыпчып, Короочу качып жөнөйт, Медердин артына жашынат. Карышкырлар жылып, боортоктоп короого жетип, бирөө секиргенде Медер атат. Удаа экинчисин да атат. Калгандары качып чыга беришет. Пил үрүп, артынан жөнөйт. Короочу жоон үнү менен короонун жанынан борсулдап үрөт. Сахна жылып, караңгылап, анан жарык болот. Кокту. Маңдай-тескей комдонуп бирин алууга даяр турушкан Жолборс менен Көк-Жал).*

Жолборс. Көк-Жал эми түштүң колго!

Көк-Жал. Карышкырлар ач, сени
Талап кетелиби, тиштеп оңго-солго!..

Жолборс. Ары жок көк тумшугум,
Сага тиштетип койчу менби?

Көк-Жал. Анан ким? Үй күчүк бөрүнүн сырттанына теңби?

Жолборс. Түн жорткон каракчы, сырттан имиш...

Көк-Жал. Көк-Жалдын жытынан иттер качат,
Короочудай үй ичинен үрчүлөр,
Изимден чочуп, абайлап басат...

Жолборс. Көк-Жал көп көтөрүлбө!
Жеткирбейм сени жазгы көтөрүмгө!
Азыр сыйың менен качпасаң,
Ажалдан мурда өлүп жүрбө!..

Көк-Жал. Ха, ха, ха! Мени өлтүрчү сенби?!.
Ушу бүгүн менден бирди көрүп жүрбө!..

Жолборс. Мунун куру кайратын кара!
Сыйкы айыккан го,

Мен тиштеген былтыркы тамактагы жара!..
Көк-Жал. Ары жок, жугундучу!..
Адам ыргыткан сөөктү кемирип,
Калган-катканды жеп, семирип,
Ойронум кутуруп калыпсың го!..
Жолборс. Өмүр бою түн жорутуп,
Шырп эткен дабыштан коркуп,
Каракчым, каржайып карыпсың...
Элеңдеп качып, ууру кылып,
Аксак-терсекке жетсең тынып,
Жетпесең ачкалыкка алдырып, араң жылып,
Шылкыйып, жүрбөй арыпсың!..
Көк-Жал. Курсагың ток,
Ачкалык менен ишиң жок,
Мага тыңсынып турганын көрчү!
Эх, койдун куйругун оюп,
Ысык этине тоюп,
Алгандан кийин беттешсең,
Мезгилиң келмек, урганым өлчү!
Жолборс. Мен анда туруп бермекминби,
Тиштей бер, деп, жалдырап карап...
Көк-Жал. Жиниме тийсең, ачка болгончо,
Жеп кетебиз өзүңдү талап!..
*(Пил жүгүрүп, Көк-Жалдын артынан чыгат).*
Пил. А коркок каракчы!
Жолборс сенин ичиңди жарат!..
*(Көк-Жал чочуп, бурула калганда, Жолборс секирип келип тамактан тиштеп, ары-бери булкат. Көк-Жал жанталашат. Жолборс бир нече жолу тиштеп ыргытат. Экөө чарчап, орун алмашып, тиктешип турушат).*
Көк-Жал. Чыйылдакка эмне жок?!
Чочуганымды кара,
Артымдан атылгандай ок...
Кебиректин аты Пил имиш,
Жаман иттин аты бөрү басар!..
Сен эмес, тияктагы килтейген Короочуң,
Бөрүнүн караанынан алыс качар...
Пил. Сен андай эле кыйын экенсиң.
Кокту-колотко жашынбай,
Уурданып койго тийип асылбай,
Түн жойлоп качпай,
Ашууну ашпай,
Адам көрсөң,
Буйт берип, качканга шашпай,
Күндүз бакыйып келбейсиңби!..

Көк-Жал. Ха, ха, ха! Кибиректин тилин көр!
Үргөндү сага ким койду?
Жугундуңду иче бербейсиңби!..
Каап, Жолборс болбосо,
Бир сугунуп чайнамакмын!..
Курсагымдын ичинен,
Безилдеп сайрамаксың!..

Жолборс. Жугунду, жугунду!..
Жаман бир билгенин миң айтат!..
Жакшы бир сүйлөсө,
Жамандын мизи кайтат!..

Көк-Жал. Жакшылар... иттерсиңер го!
Мыктыңардан айдакта жүрөсүңөр...
Адамга кошомат кылып, карышкырга
үрөсүңөр!..

Жолборс. Ит адамга жолдош болот,
Кыйын-кыстоо күндөрүндө колдош болот!..
Карышкыр болсо,
Каргышка калып, оңбос болот!..

*(Аябай алышат. Улам бири-бирин тиштеп ыргытышат. Бирде Жолборс, бирде Көк-Жал үстөмдүк кылат. Көк-Жалдын шайы кете баштайт. Жолборс удаа тиштеп ыргытат. Акыркы ыргытканда турбай өйдөлөнүп жатканда Медер жакындап келет да башка атат).*

Медер *(эркелетип)*. Жолборсум ишке жарадың!
Карышкырдын дөөсүн жалмадың...
Тыякка сүйрөп барып, терисин сыйырайын.
*(Сүйрөп жөнөйт. Иттер ээрчийт.)* Оңбогурдун салмагын!..

*(Сахна караңгылайт. Короонун алды. Медер энтеңдеп Көк-Жалдын өлүгүн сүйрөп кетет. Короочу көрүп, үрүп ары качат. Медер менен Жолборс кайра келет.)*

Пил. Жолборстун кармашканын айтпа!
*(Пил Көк-Жалдын үстүнө чыгып.)*
Эми алыс угулат арбагы!..

Короочу *(чочуп)*. Ой, кыбыраган жарбагыр,
Абайлачы, тура калбасын алдагы!..

Пил. Ха, ха! Жаны жогум, жакын келсең!

Короочу. Капырдын сүрү жаман...

Пил. Чочубай эле кой, бул өлүк...

Короочу. Жүрөгүм түшөт, капырдын өлүгүн көрүп...

Пил. Карышкырлар алыста болсо.
Күрсүлдөп кыйын үрөсүң го!..

Короочу. А сенчи! Чый-пый этип, байкушум,
Жолборстун көлөкөсүндө жүрөсүң го!..
Эмнеге чыкчырыласың эрдемсип,

Көк-Жалды өлтүрүп келгенсип...

Пил. Өлтүрбөсөм да артынан ээрчип үрүп,
Жолборско караан болдум.
Элтеңдеп коркуп жүрүп,
Өмүрүң өтөр сенин да шордуум!..

Короочу. Кызыксың, бекер жатпай,
Короону коргодум...
Чарк айлана жүгүрүп,
Карышкырдын жолун торгодум...

Пил. Баракелди!
Калпты да ыгын таап айтсаңчы!..

*(Күкүш келип, Көк-Жалдын өлүгүн айланып көрөт. Медер, Жолборс карышкырлардын өлүктөрүн сүйрөп келишет.)*

Күкүш. Көк-Жалың түшкүр, өгүздөй тура!
Бизди канча түшүрбөдү чууга!..
Уулум, азаматсың!
Таң атайын деп калды,
Бороон бастады,
Ташыркап таскагы...
Үйгө бар, эс ал, укта!
Мен турайын мында!..

Медер. Жок, апа!

Күкүш. Апаңдын сөзүн тыңда!

Медер. Үйдө эки аяктуу бөрү жатканда,
Өмүрүбүз али дагы кылда!..
Макул, кичине эс алайын,
Бирок, апа, сак бол!
Короодон карыш жылба!..
*(Медер кетет.)*

Көшөгө

## БЕШИНЧИ СҮРӨТ

Таң ирең-бараң атып келаткан маал. Тоолордун чокуларында кара булуттар кичинеден көрүнө баштайт. Короонун алды.

Күкүш короонун эшигине илинген чыракты өчүрүп, ары короонун артына басат. Үйдөн Кара-Чоро чыгып, эки жагын абайлап, бурчка жашынат. Күкүш иттери менен көрүнбөй калат, короонун эшигине келет.

Кара-Чоро. Бир оңбогон бала экен!..
Бала эмей эле, палаа экен!..
Жанагы кемпиричи,
Кыймылдап койсоң жөтөлөт.

Үйдөн карыш жылбадым,
Козголоюн десем, башын көтөрөт.
Баланын көзү азыр ирмелди,
Чарчады окшойт...
Бала чынында кыйын экен.
Аттигини... Ушундай тыңды,
Ата Кырсык, эне Түйшүк,
Неге чоролорунун арасына кошпойт?!.
Иши оңолордун ити чөп жейт,
Оңолгон элдин баласын карасаң!..
Муну менен беттешсең,
Оой турган тарасаң!..
Анан ушул элдин душманы кантип
өөдөлөсүн!..
Сак, кылдат болбосоң,
Бул жерде бөөдө өлөсүң!..
Бороон таң атканча боздоду,
Буга да чыдап берди...
Короону тегеректеп,
Кырсык атанын ач карышкырлары улуп келди,
Буларды да жеңди!..
Көргөн эмесмин мындай көк эрди!..
Эми буга мен калдым,
Билгизбей тузакты кенен салдым...
Бороон тоңдура албаган,
Карышкыр тишин салалбаган,
Койлору мына менден кырылат!..
Мына бул тың бала менден жыгылат...
Кара-Чоро билинбей жолго түшөт,
Артынан ыйлуу-муңдуу чуу калат...
Мен четинен кемитейин,
Бул эл байып жатат күн санап!..
Короосу менен боо түшүп кырылчу,
Малга ооруну жаям,
Ошондо калар жүрөгү канап!..
Мал кыйрап турса,
Журту ыйлап турса,
Ошондо табам каныш, көңүлүм жанат!..
*(Кара-Чоро тырмалап, бекитилген эшикти ачмак болот. Медер чыгып, билинбей бая эле бурчта жашынып турган. Кара-Чоро Медердин аңдып турганын байкайт.)*

Медер. Гм... Мунун бир сыры бар!..
Эстедим... Тигил кыштоодо кырылган койлор?!.
Бул балакеттин ошондой сыры бар...
Демек бул адам карышкыры!..

Түн жортуп жойлор!..
Жөн киши болсо эмнеге мени аңдыйт?
Коңурукту кош тартсам,
Уктап калды деп ойлоду...
Муну аңдып жатып, уйкум дагы качты...
О шумпай, мына короону көздөй жойлоду!..
Эмне кылар экен? Тез артынан жетсемби?
Чыгып жүрбөсүн, койлордун ойрону!..
*(Эшикке келип араңкарап турат.)*
Мына кызык, чөптү көздөй жөнөдү...
Баратабы өрттөгөнү!..
Бирдеме сээп жатабы?
О, шумдук бул кандай өнөрү?!
Балакеттин койлор кырылчу,
Дарысы болуп жүрбөсүн?!
*(Күкүш иттерин ээрчитип жай басып келет.)*
Күкүш. Уктадыңбы, уулум?
Медер. Акырын, апа, иттер үрбөсүн!
Тигини кара!..
Күкүш. Кокуй, түгөт тура!
Баса, уктабай чыккан түндөсүн...
Медер. Барыш керек, токтоого болбойт,
Кечиксем койлор оңбойт...
Күкүш *(чочулап)*. Кой, барба, уулум,
Куралдуу неме соо койбойт!..
Медер. Апа, сен мылтыкты алып чыга кал, октоп,
Күкүш *(баратып)*. Барбай коё турчу,
Мен келгенче токтоп...
Медер. Ал, Жолборс, жөнө!
*(Жолборс жетип кармашат. Далыдан тиштеп, жулкуйт. Медер аркасынан барып карап турат. Кара-Чоро колундагы тапанчасы менен атууга ыгы келбей жанталашат).*
Жолборс коё бер!
*(Жолборс коё берип, даяр турат. Медер аны көздөй басат).*
Тапанчаңды ташта!
Ишиң бүттү, артка качпа!..
Кара-Чоро. Жаш бала экенсиң,
Мени менен ойнобо!
Билип кой жандан кечип турганда,
Майып болосуң, мага жолобо!
Медер *(качыра)*. Сенден келгенди көрөйүн,
Же сени оңколотуп, же өзүм өлөйүн!..
*(Медер улам ыктас берип, Кара-Чорого жакындайт. Ал чегинип атмакчы болот. Жолборс умтулуп, команда күтөт. Күкүш келип чебеленет.)*

Кара-Чоро. Мен атсам, жаздым кетпейт,
Коё бер, жолумду торобо!
Кукуш. Айланайын, уулум, кете берсинчи!
Өзү барып түшөт ороого!..
Медер. Ары бар, атып ийбесин!..
Койлордун алдын тос!
Чөпкө келбесин!..
Кара-Чоро. Алжыган кемпирдин сөзүн көр!
Мен түшөмбү!.. Ха, ха, ха, өзүм түшөмүн!..
Оболу уулуң менен сени мастен жайлап,
Зып этип алыска, изимди үзөмүн!..
Медер. Аны көрүшөбүз!
*(Медер кандай жетип, тапанча кармаган колго тепкенин Кара-Чоро байкабай калат. Экөө алышат. Ит жыгылыш болуп, биринин үстүнө бири чыгат. Кара-Чоро жанталашып, жердеги тапанчаны алууга аракет кылат. Жолборс байкап, шак тапанчаны тиштеп, ары алып кетет. Медер бир нече көтөрүлүп ыргытат).*
Кара-Чоро. Бул эмне деген журт?!.
Баласына алым жетпейт!..
Балтыр эти толуп, балтыр жүнү чыкса,
Далайды тепсейт!..
*(Кончунан бычак суурул чыгат).*
Мунун кара көзүн оёюн...
Медер. *(Тигинин канжарын алып).* Өз канжарың менен соёюн!
Кара-Чоро. Кайдан алдың?
Медер. *(Канжарды жалаңдатып).* Өзүңдөн...
Ушул канжар сенин сырыңды ачкан...
Кара-Чоро. О, булардын ити да палаа турбайбы!..
Медер. Бирөөнүн ырысына көз арткан,
Сендей арсыздарга,
Биздин жердин ар бир булуң-бурчунда,
Салынган темир капкан...
Кожоюндарың канча силерди жибербесин.,
Кыя өткөрбөй,
Капканбыз чапканы чапкан...
Кара-Чоро. Жашабай жатып, самбону билгенин көр!..
Илбирстей ыкчам, абайлатпай илгенин көр!
Мен жеңилдим...
*(Медер кантер экен дегенсип, бурулумуш болот. Ошол учурда мышыктай секирип келип, далыга бычак урарында, Жолборс секирип далыдан аны тиштеп ыргытат. Колунан бычагы ыргып кетет. Медер бычакты жерден шашпай алып, маңдайына басып келип, тиктегенде тигил кетенчиктейт).*

Медер. Кана, дагы алышкың барбы?
Келген из көп, кеткен из жок!..
Биздин жерден табасыңар ажалды!..
Ал, Жолборс!

*(Жолборс Кара-Чоронун эсин оодара улам тиштеп ыргытат. Акыры алсырап барып жыгылат. Медер чылбыр менен эки колун кайырып, таңат. Ушул учурда тегеректеги малчылар келишип, жарданып карап турушат.)*

Мына коркунучтуу карышкыр!
Акыры түштү колго!
*(Карышкырлардын өлүгүн көрсөтүп).*
Тигилер буга караганда кем эмес!..
Малыбыз аман, эми ишибиз оңдо!..
Апа, чөптү өрттөйүн, койлор келбесин!

Күкүш *(чочуп)*. Ботом, андан башка чөп жок,
Койлор колго түшүп өлбөсүн?!.

Медер. Уу себилген, же койлор кырылат,
Жеп, шарп, же башка оорусу жугат!..

Үндөр. О, оңбогон кесепет!..
Бул баягы сыйкырдап бороон чакырчу,
Короосу менен кырчу,
Келегөр жут деп бакырчу,
Ниети кара,
Көңүлү ала,
Жүрөгү жара,
Жамандыктын чоросу тура!..

Кара-Чоро. Аттигин алдаттым,
Баралына келгенде жан жетпейт го буга!..

Үндөр. Азамат, Медер!..
Кара жүрөк колуна тутулуп,
Журтуң калды чоң кырсыктан кутулуп!..
*(Медер чөпкө өрт коёт.)*

Медер. Апа, эми гана чарчаганымды билдим.
Бирок көңүлүм тынды...

Күкүш. Ооба, балам,
Бороондун да,
Карышкырдан да,
Момундай кара ниеттүү душмандын да,
Биротоло бедели сынды!..

Көшөгө

*Ж. САДЫКОВ*

# АЗАМАТ

*(Куурчак театры үчүн)*
Үч актылуу пьеса)

## КАТЫШУУЧУЛАР

Азамат
Сары
Айжан — Сарынын аялы
Саамай — Сарынын кызы
Актулпар — Азаматтын минген аты
Адилет — Акылман
Карлыгач — канаттуу
Жезкемпир
Түлкү
Кузгун
Кара-Дөбө
Желдет жана эл катышат

## БИРИНЧИ КӨРҮНҮШ

Көшөгө ачылганда боз үйдүн ички көрүнүшүнүн бир жак капшыты сахнанын жарымын ээлеп, бир жагын тоо этеги, андан ары аркайган аскалар көрүнөт. Эшиги түрүлгөн боз үйдүн ичинде Сары менен Айжан сүйлөшүп олтурушат.

Айжан. Кызыбыз Саамай бойго жеткени,
Экөөбүздөн санаа кетпеди.
Өзгөчө, жаныма жаман батты
Кечээки Мастен кемпирдин кептери.

Сары. Ал, жер куруткан түгөт,

Мында эмнеге келип жүрөт?
Айжан. Аз күндөн бери Мастен-кемпир
Тооруду да калды.
«Кызың эс тартып калыптыр» — деп,
Коёр эмес жанды.
Сары. Ал мастен жөн мастен эмес,
Азыткы акмак!
Сыртынан багып жүргөн окшобойбу,
Кызыбызды Кара-Дөөгө сактап.
Айжан. Бар десем, айтып берчүү түлкүсүн,
Сен ишенбей жүрчүсүң.
Ал жойлоп келип укчу экен,
Сүйлөшкөндү түнкүсүн.
Кечээ мастен келип,
Ичи-койнума кирип.
Силердин айылда турабы — дейт.
Азамат аттуу жигит?
Сары. Демек, мастен баарысын билген тура.
Эми кандай айла кылабыз буга?
Баса, Саамай кайда кеткен?
Айжан. Азамат экөө бир нерсени
Сүйлөшүп жүрөт жашырын...
Токто,
Дабыш чыгабы? Тыңшачы акырын.
Сары. Чын эле, бир нерсе жүрөт.
Мастандын түлкүсү го дейм.
Ушу түгөт? Жүрсөң!

*(Экөө босогодон эки жакка бөлүнүп басканда, баятан үйдүн сыртында аңдып жаткан Түлкү үйдү айлана качат да Сарыга барып урунат., Сары Түлкүнү чап куйруктан алат).*

Аа, колго түштүңбү.
Кубулган гана жезкемпирдин тукуму.
Шамшарды апкелчи, Айжан,
Деле жайлап тынайын ушуну.

*(Айжан үйгө бычакка жүгүргөндө Түлкү кайрылып, Сарынын колун алат да, бошонуп качып жөнөйт).*

Ата, балакетти көр ой,
Колумду тиштеп алганын
Сени... эми бир келчү болсо,
Көрөрмүн кайра тирүү кеткенин

*(Ушул учурда боз үйдүн эшигинин алдына желдет келет. ал сыртта туруп алып кыйкырат).*

Желдет. Ой, Сары, Сары!
Бул балакет үйүндө жокко дейм дагы?

Сары-о-о, Сары!

Сары. Эмине кыйкырасың, эмине?

Желдет. Кулак салгын кебиме!
Кара-Дөө кабарга жиберди.
Кызына баратам,
Күтүп турсун деди силерди!

Айжан. *(Сарыга)*. Эмне дейт, эмне деп атат, береги?
*(Желдетке)*. Ой, ачык айтчы,
Дөөнүн өзү мында келеби?

Желдет. Канча айтам!
Кара-Дөө өзү кабарга жиберди.
Барып кызын көрөм, арыкпы, семизби,
Күтүп турсун, деди — дейм — силерди.

Сары. Сен, кандай кудай урган немесиң
Неге,
Жаман кабарды
Сүйүнчүлөп келесиң?!
Эй абышка, байкагын!
Азыр Кара-Дөө келгиче
Кагып таштайымбы шайтаныңды!..
*(Саамай келет)*

Саамай. Эй, жигит.
Неге ызырынасың, өзүңдөн карыга
Ар ким иш кылганы дурус,
Ченеп-чактап алына.

Желдет. Эхе-е!
Бул кыздын тилин кара!
Жарыбай жатып,
Акыл айткысы келет мага!
Азыркы айткан сөздөрүңдү
Кайталап койчу, кана?!

Саамай. Сөз бир, кулак эки
Бир айтканда эле түшүнөт.
Эгер болсо адамдын акыл эси.

Желдет. Баса, айтамда,
Кара-Дөө неге келет деп,
Буга окшогон шайтанга. *(Саамайга.)*
Тилиң буудай кууруп,
Шогураак көрүнөт.
Бардык кыздар ордо камалып жатат,
Барып,
Ошолорго сүйлөп бергин көбүрөөк!

Сары. Торобой кыздын жолун,
Тарт ары колуң!

Желдет. Токтот кебиңди!

Мен деген желдетмин!
Каяша айткандын
Моминтип, *(урат)*
Сазайын бермекмин.

Азамат. Баятан бери кантээр экен десем...
Кана көрөлүчү,
Ким-кимдин сазайын берер экен!

*(Ал, желдетти көмөлөтө коюп, шалка-шалк сабап кирет.)*

Желдет. Ой, ох, жан соога жигит, жан соога
Жөнөйүн!
Экинчи, буларга
Тил кайырсам өлөйүн.
*(Кара-Дөө келет)*

Кара-Дөө. *(Желдетке)*. Иии жаман ий,
Сен белең жан соогалап жалынган?
Урушканга алың жетпейт экен,
Ууртап алайынбы каныңдан!
Кана, бери болчу, бери!
Береги сербейген неме,
Ким өзү деги?

Желдет. Ал... ал...

Азамат. Эгер билгиң келсе,
Атым Азамат.

Кара-Дөө. *(желдетке)*.
Муну чыкчырылтпай,
Жогот ар жакка,
Көзүн тазалап!

Желдет. Таксыр, буга
Өзүң бирдеме дебесең,
Мени таяктап...
Өлгүдөй күчтүү неме экен...

Кара-Дөө. Желдетимди таяктап,
Сен бала бери карагын.
Жиниме тийсең, моминтип,
Башыңды былчыратып саламын!

Азамат. *(Дөөнү колго чабат.)*
Тарт ары колуңду!
Эгер, жарак алып салгылашчу болсоң
Көрсөтөөр элем сонунду!

Кара-Дөө. Ики-кокуй, бармагым!
Колун силкип
Оңбогурду кара,
Сындыра чаап салганын

*(Азамат менен кармашып, аны муунта баштайт.)*

Сени-и!

Саамай. Кара күчкө салып
Кантесиз деги?
Кармашкан уят эмеспи,
Жап-жаш балача.
Арача, бериңиз,
Арача?!
Кара-Дөө. Болуптур,
Эгер сен арача дебесең,
Муну,
Өлтүрүп салчу неме экен.
*(Азаматты көмөлөтө коюп, колун аарчынат).*
Мына, көрүп алгыла.
Мунун эрдигин.
Кана, эй кыз,
Сен, бери, бери келгиниң!
Саамай. Атаке, апаке!..
Кара-Дөө. Эхе-хе, Эхе-хе!
Айжан. Кызыбыз кичине, али секелек!
Кара-Дөө. *(Желдетке).* Кана, желдетим,
Апкелчи алдагы кызды бери жетелеп
*(Саамайды колуна алып көрөт да.)*
Ордо жаткан кыздардай эле неме го береги.
А эмнеси «секелек» дегени?
Саамай. Апам туура айтат.
Чоңойгончо күтүшүңүз керек бир аз.
Кара-Дөө. Ушул эле этиң кетет
Чоңойгонду эмне кыласың
Дагы семире түшкүчө
Кырк күнгө чейин биздин ордо турасың.
Анда, кайтарып сырттан сакчылар,
Табылат сени бакчулар.
Кана, эмесе,
Жеткиче сени колго көтөрүп барайын.
Саамай. Токтоңуз, эч болбогондо мен
Ата-энем менен коштошуп калайын.
*(Кара-Дөө Саамайды жерге түшүрөт.)*
Айжан. Кызым, бул кандай шумдук,
Сары. Дөө, бул кадай жорук?
Кара-Дөө. Мага бирдеме деп,
Сени ажал турган го дейм тооруп.
Азыртан эсиңе саламын,
Эми «кың» дечү болбо
Башыңды жулуп аламын!
Саамай. Апаке... *(Кулагына шыбырайт. Анысы беркилерге угулбайт).*

Айжан. Жылдызым, ырысым!
Сары. Кызым!
Кара-Дөө. Биз кеттик, кана, желдетим!
Айтып кой,
Артыбыздан эч ким ээрчип келбесин!
Желдет. Тургула нары!

*(Желдет, Кара-Дөө, Саамай кирет).*

Саамай. Ата, апа-а, Азама-ат!

*(Азамат башын көтөрүп).*

Азамат. С-а-а-май!
Айжан. Өйдө болгун кулунум.
Кантейин.
Курудум о-о, курудум!
Азамат. Капаланба, апа.
Капаланба, ата.
Бул Кара-Дөө,
Кимдердин башын жутпаган
Өлбөсөм, ордо жаткан
Кыздардын баарын куткарам.

*(Азамат койнуна каткан бир тал төө куйрук менен куштун канатынын бир талын алып чыгып отко куйгузөт. Көз ачып жумгуча кишенеген ак тулпар менен зыпылдап учкан карлыгач келет).*

Ак тулпар. Азамат досум.
Башыңа иш түшкөн белем.
Кызматыңа даярмын,
Жаным белен!
Карлыгач. Ажыдаар аймап кетээрде,
Балапандарымды куткарган элең.
Эмне десең аткарам.
Менин да жаным белен!
Азамат. Досторум,
Кара-Дөө калкыбызды
Кайыштырып жиберди!
Керекке жараар деген ой менен
Жардамга чакырдым силерди.
Ак тулпар. Биз даярбыз!
Карлыгач. Даярбыз!
Азамат. Айчылык жерде бар дешет,
Адилет деген адам.
Силер макул болсоңор.
Мен ошого барам.
Алы жокко ал кошуп,
Үйрөтөт дешет өнөрүн.
Андан келип, бул дөөгө

Күч салышып көрөмүн.

Карлыгач. Анда мен тезирээк жолду чалайын *(кетет).*

Ак тулпар. Мен дагы канаттарымды чыгарып,
Күүлөнтүп алайын *(кетет).*

Сары. Жакшы экен балам, жакшы экен
Досторуң менен өнөгүң.
Акылга амал кошчу эле.
Ошол Адилетке жөнөгүн.

Айжан. Балам, жана Саамай шыбырап, сени.
Жолго чыкса, кырк күн күтөмүн деди.

Азамат. Сиздердин алдыңыздарда
Антымды берем.
Дал ошол болжогон күнүндө келем.

*(Карлыгач менен Ак тулпар келет.)*

Карлыгач. Кетээриң билип, куу мастен түгөт
Жээлигип азыр жол тосуп жүрөт.

Ак тулпар. Жерге оонай коюп, канатым жайып,
Жылдыздуу көккө учайын кайып,
Шашыл, Азамат, шашыл.
Анда кеттик.

Азамат. Кошкула, ата, кошкула, апа!

Айжан. Саламат барып сак кел, балам.
Сагындырбай бат кел, балам!.

## ЭКИНЧИ КӨРҮНҮШ

Тоолордун этегинде мелмилдеген талаа. Алыстан ырдаган үн угулуп, бир заматта кайрадан жакын жерден угулат. Ал үн жезкемпирдики. Ал мейкин талаага секирип чыгат.

Жезкемпир. Мен жезкемпир, мастанмын,
Жытын эңсейм жаш кандын,
Жашабаган жанагы
Азамат деген баланы.
Кармабай моокум канабы,
Дал өзүнөн асмандын!
Кармайм жетсе кол илип,
Кара-Дөөгө жеткирип,
Деги койбой жан алып,
Мен да соруп аламын,
Шибегелеп таманын,
Улам-улам чектирип!
Ихи-хи-хи, жыргал-а,
Колго түшсө, ээ, бул бала...
*(Түлкү келет.)*

Түлкү. Мастан апа, мастан апа,
Баятан бери кыдырып келдим,
Тоо-талааны,
Көзгө илинбейт дегеле,
Эч нерсенин караны.

Жезкемпир. Эмине дедиң?
Шыпырылтып сүйлөп
Түгөнбөйт экен кебиң
Ак тулпар менен Азамат
Сызган бойдон кетпейби,
Быякта жүргөнүңдү билсе сенин.
Айтчы,
Кузгунум кайда менин?
*(Кузгун келет.)*

Кузгун. Мен мындамын, эже,
Эмне дегиң келет?

Жезкемпир. Үч жүз жылдан ашуун жашап,
Карып калсаң керек жедеп...
Мен эмне дедим эле силерге?

Кузгун. Эч ким көрүнбөсө,
Кайра келгиле дегенсиң бу жерге,

Жезкемпир. Эх акылы жок алжыган неме
Качан ошенттим эле?
Азыр экөөң тең,
Кароол караган жерге
Кайрадан жеткиле,
Кылт эткен караан көрсөңөр
Дароо жеткиле,
Эмне турасыңар,
Болгула ылдам!
Көз ачып жумгуча.
Жоголгула мындан!

Түлкү. Ачууланба, апаке,
Бардыгы айтканыңдай болот.

Кузгун. Кой анда мен да сызайын
Келүүчүлөрдүн жолун тороп. *(Кетишет.)*

Жезкемпир. Эгерде колума тийсе
Азабын берем баланын,
Каршылык көрсөтөөр болсо,
Ийректи колго аламын.
Эки бөлүп саламын...
Капырай,
Бүгүн мен эмне болуп турам?
Уйкум келгенсип,
Көзүм жабыша түшөт да улам-улам.

Үч төрт күн уктабагандыкы белем.
Салмактангансыйт бүткүл денем.
Азамат бул жерге келгенче
Кубулуп кара тоо боло калайын,
Чымындай жаным эс алтып.
Чырм этип уктап алайын...
Жарылгырдын кара жер,
Тең жарылып койнуң ач
Мен болоюн кара тоо
Мен болоюн кара таш. Суф-суф-суф!..

*(Жер жарылып, жезкемпир ошол жаракага түшүп кетет да кайтадан кара тоо болуп ошол жараканы бүтөп жатып калат. Тоо бир аз козголуп: «Ох уйкунун жыргалы ой» деген жезкемпирдин үнү угулат да, артынан уйкусурап эстеген үн, коңурук чыгат. Ушул учурда шашылып чуркап Түлкү, ага удаа Кузгун келет).*

Түлкү: Мастан апа, мастан апа,
Э кокуй каякка кеткен?

Кузгун. Тигини, коңурук тартып уктап калган тура,
Ушинтээрин мен эчак эле сезгем.

*(Түлкү тоону айланта чуркайт).*

Түлкү. Апаке, ой Апаке,
Ойгон батыраак!

Кузгун. Мени карыган деп
Өзү болгонсуп атат эле жашыраак.
Көз кычыгы ириңдеп,
Көкүрөгү кирилдеп жүрүп,
Дагы тыңдуусунуп коёт мага күлүп,
Эр болсоң ойгот эми,

Түлкү. Сен эмне тетири сүйлөп калгансың деги?

Кузгун. Анан күйгүзүп жатпайбы өзүнүн кеби,
Чачы куудай болуп,
Миң бырыш басып турган желкесин.
Уялбай он сегиздеги балага
Тиет элем дегенин кантесиң.

Түлкү. Акырын эми, кокус ойгонсо,
Угуп калат.

Кузгун. Укса уга берсин,
Өзүм да бүттүм тажап.
Азыраак жашым калыптыр,
Коркуп кетемин.
Бирдеме десе кол үзүп,
Сызган бойдон кетемин.

Түлкү Баары бир сени кетирбейт,
Кайда барсаң да таап келет.

Эгер бизди сыйкырлап койбосо,
Ушинтип жүрөт белек.
А көрөкчө жем табылса керектүү
Жакшылап жан сактаганыбыз дурус эмеспи.
Кокуй тыңшачы,
Дабыш жакындап калды.
Бул ойгоноор эмес,
Сактайлык Куке жанды.

Кузгун. Ырас эле, бол Түкө, батыраак!
Азамат көрчү болсо,
Биздин шорубузду катырат.

Түлкү. Бол бачым,
Сен дагы мен жашынган жакка жашын.

*(Кузгун менен Түлкү жашынып калганда. Ак Тулпарын жетелеп Азамат көрүнөт).*

Азамат. Канчалык жолдорду бастык,
Канчалык тоолорду аштык
Бирок жол түгөнөөр эмес,
Адилетке качан жетебиз
Айланайын Ак тулпар айтсаң боло кеңеш?
Ээн тоо эрме талаа,
Эч нерсе көрүнбөйт ко деле
Карлыгач жалган айттыбы,
Жезкемпир жол тосуп жатат дебеди беле?!

*(Карлыгач келет.)*

Карлыгач. Береги көрүнүп турган кара тоо
Жезкемпир деген дал ошо.
Бактыбыз бар экен Азамат
Ал укпаган кезде жолугуп:
Байкачы,
Корулдап тартып жатат коңурук.

Азамат. Анда биякка жашыналы,
Канатыңды жаз тулпарым,
Аттиң!..
Адилет атага жолугуп келген болсом,
Азыр жарып салбайт белем курсагын.

Ак тулпар. Аз калды чыдагын, Азамат
Анын да кезеги келет.
Азыр шашылыш жүргүнүң
Учушубуз керек.

*(Азамат менен Ак тулпар Карлыгачтар четтеп көрүнбөй калат да, аздан кийин асманда учуп бараткан элестери көрүнүп шуулдаган добуш угулат. Жашынып калган Түлкү менен Кузгун кайра келишет).*

Түлкү. Тоо болуп жаткан Мастанды тырмалап,

Мастан, апа, Мастан апа!
Ойгончу тезирээк!

Кузгун. Ойгонгондо көрүп турсаң,
Биз уктап калгансып,
Экөөбүздү жекирте
Эй, Мастен, Мастан-ан!
Ойгонсоң, көзүңдү ачсаң!

Түлкү. Мастан, апа!
*(Тоо кайрадан түйшөлө баштайт).*
Кашайгырдын уйкусу ай,
Уктап кеткен экем ээ азыраак.
Жарылгырдын кара жер.
Тең жарылгын батыраак. Суф! Суф! Суф!

*(Жер жарылып тоо чөгүп кетет да, ошол жерден Жезкемпир секирип чыгат).*

Силер эмне жүрөсүңөр кайра келип?
Тилим тешилет экен го айта берип?

Кузгун. Тилиң тешилсе, дагы уктай түш,
Бүтөлүп калат.
Тээтиякта ким учуп баратат,
Байкасаң боло асманды карап.

Жезкемпир. О карыган келесоо,
Мурда келбей кайда жүрдүң эле?

Кузгун. *(Түлкүгө.)* Мына ушинтет дебедим беле.

Түлкү. Биз келип айталы десек,
Уктап калыпсың.

Кузгун. Чынын айтыш керек.
Сен менден жаман карыпсың,

Жезкемпир. Сууруп ала электе
Тарт тилиңди!
Так ушул ишиңер үчүн,
Жайлап ийем бириңди
Мен азыр сокумду минип соксоктоп,
Сокбилек менен токмоктоп,
Аркасынан жөнөйүн.
Жолун бөгөөр кайрадан
Бир беттешип көрөйүн
Жүргүн сен да мени менен кошо учасың.

Кузгун. Баары бир жете албай калдык.

Жезкемпир. О, алжып өл, алжып!
Кана, өлөсүңбү, же учасыңбы кошо?

Кузгун. Коркутканың эле ошо.
Болуптур учтум кошо. Кеттик!
*(Кетишет.)*

## ҮЧҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Бодур-бодур тоолор. Этегинде топ бадалдар менен бир түп терек көрүнөт. Чарчап-чаалыккан Азамат А лпарын жетелеп, ошол бадалдардын түбүндөгү терекке келет.

Азамат. Мен да чаалыктым,
Сен да чаалыктың.
Ананайын жаныбар,
Азга тыныгалы.
Суу ичип, жашаңдан чалып ал.
Биз учуп бараткандa зырылдап,
Мастан кемпир.
Уктап жаткан болчу бырылдап.
Билинбеген соң шек.
Ошол жакта жүргөндүр.
Бизди келет деп... *(Актулпарды бошотуп)*.
Отто, оттой кой, жаныбар!

*(Ак тулпар ары кеткен соң, Азамат жанбаштап жатып үргүлөгөн боюнча уйкуга кетет. Ушул учурда мастан кемпир, Түлкү, Кузгун үчөө көрүнөт.)*

Жез кемпир. *(Шыбырап)*.
Түлкү сен Кузгун менен
Ак тулпарга баргының.
Жигит болуп кубулуп,
Ал дап карма алгының.
Анан, шашпа.
Аста-аста,
Кулагына коргошун куюп ташта!
Карабагыла маган.
Мунун эсебин өзүм табам.

*(Кузгун менен Түлкү Ак тулпардын артынан кеткенде мастен кемпир Азаматка ийрегин сунуп жакындай баштайт. Ушул учурда Азамат ойгонуп кетет да, амалданып ийрек менен Азаматты бутка чабат. Азамат теректин түбүнө сүйөнүп жылбай туруп калат).*

Азамат. Таш болуп шилтелбей калды буттарым,
Ушул экен да,
Сыйкырың менен утканың?!

Жез кемпир. *(Азаматты терекке арчындап)*.
Ээй, болгула бачым,
Апкелгиле алдагы атын!
Таш кылып таштасам буттарын
Көрөмүн Азаматты алып учканын.

*(Түлкү менен Кузгун Ак тулпарды жетелеп келишет)*.

Түлкү. Жигит болуп кубулуп,

Араң кармадым.
Кулагына коргошун куйсам,
Карасаң шалпайып туруп калганын.

*(Жезкемпир ийрек менен Ак тулпарды бутка чабат. Ак тулпар ошол эле ордунда чөгөлөп калат).*

Бизди ушунчалык кыйнап,
Өздөрүнөн көрсүн...
Тим койгула,
Ай талаада экөө тең,
Азапты тартып арыктап өлсүн!
*(Кетишет).*

Азамат. Бул кордук,
Адам түтүп чыдагыс!
Айланайын Ак тулпар,
Айтсаң боло,
Кандай арга кылабыз?

*(Ак тулпар эч нерсе укпай, башын чайкайт. Азамат жулунуп бошоно албай, айласы кетип, чарчайт. Ушул учурда Карлыгач келет).*

Карлыгач. Достор, мен көрүп кайттым,
Адилеттин айылын.
Өзү үйүндө дешет,
Сураштырсам дайынын.

Азамат. Канаттуу досум, Карлыгач,
Карачы,
Кара-Дөөнүн мастаны,
Бутубузду шал кылып,
Ташка айлантып таштады.

Карлыгач. *(Байкап көрүп).*
Эми кандай кылабыз?

Ак тулпар. Эми кантип, каякка жылабыз?

Азамат. Досум, сен эртелеп
Адилет атага баргының,
Мына ушинтип калды деп,
Айтып бергин бардыгын.

Карлыгач. Жарайт досум,
Кызматыңа жаным белен.
Барып кабарлап,
Көз ачып жумгуча келем! *(Кетет.)*

Ак тулпар. Азамат досум,
Кулагыма коргошун куюп,
Укпай калдым кепти.
Карлыгач эмне дейт?
Кайда кетти?

Азамат. Адилет атага...

Актулпар. Эч нерсе угулбайт.
Кулагым эле зыңылдайт.
Азамат. Кантем досум,
Берет элем жардамым
Карабайсыңбы,
Бутумду кара таш кылып салганын!

*(Ушул учурда көз ачып жумгуча пайда болгон Адилет менен Карлыгач көрүнөт.)*

Карлыгач. Мынакей ата, караңыз.
Адилет. Аа, ушул экен да
Азамат деген балабыз.
Учуп келиш керек эле да
Учкандан кийин асманга.
Жаштыгың ушу,
Алдатып коюпсуң мастанга.
Бирок, чочуба,
Аргасы табылат.
Айыктырам экөөңдү,
Азыр эле дарылап.

*(Койнунан дары алып чыгып, алардын буттарына шыбайт. Ак тулпар силкинип, туруп аяк шилтейт.)*

Ак тулпар. Ак ниет карыя,
Кулагымды карап көрсөңүз.

*(Адилет Ак тулпардын кулагын тазалап коргошунун алып таштайт. Азамат ары-бери басып көрөт.)*

Азамат. Ырахмат, Адилет ата!
Карлыгач. Ырахмат, миңге жаша!
Ак тулпар. Ырахмат ак ниет, карыя,
Адилет. Анда көп турбайлы,
Ээн талаада.
Калган кепти жай сүйлөшөбүз,
Жүргүлө биздин калаага *(кетишет)*.

## ТӨРТҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Адилеттин үйүнүн эшик алды. Арытан басып Азамат ошол жерге келет.

Азамат. Далай күн болду, мында келгеним.
Машыгып жаа тартуу.
Кылыч чабуу болду эрмегим.
Эми, өзүм жасачу болдум,
Курал, жаракты.
Жетишет. Жол тартышым керек.
Көздөп айыл тарапты

*(Үйдөн шашып, жүгүрүп Адилет чыгат.)*

Адилет. Азамат!
Сүйүнчү кулунум!
Эң сонун бүтмөй болду
Өзүң жасап жаткан буюмуң
*(Ал жалтылдаган кылычты Азаматка көрсөтөт.)*
Азамат. Кандайча Адилет ата,
Айтсаңыз ачыгын?
Адилет. Акырын карма балам, акырын...
Эгер айта турган болсом,
Береги кылычтын мизин
Бир нерсеге сугармак болдук жашырын.
Жүр өз колуң менен өзүң сугар,
Анан кылычтын учун учтуурак чыгар.
*(Алар үйгө кирип бир паста кайра чыгышат.)*
Эми мен сага,
Акыркы ирет айтам табышмак.
Эгер тапсаң жообун аныктап,
Анда элиңе жөнөтөм.
«Алтындан чепкен кийип,
Турган жери бийик,
Кирпиктери үлпүлдөк жибек,
Күндүз күлмүңдөп туруп,
Кечинде чээнине кирет».
Тапкын!
Азамат. Таптым!
Ал көктөгү күн.
Адилет. Жообуң туура,
Эми кандай дээр экенсиң буга.
«Сорусу жазы, өзү лөк,
Көтөрөт баарын, күчү көп.
Суу десең суу,
Деңиз десең деңиз,
Тоо десең тоо.
Тегиз десең тегиз.
Үй десең үй.
Жемиш десең жемиш
Бирок, анда жок
Колу, буту, көзү».
Айтчы бул эмине өзү?
Азамат. Узак табышмак экен.
Буга кандай десем?
Баарынан күчтүү?..
Демек,
Жер болушу керек!
Жер!

Адилет. Таптың!
Бардык нерсени ушундай ойлогун.
Ошондо,
Қас душмандын чыгаарсың ойронун.
Ар дайым эсептешүү керек.
Элдин сөзү менен,
Алар: «Билеги күчтүү бирди жыгат,
Билими күчтүү минди жыгат» — деген.
Эмесе досторуңду чакыр
Қырк күнгө жакындап калды,
Жол тартышың керек азыр.

*(Азамат койнунан Ак тулпардын бир тал туу куйругу менен Карлыгачтын канатынын бир талын отко тутандырат. Ак тулпар менен Карлыгач көз ачып жумгуча алардын жанына пайда болот.)*

Ак тулпар. Чакырыпсың, Азамат...
Қарлыгач. Чакырыпсың, досум?..
Азамат. Досторум,
Күн эсебин санасак,
Болжошкон учур, бүтүп баратат.
Қырк күндөн кечиксек.
Қара-Дөө каарына алып,
Қырып-жоюп жок кылат.
Қыздарды курмандыкка чалып.
Макул болсоңор, сапар тарталык?!
Ак тулпар. Бизде сөз жок,
Жеткиребиз алпарып!
Қарлыгач. Қызматыңа жаныбыз белен,
Аткарабыз айтаарың менен!
Адилет. Анда, жөнөгүлө сапарыңарга алыскы.
Азамат да үйрөнүп бүттү,
Қылычты кандай чабышты.
Көп күндөн бери, Азамат экөөбүз,
Момундай кылыч жасадык.
Муну кармаган киши,
Көп эрдик кылат,
Тайманбас баатыр атанып.
Мунун сугарылган суусу
Қара курт, чаян, жыландын уусу.
Эми, Азамат, муну жакшы сакта,
Чабаар жерге чап, чаппас жерге чаппа!
Азамат. Ырахмат, атаке,
Ырахмат абыдан
Акылды да эрдикти да үйрөттүңүз
Бардык жагынан.

Эмгегиңизге жетишпес ченем.
Актаарымды билбеймин
Эмине менен...

Адилет. Кара-Дөө менен Жезкемпирди жеңсең,
Эмгегимди актаганың ошо.
Саламат барып жаркырап жаша,
Эл-журтуң менен кошо.
Анда, кош бол, жөнөгүн!

Азамат. Кошуңуз ата, жөнөдүм!

## БЕШИНЧИ КӨРҮНҮШ

Жол боюнда жалгыз түп чынар терек турат. Күн кечтеп калган. Аралай баскан жезкемпир. Теректин түбүнө келет.

Жезкемпир. Көптөн бери күтөм
Азаматтын карааны көрүнбөйт.
Неге кечиктиң?
Түлкү менен кузгунум да жок.
Бир жамандык бардай сезилет.
Кызык, Түлкү менен кузгунум
Эмне болушкан шашылып,
Чуркап, учуп келатат
Мени көздөй ашыгып.

*(Түлкү менен Кузгун келет.)*

Түлкү. Келатат, Азамат келатат.

Жезкемпир. Ашыкпагыла, айтаарым силерге,
Силер бир иш жасайсыңар.
Ал келгенде бу жерге
Мен бир кызыкты салайын
Азыр эле кубулуп,
Жаш бала боло калайын.
Анан,
Бул чынар теректин башына чыгып
жашынып,
Чыгып кел дейин алдап чакырып.
Кокус колун сунса,
Чап билектен алайын.
Ийрек менен бир коюп,
Кара таш кылып салайын.
Аттигиниң! Баягы жерге
Биротоло эле таш кылып салганда эмне.
А сен, Түлкүм,
Алаксытыш үчүн,
Кача бер теректи айланып,

Анан ал чаап алам дейт да,
Туруп калат сага байланып.
Эгер жаныңа күч келсе,
Жигит болуп чабышасың.
Сен Кузгунум коркпогун андан
А көрөк ыгын таап,
Көзүн чокуп алыш үчүн камдан.

Кузгун. А кокус көзү деп байкабай,
Мурдун чокуп алсамчы?

Жезкемпир. Ошентип карыгыча,
Өлүп эле калсаңчы!

Кузгун. Өлсөң өзүң өл,
Мен дагы жашагым келет.
Сен өлсөң,
Биз кошо өлмөк белек?

Жезкемпир. Алжыган дөөпөрөс,
Айтыштырып жаман көндүргөн экем.
Көрүп тур акыры түбүңө жетем.
Жарылгырдын кара жер,
Тең жарылып ачылгын.
Бала боло калайын,
Бакка чыгып жашынып, суф! суф! суф!

*(Жер жарака болуп ачылып, жезкемпир ага түшөт да, бир паста жаш бала болуп кубулуп кайра чыгат. Ал бактын далдасы менен жашынып өйдөлөйт да, бир бутагына барып олтурат. Кузгун анын артынан чыгып бир бутакка олтурат. Алар ушинтип жаткан учурда Карлыгач келип баарын көрөт да келе жаткан Азамат менен Ак тулпарды токтотот).*

Карлыгач. Досторум, мен көп нерсени байкадым,
Бул жерге болбойт түнөп.
Мастан кемпир өз шериктери менен
Кубулуп ушул жерде жүрөт.
Алар камданып жаткан соң,
Биздин качып кеткенибиз оң.

Азамат. Жок, достум,
Эми качсак, алсыздык кылып калабыз.
Качканда кайда барабыз?
Андан көрө кармашуу керек.
Ишибиздин келгени ушу оңунан.
Илгертен калган кеп бар эмеспи:
«Берейин деген кулуна,
Белен кылат жолуна».

*(Ушул учурда Түлкү теректи айланып чуркайт. Аны көрүп калган Азамат артынан кубалап, кармай албай убара болот.*

*Ушул учурда бактын башындагы Кузгун кулак тажатып куркулдай баштайт. Артынан жаш бала болуп ыйлаган Жезкемпирдин үнү угулат. Азамат ага алаксып токтоп калат).*

Жезкемпир. Байкебай, байке
Ошол Түлкүнү кубалап ийсең,
Мен коркуп мында отурам,
Түшөйүн дейм чочунам!

*(Түлкү кайра көрүнөт. Азамат аны кубалап теректи тегерене жүгүргөндө Түлкү кубулуп жаракчан жигит болуп чыга келет. Азамат экөө чабышып жатып акыры Азамат аны кылычтын учу менен сайып өлтүрөт.*

Жезкемпир. *(Ый аралаш).*
Байкебай, байке-е!

Азамат. *(Башын көтөрүп).* Бул ким?
Кимсиң өзүң?
Көрүнбөйсүң, кайда жүрөсүң?

Жезкемпир. Менмин.
Мен кичинекей баламын.
Бери карасаңар, байке,
Бактын башын карагын.

Азамат. Түш бери, түшө кал бачым,
Ал жерге көп отурсаң.
Айланат башың.

Жезкемпир. Коркуп жатам,
Түшө алар эмесмин.
Байкебай, жардамдашсаң келип,
Башым айланып баратат.
Көп олтура берип.

Азамат. Чыгат элем,
Бирок бутум майыптуу
Жакында аттан жыгылып,
Жаңыдан айыкты.
А көрөкчө ылдыйлап түш!
Бул жерден тосуп турайын.
Корксоң колуңду бери сун,
Мен да колумду сунайын.

Жезкемпир. Жарайт байке, жарайт.
Мен анда ылдыйлап барайын.
*(Ылдыйлап келип колун сунат).*
Колуң сун, байке,
Мен колуңдан кармай калайын!

Азамат. И ошент,
Дагы берилеп сун!

*(Азамат жезкемпирге эки колун тең сунат да, бир колу*

*менен чап билектен алып, бир колундагы кылыч менен сайып алат).*

Жезкемпир. Жутмак элең жуттуң, ээ
Уттурмак элем, уттуң ээ!
*(Жерге кулап түшүп).*
Жан соога баатыр, эми кылычыңды сайба,
Жанымды койсоң көп кылам пайда.

Азамат. Миң ирет жалын, миң ирет какшан,
Пайдаңдан кечтим, кан ичээр мастан!
Мына сага, мына! *(кылычтын учу менен сайгылайт).*

Кузгун. *(Бактын башында отурган калыбында).*
Ийрегин ал да тийгизип ташта,
Бул мастан өзү айлансын ташка.
Ырас кана кылдың ошону,
Мына менин да колу-жолум бошоду.

*(Азамат ийректи алып, аны жезкемпирге тийгизгенде, жер жарылат да, кемпир жок болуп, ордуна чоң кара таш пайда болот. Кузгун кубанып жерге түшүп келгенде, Азамат ийректи ага да тийгизип таштайт. Кузгун жаракага түшүп жок болот, ал да ташка айланып кетет).*

Азамат. *(Ак тулпар менен Карлыгачка).*
Жүргүлө эми досторум,
Жолго жөнөдүк!
Кан ичээр Кара-Дөө кантип жатты экен
Эми ошону көрөлүк.

Ак тулпар. Жүрү анда, жөнөдүк!

Карлыгач. Жүргүлө жөнөдүк!

## АЛТЫНЧЫ КӨРҮНҮШ

Кара Дөөнүн хан сарайынын алды. Чогулган элге кабак бүркөп, каарын төгүп, Кара-Дөө ачуулуу олтурат.

Каякта жүрөсүңөр,
Каякта жанагы,
Курмандыкка чалчу, кыз деген түгөтүңөр?

Желдет. Ал кыз азыр
Ата-энеси менен камалуу.
Кызды апкелелиби же
Ата-энесин апкелелиби абалы?

Кара-Дөө. Бардыгын чогуу айдап кел,
Каяша кылса какайтып,
Колу-бутун байлап кел!

Желдет. Жарайт таксыр, жарайт,
Биз өңдөнүп кызынан айрылып жатса да
Эл. Дагы эле жанын сабайт.
Желдетте уят жок деген чын да...
Анан уят болмок беле мында?!
Кара-Дөө. Токтоткула, күбүр-шыбыр сөзүңөрдү,
Антпесе чукуп салып көзүңөрдү,
Орго салам өзүңөрдү!
А көрө айткылачы,
Жезкемпирим кайда кеткенин,
Барбы, билип, сезгениң?
Бүгүн менде чоң той болгону жатса,
Ал эмнеге кетип калат башка жакка?
Эл. Жок, жок.
Ал бизге сырлашмак беле.
*(Бири-бирине.)*
*Дөө. Желдеттер! (Желдет чуркап келет.)*
Ылайым жок болуп кеткей эле
*(Желдет Саамайды ата-энеси менен айдап келет.)*
Желдет. Дөөм, кыз, эне-атасы менен келди,
«Мындай болгула!» деңизчи береги элди.
Кара-Дөө. Неге чогулуп алган,
Бул жерге баары.
Тарагыла,
Тургула нары!
Саамай. Таксыр, дөөм,
Бүгүн 39 күн болот.
Кырк күнгө эртең толот.
Бир күнгө шашпагын,
Эгер макул болсоң,
Курмандыкка кыздарды чалчу тоюңду,
Эртең баштагын.
Кара-Дөө. Көрбөй турасыңбы, сен менин
Карынымдын ачканын?!
Жетишет сени менен ата энеңди
39 күн бакканым.
Мен сени бүгүн курмандыкка чалам.
Айжан. Кагылайын кызым, кагылайын, балам!..
*(Ушул учурда Азамат келип калат.)*
Кара-Дөө. Угуп койгула! Мен бүгүн бардык кыздарды
курмандыкка чалам.
Азамат. Чалалбайсың үксүйгөн жаман!
Кана бери чык!
Жекеме жеке чыгалы!
Саамай. Азама-ат!

Эл. Азамат?

Кара-Дөө. Эй бала,
Көзүңдү ачып кара!
Алдыңдагы Кара Дөө,
Оюнчук көрүнөбү сага?
Капшыра кармап салайын
Кармашаар болсоң — келчи кана?!

Азамат. Дөө болсоң, бери сунуп колуңду!
Кармап көр менин колумду.

Кара-Дөө. Мынакей, сун эми сен дагы!
Эй бала, эминең, жалтылдаган алдагы?

Азамат. Булбу? *(Колго кылычтын учу менен сайып жиберип).*
Бул кылыч атайын сага жасалган
Бул белек, ак ниет Адилет атамдан.

Кара-Дөө. Оо, жараткан,
Бул эмине деген жоругу?
Көзүмдү тунартып,
Шал кылып салды да колумду.

Азамат. Кана, кан ичээр,
Колумдан дагы кармагын.
Эмесе, экинчи жолу саяйын
Калбасын үчүн арманың.

Кара-Дөө. Жан соога, баатыр?
Экинчисин сайбачы,
Ансыз да Кара-Дөөнүн
Кетип калды айласы.

Эл. Сайгын, Азамат, сай!
Аяба!!
Аябайм деген болчу өзү да бая.

Азамат. Эл сурап жатса,
Сайбаганым чеки болор.
Мынакей Дөө акеси,
Бул жолкусу менен эки болот.

*(Кылычтын учу менен колго дагы саят. Кара-Дөө кулап түшөт. Азамат аны ийрек менен чапканда, жер жарака болуп ачылат да, Кара-Дөө ага түшүп кетип, кайрадан кара таш болуп чыгат.)*

Эл. Ой баракелде,
Бала эмес бекен, Азамат.
Ырас кылбадыбы Кара-Дөөнүн көзүн бул дүйнөдөн тазалап.

Азамат. Туугандар, Дөөнү көзүңөр көрдү.
Жолдон жезкемпир да ушинтип өлдү.
Эми берегн ийректи отко жагалык,

А кылычты болсо, кас душмандар үчүн сактап калалык.

Эл. Ошент, Азамат, ошент, сактап калалык.

*(Ийректи Дөөнүн жагып койгон отуна таштап жиберип, Азамат, Саамай, Сары, Айжан эл алдына чыгып, чогуу ырдашат.)*

Эч убакта оңолбойт,
Элге кара санаган.
Анын баары жеңилет,
Азаматтай баладан,
Азаматтай баладан.

Көшөгө.

*Б. КУРМАНКУЛОВ*

# АДАМКАЛЫЙДЫН ЖОРУКТАРЫ

*(Жаш өспүрүмдөр үчүн эки актылуу пьеса)*

КАТЫШУУЧУЛАР

Адамкалый — жетим.
Абдыкерим — курбусу.
Низам — өзбек.
Кара кемпир — айылдагы чоң апа.
Курманкожо — манап, бай кыйыр туугандары.
Жакиш — Айылдагы молдо.
Балпык — манаптын туугандары — жигити.
Шалпык — манаптын туугандары — жигити.
Ак сөлөкөт — кубулган Адамкалый.
Кара сөлөкөт — кубулган Абдыкерим.

Булардан тышкары эл катышат.

Курманкожонун боз үйү. Жанында Жакиш молдо дем салып олтурат.

Жакиш. Бу жаралган дүйнөдө,
Он сегиз миң жандуу бар.
Аларындын ичинде,
Алсызы бар алдуу бар.
Арстан, жолборс, кабылан,
Азуулары кандуу бар!
Адам алы жетпеген,
Арасында жалдуу бар.
Каарына жан чыдагыс,
Кара кулак калдуу бар!

Жаратканым бар болсоң,
Жакшылыкка баштай көр!
Курманкожо пендеңди,
Кырсыгынан сактай көр?!
Суф! Суф! Суф! Көчкүл-кеткил!
Куф! Куф! Куф! Көчкүл-кеткил!
Ат ордуна жүгөнсүз,
Ажыдаарды минишкен!
Камчысынын ордуна,
Жылаан алып жүрүшкөн!
Жин-перинин терисин,
Чапан кылып кийишкен,
Түнүчүндө түйшөлүп,
Күндүзүндө күлүшкөн!
Асман-жерди чаңдатып,
Ар кырсыкты билишкен!
Жаратканым бар болсоң,
Жакшылыкка баштай көр!
Курманкожо пендеңди,
Кырсыгынан сактай көр!
Суф! Суф! Суф! Көчкүл-кеткил!
Куф! Куф-Куф! Көчкүл-кеткил!

Курманкожо. Айланайын молдоке,
Айтып турган кебиңден
Сакайамбы жакында,
Салып турган demиңден?!
Кагылайын молдоке,
Оздон чыккан желиңден!
Кагылайын молдоке,
Жаным аман калабы?!
Жанталашып жыйнаган,
Малым аман калабы?!
Чандырында илдети,
Чалың аман калабы?!

Жакиш. Мырзам, коркпоңуз! Кудаа кааласа сакаясыз,
Бир эки күндө эле какчаясыз.

Курманкожо. Молдоке, дем салып бүткөндөн кийин
Эчки аттуудан эчен бар.
Ошолордун ичинде,
Бир сынык мүйүз текем бар...

Жакиш. Эмнем бар дейсиң!?

Курманкожо. Текем бар дейм!

Жакиш. Ии-ии, теке дебейсиңби!
Ооба, теке-теке!

Адамкалый. *(таазим кылып)*. Ал теке Кара кемпирдики эмеспи!.. Курманкожо мырзам, чоң апа эмне кылат?

Курманкожо. *(башын көтөрүп отура калып)*.
Эй, акмак! Акмаксың!
Текенин ордуна сени да берип коёмун!
Айтканымды аткарбачу болсоң,
Териңди тескери соемун.
Кайда жүрөт жанагы Балпыгы?!
Эмне кылып жатат берки Шалпыгы?!
Чакырчы бери, Адамкалыйды?!
*(Адамкалый кетет.)*

Жакиш. Курманкожо мырзам,
Мына, оңоло түштүң!
Жалаң гана кымыран ичкин,
Туура үч күн, анан үч түн?
Ошондо өңүң азат,
Илдетиң качат.
Тооруган шайтандар да,
Бул жерден кеткенче шашат!

Курманкожо. Жакиш молдом, жакшы айттың,
Кымыран ичейин,
Тамак ичпей карышып,
Үч күн, үч түн күтөйүн.
*(Сырттан Балпык, Шалпык киришет.)*

Балпык. Мырзам, мен Балпыкмын!

Шалпык. Мырзам, мен Шалпыкмын!

Адамкалый. Мен Адамкалыймын!..

Курманкожо. Мынабу Адамкалыйдан элүү балак алгыла.
Экинчи кепке аралашпагандай кылып салгыла!
Кана, баргыла!..

*(Адамкалый ары-бери качат. Берки экөө кармап алып, сыртка чыгып кетишет.)*

Жакиш. Мырза, бул балаң бышык бала көрүнөт.

Курманкожо. Бышыктыгы башынан ашат,
Ушул тегеректин баарын канкакшатат
Кой десең күчөп кетет,
Сүйлөсө тили тим эле түтөп кетет!

Жакиш. Каапырдын тили заар турбайбы.

Курманкожо. Кудайым да жакшы көрбөйт мындайды.
Мунуң туура молдоке,

Аны деле мен билем.
Бу канчычкырдан,
Кантип кутуларымды билбей жүрөм?

Жакиш. Мен жолун табамын анын,
Тил албаса байлап жибер.
Орус, дунган байлардын бирине,
Малай кылып айдап жибер?

Курманкожо. Апбали-ии... молдоке,
Акыл деген мына-мына!
Таптың-таптың,
Мунуңуз абдан туура!

Балпык. *(кирет).* Мырзам, айтканыңыздай кылдык.
Туптуура элүү балак урдук!

Шалпык. Мырзам, Адамкалыйды катырдык,
Элүү балактан да ашырдык!

Жакиш. Куке, бул азаматтарыңыз кыраан турбайбы,
Биринен бири чыгаан турбайбы!.. *(экөө мактанышат.)*

Курманкожо. Айтканымды аткарышып,
Дегенимди дегендей кылышат.
Бөрк ал деп койсоң бул эрлер,
Баш алышып тынышат... *(Беркилер ого бетер мактанышат.)*

*(Ушул маалда сырттан Абдыкерим чуркап кирет.)*

Абдыкерим. Мырзам, мырзам! Балпык — Шалпык!
Оо, молдокем да мында турбайбы!
Уюбузду айдап баратып бир укмуштуу көрдүм,
Адам ишенбегендей тири укмушту көрдүм!..

*(Коркуп ары-бери жашынат.)*

Жакиш. Йе, баччагар! Ал эмне экен, айткын?!
Болбосо жаагыңды жапкын!

Курманкожо. Эмне дейт, самтыраган урган,
Ар кайсыны бир айтып
Тантыраган урган!

Абдыкерим. Мен уюмду айдап дөңгө чыккам,
Ошондо бир коркунучтуу үн чыкты мүрзө туштан!

Жакиш. Ии, анан? Анан эмне болду?

Абдыкерим. Анан чагылган чагылгандай жарк этти,
Анан коктуга бир неме талп этти?!
Коркконумдан жата калдым,
Башымды жаман чапаныма ката калдым...

*(Балпык менен Шалпык коркушуп молдого жакындашат).*

Курманкожо. *(Ооруганын унутуп тура калып, кайра отурат).* Ии, анан эмне болду?!

Абдыкерим. Анан бирдеме түрс-түрс басып,
Менин жаныма келди.
Өйдө тургузуп, көзүмдү тиктеп көрдү...

Жакиш. Оо, кудай! Оо, кудай! Барбардигериңен!..
Ооба, көрөт-көрөт! Иншаал-ла! Иншаал-ла!..

Абдыкерим. Анан мыктыңардын үйү кайда,
Молдоңордун үйү кайда
Тезирээк тапкын деди,
Алдыма түшүп унчукпай,
Ошол жакка баскын деди!

Курманкожо. Өңү-түсү кандай неме,
Чынбы, же бул жалганбы?!
Чагылгандан чарт деп түшсө,
Асман жактан жарк деп түшсө,
Кудайым берип салганбы?!
Жакиш молдом айтсаң боло,
Кыдыр келип калганбы?!

Жакиш. Кыдыр аке келээрде,
Кудай чындап берерде,
Кулактарың шуулдайт.
Каз, өрдөгүң какылдайт,
Эт-жүрөгүң лакылдайт.
Ит-куштарың чуулдайт!

Курманкожо. *(Сүйүнүп).*
Аксарбашыл ээй соёбуз,
Абдан мыктап ээй тоёбуз.
Кыдыр келип ээй түнөсө,
Мындан да бай ээй болобуз.
Кудай берсе,
Кыдыр келсе!
Айтканына көнөбүз,
Аксарбашыл ээй беребиз!

Жакиш. *(Абдыкеримге).* Ары чыгданга жашын. Бол, келип калды, бачым!

*(Калдыр-шалдыр болуп ар кандай коркунучтуу үндөр угулат. Казан-аяк калдырайт. Тып-тынч боло калат).*

Адамкалый. *(Чоң элечекти селде кылып, ак эчкинин узун жүнүнөн узун сакал тагынып, көз айнекти көзүнө кийип, таптакыр өзгөрүп алган. Колунда асамуса таяк).*
Мен келемин кыдырып,

Менин доошум ээй угулуп!
Ысыктыкка салкындап,
Муздактыкка ээй жылынып!
Эй, көр пенде, көр пенде!
Кулак салгын баарыңар!
Уккан пенде ээй баар таап,
Укпагандар ээй каарылар!
Калабадан коргочу,
Кайда жүрөт ээй молдосу?!
Айтканымды кылбаса,
Андай адам ээй оңбочу!
Кыдыр аке келерде,
Кудай сага бererде.
Түшүң дагы оңолот,
Каш-кабагың ачылат.
Карышканың жазылат,
Ишиң дагы оңолот!

*(Тыңшайт, аны туурашып, баары тыңшашат.)*

Курманкожо. Мына, молдом, сен айткандай,
Каз-өрдөктөр какылдап жатат,
Эчки-теке бакылдап жатат.
*(Кулактарын басып.)*
Кулактарым чуулдап жатат,
Ит-куштар да дуулдап жатат!

*(Оңдонушуп отурушуп, даярдана башташат.)*

Балпык. Мен эмне кылайын?

Шалпык. Мен эмне кылайын?

Балпык. Мен кайсы жакка отурсам?

Шалпык. Мен кайсы жакка отурсам?

Курманкожо. Силер алдагы туш кийиздин аржагында болгула! Жашынгыла, болгула! *(Туш кийиздин ары жагына жашынып калышат. Беркилер да оңдонуп, олтурушат.)*

Абдыкерим. Мен эмне кылайын, мырзам? Качып кетейинчи үйгө, коркуп жатам аябай. Өзү жапыс баладай, сакалы узун аябай, Кош кабаттуу көзү бар. Селдеси болсо чарадай!..

Жакиш. Дал өзү турбайбы, Курманкожо мырзам!
Кудайым бизди көргөн тура.
Ошон үчүн Кыдыр алекисалам,
Бул жерге келген тура!..

*(Ары-бери басып, колундагы таягы менен туш кийиздин артына жашынган Балпык менен Шалпыкты жаса-буса чаап, ортого алып келет да, арыда илинип турган камчыны Балпыкка берет. Шалпыкты чөгөлөтүп этегин башына жаба түрүп сабатат.)*

Баччагар, ылгый калп айтат,
Бирге экини кошот,
Экиге чекини кошот!
Мунун дилине жин-пери кирип алган,
Периштенин ордуна,
Мойнуна шайтан минип алган?!

*(Анан Балпыкты Шалпыктай чөгөлөтүп, аны да колго келиштире сабаттырат.)*

Чыгдандан чыкпайт,
Чыкырганда укпайт!
Иттерди кубат,
Көрүнгөндү урат!..

*(Анан экөөнү тең эшикке кууп жиберет.)*

Молдом, дааратың жоктура,
Мунуң кудай алдында күнөө.
Ошон үчүн бул мырзаңдын,
Ноокастап кебетеси жүдөө!..

Курманкожо. Оо, касиеттүүм, касиеттүүм!
Жүдөөмүн, көптөн бери ноокасмын!
Оборум ачылбас болду,
Кандайын жесем да оокаттын!

Адамкалый. Кысталак, оңбогон адам ыплас жүрөт,
Дем салганды да билбейт,
Жетим-жесирге жардам бербейт,
Бирөөлөргө жардам берүү,
Анын түшүнө да кирбейт!

Жакиш. Туура, туура! Даааратым каза болуп калганы ырас, Жабышканы чын, жалкоолук деген жылас!

*(Чыгдандан кумган алып сыртка чыгат.)*

Адамкалый. Курманкожо?

Курманкожо. Кулдугум бар, Кыдыралекисалам!
Кулагым сизде,
Айтканыңыз азыр аткарылат,
Эмне айтасыз бизге?..

Адамкалый. Тургун өйдө?! *(Турат.)*
Отургун?! *(Отурат.)*
Тургун өйдө?! *(Турат.)*
Отургун?! *(Отурат.)*
Жаткын?! *(Жатат.)*
Көзүңдү жумасың, айтканымды угасың.
Кың этпестен, Курманкожо, кыл дегенди кыласың?!

Курманкожо. Айтканыңды угамын, касиеттүүм!
Кыл дегениңди кыламын, касиеттүүм!

Адамкалый. Жанагы малайыңды, Адамкалый дегенди,

Малайлыктан бошотуп,
Энесине бергин.
Антпечү болсоң,
Көргүлүктү көрдүң!

*(Аса — муса таяк менен бир салып.)*

Ыйманың үйрүлбөй, жаназаң окулбай,
Ара жолдо арам өлдүң!..

Курманкожо. Жарайт, касиеттүүм! Жарайт, ыйыгым!

Адамкалый. Түшкө чейин жатпай.
Таң атпай туруп жүр?
Жетим-жесирдин айтканына,
Кулагыңды буруп жүр!
Эл арасын аралап,
Акыбалын көрүп тургун!
Жабыр тарткан жандар болсо,
Жардамыңды берип тургун!
Молдоң кайда жоголду?!
Ушундай да болорбу!
Минтип жүрсө ал урган,
Иши кайдан оңолду?!

Курманкожо. Жакиш?! Йе, Балпык! Кайдасың, Шалпык!

*(Тура чуркайт. Ал эшикке чыкканда Адамкалый чыгдан жакка шарт кирип, кейптерин чечинип, мурдагы кейпине келет. Беркилер дүбүрөп, баары сырттан киришет. Чыгдан жактан Абдыкерим менен Адамкалый чыгып, бир-бирин тиктешип туруп калышат).*

Жакиш. Кудай колдо! Кудай колдо!
Иншалла! Иншалла! Кыдыр колдо!

Курманкожо. Йе, молдоке! Кана, Кыдыр акебиз?
Үйдө эмес беле эмеле?!
Силерди кыйкырдым,
Кармалган жокмун көп деле...
Эй, Абдыкерим, Адамкалый!
Кайда кетти, көрдүңөрбү? Кыдырды?
Кантип эле заматта,
Көздөн кайым кубулду!

Адамкалый. Көргөн жокпуз,
Эмеле үй жарк этип калган...

Абдыкерим. Анан жарк дээр замат,
Бирдеме тарс деп калган!..

Балпык. Чын эле мен да уккамын,
Идиш-аяктар калдыраган болучу!

Шалпык. Эшиктеги дагаралар да,
Даңгыраган болучу.

Адамкалый. Туп-туура айтасыңар,
Үйдүн төбөсү ачылгандай болуп,
Бир саамга аңгыраган болучу!
Эми аксарбашылды аябай союш керек.
Элди чакырып этине тоюш керек!..

Курманкожо. Эй, Адамкалый,
Малайлыктан бошоттум сени,
Эми бир аз акыңды аласың...
Анан Андрей деген менин тамырыма барып
Анын каздарын, торопойлорун багасың!
Акыңды алгын, Андрейге баргын?!

Адамкалый. Мырза, апам кайда?
Мен апама барам!
Ал кай тарапта,
Айтыңыз, мен апамды табам?!

Курманкожо. Апаң Пишпектеби же Токмоктобу,
Айтор, ошол жакта.
Ыймаз деген дунгандын байына бергенбиз,
Андан кийин көргөнүм жок башка?

Абдыкерим. Сиз аны сатып жибергенсиз,
Мага атам айткан.
Анан бир жолу көрдүм деген,
Пишпектин базары жактан.
Силер базарга көп эле барасыңар.
Аны-муну сатып аласыңар.
Дунгандарга, өзбектерге да барып жүрөсүңөр,
Адамкалыйдын апасынын кайда экенин,
Силер билесиңер?!

Жакиш. Атаңдын гана көрү ээй,
Мунун сөзүнүн кызыгын кара,
Силер билесиңер деп тим эле,
Мунун бышыгын кара!..

Курманкожо. Андай болсо, той-тамаша болгон жерлерге баргыла,
Ашканаларды аралап.
Мейманканаларды каралап,
Айтор ошол жактан таап алгыла?!

Адамкалый. Эрте өлүптүр, мени тапкан атакем,
Кайда жүрөт эмчек берген апакем?!
Балага да боору ооруп койбогон,
Бай, бийлердин боорлору таш экен!..

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

*Жаз майрамы — чоң көжө маалы. Пишпекте Низам аттуу өзбектин короосу. Най тартышып, ырдап-бийлеп жатышкан. Аңгыча сырттан Абдыкерим кыяк-гармошка тартып, бир сулуу кыз бийлеп, элдин ортосуна чыгышат. Эл сүрөйт. Бий уланат.*

Низам аке. Кымбаттуу туугандар,
Кана, мынабу сулуу кыз менен,
Бийге чыгыңыздар,
Болгула, азаматтар барбы,
Кыз жалгыз бийлеп калды, туруңуздар!

Курманкожо. Йе, бийлесең боло, Балпыгым!
Балпык башынан жашык,
Кана, сен кандайсың, Шалпыгым?!.
Бүгүн бир көрүнүп берчи көзүнө,
Бул олтурган жалпынын!..

Низам аке. Курманкожо мырзамын,
Жигити болсоң Шалпыгым,
Кыз менен кыналыша бийлеп,
Балкыыр болсоң балкыгын?!
*(Эки колун жаая туурап.)*
Анан кадимки ак куудай болуп,
Кайкыыр болсоң кайкыгын?!

*(Кыз кейпин кийип алып бийлеп жаткан Адамкалый бийине ыр кошо баштайт.)*

Адамкалый. Мына бүгүн жаз майрамы келди,
Жашыл тулаң коозлоду жерди!
Эрте сепкен эгиндер амал алып,
Бак-дарактын бүчүрлөрү өндү!..
Сулуу кыздар кооз гүлдөр терди,
Жыттууларын тандап үйгө алып келди,
Ар бир үйдө арбын көжө жасалып,
Апаларым аны куюп берди!

*(Арыдан Шалпыкты ортого жетелеп чыгарышат, кол чабышат).*

Эл. Кана, жигит болсоң кыз менен бийле!
Жүрөгүн жибитип сүйлө! *(Чуулдашат.)*

Абдыкерим. *(Кыякты орусча тартып кирет. Кыз болуп бийлеп жаткан Адамкалый музыкага ылайыкталып, орусча частушканы кыргызча ырдап бийлейт. Шалпык кошула албай четке сүрүлөт.)*
Кана, кана, сулуу кыз,
Катар мага туруңуз,
Мына минтип тартайын.
Музыканы угуңуз?! *(Кошо бийлеп кирет.)*

Адамкалый. Тарт, кыякты, жаш жигит,
Таанылалык баарына!
Бий обонун мыкты тарт,
Бийлеп кирсин жабыла!

Абдыкерим. Эй, сулуу кыз, сулуу кыз,
бийлегенди койсоңчу?
Менден өткөн жигит жок.
Менин жарым болсоңчу?

Адамкалый. Жар болоюн жаш жигит,
Жактырышсак эгерде.
Бир көргөндө алам деш,
Болбойт жигит чеберде.

*(Абдыкеримдин кыягын колунан алып, Адамкалый тартат. Абдыкерим ортого түшүп бийлейт. Адамкалый кыякты тартып жатып кыз кийимин чечинип, өз кейпине келет. Баары таң калат.)*

Низам аке. Кайдагы сулуу кыз десем,
Адамкалый сен белең?!
Бул Пишпекте мындай сулуу кыз жок эле,
Деп ойлоп,
Дендароо болуп турдум мен деген!

Адамкалый. Низам сен мени тааныган жоксуңбу?

Низам. Таанысам оңбоюн,
Тим эле чоюлуп кыздардан назик болупсуң.
Кош этек көйнөктү желбиретип,
Олоң чачты коё берип коюпсуң...
Бир аз болгондо биздин жигиттер,
Калыңыңды мага төлөшмөк,
Анан сенин ой боюңа койбой,
Алагачып жөнөшмөк!
*(Баары каткырып күлүшөт. Адамкалый алдыга чыгат).*

Адамкалый. Низам курбум,
Аның туура чынында, туура!
Кыз десең кыз,
Дос десең досуң мына!

Низам. Адамкалый, жанындагы жигитти тааный албадык?

Адамкалый. Бул менин эң жакшы курбум,
Абдыкерим деген ушул болот.
Каалаcа комузду чалып,
Каалаcа кыякты оюндагыдай чоёт.
*(Ооз темир комузду алып кагат. «Тагылдыр тоо» сыбызгыйт.)*

Ал эми бул ооз комузду жасап берген,
Өзү да кагып көнгөн, чебер жигит.
Жоо чапты десең да солк этпеген
Анан ар өнөргө терең жигит!..

Низам. Андай болсо мыкты экен.
Бүгүн кыргыз, өзбек эли үчүн майрам,
Жаздын келиши — чоң көжө майрамы...
Ошон үчүн чогулганбыз,
Мына, баарынын жүзү жайдары!
Адамкалый, бул төр жакка келгиле,
Бу чогулган элге Абдыкерим экөөң,
Тамаша салып бергиле?

Эл. Абдан жакшы болот! Кана! Кана!
*(Элдин башына барышат. Куурчак ойнотушат).*

Адамкалый. Туугандар, туугандар!
Бул жерде менин атамдын туугандары
Курманкожо манап да жүрөт.
Мен айта турган окуяны,
Мына ушул киши жакшы билет.
*(Эл Курманкожону карайт.)*

Курманкожо. Кана, маалкатпай айтаарыңды айтпайсыңбы,
Айтпасаң бул жерден кайтпайсыңбы?!

Низам. Ачууланбаңыз Курманкожо баатыр,
Баштайт, мына азыр...

Адамкалый. Мына мобул куурчак араңарда отурган Курманкожо деген манап! *(Эл дуулдайт.)* Ал эми бул болсо Анын Каримжан деген өзбек тамыр тууганы. Бул болсо *(аял куурчак)* Курманкожонун келини. Аты Апал. *(Анан тактага чүпөрөк тарта салып, куурчактарды ойното баштайт.)*

Каримжан. *(Үргүлөп отурган Курманкожого салам айтып кирет.)* Ассалоому айлейкум, Курманкожо тамырым. Кандай ден соолук, жакшы жатабы зайыбың?!

Курманкожо *(тура калат)*. Кел, кел, Каримжан, баягыга го?..

Каримжан. Келдим, мырзам, келдим, Ошого... ошого...
Бере турган болсоң тезирээк бергин?!

Курманкожо. Берерин го берем Апалды,
Аны арзанга эле сатамбы?

Каримжан. Канча дейсиң аны,
Эмне аласың дагы?

Курманкожо. Болуптур, андай мындай дебей,
Достуктун шартына карайын.

Эмне берсең ошо бер,
Ошо бергениңди алайын.

Каримжан. Мына менин намыяным,
Ичинде канча болсо,
Ошонун баарын алгын.

*(Курманкожо намыянды алып, ары жакка кыйкырат.)*

Курманкожо. Оо-уу, Балпы-ык!
Оу-уй, Шалпы-ык!
Баскыла бери дейм!
Атаңдын көрү дейм!

*(Балпык менен Шалпык удаа кирип келишет.)*

Адамкалый. *(Эки куурчакты элге көргөзүп.)*
Мунусу Балпык,
Мунусу Шалпык!
Курманкожонун туугандары!
Кудайдын ургандары!

Курманкожо. *(арыдан жулунат.)*
Эй, көк жетим! Бул эмнең?
Кара баштуу кишилерди куурчак кылганың?!
Малайлыктан бошотуп, жакшылык кылса кара муну!
Аш берген агасын таш менен урганын!..
Куурчагыңа кошуп ушу сени!..
Атаңдын гана көрү!..
Мууздап салайынбы,
Боорунду туздап салайынбы?!

Низам. Болду, Курманкожо,
Анча эле күпүлдөй бербегин?
Бул деген оюн-зоок да,
Иштин байкаш керек да жөн-жөнүн!
Ии, уланта бер! Кызык экен!
Эй, мырза! Эй, көпөс, бакылдаба! *(Чуулдашат).*

*(Курманкожо элдин сүрүнөн тыйылып калат).*

Абдыкерим. Тынчыраак болсоңор, туугандар?!
Адамкалыйдын тамашасын көрөлү!
Бул куурчактарды Ташкенден алып келе жатабыз,
Алардын аябай көп өнөрү!..

Эл. Көрөлү! Көрөлү!..

Адамкалый. *(Куурчактарды ойнотуусун улантат).*
Курманкожонун Балпыгы менен Шалпыгы келди.

Балпык. Мына мен келдим, мырзам!

Шалпык. Мына, мен да келдим, мырзам!

Каримжан. *(Чөнтөгүнөн тыйын ыргытат).* Мына, мобул тыйынды көрүп алгыла, Экөөң бөлүп алгыла?.. *(Ыргытат. Экөө кызыл чеке болушуп талашат. Балпыгы барып балта алып келип бөлүп алалы десе Шалпыгы мени балталаган жаткан экен деп качып жөнөйт.)*

Курманкожо. Эй макоолор, токтогула!

Шалпык. Мырзам, кой деңизчи?
Балталаган жатат мени!..
Кой деңизчи, ана келатат,
Балта менен чаппасын деги?..

Балпык. Апкел тыйынды?
Мобу балта менен бөлүп алабыз?
Анан базарга барабыз,
Анан аны-муну сатып алабыз!
Апкел дейм, апкел?!

Каримжан. Йе, Курманкожо,
Буларың тыйын көргөнбү?
Жээ түнт токойдун арасынан,
Жакында эле келгенби?!

Курманкожо. Балпык менен Шалпык,
Тыйын кармап көргөн эмес!
Буларга ме деп,
Тыйынды да эч ким берген эмес!
*(Балпыкка).*
Балпык балтаны ташта?
Шалпык сен болсоң качпа?!
*(Шалпыктан тыйынды алып коёт).*
Тыйын алып жаман көнбөгүлө?
Буларга тыйын эмес, эч нерсе бербегиле?!
*(Экөөнө.)* Мында турбагыла,
Айтканды тыңдагыла!
Тезирээк барып келгиле,
Апалды алып келгиле?!
*(Жүгүргөн бойдон кетишет.)*

Каримжан. Болгула, батыраак?!
*(Өзүнчө ырдайт, өзбекче обон менен.)*
Кудай мага берет бейм,
Кум тилегим келет бейм!
Сулуу болсо токолум,
Суктанышып көрөт бейм.
Ой-ля-ля! Ой-ля-ля!
Ой-ля-ля! Ой-ля-ля!
Суктанышып көрөт бейм!
*(Анан бийлеп ырдайт.)*

Төбөмдөгү топумдун,
Тегереги шайыдан.
Жигит киет деп кыздар,
Жибек менен кыйыган!
Ой-ля-ля! Ой-ля-ля!
Ой-ля-ля! Ой-ля-ля!
Жибек менен кыйыган!
Өтүгүмдүн такасы,
Кежирнайдан салынган,
Кайың мыгы жасалып,
Катар-катар кагылган!
Ой-ля-ля! Ой-ля-ля!
Ой-ля-ля! Ой-ля-ля!
Катар-катар кагылган!

*(Аңгыча Апалды алып келишет. Каримжан кыйкырат.)*

Эй, Камилжан!

Үн. Угуп жатам Каримжан аке!

Каримжан. Айда бери арабаңды?!

Курманкожо. Мына, малай кыласыңбы,
Токол кылып тынасыңбы?!

Апал. Кайда кетсем да,
Адамкалыйды ала кетем!
Ал кайда жүрөт?
Мени коё бергиле,
Каралдым таба жетем?!

Курманкожо. Апал, балам
Кыз болсо берет элем,
Айтканыңа көнөт элем!

Каримжан. *(Аны колдоп.)*
Эркек бала деген,
Туулган жеринде болуш керек,
Өзгө жакка барбай,
Атасынын элинде болуш керек!..

Курманкожо. Катындын сөзүнө да карап аны...
Эй, Камилжан айда арабаңды?!

Каримжан. Бол, Камилжан! Бол дейм,
Аттарыңды чуулдаткын!
Пишпекке чейин бир toктобой,
Арабаңды зуулдаткын!

Апал. Уулумдан тирүүлөй ажырадымбы?!
Адамкалый! Адамкалы-ыйы-ым!
Кайда жүрөсүң, кулунум!
Чоңойгондо издеп та-аап?!.

Курманкожо. Табат-табат! Чоңойгондо жиберем!
Тагдыр ушундай экен, Апал балам,

Эр жеткенде эсине салам!

Каримжан. Кеттик, келип тур, мырза?!

*(Арабага салып, айдап кетишет. Адамкалый куурчактарын жыйнаштырат да элдин алдына чыгат.)*

Адамкалый. Туугандар, ошол Курманкожо деген манап,
Мына, бүгүн бул жерде жүрөт
Ошол Апал деген келиндин дайынын,
Ушул Курманкожо гана билет.

Низам. Апал деген ким эле?!

Абдыкерим. Асмандагы куш дагы,
Айланып учат бала деп!
Ак кардуу тоодо бөрү да,
Ал дагы жашайт бала деп.
Азапка түшсө баласы
Атан төө боздойт буркурап.
Баласын кырсык тооруса,
Чымчык да сыздайт чыркырап.
Канча жыл өтүп кетсе да,
Карекке тартып элесин,
Сапарын улайт бир бала,
Сагынып издеп энесин!

Адамкалый. Азыр мен силерге көргөзгөн,
Баласынан айрылган Апал менин апам!
Аны тапмайын менин,
Кантип басылсын капам?!

Низам. Эй, кана Курманкожо?!
Бери элдин алдына чыкчы?!
Эне баланы экиге бөлгөн,
Бул кайдан чыккан мыкты?!

Эл. Ой, ал жок! Жер жутуп кеттиби?!

Абдыкерим. Тигине качып баратат! *(Баары кууп жөнөшөт).*

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

Кеч кирип бараткан учур. Курманкожо, Балпык жана Шалпык үчөө кеңешип жатканда ай чыга баштайт.

Курманкожо. Эй, Балпык, Шалпык!
Жакшылап угуп алгыла?
Кара кемпирдин өгүзү аябай семиз.
Ошону эптеп алгыла?
Мен азыр аны үйгө чакыртып аламын,

Ошондо шып этип жетип баргыла?
Анан бул жерге алып келип,
Бекем байлап салгыла!
Мен силерди Токмоктун базарынан
күтөм,
Соордо алып жетип баргыла?!

Балпык. Болуптур мырзам, барабыз!

Шалпык. Азыр эле алып келип салабыз!

Курманкожо. Байкагыла эл көрбөсүн?
Бирөө көрүп калса шоруңар кайнайт,
Баягыдай менин заманым жок.
Биз эми бекем туралык,
Элдин алдында,
Маскара кылып тыналык!..

Абдыкерим. Мына экөөбүздү эле алалык,
Канча жылы малай болдук.
Акы да берген жок.
Ал эми көргөнүбүз ит көрбөгөн кордук!..

Адамкалый. *(тыңшап)*. Тыңшачы? Келатышат!
Жүр бул жерге келгенче али көп бар!
Жүргүн бери, сен билбеген бир кеп бар!

*(Экөө акырын чыгып кетишет. Коркунучтуу үкүнүн, иттердин үндөрү угулат. Балпык менен Шалпык өгүздү жетелеп келишет. Анан экөө элеңдешип, эки жакты карашат. Угулуп жаткан коркунучтуу үндөрдөн чоочулашат.)*

Балпык. Шалпык, сен караңгыдан коркчу белең?

Шалпык. Жок! Мен эч качан эч нерседен коркпойм! Анан момундай мүрзөлөрдүн жанынан бир аз эле... Кээде коркпой деле коём. *(Эки жакты карап.)* Кээде бир аз деле коркуп коём... А сенчи Балпык?!

Балпык. Өзүм мындай жерден коркпоймун,
Анан кээде чекеден терим чыпылдап кетет,
Качканда буттарым зыпылдап кетет.

*(Алар антип сүйлөшүп жатканда бир коркунучтуу үн угулат. Ары караңгы жактагы мүрзө жактан эки көзүнөн, оозунан от жалбырттаган аппак сөлөкөт көрүнөт. Ал бирде ачык мүрзөгө киргендей, бирде андан чыккандай болуп, коркурап-шаркырайт.)*

Ак сөлөкөт. Түн киргенди ээй билбеймин,
Түн жүргөндү ээй сүйбөймүн!
Агу-гуу!
Агу-гуу!

*(Балпык менен Шалпык коркушуп, бири-бирине ыкташат.)*

Көккө учсам ээй, канат бар.
Жерге түшсөм ээй, таяк бар!

Агу-гуу!
Агу-гуу!
Бүгүн гүлдүү ээй чарбаксың,
Эртең көрсөм ээй арбаксың!
Қурр-рр! Қурр-рр!
Агу-гуу! Агу-гуу!

Балпык. Қудай сактай көр!
Арбак турбайбы, кудай сакта?!
Эми эмне кылдык Шалпык!
Өлө турган болдук накта...

Ак сөлөкөт. Түн киргенин ээй билбеймин!
Түн катканды ээй сүйбөймүн!
Агу-гуу! Агу-гуу!
Бири издейт ээй жамандык,
Бири жасайт ээй арамдык!
Агуу-гуу!
Агуу-гуу!

Шалпык. Қагылайын, Ак сөлөкөт! Ырайым кыла көр!
Айтканыңды угалык!
Қыл дегениң кылалык!

Балпык. Садагаң болоюн Ак сөлөкөт!
Ырайымдуу боло көр,
Жазыгыбыз такыр жок,
Жаныбызды коё көр?!

Ак сөлөкөт. Бириң Балпык экениңди,
Бириң Шалпык экениңди жакшы билемин!
Эмне кылып жүргөнүңөрдү да көрүп жүрөмүн!
Ха-ха-ха! Билемин! Биле-мин! Қөр пендем!

*(Жок болуп кетет. Берки экөө тура качмакчы болуп жөнөгөндө алар бет алган тараптан Ак сөлөкөт алдынан көрүнөт.)*

Ак сөлөкөт. Мен, мен деген мен болом,
Ок жетпеген жел болом!
Қаалаганда төр болом,
Қаалаганда көр болом!
Агуу-гуу!
Агуу-гуу!
Менден качып кутулбайт,
Ал жетпеген эриң да!
Менден качып кутулбайт,
Қара кулак шериң да!
Агуу-гуу!
Агуу-гуу!

Балпык. Кечирип кой, Ак сөлөкөт!

Биз коркуп жатабыз сизден!

Шалпык. Айтыңызчы айланайын Ак сөлөкөт,
Эмне каалайсыз бизден?!

Ак сөлөкөт. Балпык, сен мында каласың,
Шалпык, сен мырзаңа барасың.
Ал жок болсо,
Же молдону табасың.
Анан көз ирмем да кечикпей,
Бери карай саласың?!
Уктуңбу, пендем?

Шалпык. Уктум, Ак сөлөкөт...

*(Арыдан кара сөлөкөт пайда болот.)*

Кара сөлөкөт. *(Коркунучтуу күркүрөп.)*
Келбечи болсо мен өзүм барам,
Бул келесоону кайдан болсо
Таап алам!..

Шалпык. Сөзсүз келем! Таап келем!
*(Кетет.)*

*(Кара сөлөкөт жок болот. Ак сөлөкөт ары-бери секирип.)*

Ак сөлөкөт. Көктү бөлүп салсамбы,
Жерди жара салсамбы?!
Эртең кайра тирилип,
Бүгүн өлүп калсамбы?!
*(Койколоктойт).*
Бейиттерди ачсамбы,
Жиликтерин чаксамбы?!
Жан салгын деп буларга,
Жаналгычка айтсамбы?!
*(Жер тепкилеп, Шалпыкка.)*
Эй, көр пенде!
Бутуң уктадыбы?!
Зарaаң кыстадыбы?!

Шалпык. *(Өзүнчө.)*
Баарын билип жатат,
Көздөрү күйүп жатат.
*(Сөлөкөткө.)*
Ооба, Ак сөлөкөт!
Ошондой, ошондой...

Ак сөлөкөт. Чыдагын! Ордуңдан турбагын,
Арбактар жаткан жерди,
Ыпылас кылбагын?!. *(Коркунучтуу үн чыгарат.)*

Шалпык. Антпеймин... Антпеймин...
Тычтанчы Ак сөлөкөт?

Жүрөгүм түшүп сүрүңөн,
Коркуп жатам үнүңөн...

Ак сөлөкөт. *(Коркунучтуу каткырат.)*
Коркпогун Шалпыгым!
Жанынын артыгын!
Сен эмне ошончо эле
Ыйык Шалпык бекенсиң?!
Мына бу бейиттерде жаткандардан
Артык бекенсиң?!
*(Дагы каткырат. Коркунучтуу үндөр, элес-буластар көрүнө баштайт.)*

Шалпык. Жоо-жок, артык эмесмин!..
*(Аңгыча Жакиш молдо менен Балпык Шалпыктын жанына келет. Заматта жымжырт боло түшөт.)*
*(Тунжуроо).*

Жакиш. Иншалла! Иншалла!
Бейит жаткан жер дурус болот!
Арбак жаткан жер
Иншалла, иншалла, ыйык болот!

Шалпык. Келдиңерби? Акырын, азыр эле жок болду.
Мына ызы-чуу да токтоду...

Жакиш. *(Кырданып.)*
Калган эмес турбайбы,
Экөөңөрдүн уятыңар.
Жөндөн жөн эле,
Сакалдуу адамды убара кыласыңар!

Балпык. Молдоке, калп айткан болсок,
Ушул каран түндөн чыкпай калалык!
Кулагыбыз керең болуп,
Эч нерсени укпай калалык!

Шалпык. Молдоке, калп айткан болсок,
Ушул жерден кетпей калалык!
Караңгы түндөн эртеңки,
Жарык күнгө жетпей калалык!

*(Аңгыча ары жактан анда-санда жылт-жулт этип, үн да ар кандай ыйлаган баладай, күркүрөгөн арстандай, кирген буурадай, койчу түркүн коркунучтуу үндөр угула баштайт.)*

Балпык. Молдоке, мына башталды,
Тээтигине, Ак сөлөкөтү турду,
*(Ак сөлөкөт көрүнө баштайт.)*
Ана-ана көрдүңүзбү, тигине,
Оозу менен көзүнөн жалын чачыратып,
Бизди карай жылды...
*(Коркушуп бири-бирине ыкташа түшүшөт).*

Жакиш. Кудай сакта, кудай сакта!
Айтканыңар чын турбайбы.
Ушунча жашка чыкканы,
Көргөн эмесмин мындайды?!

Шалпык. Эми эмне кылабыз?
Кантип кутулуп кетебиз?
Таң да атпас болду го.
Айылга кантип жетебиз?!

Балпык. Молдоке, айтканын угалык,
Кыл дегенин кылалык!

Жакиш. Антпеске арга жок,
Кудаанын кылганы бу да...
Алданын буйругу болсо,
Акаарат кылып болбойт буга?
Иншалла, иншалла! Сакта кудай, сакта!

Ак сөлөкөт. Келдиңби пендем?

Жакиш. Келдим, жарыктык!..

Ак сөлөкөт. Кээде беширекет, кээде төртирекет,
Намаз окуйсуң!
Калп эле молдомун дейсиң,
Курандын тилин билбеген кокуйсуң!
Ушул чынбы?

Жакиш. Чын-чын, касиеттүүм!

Ак сөлөкөт. Кудайдын элчисимин деп,
Баардык жерге барасың!
Жаназа, дооран талашып,
Жакалашып жатып аласың!
Ушул чынбы?!

Жакиш. Чын, чын, касиеттүүм!

Ак сөлөкөт. Жасагыла деп шартын,
Араандай ачылып алкың,
Өлгөндөрдө жыртыш жырттырып,
Мүчө бердирип,
Өлүк ээсинин чыгардың тарпын,

*(Бериден дагы коркунучтуу дабыш чыгып, Кара сөлөкөт пайда болот. Баары ал жакты карашат.)*

Кара сөлөкөт. Ооба, анан эт жеш үчүн кара ашка,
Үч, төрт кара сойдуруп,
Кашыктан баштап карага чейин,
Доорунуна койдурат.
Уккун чала молдом,
Мындан кийин дооронго
Көп нерсени койдурбагын!?
Алыңды карап иш кылгын,
Арбын малды сойдурбагын!?

Угуп алгын көп пенде?!
Ушул менин азыркы талабым!
Айтканымды аткарбас болсоң,
Тирүүлөй тозокко саламын!
Миң күнү анан миң түнү,
Толорсугуңдан илип,
Түтүнсүз отко жагамын!..

Жакиш. Кулдугум бар, кулдугум бар!

Ак сөлөкөт. Айткыла?!
Кара кемпирдин өгүзүн ким уурда деди?

Балпык. *(Беркилерден мурда)*.
Аны Курманкожо мырзам уурда деген...
Алып келип каткыла мында деген!

Шалпык. Таң ата электе
Токмоктун базарына келгиле деген.
Мен ал жерде боломун,
Мага апкелип бергиле деген.

Кара сөлөкөт. Эй, көр пенде, жакын кел мага?!
Тезирээк баскын, кана, кана?!
*(Тез аны карай басат)*.
Токтогун! Дагы сураймын,
Чыныңды айтасың азыр мага,
Кулу болсоң кудайдын?!

Жакиш. Кудайдын кулумун!
Пайгамбардын үмөтүмүн!
Чарыярдын досумун!..

Кара сөлөкөт. Табыпмын деп калп айтып,
Далайларды карып кылдың.
Кара сууну ичирип жатып,
Канчаларды майып кылдың.
Ушунуң чынбы, Жакиш молдо?!

Жакиш. Чын-чын! Астапралда!
Лаайлаха илдалда! Лаайлаха илдалда!

Ак сөлөкөт. Бери баскын, бери!
Токтогун!
Уккун эми мени?!
*(Кол куушуруп туруп калат)*.
Апалды кайда каттыңар?!
Аны кимге саттыңар?!
Чыныңды айтпачу болсоң,
Турган жериңе кагып жиберем,
Арбактарга талатып,
Ачык бейитке салып жиберем!..

Жакиш. *(Чөгөлөй калып.)*
Кагылайын касиеттүүм!

Аны каткан да Курманкожо,
Арбын акча алып Камилжанга,
Аны саткан да Курманкожо!

Ак сөлөкөт. Камилжаның ким!
Аның кайдагы неме?!

Жакиш. Камилжан өзбек байы,
Бу...бу То...Тоо. О.
Токмокто эле...

Кара сөлөкөт. Уккун эми молдо,
Мындан чыгып базарга барасың.
Жаныңа алдагы эки макоону аласың,
Базардан Курманкожону табасың!

Кара сөлөкөт. Анан... анан... бери бас!
*(Чуркап барып ордуна тура калат.)*
Камилжандын акчасын бересиңер!
Апалды бошотуп алып,
Айылга келесиңер?!
Уктуңбу, молдом?!

Жакиш. Уктум! Уктум!
Акчасын беребиз,
Апалды алып келебиз!..

Ак сөлөкөт. Бери баскыла, үчөөңөр тең!
*(Үчөө тең катар турушат).*
Макулуктар, оңбогурлар,
Алган-жулган элдин малын
Ээлерине кайтарасыңар?!
Малы жок болуп кеткен болсо,
Ордуна акча алпарасыңар?!

Балпык. Менде акча деген жок!

Шалпык. Менде да акча жок!

Кара сөлөкөт. Бери баскыла! Мен акчаны табамын!
*(Айткан жерге турушат.)*
Молдо, сенин коргонундагы акчаны
Мен билемин, же акча эмес башкабы?!

Жакиш. *(Жакасын кармап.)*
Акча-акча! Ооба коргондо!
Тезектердин арасында!..

Кара сөлөкөт. Мойнуңа алдың,
Ушинтип ак жүргүн, молдом!
Айткандардын баарын аткарасың,
Ал жагын жакшылап ойлон?!

Ак сөлөкөт. Анан акыркы соболум,
Курманкожонун элден зордоп алгандарын,
Жасап жүргөн жалгандарын!
Элге айтасың,

Эл өзү байкасын!
Антпечү болсоң,
Оо дүйнөгө барганда,
Оңбогондой күнөө тартасың!..

Кара сөлөкөт. Менин да акыркы сөзүм,
Ортого тургула?
Азыр собол саламын,
Айтканымды айткандай кылгыла?!
*(Ортого турушат).*
Дамбалдан башка кийминңерди чечкиле?

*(Молдо жыпжылаңач дамбалчан болот. Бир багелеги кыска — айрылып калган. Берки экөө шымдарын чечишпейт).*

Ак сөлөкөт. Эй, эки айбан! Эмнеге шымыңарды чечпейсиңер?
Айтканды эмнеге сезбейсиңер?!

Экөө. Биздин дамбалыбыз жок...

*(Эки сөлөкөт эки жактан каткырат).*

Кара сөлөкөт. Анда мындай! Пенделер!
Молдо, селдеңди алгын!
Анын ордуна шымыңды башыңа чалгын!
Анан тиги уурдап келген өгүзгө баргыла!
Калган кийминңерди ошонун мүйүзүнө,
Кабаттап илип салгыла?
Балпык, базарга барып, Курманкожону тапкын?!
Апалды айылга алып келсин деп айткын?!
Сен болсоң тез жөнөгүн!
А булар менен өзүмчө сүйлөшүп көрөмүн!..
*(Балпык жөнөп кетет).*

Жакиш. Кагылайын Кара сөлөкөт!
Шымды селде кылып кудаага күнөкөр болуп жүрбөйлү?
Бизди көргөн адамдар,
Арты менен күлбөйбү?..

Кара сөлөкөт. Күнөөңдөн ошондо арыласың.
Кудаага ошондо жагынасың...
Оо дүйнөгө барганда,
Түз эле бейиштин төрүнө кабыласың...

Жакиш. Астапралда, астапралда, Кара сөлөкөт,
Алдамдын анысы чын болсо, селдеси шым болсо...
Азыр эле шымымды чалынып алам!
Маасы, көлөчүмдү болсо,
Мойнума салынып алам!..

Ак сөлөкөт. Кана, айтканды жасадыңарбы?
Үчөө. Жасадык! *(Жарыша жооп беришет.)*
Ак сөлөкөт. Жөнөгүлө! Айтканды жасабасаңар
Өз убалыңар өзүңөргө!
Кара сөлөкөт. Кайдан болсо таап алып силерди,
Көрүнөбүз көзүңөргө!..

*(Беркилер жөнөшөт. Коркунучтуу үндөр угулат. Сахна айланып, айылдын ортосундагы дөң көрүнөт. Бир аз окуя куурчактар менен берилсе да болот. Жакиш молдо менен Шалпык сөлөкөттөр айткандай болуп алышып, өгүздү жетелешип, мүйүзүнө кийимдерин илип коюшкан. Эл чогула баштайт.)*

Адамкалый. Ой, эл-жу-урт! Чогулгула! Бери келгиле?!
Макиш молдо менен Шалпыкты көргүлө?!
Абдыкерим. Мобул дөңгө келгиле?!
Бир кызыкты көргүлө?!
*(Эл чогула баштайт).*
Кара кемпир. Түндөтөн бери өгүзүмдү таппай жүрсөм,
Булар жетелеп жүргөнү эмнеси?!
*(Беркилерди көрүп, чочуп.)*
Ээ, ботом, молдобузга эмне болгон,
Шымы башында-аа, кайда кеткен селдеси?
1-аял. Молдокебизге жин тийген го?!
Болбосо бул эмне жоругу?!
2-аял. Ха-ха-ха! Ха-ха-ха!
Карагыла, көрбөйсүңөрбү момуну!
Кара кемпир. Жакиш молдо! Бул эмне кылганың, ботом?
Шалпык, ушундай беле сенин ата-жотоң?!
Түндөтөн бери канча издедим айылды,
Эмнеси болсо да өгүзүм табылды!
*(Өгүзүн жетелеп алып кетет. Эл келе баштайт.)*
Адамкалый. *(эл алдына чыгып ырдайт.)*
Оо, калайык, келгиле?
Мобуларды көргүлө!
Ушул жерге келгиле,
Уктап жаткан эр бүлө?!

Оо, калайык, тургула!
Сөзгө көңүл бургула!
Жакиш молдо кутурду,
Жардам болсо кылгыла?!
Жакиш. Оо, пенделер, ишенбе,
Көк жетимдин кебине,
Кыдырларга жолугуп,
Жакиш келди дегиле!

Аңкүр-маңкүр, арбактар,
Жанында экен мечиттин,
Азирейил — жаналгыч,
Периштеге кезиктим!

Адамкалый. Оо, калайык келгиле,
Мобуларды көргүлө!
Бол, батыраак баскыла,
Кызыгына баткыла!

Абдыкерим. Келгиле! Көргүлө!
Ай төбөдөн тутулду,
Макиш молдо кутурду!
Келгиле! Көргүлө!

Жакиш. Жанын жешет мобулар,
Жакшы жышаан иш болду.
Жакиш молдо бейиттен,
Жаналгычка туш болду!
Иншалла! Иншалла!
Астапралда, жараткан,
Арбактарга тутулуп.
Балпык, Шалпык үчөөбүз,
Араң чыктык кутулуп,
Иншалла! Иншалла! *(Кутургандай, дем салгандай болуп элге айтканы.)*
Курманкожо мырзага,
Периште айтты саламды.
Аңкүр-маңкүр жолугуп,
Алар да айтты саламды!
Азирейил-жаналгыч,
Булар да айтты саламды!
Курманкожо бар беле?
Кутургуруң кайда эле?!
Мына бизди көрсүн де,
Мында бачым келсин де?! Чакыргыла?!

## ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ

Адамкалый элге куурчак оюндарын көрсөтүп, аларды күлдүрүп жаткан учур. Ал элдин ортосуна үстөл коюп, эки жыгачка чүпөрөк тартып алган. Абдыкерим жанында.

Адамкалый. Туугандар, азыр мен силерге мас менен торопойдун окуясын айтып берейин! Мына бул биздин эле айылдагы Акжолтой деген ичкич адам. *(Куурчакты көрсөтөт.)* Ал эми бул болсо мага кыягын берген Пантелейдин торопою *(Торопой куурчакты көрсөтөт.)* Бул болсо мынабу

торопойдун апасы! *(Эл күлөт.)* Эми тынч отуруп, бул экөөнүн тамашасын көргүлө? *(Баары тартипке келише отурушат.)* Мага жолдошторум Абдыкерим менен Сагын жардам беришет. *Үчөө тартылган чүпөрөктүн ары жагына кирип куурчактарды, ойното башташат.)*

Акжолтой. *(Мас абалда. Бериде торопой балчыкта оонап жаткан.).*

Арак бир ии-ий, арак, араксың,
Аябай жакшы тамаксың!
Ичкенден кийин көчөдө,
Иттерге мени талаттың.
Арак ии-ий, арак, араксың,
Аябай жаман тамаксың!
Башымды менин оорутуп,
Балдарга дагы сабаттың!

*(Балчыкка сыйгаланып жыгылып калат. Анда оонап жаткан торопой коркуп тура качат.)*

Эй, тегерек мурун, сен кимсиң?!
Мен сени бир жерден көргөм...
Өзүң эле айтчы, тегерек мурун,
Кайсы жерден?!
*(Турам деп кайра жыгылып калат.)*
Бул жер кайсы жер?
Балчыкпы, ыя, мунуң!
Айтчы, эй мага, төгөрөк мурун?!

Торопой. Тургун, үйүңө кеткин?!
Бул жер менин күндүз жата турган үйүм!
Кет деймин, бошот деймин!
Бул көлчүк менин үйүм!
Тигине, көрдүңбү?
Тээтигил жакта сенин үйүң?!
*(Эл кыраан-каткы күлүшөт.)*

Акжолтой. Токточу, кет дебей,
Кет дегенин көр, ээй мунун!
Сен өзүң кимсиң, ыя?
Айтып берчи мага?
*(Турам деп дагы жыгылып калат.)*

Торопой. Мен деген Торопоймун,
Топчу мурун Торопой деген мен болом!
Көлчүк, балчыкка оонаган эр боломун!
Өрдөк, каздардан коркпогон,
Балапандарды бакырткан,
Бакыйган шер боломун!

Акжолтой. Эй, топчу мурун торопой,
Памийлең ким анда сенин?

Кана, жооп берчи,
Ушул суроомо менин?

Торопой. Мен деген Камандын баласымын,
Камандын уулу,
Топчу мурун Торопой деген боломун!
Азыр баткагымды бербесең,
Атама айтып коёмун!

Акжолтой. Акмак десе, муну кара,
Баткакты да энчилеп алганын мунун?..
*(Бүткөн боюн карап.)*
Ии-ий, ит болгон турбайбы,
Үстүмдөгү күрмө-шымым.

Торопой. Баткагымды бергин?!
Болбосо менин Каман атамдан,
Көргүлүктү көрдүң?!.

Акжолтой. Эй, тегерек мурун!

Торопой. Мен деген тегерек мурун эмесмин,
Мен деген топчу мурун Торопоймун!

Акжолтой. Ооба, топчу мурун торопой!
Бар, атаңды чакырып кел мында!
Бар, баргын? Тезирээк баргын!
Эй, топчу мурун, бол эми кежирлик
кылба!

Торопой. Казыр эле чакырып келем,
Анан менин балчыгымды, чалчыгымды,
Бербегениңди көрөм?!.
*(Жөнөп бараткaнда ага кыйкырат.)*

Ак жолтой. Токточу, укчу Торопой, Каман атаңа
Абалымды жакшылап айткын менин,
Анан арак табылбаса,
Самогон болсо да ала келсин дегин?!
*(Эл чуулдап, алкап кол чабышат).*

Адамкалый. Мына, туугандар, Акжолтойду билесиңер,
Курманкожо мырзаңардын иниси
Тигине, балчыкта жатат.
Ушинтип ичкилик ичпей эле койбойбу,
Ага минтип ичип эмне азап?!
*(Эл дуулдап, ары жакты карашат.)*

Абдыкерим. Тээтигине, көрдүңөрбү,
Чын эле көнгөн балчыгында жатат.
Адамдар эмес андан
Ошол торопойлор да качат...

Эл. Туура айтышат! Куурчактар да туура ай-
тат!..
Адамкалый, дагы бир көңүлүбүздү ачып

койчу?! Ошенте гой, кагылып кетейин?!
Дунганча бир ырың бар эле... Ошону?!

Адамкалый. *(Абдыкерим кашык менин табактарды чапкылап музыкага кошулат. Адамкалый кыяк менен ырдайт.)* Мухамбет деген дунган досум минтип ырдайт:

Эл. Кана-кана?!

Адамкалый. Фасы шышонйин йүнчү дуэ, зущен да хэ,
Зе мангэчур тондини, сый ду нын хэ.
Кэси вэ зун мэ жянгуэ, та пыдуэ вэ,
Данпэ, та бу шинэ ве, вэ е кын фэ.

Эл. Эмне деген ыр бул?!

Адамкалый. Бул мындай:
Улуу дайра агып жатат күркүрөп,
Ушул суудан бүт жаныбар ичишет.
Өмүр алып баарысы тең эң узун.
Алды жактан жакшылыкты күтүшөт.

Эл. Азамат! Узак жаша сен да ошол дайрадай?!

Абдыкерим. Бул жерде өзүңөрдүн кызыңар да бар,
Ал мынакей, биздин Сагын,
Адамкалыйга кошулуп,
Ырдаганын уккулачы анын?!

Эл. Угалы, угалы?! Ырдап бергиле, айланайындар?!

Адамкалый. Биз анда өзбекче ырдап, бийлеп, берели?!

Эл. Мейли! Мейли!

Абдыкерим. *(Кыякты өзбекче тартат).*
Баштадык анда! Тынчтангыла?!

*(Кыяк сыбызгыйт. Обон толкунуна экөө бийлеше ырдаша башташат).*

Сагын. Биздин турмуш жыргал турмуш,
Бизге келди чынында.
Кучагында теңдик күндүн,
Кубаналык кылымга!

Адамкалый. Ырас келди теңдик турмуш,
Жыргап өмүр сүрөлүк!
Тамак болсо курсак тойсо,
Эмгектенип күлөлүк!

*(Музыка көтөрүлөт. Ар кандай кыймылда бийлешет.)*

Сагын. Ала-Тоонун арасында,
Ырдап бийлөө жыргал да.
Кана жигит каш кагып кой,
Эгер батсаң жыргалга?!

Адамкалый. Туура айтасың Сагынтайым,
Жаш жүрөктөр кубансын!

Ала-Тоонун арасында
Кооз гүлдөр буралсын?!

*(Музыканын коштоосу менен бийдин акыркысын бийлешет да токтошот. Эл алкап чуулдашат. Аңгыча ары жактан Курманкожо келет. Ал ортого чыкканда эл тым-тырс болот).*

Курманкожо. Эмне болуп жатат бул жерде,
Эмеле эле шарактап жатат элеңер
Мен келгенде унчукпай калалы деп,
Макулдашып алды белеңер?!

Кара кемпир. Курманкожо, сеники жетишет эми?!
Оокат кылбасын дедиңби мени?!
Өткөндө уюмду уурдап сойдурупсуң,
Этине Каримжан, Алимжан дегендерди тойдурупсуң!..
Анан эки бирдей коюм жоголду,
Аны да сен тиги бейиттин арасына,
Балпыгың менен Шалпыгыңа каттырыпсың,
Анан Токмоктун базарына алпартып,
Аны дагы саттырыпсың?!
Түндө да жалгыз өгүзүмдү алдырыпсың,
Көнгөн бейитиңе жашырып салдырыпсың?!

Курманкожо. Калжыраган катын, эмне деп жатасың?
Албагын ак адамдын мазасын?
Ким уурдаган болсо,
Кудайым өзү берсин жазасын?!

Эл. Жакиш молдону чакыргыла!
Ал кайда кетти?!
Мына! Мына, молдо айтсын?!

Жакиш. *(Жанагы кейпинде ортого чыгат. Аны көрүп Курманкожонун эси ооп, дал боло түшөт.)*
Курманкожо, чындыкты жашыра албайм,
Кудаанын каргышына калбайм!
Кара кемпир ырасын айтты,
Сен каттырган өгүзүн
Арбактар өздөрү айтты!

Курманкожо. Чын эле жин тийсе керек!.. *(Өзүнчө.)*
Соо киши да ушундай болобу?..
Жинди чоңу пир тийсе керек...

Жакиш. Анын эки коюн да алгансың,
Базарга салгансың?!
Курмандын айгырын алгансың,
Аны да саттырып,

Акчасын намыяныңа салгансың!..

Болгон чындыкты мындан ары жашыралбаймын!
Төлөп бергин баарын элге,
Алар дагы сага окшогон пенде!..

Курманкожо. Ой, эл-журт! Бул эмне деп жатат?
Муну жин тооруган го?
Молдобуз жандуу оору менен
Ооруган го?..

Эл. Молдокем туура айтат!.. *(Чуулдашат.)*

Курманкожо. *(Бирде элди, бирде молдону карап, аң-таң.)*
Жээ молдо жинди,
Жээ силер...
Жээ мен жинди!..

Жакиш. Курманкожо, короондогу толгон мал,
Мына ушул элдин малы.
Кантип жашырасың аны?!
Малы болгондон кийин элдин,
Өздөрүнө бергин?!

Адамкалый. Аны менин кичинекей куурчак досторум да билет. Алар дагы айтып жүрөт!..

*(Эл Абдыкалый жакты карашат.)*

Курманкожо. Сенин куурчактарың эмнени билишет
Эмнелерди былжырап жүрүшөт?!

Адамкалый. Айттырып берейинби аларды анда?

Эл. Кана, кана? Сүйлөтчү куурчактарыңды?!
*(Чуулдашат.)*

Курманкожо. Кана, кана, угалык?! Айттыргын?!
Калп болсо кардыңды жарам.
Азоого сүйрөтүп салам!

Эл. Ал заманың өткөн, Курманкожо!

Адамкалый. Ээ-эй, угуп алгын сөзүмдү, Курманкожо,
Элден уурдап, байлыкка тунган Кожо,
Канча жылдар эзип, жеп элдин мүлкүн,
Как төбөдөн урган Кожо!..

*(Эл чуулдап колдоого алышат.)*

Дагы айтайын угуп ал, Курманкожо,
Түн ичинде мышыктай турган Кожо,
Балпык менен Шалпыкты машыктырып,
Элдин малын шыпырып турган Кожо!

*(Эл дагы колдойт.)*

Бүгүн дагы базарга барган элең,
Чоң өгүзгө чалмаңды салган элең,
Бирок да бул жолкусу буйруган жок,

Аш болбостон кур жалак калган элең...
*(Эл шылдыңга алышып каткырышат.)*

Шалпык. Адамкалый туура айтат, мырзам.
Кара кемпирдин өгүзүн ал дегенсиң.
Токмоктун базарына бар дегенсиң?!
Таң атпай алып

Жакиш. Анткен менен арбактар кармап алды,
Туш тушунан буларды жандап алды!
Анткени мен да көрдүм.
Өгүздү Кара кемпирдин өзүнө бердим!
Айтканыбызга көнгүн,
Элдин малын өздөрүнө бергин?!

Эл. Молдо туура айтат! Бергин!
*(Баары дуулдашат.)*

Адамкалый. *(Куурчактарын баягы жерден бир аз ойнотот. Элдин баары кунт коё карашат. Курманкожо да жакыныраак келип, кызыга карайт.)*

Куурчак. Курманкожо мырза,
Тоң моюн болбоңуз мынча?
Мойнуңузга алыңыз,
Ушунча эл айтып турса?..

Курманкожо. Баарынан да мунуку өтпөдүбү?!

Куурчак. Бир жылды коюп бир аптадагы эле
Кылганыңызды айтайын.
Төрт-бештен элдин малын уурдатасыз
Ар бир ай сайын!
Кармыштын кунанын Каримжанга саттыңыз,
Бекжандын ноопасын,
Иймаз дунган байынын
Короосуна каттыңыз!..

Курманкожо. Аны ким айтты сага,
Көргөндөй айтып турганын кара?!

Куурчак. Курманкожо, дагыбы, дагы,
Эдилбайдын эчкилери,
Анан дагыбы, дагы...
Жаныбектин бордогон бээси...
Дагыбы... дагы...
Эрменбектин эки тайы...
Айтор жоголгондун баары...
Анан... анан...

Курманкожо. Адамкалый?! Адамкалый?!
Токтотчу алдагыны?!
Мунуң тирилей шумдук го
Айтып жатпайбы мунуң,

Өткөн бир кайдагыны...
Эл. Ошентип бая эле мойнуңа албайсыңбы!
Курманкожо. Эми мойнума албаска,
Таптакыр аргам жок,
Тана турган жерим да
Чынын айтсам калган жок!
Кечиргиле эл мени,
Мындай болоорун кайдан билиптирмин!
Адамкалыйдын куурчактары айтып тургандай ит болуп жүрүптүрмүн...
Адамкалый. *(Куурчагын колуна алып, бери чыгат.)*
Мына туугандар!
Менин кичинекей досторум баарын билет,
Элдин мүлкүнө да көз болуп жүрөт!
Эл. Өзүңө да куурчактарыңа да өмүр берсин!
*(Баары бата кылышат.)*
Абдыкерим. *(Серепчилеп карап.)*
Балпык менен дагы бирөө келе жатат!
Эл. *(Жабыла карашат.)* Апал го?!
Адамкалыйдын апасы го? Ошол! Ошол!
Адамкалый. Кана, кана! Менин апамбы?!
*(Ары жакты карап.)* Ошол! Ошол!
Апа-аа! Сенсиңби, ап-паа?!
Апал. Адамкалый! Кулунум! Кичинекейим!
Чын эле табыштыкпы, Адамкалыйым!
*(Экөө кучакташат.)*
Аксакал. Адамкалый! Ук, менин сөзүмдү?!
Бул сөз менин сөзүм эмес,
Бул сөз элдин сөзү,
Бул сөз менин сөзүм эмес,
Бул сөз мынабу калдайган,
Касиеттүү жердин сөзү!
Эл. Биздин сөзүбүз!
Аксакал. Өнөрүң өссүн, балам!
Эркин заман келди,
Өнөрүң асманга жетсин, балам!
Пишпекте сендей өнөрпоздор уланып жатат, деп уктум.
Ар кай жактан келип куралып жатат деп уктум,
Ошол жакка барып көргүн,
Аларга аралашып.
Өнөрүңдү элге бергин?!
Адамкалый. Болуптур, чоң ата! Барайын!
*(«Тагылдыр тоо» кагылат. Оюн бүтөт.)*

*Э. МУСАЕВ*

# ШАЙЫМКУЛ ЖАНА ШАЙТАНДАР–БАЙЫ МЕНЕН БЕЙМ...

*(Куурчак театры үчүн жазылган окуялуу гротеск).*

КАТЫШУУЧУЛАР

Мээрим — Шайымкулдун карындашы.
Шайымкул — 9—11 жаштардагы окууч,
Байм — Кызыл куйруктуу шайтан,
Бейм — Сары куйруктуу шайтан.
Мугалим — Физкультурадан мугалим.
Абышка — Пенсионер.
Аял — Күчүк ээрчиткен сулуу.
Бала — 4—5 жашта.

Окуя биздин күндөрдө өтөт.

## ОКУЯНЫН БАШТАЛЫШЫ...

## БИРИНЧИ СҮРӨТ

Көшөгө жабык. Көшөгөнүн ары жагынан кандайдыр уруш-талаш болгон үндөр угулат. Музыка бирде катуулап, бирде акырындап, айтор, адамдардын кайым айтышкан үндөрү жаңырат.

— Ай, бери келчи?
— Келбейм!
— Алып берчи?..
— Ал-байм!
— Муну окуп берчи?..

— Оку-байм!
— Анда муну жаза койчу?..
— Жаз-байм!
— Тигини иштеп койчу?..
— Иш-те-бейм!
— Алып бере койчу?..
— Алып бер-бейм!
— Тигини кий?..
— Кий-бейм!
— Айтып койчу эми?..
— Айт-байм!
— Бол эми барып келе кой?..
— Бар-байм!
— Кел муну ичип ал?..
— Ич-бейм!
— Ой алдыгы көшөгөнү ачып салчы?..
— Эч, ач-байм! Өзүң ач!
— Андай болсо, кел анда мелдешебиз?!.
— Эмнени??.
— Экөөбүз кимибиз атыбызды көбүрөөк айттырат экенбиз.
— Мен эле көп айттырам!
— Ооба, сага!.. Менин атымды көп айтышат.
— Ыя?! Сенин атыңдыбы?.. Жок меникин...
— Меникин дедимби меникин... Сен талашпай эле кой?!.
— Андай болсо көрөбүз? Ач алдыгы көшөгөнү!..
— Мен эле жалгыз ачмак белем. Өзүң бир жагын ач!
— Болуптур, анда!.. Кел, ачтык!.. *(Көшөгөнү эки жактан акырындык менен ачат.)*

Байм. Мына мен ачтым. Сенден биринчи... Хи-хи-хи...

Бейм. *(Шашкалактап.)* Мен деле... Сен мактанба!

Байм. *(Ортого чуркап келип, эки жакты карайт.)* Эй, Бейм... *(Мектеп жакты көрсөтүп.)* Азыр тээтиги мектептен ким чыкса эле ошону азгырабыз, ээ?!.

Бейм. Мен даяр! *(Кыткылыктап күлүп.)* Баары бир сенден мен атымды көп айттырам! Карап тур...

Байм. Болду, мактанба!.. Аны көрө жатабыз. Андан көрөкчө сен муну унутпа!

Бейм. Эмнени?..

Байм. Жакшыны жаман кылабыз?! Бир де!..

Бейм. Бир.

Байм. Эмгекчилди жалкоо кылабыз!!

Бейм. Жалкоо кылыш керек! Эки деп коёюнбу?.. Хи-хи-хи...

Байм. Элпекти эринчээк кылабыз!..

Бейм. Эрин-чээк кылган эң жакшы болот. Хи-хи-хи...

Байм. Тил алчаакты кежир кылабыз!

Бейм. Кежир! Кежир болгон кандай гана жакшы, ээ... *(Күлөт.)*

Байм. Мына ошентип азгырып жүрүп олтуруп анан бир кырсыкка туш келтирип коёбуз да, мына минтип каткырып ойноп жүрө беребиз. Ха-ха-ха...

Бейм. Туу-ра?!. Хи-хи-хи... *(Экөө бийлешип, күлүшүп сүйүнүшөт.)*

Байм. Оң жасоочу ишин тетири жасатабыз?!.

Бейм. Тетири жакка үгүттөйбүз! *(Ары-бери так секирип, тыйтаңдап бийлейт.)* Тетири жакка, тетири көздөй үгүттөйбүз!?. Хи-хи-хи...

Байм. Кана, Бейм!?. Жүрү, кичине эс алып алалы?..

Бейм. Жүрү... *(экөө кудуңдашып чоң бактын далдасына айланып кетишет.)*

*(Сахнада чоң бак. Арткы планда мектеп көрүнүп турат. Бактын түбүндө орундук, селкинчек, турник турат. Эс ала турган аллея. Мектеп жактан коңгуроонун үнү жаңырат. Эки шайтан чоң бактан чыга калышып карашат.)*

Байм. Коңгуроо болду.

Бейм. Танаписке чыгышты окшойт...

Байм. Ту-уй ата?!. Биз ушинтип эле олтура беребизби?..

Бейм. Мектепке эле барсак кандай болот?..

Байм. А, мектепте мугалимдер бар. Алар бизди көрсө кубалап балдарга жолотпой коёт. Түшүндүңбү?!.

Бейм. А, ошол мугалимдин өзүн деле азгырып, алдап койбойбузбу?..

Байм. Мугалим деген оңойлук менен азгырылбайт.

Бейм. *(Баймды түрткүлөп.)* Укчу?.. коңгуроо болуп атат...

Байм. Ал кирүүгө болду. Тигине баары кайра кирип кетишти.

Бейм. *(Бакка чыга калып карайт.)* Эй, эй... Байм?.. Мектептен бирөө чыкты. Карачы?..

Байм. Чын эле. Келатат... Бери биз жакка басты.

Бейм. Мугалим менен мушташып чыккан окшойт.

Байм. Мугалим менен да мушташчу беле...

Бейм. Билбейм. Айтор, жаагын таңып алыптыр...

Байм. Балким тиши ооруган немедир.

Бейм. Билбейм...

Байм. Билбегенден кийин эмне деп атасың?..

Бейм. Эмнени көрсөм ошону...

Байм. Э-эй, Бейм мектептен майкечен бирөө чыкты... Тигине, тигинин артынан келатат.

Бейм. Ошол экөө мушташкан болсо керек... Карасаң, тиги качып келатат. *(Өзүнчө кыйкырат.)* Бол, кач! Жеткирбе!

Байм. Чын эле мушташкан немелер го?.. Ай, Бейм түш?!. Кел, жашынып карап туралы?.. *(Экөө чоң бакка жашына калышат. Шайымкул энтеңдеп келет. Артын карайт. Мугалим кыйкырат.)*

Мугалим. Шайымкул?!. Э, Шайымкул токточу?.. Сен кайда?..

Шайымкул. *(Башын жерге салып токтоп калат.)* Эптеп качып чыкса... бул агай мени эмне кубалап алды?..

*(Мугалим жетип келет.)*

Мугалим. *(Шайымкулга жете келип.)* Шайымкул сен, эмне?.. Сабактан качып баратасыңбы?..

Шайымкул. Качпай эле...

Мугалим. Кана, башыңды жогору көтөрүп жооп берчи?.. Коңгуроо кирүүгө болсо, а сен чыгып баратасың... Анан мен токто десем качып...

Шайымкул. *(Жер тиктеген калыбында.)* Сиз токто дегенде качпай эле... бобу тишим ооруганда чуркагым келип чуркадым, агай!?.

Мугалим. *(Ордунда чуркаган калыбында.)* Эмне тишиң ооруп атабы? Көрсөтчү?..

Шайымкул. *(Көрсөтүп.)* Мына агай?!. Иттей ооруп атат О-ох!?.

Мугалим. И-ий... аябай шишип кеткен турбайбы? Каап! Көрөйүнчү??

Шайымкул. Ой, ой?!. Жаман ооруп атат! *(Тишин басып озондойт.)* Көрбөй эле коюңуз... Ох?!. Ым-мм!?.

Мугалим. *(Чочуп.)* Андай болсо бар, эртерээк догдурга көрсөт! Мен сени чын эле качып бараткан экен деп ойлободум беле... Тез дарылана коюш керек. Кой, мен анда кеттим. *(Чуркаган бойдон чыгып кетет.)*

Шайымкул. *(Каткырып.)* А, агайды алдап койдум... Ха-ха-ха... Каратып туруп гана алдадым... Ха-ха-ха... *(Китеп баштыгын ыргытып жиберип, селкинчекке ойнойт. Турникке тартыла баштайт. Эки шайтан бактан акырын баш багып карап, кыткылыктап күлүшөт.) Би-ир, э-эки... Ой, бир эле жолу араң тартылдымбы?.. Азыр... көздү жуумп туруп, дагы тартылып көрөйүнчү... И-ик... (Эки шайтан акырын келип, турникте тартылып аткан Шайымкулду колдон кармап калышат.)*

Байм. И-ии... колго түштүңбү? Ха-ха...

Шайымкул. *(Чочуп кетет да, турникти кармаган бойдон туруп калат.)* Ой!?. Силер кимсиңер?!. Коё бергиле!?!

Болбосо менден бирди көрөсүңөр. Бол батыраак коё бергиле?

Бейм. Бул Байм деген болот. Мен Бейм болом...

Байм. Өзүң кимсиң?..

Шайымкул. Мен... мен Шайымкул...

Байм. Ай. Бейм. Шайымкулдун колун бекем байла. Анан сүйлөшөлү. *(Эки шайтан Шайымкулдун колун байлашат.)*

Шайымкул. Силер мени эмне кылган атасыңар?.. Коё бергилечи мен суранам силерден?..

Байм. Сен биз менен дос болсоң коё беребиз...

Шайымкул. Эмнеге дос болмок элем. Болбойм!

Бейм. Андай болсо, он жолу өйдө тартыл.

Шайымкул. Он жолу тартылсам эле коё бересиңерби?

Байм. Ооба. Кана, тартыл. *(Шайымкул тартыла баштайт.)*

Бейм. Би-ир!.. Э-ки!.. Ү-ү-ү...Үч дагы болбой калды.

Байм. *(Күлүп.)* Накта биз издеген достун өзү турбайсыңбы?!.

Бейм. Сени издеп жүрбөдүкпү көптөн бери... Хи-хи-хи...

Шайымкул. Мен силерди биринчи көрүп атам. Колум ооруп кетти?! Чечкилечи?

Байм. *(Шайымкулду жөлөп.)* Кана, дагы көтөрүлчү?.. Мен жардам берейин. О, оп?! И-ии... бол өйдө созул!

Шайымкул. Эсим ооп калды. Шайман жок. Ох!..

Бейм. А-аа ошондой де?.. Эми дос болосуңбу?.. Ыя?!.

Байм. Дос болбосо, асылып тура берсин. Ээ, Бейм...

Бейм. Такыр түшкүс кылып салалы. *(Күлүп.)*

Шайымкул. *(Жалына баштайт.)* Коё бергиле байкебайлар? Мен дос болом!

Байм. Жана мугалимиңди алдагандай алдап кетпейсиңби?

Шайымкул. Мен алдабайт эле болчумун. Окугум келбей анан...

Байм. Анан... эмне кылгың келет?..

Шайымкул. Ойногум...

Бейм. *(Сүйүнүп, так секирип кыткылыктап күлөт.)* Иштегиң келеби?..

Шайымкул. Иштегим да келбейт!

Бейм. Сен биздин купулга толуп турасың Шайымкул... Берген жоопторуң жакшы болуп атат. Андай болсо, биз койгон шартты так аткарасың!!

Шайымкул. Мен макулмун.

Байм. Сен окубашың керек!?.

Шайымкул. Ансыз деле окугум келбейт! Окубайм!

Байм. *(Беймге карап.)* Көрдүңбү менин атымды айтты!

Бейм. Сен иштебешиң керек!

Шайымкул. Мен иштебейм! Иштегенди өлгүдөй жаман көрөм.

Бейм. *(Баймды түрткүлөп.)* Мына мени деле айтып атат.

Байм. Шайымкул, сен тил албашың керек?!.

Шайымкул. Мен эч кимдин тилин албайм!..

Байм. Аз-заматсың Шайымкул, тил алба.. *(Беймге карап.)* Көрдүңбү, менин атымды дагы айтты... Уктуңбу?

Бейм. Биз айтканды кежирленбей угушуң керек??!

Шайымкул. Кежирлен-бейм! Угам! Байкелер!

Бейм. *(Баймга мактанып.)* И-ии уктуңбу?.. Хи-хи-хи...

Байм. Уктум. Мактанба!.. Экөөбүздүн атыбызды дагы көп айттырабыз. Кой, чечип анан ишке киришсек кантет?..

Бейм. И-ии, баса, күндөлүгүн карап көрөйүнчү? Кандай окуйт болду экен?..

Байм. Туура караш керек! Карачы!..

Бейм. *(Китеп баштыктан күндөлүктү алып чыгып, барактайт.)* Ту-ту ата, жалаң эле ийрелеңдеген «Эки»... Карасаң, карасаң?!. Бул чын эле биздин дос турбайбы. Кой муну чечиш керек?..

Байм. Андай болсо чеч?!. *(Экөө Шайымкулду чечишет).*

Шайымкул. *(Шалк этип жерге отуруп калат.)* О-ох?!. Ко-лум! Такыр эле ушул жерге асылып каламбы деп коркподумбу?

*(Оозун чулчуйтуп күлөт.)*

Бейм. Шайымкул, оозуңда эмне момпосуй барбы?..

Шайымкул. Жок. Кайдагы момпосуй болмок эле... Бул деген шарик.

Байм. Ша-рик??

Шайымкул. Ооба, шарик. Кадимки эле теннистин шариги... Танаписте балдар теннис ойноп атышыптыр мен жандарынан өтүп баратсам, шарик менин астыма келе калды, анан шарикти шак ала коюп, оозума салып алып сабакка кирсем жаңы келген эжей чочуп кетип сабактан коё берди. Ырас гана болду деп келатсам тиги физрук артымдан кубалап, бирок аны да тишим ооруп атат деп алдап койдум. Ха-ха...

Байм. Аны кантип алдаганыңды көрдүк. Азаматсың! Бирок, дагы башка иштерди жасашыбыз керек!

Бейм. Толуп атат. Кызыктуу иштер. Бир гана сен... Биз айтканды орундатсаң эле болду. Үчөөбүз көп нерселерди жасайбыз. Сүйлөштүкпү?

Шайымкул. Сүйлөштүк. Андай болсо... *(Ары-бери басып ойлонот.)*... Мм, таптым! Азыр...

Байм. Эмнени таптың?..

Бейм. *(Шайымкулду ээрчий басат.)* Айтсаң, Шайымкул?..

Шайымкул. Эмесе, мындай... Тээтигинде бир абышка келатпайбы?..

Байм. Ооба, ооба абышка бөкчөңдөп келатат. Эмне экен?

Бейм. Кана, кана?..

Шайымкул. Азыр ошол абышканы жакшылап бир шакаба чегели...

Бейм. Кантип?..

Шайымкул. Мына, бобу орундукту жыгыла тургандай кылып коюп коёбуз да, биз карап турабыз.

Байм. Туура! Ошентиш керек! Азаматсың, Шайымкул! Кана, тургула бачым орундукту жылдыралы! *(Үчөө орундукту калпыс коюп, бактын далдаасына жашынып калышат. Абышка сахнага кирет.)*

Абышка. *(Орунтукка жакындап күбүрөнөт.)* Бул жерде эмерээк эле балдар ойноп аткансыбады беле?.. Томуранданган ананайындар десе... Бул жашоонун көркү да, кызыгы да бала белем. Жаныңды жыргатып, өмүрүңдү узартып... *(Бөкчөңдөп келип, олтурааары менен чалкасынан кетет.)* Опп, Кошой дөө жыгылды!!? Ка-ап?!. *(Бактан үчөө чыга калышып күлүп калышат).*

Шайымкул. Ой-иий чоң ата чоткий жыгылат турбайсызбы?!. Ха-ха-ха... Буттарың, колдоруң тарбалаң-сарбалаң этип... Кадимки эле жанагы жөргөмүштүкүндөй... *(Санын чапкылап күлөт.)*

Байм. *(Каткырып.)* Чот-кий жыгылды... Ха-ха-ха... Ой, боорум ай!.. Шайымкул жарайсың ишке!

Бейм. *(Абышканы айланып, колу менен көрсөтүп.)* Тарбаландап атканын карасаңар?..

Абышка. Эй!?. Мурдуңа чайындар келе колду?.. Тарт! Тартып койчу, бай болгур десе?!.

Шайымкул. *(Калп эле укмаксан болуп.)* Ыя? И-и?!.

Байм. *(Шайымкулга шыбырап.)* Байм, де??!

Шайымкул. *(Колун катып бурк этет).* Өзүң тур! Мен тартбайм!

Байм. Тартпа!.. Өзү турсун!.. *(Күлгөн калыбында...)*

Бейм. Карагыла?.. Туралбай атканын... Хи-хи-хи...

Абышка. *(Эптеп ордунан турат.)* Э-эй, тентектер... Кары кишини шылдыңдаган жарабайт. Келгиле, андан көрө мына бул чачылган момпосуйларды терип баштыкка салалы?.. Бүгүн кудай жалгап пенсиямды алып тиги дүкөнгө кире калсам, сормо момпосуй сатып аткан экен... тиги кичи-

некей чөбүрлөрүмө алдым эле... Кел теришип жибергиле?.. *(Бөкчөңдөп терген болот.)*

Шайымкул. *(Эңкейгенде Бейм шыбырайт.)* Ата, мен тербейм!

Бейм. Туура, айттың... тербеш керек?!. *(Байымга.)* Бейм деди уктуңбу?

Абышка. Тербейм дечи?.. Момпосуй да жебейсиңби?.. Ыя?!..

Шайымкул. Мом-посуй? *(Туруп калат.)*

Бейм. Бейм, де...

Шайымкул. Ой, кантип жебейм деп айтам. Кызык го?.. Момпосуйдан куру калабыз, антип айтсам...

Байм. *(Шайымкулга шыбырап.)* Бир шылтоо таба кой!..

Шайымкул. Ата терип эле берет элем. А, колум ооруп атат.

Бейм. *(Жанталашып.)* Справкасы бар...

Абышка. Ал эмне справка экен?.. Момпосуй тере албайт дегенби?..

Шайымкул. *(Башын тырмап.)* Ошондой го?.. Билбейм!..

Абышка. Ка-ап, болбостур... Буларды теришип жиберсең, бул момпосуйдан тойгончо берейин деп атпадым беле...

Шайымкул. *(Шашып калат.)* И-ии, баса жанагы справка көчөөгүгө чейин эмес беле, мен аны унутуп калган турбайынбы?

Абышка. Андай болсо, кел бул мүшөктүн оозун ачып тур?..

Шайымкул. *(Башын чайкап.)* Ач-байм!

Байм. Ачпа, Шайымкул! Өзү ачып анан салсын!..

Абышка. *(Ойлонуп туруп... Шайымкулга.)* Калганын сага берсем... терип жей албайсың го?..

Шайымкул. Терип жебегенде эмне-е... Жейм эле...

Абышка. Андай болсо, мен бир табышмак айтам ошону туура тапсаң булар сеники болот.

Шайымкул. Табышмак элеби?.. айта бер бир заматта табам. Көз ачып жумганча эле...

Абышка. Угуп тур. Топ чымчык, топ чырпык...

Шайымкул. Топ чымчык... ток чырпык... И, анан эмне?..

Абышка. Топ чымчык, топ чырпык. Эгерде чымчыктар бир бутакка экиден консо, бир чырпык ашып калат. Ал эми бир бутакка бирден консо, бир чымчыкка бутак жетпей калат. Кана, айтчы... канча чымчык, канча чырпык болгон?

Шайымкул. *(Ойлонгон киши болуп...)* Топ чымчык, топ чырпык?.. *(Башын кашып, бактын башындагы сайрап жаткан булбулду көрө коёт. Койнунан рогаткасын алып, ары-бери шыкаалап мээлейт.)* И-ии, Чоң ата таптым!? Тээтиги

чымчыкты ыргыта атсам... эч кандай бутак да, чымчык да ашпай баары туура болот. Ха?!. *(Мээлеп туруп атат. Булбул нары жакка учуп түшөт. Үчөө тең чуркап кетишет.)*

Байм. Азамат Шаке!

Бейм. Жарайсың! Көзгө атар мерген экенсиң!

Абышка. *(Мыйыгынан күлүп.)* Оп, баракелде-ее акылыңа... Эмне дейин... пейилиңен тап! *(Абышка жөнөп кетет.)*

Шайымкул. *(Кыйкырып кирип келет.)* Мы-наа, Чоң ата?! *(Токтоп калат. Эки жагын карап таң калат.)* Ой, азыр абышка каякка кетти? Учуп кеттиби?.. Же арыкка түшүп суу-га агып кеттиби?.. Мына кызык!.

Байм. *(Кыйкырып)* Қа-на, момпосуй!? *(Ал да туруп калат.)*

Бейм. Момпо?!. Момпо-суй!.. Ура-а! *(Секирип-секирип келатып ал дагы токтоп калат.)* Эмне?.. Баарын терип алып кеттиби?.. Қа-ап?!. Сараң чал окшойт!

Шайымкул. *(Бир нерсе үмүт кылып жерден бирдеме издейт.)* Билбейм! Алжыган чал окшобойбу! Табышмагын туура тапканда момпосуюн бергиси келбей качып кетти да!

Байм. Ой, Бейм! Жакшылап карагылачы?.. кантип эле бир момпосуй калбасын...

Бейм. *(Эңкейип орундуктун астын карайт.)* Жок! Эчтеке жок!

Шайымкул. Энеңди урайын чал алдап кетти! Оңбогон чал экен, ээ! Сени карап тур! Эшек мингениңди көрсөм, үркүтүп туруп бир жыкпасам элеби?!.

Байм. Болор иш болду... эми эмне кылабыз?..

Бейм. Келгиле, ойнойбуз?

Шайымкул. Чын эле ойнош керек! Эмне ойносок?

Бейм. Бил-бейм!

Байм. Футбол.

Шайымкул. Топ жок да...

Байм. Анда хоккей?

Шайымкул. Қар жок!.. Таяк, шайба? Қантип ойномок элек?

Бейм. Мен таптым! Келгиле, бүргө чапмай!..

Шайымкул. Ал кандай оюн?..

Бейм. Албы?.. Ал деген... Мына сен турасың да, бир колуң менен көзүңдү жабасың. Бир колуңду колтугуңа алаканыңды ачып турасың, бирөөбүз чабабыз. Сен кимибиз чаптык, туура табышың керек. Таппай калсаң, чапканды көтөрүп эшек болосуң!

Шайымкул. Кызык экен! Қана Байм сен тур биринчи!

Байм. Эмнеге мен... Өзүң тур!

**Бейм. Бобу таякты алып, «кара көтөн» кармашабыз!**

Таяктын учун кармаган турат. *(Үчөө кара көтөн кармашат. Шайымкул үчүн кармайт. Ал ары карап турат.)*

Байм. Шайымкул, жум көзүңдү?.. Сен ачпа да...

Бейм. *(Баймга колу менен жаңсап мен чабайын дегендей кылат.)* Халей хоп!.. *(Экөө Шайымкулду тиктеп мостоюп калышат.)*

Шайымкул. *(Баймды көрсөтүп)*. Сен, сен чаптың!

Байм. *(Күлүп.)* Жок, таппай калдың... Бейм чапты...

Бейм. Мен болчумун. Хи-хи-хи...

Байм. Шайымкул, оюндун шарты боюнча сен Беймдин эшеги болосуң! Кана, Бейм мин!.. *(Кыткылыктап күлөт)*.

Бейм. *(Шайымкулга шап секирип минет.)* Э-эй!.. Хы!.. деп атам!.. *(Теминип куйругун камчыланып.)* Кет-тик! Хы-хы!.. *(Ары-бери чапкылай баштайт.)*

Шайымкул. *(Мас болгон немедей темтеңдейт.)* Өх! Эсим ооп калды! Болдубу?!.

Байм. Жок! Боло элек... Бастыр!.. Мен да минип алсам учкашып...

Бейм. *(Камчыланып, Баймды мингизбей желет.)* Хы! Хы!.. Бол Шаке, бул Баймды мингизбейли!..

Шайымкул. Болду го дейм?.. Сен эмне түшпөй эле минип жүрө бересиңби?.. Иттей оор экенсиң?.. Болду түшчү?..

Бейм. Болбой эле... Бастыр!

Шайымкул. *(Жини келип, желип келип, мөңкүйт. Бейм учуп түшөт.)* Аха-аха!.. Мына сага!.. Кечке минип алат ой!

Бейм. Ах, бутум-мм!!. Сен эмне мени жыгып... *(Ыйлап жиберет)*.

Байм. *(Беймге келип, кыткылыктап күлөт.)* Сага соол!?. Чала гана болду!.. Мени мингизбей койдуң беле...

Шайымкул. Кел, эми сенин кезегиң?! Тур, турбайсыңбы? Эй, Бейм!

Бейм. Ох?! Бутум! Сынып калды окшойт?..

Шайымкул. Болду анткорлонбо! Мен акырын эле мөңкүп койдум. Болбосо, арка мойнуң астында калып, алдыгы муштумдай башың учуп кетет болчу... *(Күлөт)*.

Байм. *(Эки жакты элеңдеп карап.)* Эй-эй?! Токтогулачы? Бирөө келатабы? *(Үчөө карап калышат. Мээрим келет.)*

Шайымкул. Қа-ап! Байкабай калбадымбы... Болбосо жашынып калат элем.

Мээрим. Шайымкул! Шайымкул дейм?..

Шайымкул. Ой! Эмне келдиң?!

Мээрим. Сени апам тез келсин деп чакырып атат...

Шайымкул. Бар-байм!

Бейм. Шайымкул барбайт! Колу бош эмес...

Мээрим. Билсең?.. Апам жумуштан ооруп келиптир. Сени келип, дары алып келип берсин деди.

Мээрим. Келе бер... *(Китеп баштыкты алып, чыгып баратып кыйкырат.)* Шайым-куул тез кел?..

Шайымкул. *(Өзүнчө.)* Ооба сага...

Байм. Оюнду улантабызбы? Ие, Шаке?..

Шайымкул. Улантыш керек!?

Бейм. Эй, дос-тор?! Токтогулачы?.. Тээтигинде бир аял кичинекей күчүктү ойнотуп келатат. Карасаң, карагылачы?..

Шайымкул. *(Тиктеп туруп.)* Ай, билем... бизден ылдыйкы үйдө жашайт. Бокин деген баласын интернатка өткөрүп салып, ушул күчүктү жетелеп калды. Бокин жакшы эле бала болчу, эмнеге антти, эч ким билбейт.

Байм. Кел, ошол күчүгүн алып кетебиз?!.

Бейм. Ой, жакшы ойнойт экен... Кадимки эле цирктеги күчүктөргө окшоп...

Шайымкул. Тап-тым?! Бар эмеспи?..

Байм. Эмнени?..

Шайымкул. Азыр бул жерге келишет да, эс алышат. Анан ал күчүктү акырын чакырып алып, байланган жибине Беймди байлап коёбуз. Аял Беймди көргөндө жибин таштай качат. Күчүк биздики болот.

Бейм. А-а, күчүктү эмне кылабыз?..

Шайымкул. Сатабыз. Бал муздакка... Эмне, бал муздак жегиң келген жокпу?..

Байм. Туура! Ошентиш керек бул жакшы акыл... Кана, анда жашындык!? Бейм сен орундуктун астына жашын. Күчүк сага келгенде жибин чечип өзүң кармап ал. Күчүкчө кыңшыла макулбу?.

Бейм. Аны өзүм деле билем. Сен үйрөтпөй эле кой!..

Шайымкул. Болгула, жашындык?!. *(Үчөө жашынышат.)*

Шайымкул. Алып келип бербейм! Мен, мен иш кылып атам.

Мээрим. Кана, кылган ишиң? Сага ойногон иш болуп калабы?

Шайымкул. Ай! Барчы нары мага мышайт этпей!?

Бейм. *(Мээримге)*. Барбайм дегенден кийин ал барбайт!

Мээрим. Мен сенден сурабай эле.

Шайымкул. *(Айласы кетип, Мээримди демитет.)* Сен кандай немесиң! Улууну урматтоо дегенди билбейсиңби? Мен сенден эки жаш улуумун го?..

Мээрим. Тил албай койдуңбу?.. Атам келгенде айтам...

Шайымкул. Ал эки жылдан кийин келет.

Мээрим. Ооба сага, айыксам эле келем деп апама айтканын өз кулагым менен уккам.

Шайымкул. Келсе дагы, кайра эле ичип алат. Көрөсүң го?..

Мээрим. Ичпейт! Эми такыр ичпейм деген.

## ҮЧҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Сахнада телефондун будкасы. Муздак суу берген автомат. Бурч жакта светофор илинип, өчүп-күйүп турат. Ышкырык угулат. Машиналардын тормоздорунун үнү жаңырат. Шайымкул, Байм, Бейм сахнага киришет.

Шайымкул. Мен тиги машинаны айланып туруп, түз келаткан таксиден мурун өтүп кеттим дейсиң?!. Эх, ата! *(Энтигип.)* Тиги таксист сигналын Па-ап! Па-ап!! дедирип өтүп кетти.

Байм. Мен анча шамдагай болбогондо тебелеп кетет беле?..

Бейм. Ой, сен эмне мактанасың?! Тиги айдаган неме токтото койбосо, сен ошол эле жерден тыркыят болчусуң?!.

Байм. Тыркыйсаң сен эле тыркыйып өлө бер... Көрсөң, өзү кыйратып койгонсуп мактанат, ой!?

Шайымкул. *(Телефонду карап.)* Мен тиги Нурикке чалайын... Тээтиги үйдө жашайт. Силер туруп тургула?.. *(Телефонду бурайт. Кыска үн чыгат. Кайрадан бурай берет. Тарсылдатып муштагылып сүйлөшөт.)* А-алло, Нурик... Күчүк аласыңбы? Кел, андай болсо... Бал муздак алып бересиң?.. Алып келип бер дейсиңби?.. Өзүң кел?.. Ыя? катуураак айтчы?.. Сабак окуп дейсиңби?.. Коё тур сабагыңды... Ыя?.. Качан?.. Эмнеге? Сен карап көрчү? Жок бекен... Ай, атаңдын чөнтөгүн кара... Апаңдын капчыгын оодар... Оодарбайм дейсиңби?.. Эй-эй мындай күчүк таппайсың... Чын айтам! Кандай кааласаң аткарат. Цирктеги быякта калат. Породасын билбейм! Ак. Көзү капкара. Балким... Алып кел дейсиңби?.. Төрттү! Мен... Байымга, Беймге... Алып кел дейсиңби?.. Төрттү! Мен... Баймга, Беймге... анан ак күчүккө... Жебегенди... Жейт. Сүйлөштүк андай болсо, мына азыр алып барам. *(Телефондун трубкасын тарс илет.)*

Байм. Сүйлөштүңбү?..

Шайымкул. Буюрса, балмуздак болот. Кечинде дейт. Азыр тыйыны жок экен. Апам келгенде сөзсүз алып берем деди...

Бейм. Азыр алып кел дебейсиңби?..

Шайымкул. Уруксаатсыз ала албайм деп койду.

Байм. Ту-уй ата, ала бербейби өзүнүн атасынан, апасынан коркобу?

Шайымкул. А, коркок да... *(Колун шилтеп.)*

Бейм. Мен аябай балмуздак жегим келип атат!?

Байм. Менин да... Суусап чыктым...

Шайымкул. Эмне кылсак?? Бобу автомат суу берер бекен?.. *(Автоматка жакындап, чукулап, муштагылайт.)*

Байм. Кел, мен жардам берейин!? *(Тарс-тарс муштап жиберет. Төбөсүнөн кол чыга калып, шайтанды тумшук талаштыра бир урат.)* А-ай!? Ох?!

Бейм. *(Күлөт.)* Эй, Байм сага эмне жок?! Ага асылып... Жасаса Шайымкул жасасын! Ок ата?!

Байм. *(Автоматтан обочо качып.)* Ур! Шайымкул?! Сок Шаке?

Шайымкул. *(Кежигесин кашып.)* Тыйын салбасак бербейт эчтеке... *(Сахнага кичинекей бала кирет. Эки дөңгөлөктүү бут менен күүлөп тепкен арабасы бар. Шарылдатып келип, токтоп калат. Бейм көтөрүп турган күчүктү карап туруп калат.)*

Бала. Жакшы күчүк экен?.. Үйөбү?..

Шайымкул. Эй! Сага эмне керек?.. Күчүк сатам аласыңбы?

Бала. Алам. Бекей бейесиңби?..

Шайымкул. Бекер да берчү беле... Сенде тыйын барбы?

Бала. Чоң апамдын сандыгында көөп тыйын бай.

Шайымкул. Сен эч нерседен коркпойсуңбу?

Бала. Мен кийпиден эле койком. Бутумду тийгизсем эле сайып алат.

Шайымкул. Сен бар эмеспи... азыр үйүңө бар да, жанагы чоң энеңдин тыйынынан алып келе гой? Анан бул күчүктү аласың? Карачы жакшы бекен?.

Бала. Ии-и, жакшы... *(Колу менен сылап.)*

Шайымкул. Бол, тез барып кел.

Бала. Мен азыр... Үч тыйындык алып келем, ээ?! *(Кетет.)*

Шайымкул. Азыр алып келсин? Анан көрө жатабыз.

Байм. Тепкен эмеси жакшы экен. Шайымкул сен тээп тиги машиналар менен жарышып көрбөйсүңбү, көрөлүк.

Бейм. *(Кыйкырып жиберет.)* Шайымкул?!. Ай, Шайымкул тиги артты карачы? Сенин мугалимиң чуркап келетат.

Шайымкул. Туй, ата!? Бул эмне эле менин артымдан аңдып калды?

Мугалим. Шайымкул сен догдурга бардыңбы? *(Ордунда чуркаган калыбында сурайт.)*

Шайымкул. Бардым агай! Барсам..., барсам эртең кел дешти...

Мугалим. *(Чуркаган калыбында.)* Эртең кел десе, барыш керек.

Ш а й ы м к у л. Барам, агай!

М у г а л и м. *(Күчүктү көрө коюп.)* Жакшы экен?.. *(Сылагылап.)*

Б а л а. Ай, тийбе! Ал меники!..

М у г а л и м. *(Колун тартып алып.)* А-а сеникиби?

Б а л а. Азыр меники болот.

Ш а й ы м к у л. Ооба, ооба, бул ошонуку...

М у г а л и м. Шайымкул, сен чуркоого катышсаңчы. Мен өзүм даярдап чыгам. Мага окшоп сексенге чыкканда да жаш да, тың да болосуң...

Ш а й ы м к у л. Сиз эмне сексенге чыктыңыз беле?..

М у г а л и м. Анан канчада деп ойлодуң эле?

Ш а й ы м к у л. *(Кежигесин кашып.)* Мен ойлочу элем, ашып кетсе отузда деп...

М у г а л и м. Ооба, балам мен сексендемин... *(Чуркаган калыбында.)* Жол жүрүүнүн эрежесин билесиңби?

Ш а й ы м к у л. *(Унчукпай жер карайт)*.

Б а л а. Мен билем.

М у г а л и м. Сен жакшы бала турбайсыңбы?.. Жол жүрүүнүн эрежесин жакшы билиш керек. Антпесе бөөдө кырсык болуп кетиши мүмкүн. Кой, мен машыгуудан кечикпейин. Шайымкул сага окшогон балдар машыга башташты. Кааласаң кел!.

Б а й м. *(Шайымкулга шыбырап.)* Бар-байм де?

Ш а й ы м к у л. Бүгүн барбайм! Тишим ооруп атат!..

М у г а л и м. А-аа баса, мен сенин тишиңди тарс унутуп калган турбаймынбы? Тишиң айыкканда бар. Мен кеттим! *(Кетет.)*

Б а л а. *(Шайымкулду тарткылап.)* Мына тыйын, келе күчүгүмдү.

Ш а й ы м к у л. Кана, бер тыйынды! Сен азырынча муну сылап тур!! Биз суу ичип ала коёлу! *(Тыйынды алып, автоматтан суу ичишкен болот.)*

Б а л а. *(Күчүктү сылагылап.)* Жакшы экен?.. Аяй экен...

Ш а й ы м к у л. Эми сен алдыгы арабаңды мага бере туруп, муну байлагандай жип алып келе кой?!

Б а л а. Макул. Мэ муну... *(Арабасын кармата салып, чуркап кетет.)*

Ш а й ы м к у л. *(Каткырып.)* Муну карасаң мени алдагысы бар... Кана менин артыма жармашкыла! *(Үчөө арабага учкашып жөнөшөт. Светофор кызарат. Тигилер өтүп кетмекчи болгондо, машиналардын тормоз берген үндөрү угулат. Чыйк этип, токтогон машиналар... Үчөө жыгылышат. Ышкырыктын үнү угулат.)*

## ТӨРТҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Шайымкулдун үйү. Ашкана бөлмөсү, бөлмөнүн бир капталында диван турат. Газ плитасы, идиштер коюлган шкаф, ортодо стол, стулдар. Шайтандын бирөө баш багып, кайра чыгып кетет.

Байм. *(Эшиктен кыйкырып.)* Үйдө киши жок экен...

Шайымкул. Анда үйгө кирели?? Жүргүлө?.. *(Үчөө уурдана басып киришет. Эки шайтан шимшилеп аңтарып-теңтерип башташат. Идиш-аяктар калдырайт.)*

Бейм. Эмне... тамак жокпу?

Шайымкул. Бил-бейм! Мен силер менен келбедимби...

Байм. Тур Шайымкул, тамак жасаш керек. Курсак өлгүдөй ачты?! *(Ичин сылагылап.)*

Шайымкул. Менин да ичим ачышып чыкты.

Бейм. *(Шайымкулга).* Сен тамак жасаганды билесиңби?

Шайымкул. *(Ийнин куушуруп).* Билбейм го...

Байм. *(Столдун үстүндөгү кагазды Шайымкулга көрсөтүп.)* Мында эмне деп жазылган? Окучу, Шайымкул!

Шайымкул. *(Эжелеп окуйт.)* «М-ен а-пам-ды док-тур-га ско-рый ча-кыр-тып ал-ып кет-тик. Муз-дат-кыч-тын ичинде табакты алып ич. Үйгө нан ал-ып ке-лип кой. Мээрим».

Байм. Ура, тамак! Кана, кана... *(Муздаткычты ачып, тамакты алып чыгып.)* Ох, сонун жыттанып атат!

Бейм. *(Чөмүчкө умтулуп.)* Эй, сен ичпей коё тур.

Байм. Тапкан экенсиң май башты! *(Шылдыңдап.)* Мен ичпей коё турам, ээ... *чоң ууртап алып, какап-чакап.)*

Бейм. Ой, сен тамакка микробуңду түшүрүп жибересиң! Берчи мага табакты.

Байм. Өзүң сен микроб! *талаша төгүп алышат.)*

Шайымкул. Туй, ата! Мына сага тамак!

Бейм. *(Күнөөкөр унчугуп.)* Мынабу... Табакты мага берип кой десе...

Байм. А сен өзүңчү! Чоң чөмүчтү көтөрүп алып...

Шайымкул. Ии таптым! Тамакты өзүбүз жасайбыз!

Байм. Ой, давай! Ато мынабу чөмүч менен табакты кошо жеп жибергени турам.

Шайымкул. Та-ак... Келе казанды?..

Бейм. *(Тарелканы алып берет.)* Ме!

Шайымкул. Казанды деп атам.

Бейм. Казанды? Кайсы казанды? А мен билбейм да...

Шайымкул. О, ата келе, эмне болсо да бере берчи.

Бейм. Мобунубу? *(Желим табакты алып берет.)*

Шайымкул. Келе, Байм, кана сен суу алып кел!

Байм. Барбайм! Сууга Бейм барсын.

Бейм. А мен суу каякта экенин билбейм!

Шайымкул. Туй, ата! Келе чаканы!

*(Бейм адатынча тарелкаларды алып жүгүрүп келет.)*

Шайымкул. *(Ачууланып.)* Ой, сенин башың иштейби? Тарелка менен суу ташыйт деп ким айтат!

Бейм. Мен ташыйм эле. *(Шайымкул чака, Бейм тарелкаларды көтөрүп алып чыгып кетишет.)*

Байм. *(Мурду менен шимшилеп.)* Бул эмне, ыя? Бирдеме жыттанып атат. *(Түбү күйүп жаткан желим табакты көтөрүп.)* Ой, мобунун түбүндө бирдеме бышып атат сарғайып... *(Табакты алып, столдун үстүнө көмкөрүп коюп, сөөмөйү менен чукуйт.)* Ой! Колум, колум! *(Сөөмөйүн оозуна салып)* Мени жесин деп гана коюп кетишкен тура кызартып... Азыр ушуну өзүңөрдүн таманыңарга баспасам! *(Табакты отко дагы кактап, кире беришке коюп коёт.)*

Шайымкул. *(Суу көтөрүп келе жатып, табакты басып алып, чакасы колунан чыгып кетет.)* Ик-кии, энең-дурайын бул жерде эмне бар эле, ыя?! Ох-хх! *(Отура калып, таманын үйлөгүлөйт.)*

Бейм. Тра-ля-ля, тра-ля-ля... *(Тарелкага суу көтөрүп. келет. Шайымкулду көрүп.)* Ой, сага эмне болду, я?

Шайымкул. Көрүп турбайсыңбы? Күйүп атса биякта...

Бейм. *(Элейе түшүп.)* Күйүп? *(Тарелкадагы сууну Шайымкулдун башынан ылдый куюп жиберет.)*

Шайымкул. *(Энтигип тура калып.)* Жиндисиңби, я?!

Бейм. Күйгөндө суу куюп өчүрөт да.

Шайымкул. Мен сага эмне, башым күйүп атат дедимби? Казан деген мобуякта турбайбы! *Сүйүнүп.)* Эми баштайбыз тамакты! *(Казанды отко коёт.)* Эми силер бышыргыла, мен камыр жуурайын!

Байм. Давай! *(Казанды ачып карап.)* Эй, Шайымкул, буга биринчи эмнени салам?

Шайымкул. *(Камыр колу менен башын кашып.)* Эмнени салчу эле? Ии баса, алмаштыргандан сумма өзгөрбөйт деп өтпөдүк беле математикадан... Сала бер эмне болсо да.

Байм. *(Колуна тийгендин баарынан сала берет. Соданы көрсөтүп.)* Мындан да салайынбы?

Шайымкул. *(Камыр колу менен жүгүрүп келет.)* Пищевая со-да... Оо, пищевая турбайбы, демек салыш керек да. *(Пачкасы менен кармап теңин казанга салып жиберет.* Энең-дурайын, жаман ун турбайбы... *(Байм менен Бейм полго түшкөн камырды тепсеп алышып улам бир жерге секиришет.)*

Бейм. Ой, мобу чисто клей экен, буттун баары жабышып калды полго *(изин көрсөтүп.)* Мынабу таман меники!

Бейм. А мынабу меники!

Шайымкул. Кана, кана?! *(Колунан камыр агызып, дагы чуркап келип.)* А мынабу меники! *(камырды атайлап басып туруп, ары-бери так секирет.)* Менин бутум чоң, менин бутум чоң!

Байм. Шайымкул, кел баарын тең клей кылабыз.

Шайымкул. А тамакчы?

Бейм. *(Чепилдеп.)* Тамакка ундун өзүн салып жиберебиз. Анан кайнайт да, өзү эле жуурулуп калат.

Шайымкул. *(Кубанып.)* У-рра! Молодец! Мурда эле айтпайсыңбы анан! Мегиле, клейди! *Табактагы камырды түртө салып, колун жууганы кетет.)*

Байм. Эй, эй, Бейм, бери келчи. *(Экөө шыбырашып сүйлөшөт.) («Прима» деген тараканга каршы колдонулуучу дарыны көрсөтөт.)* Момундан да кошуп коёбуз тамакка.

Бейм. Анан, анан эмне болот?

Байм. Анан башы айланып, кусуп жатып калат.

Бейм. Анан, анан эмне болот?

Байм. Анан атаңдын башы болот! Байм менен Беймдин ким экенин билип жүрөт да! Ушуну билбей мээң жокпу?!

Бейм. Ой, таппасаң сыйпалап кал! Келе, мага берчи. *(Экөөлөп тамакка дары кошушат.)*

Шайымкул. Ой, курсак өлгүдөй ачты. Келгиле, тамакты жейбиз.

Байм. Ох-хх, менин тимеле шилекейим агып баратат. *(Казанды ачып, жеп көрүмүш болуп.)* Ой-ийй, тимеле сонун вкусный болуптур. Келгиле, кезек менен жейбиз.

Бейм. Анда үйдүн ээси биринчи жеш керек.

*.(Шайымкул жеп көрүп оозун басып токтой калат.)*

Байм. *(Чебелектеп.)* Билесиңерби, менин чоң атам айтчу: «Үч киши бышырган тамак өлгүдөй таттуу болот,— деп» Ал кимдин акылы жок макоо болсо, ошого ачуу сезилип жүрөгүн айлантып, кускусун келтирет экен.

Бейм. *(Жемиш болуп.)* Ай-ийй, мындай сонун тамакты биринчи жешим!

Шайымкул. *(Өзүнчө.)* А мага эмне үчүн ачуу болуп атат?.. Демек, мен макоо экемин да... *(Тигилердин жанына келип, казандагыдан сузуп жеп, ачуурканганын билдирбей, калп тамшанып.)* Чын эле, сонун болуптур,..

Байм. *(Чыныга салып келип берип.)* Мобуну сен түгөтөсүң. Калганын биз. Бах, жыты кандай сонун, ээ!

Шайымкул. *(Араң эле оозун кыбыратып.)* Байкуш макоолор... *Кускусу келип, оозун баса калат.)*

Бейм. Шайымкул, сага эмне болду?

Шайымкул. Башым айланып жатат. Суу... Суу бергилечи...

*(Байм менен Бейм каткырып күлүшүп, тегеренип бийлешет.)* Суу... Ой, башым ай, суу бергилечи мага... *(Тигилер ого бетер каткырып күлүп, бийлешет. Шайымкул эсинен танат. Мээрим келет.)*

Мээрим. Шайымкул! *(Шайтандар токтоп калышат. Мээрим Шайымкулдун башын жөлөп.)* Шайымкул, сага эмне болду?! Шайымкул!.. *(Ыйламакчы болуп келатып, бурчта жашынып алып кыткылыктап жаткан шайтандарды көрөт.)* А силерди элеби! *(Чаң соргучту көтөр коюп.)* Азыр силерди сордурбасамбы.

Бейм. Эй, эй, сордурган атат. Мобунусу жаман, кирлердин баарын сорун алат, анан экөөбүздү дагы...

Шайымкул. Билем анын сырын... Ичпейм, ичпейм деп туруп эле кылт-кылт эттирип жутуп коёт.

Мээрим. Ызаланып ыйлап жиберет. Мен ишенем ал ичпейт... *(Колдон тарткылап.)* Жүрү, жүрүчү?.. Батыраак кетели. Апам кыйналып атат!?

Шайымкул. *(Жоошуй түшүп.)* Бар, сен бара бер!.. Мен азыр артыңдан бат эле барам.

Мээрим. *(Ыйлаганын токтотуп.)* Чын эле, бат келесиңби?.. Мен апамды карап турайын, ээ? Сен бат кел.

Шайымкул. Болуптур... Бол, сен тез кетчи?.. Мэ, китеп баштыкты ала кетчи?

*(Сахнага аял күчүктү ойнотуп кирет.)*

Аял. Кана, То-ки... Дагы кас туруп койчу?.. *(Күчүк кас туруп, эки алдыңкы бутун көтөрүп, басат).* Сенден айланайын... берекем..., о-о, торсоңбайым. Эми секирип койчу?.. *(Күчүк секирип токтоп калат.)* Эми айланып бийлеп койчу?.. *(Күчүк айланып бийлеп-бийлеп коёт.)* Ушу сенден... *(Көтөрө өпкүлөйт, күчүк да аялды жалап эркелейт.)*

Шайымкул. Тфу!?.. Өпкүлөп атканын?! Ушундан көрө Бокинди эле өпкүлөп жалынбайбы?..

Аял. *(Орундукка келип отура кетет.)* Болду, берекем бүгүн жетишет. Эми бир аз эс ал. Мына азыр жибине байлап коём... Мен дагы биртике эс алып алайын. *(Күчүк жерге жулунат. Аял анын эркине коё берет. Ары-бери жүткүнүп, орундуктун астына кирип кетет. Аял кыңылдап ырдаган болуп, сумкасынан күзгү алып чыгып көрүнө баштайт, Бейм күчүктү жибинен чечип Шайымкулга кармата коёт. Өзү жипти кармап жата калат да кыңшылап коёт).*

Аял. *(Күзгүнү караган калыбында.)* Токи, сен эриккен жоксуңбу?.. Берекем, менин..

Бейм. *(Жипти тарткылап.)* Жо-ок... Эриккен жокмун...

Аял. Бүгүн сен мени жыргатып койбодуңбу, берекем... Ырдагым эле келет да... *(кыңылдап, ырдайт.)*

Бейм. *(Кыңылдап.)* Катуу-ураак эле ырда-саң?.. Мага жакшы угулбай а-та-ат!?..

Аял. *(Күзгүсүн сумкасына салып.)* Токи, То-оки дейм кел? Келегой эми, кетели?.. Тиякта күтүп калды окшойт!.. *(Артын карабай.)* Токи дейм бол, бологой, бас?.. Кеттик. Торсоңдогон берекем менин... *(Артын карап бакырып качат.)* А-а... Апакебай?! Бул эмнеси??? А-аай?!

Бейм. *(Күчүккө безилдеп үрөт.)* Гав-гав-гав... Ха-ха-ха... *(бактын далдаасынан Шайымкул күчүктү көтөрүп, Байм болуп чыга келишет да, каткырып күлүп калышат.)*

Байм. *(Аялды туурап.)* Ой... боорум ай!? Тарталаңдап качып баратканын карасаңар!. Ха-ха-ха...

Бейм. *(Аял качкан жакка улам үрүп чуркап барып, кайра тартат.)* Гав-гав-гав!?

Байм. *(Беймге.)* Сен кудум эле ит турбайсыңбы?! Так өзү болуп калат экенсиң?? Ха-ха-ха... Ой, боорум ай!?.

Бейм. *(Шайымкулга.)* Алдыгыны эмне кылабыз?

Шайымкул. Мунубу?.. Муну тиги Нурик болсо алып барып берели. Ал деген ит чогултуп жүрөт. Көп иттери бар.

Байм. Бекер бербе?!.

Шайымкул. Бал муздак алып бер дейбиз да?..

Бейм. Ошентиш керек! Талаада жаткан күчүк барбы!

Шайымкул. Кеттик анда?.. *(Үчөө кетишет.)*

Байм. Шайымкул апаңды унуткан жоксуңбу?

Шайымкул. Апам качмак беле?.. Анан барабыз!

Бейм. Туура кыласың! Апаң качпайт! Бал муздак качып кетиши мүмкүн. Кеттик жүргүлө!

Байм. Болгула эми чоюлбай?.. *(Чыгышат)*.

Шайымкул. *(Кыңкыстап.)* Суу... Суу берчи, апа...

Мээрим. *(Чаң соргучту таштай коюп, сууга жүгүрөт.)* Азыр, Шайымкул, сен... сен көзүңдү ачып турсаң...

Байм. Кой, тезирээк качпасак болбойт! Кичинекей болгону менен балакет бул кыз. Азыр эле үйдөгү кирлерге кошуп туруп, чаң соргучуна сордуртуп салат.

Бейм. Анан кайда, кимге барабыз?

Байм. *(Көрүп отурган балдарды колу менен жаңсап көрсөтүп.)* Мобу отургандардан издейбиз. Шайымкулдай макоосу жок дейсиңби?! *Мээрим Шайымкулга суу ичирет.)*

Шайымкул. *(Көзүн ачып.)* Мээрим!

Мээрим. *(Кубанып.)* Эми сен коркутпайсың, ээ?

Шайымкул. *(Мээримди кучактап.)* Жок, эч убакта коркутбайм. Дайыма сенин тилиңди алам. Апамдыкын дагы.

*(Экөө кубанычтуу кол кармашат, музыка ойнойт.)*

## МАЗМУНУ

Түзүүчүдөн . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Отунчу Сарбагышев. Көкүл . . . . . . . . . . . . . . . . 5
Касымбек Эшмамбетов. Владимир Швембергер Таластык мерген . . 47
Токтоболот Абдумомунов. Карагул ботом . . . . . . . . . 70
Смар Шимеев. Түнкү жорук . . . . . . . . . . . . . . . 109
Жалил Садыков. Азамат . . . . . . . . . . . . . . . . . 134
Бердигул Курманкулов. Адамкалыйдын жоруктары . . . . . 157
Эрнст Мусаев. Шайымкул жана шайтандар Байм менен Бейм . . . 190

**Литературно-художественное издание**
«Киргизская драматургия»

ДЕТСКИЕ ПЬЕСЫ

Составитель *Сырымбетов Аваз*

Издательство «Адабият»
На кыргызском языке

**Көркөм адабият**
Кыргыз драматургиясы
БАЛДАР ПЬЕСАЛАРЫ

Түзгөн Сырымбетов А.
Редактору А. Алышбаева
Кенже редактору Э. Кутуева
Көркөм редактору Г. Половникова
Техн. редактору К. Бурганакова
Корректору А. Кожомбердиева

ИБ № 359

Терүүгө 28.11.90 берилди. Басууга 20.04.91. кол коюлду. Типографиялык китеп-журнал кагазы. Кагаздын форматы 84×108[1]/32. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. 6,5 физ. басма табак, 10,92 шарттуу басма табак, 12,08 учеттук басма табак, 11,24 боёк түшүрүү. Нускасы 4000. Заказ № 2358. Баасы 2 с.

«Адабият» басмасы
720361, ГСП. Бишкек шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты
720461, ГСП, Бишкек—5, Жигули көчөсү, 102.

